

ТУРСУНАЙ
ӨМҮРЗАКОВА

# КУРМАНЖАН ДАТКА

## ДООР
## ИНСАН
## ИШМЕРДҮҮЛҮК

БИШКЕК "КЫРГЫЗСТАН" 2002

63.3.2 Кыр
О-57
эл. к.

ТУРСУНАЙ
ӨМҮРЗАКОВА

# КУРМАНЖАН ДАТКА

ДООР
ИНСАН
ИШМЕРДҮҮЛҮК

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №466537

БИШКЕК
"КЫРГЫЗСТАН"
2002

ББК 63.3 (2Ки)
Ө – 99

Монографияны басып чыгарууга
Ош мамлекеттик университетинин
Окумуштуулар кеңешинин чечими менен уруксат берилди.

**Редакциялык кеңеш:**
КР УИАнын корр.-мүчөсү, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты,
тарых илим. доктору, проф. ***Абылабек Асанканов,***
тарых илим. доктору, проф. ***Закирбек Эралиев,***
тарых илим. доктору, проф. ***Өскөн Осмонов.***

**Рецензенттери:**
тарых илим. кандидаты, проф. ***Токторбек Өмүрбеков,***
тарых илим. кандидаты, доц. ***Кыяс Молдокасымов.***

**Өмүрзакова Турсунай**
Ө – 99 Курманжан датка. Доор. Инсан. Ишмердүүлүк.
Б.: Кыргызстан, 2002. — 206-б. Илл.

**ISBN 5-655–01490–4**

Бул илимий монографияда кыргыз элинин XIX к. экинчи жарымы – XX к. башындагы көрүнүктүү тарыхый инсан Курманжан датка Маматбай кызынын (1811–1907) өмүр жолу, даанышман ханыша катары мамлекеттик деңгээлдеги коомдук-саясий ишмердиги жаңы архивдик, этнографиялык жана фольклордук материалдардын негизинде бир кыйла кеңири баяндалат.

Монография илимий кызматкерлерге, студенттерге, мектеп окуучуларына жана жалпы эле инсандын өмүр жолуна кызыккан окурмандарга арналат.

В данной научной монографии на основе новых архивных, этнографических и фольклорных материалов более подробно описываются жизнь, общественно-политическая деятельность выдающейся исторической личности кыргызского народа во второй половине XIX – начале XX вв. Курманжан датхи Маматбай кызы (1811 – 1907).

Ө $\frac{0503020911}{М\ 451\ (11)}$ 2002

ISBN 5-655-01490-4

**ББК 63.3 (Ки)**

© Т. Өмүрзакова, 2002-ж.
© «Кыргызстан» басма үйү, 2002-ж.

# КИРИШ СӨЗ

Кыргыз элинин улуттук эгемендүүлүккө ээ болушу Ата Мекен тарыхы жөнүндөгү чындыкты билүүгө жол ачты. Натыйжада, доор бүктөмүндө калып келген көптөгөн тарыхый маселелер, далай илимий жаңылыктар, тактала элек маалыматтар илимий изилдөөнүн күн тартибине коюлду. Өнүгүүнүн динамикасы марксизм-ленинизм концепциясынын «өзгөрүлбөс», «түбөлүк» деп эсептелген жоболорунан арылуу, элибиздин басып өткөн жолундагы тарыхый чындыкты калыбына келтирүү, улут тарыхын мурдагыдай үзүп-кыскартпай, бурмалабай, толук изилдөө жана аны андан ары өнүктүрүү мезгилдин зарылдыгы экендигин шарттады.

Совет доорунда тарых идеология куралына айландырылган, анда саясат тарыхтан жогору коюлуп, саясий кызыкчылыктарга багындырылган. Натыйжада коомдо бурмаланган, тарыхка калпыс аң-сезим калыптанып, тарыхчылардын жазган эмгектери идеологиянын гана кызматын аткарып, даяр социологиялык схема менен иштелип келинген. Советтик тарыхчылар атайын көрсөтмөлөр боюнча элдик улуттук-боштондук күрөштөрдү айыпташып, падышалыктын басып алуучулук саясатын жылмалап көрсөтүшкөн. Тарых илиминде калыптанган «биз менен болбогон адам бизге каршы» деген катуу принцип чыныгы элдик эр жүрөк азаматтарга, эл эркиндигин сактоого өмүрүн арнаган баатырларга, мамлекеттик, саясий, коомдук жана маданий ишмерлерге каршы колдонулган.

Тоталитардык тартиптин таламына моюн сунган биздин республикабыздын тарых илими да өз элинин эркиндиги үчүн күрөшкөн, эл кызыкчылыгын коргогон белгилүү инсандардын тарыхтагы ролу, коомго сиңген эмгеги тууралуу маселени көз жаздымында калтырууга аргасыз болгон. Эгер кимдир бирөө алар жөнүндө туура жана ачык жазганга батынса, ал ошол замат өткөндөгү «патриархалдык көчмөн турмушту даңазалаган антимарксчы» катары айыпталчу.

Ата Мекенибиз эгемендикке ээ болгондон кийин жаңы архивдик маалыматтардын ачылышынан, изилдөө ой-чабыттарынын кеңейишинен, теориялык билимдердин өркүндөтүлүшүнөн улам көпчүлүк фактыларга, саясий окуяларга жана тарыхыбыздын көз жаздымында калган көптөгөн кырдаалдарына обьективдүү баа берилип, тарыхый

ан-сезимибиздин мейкиндиги кеңейип, тарых процессинин өсүшүнүн жана алдыга жылышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн дүйнөлүк масштабда окуп үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк ачылды. Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхын кеңири чагылдырган, анын ар тараптуу, карама-каршылыктуу жактарын жаңыча көз караш менен жаңыча аспектиден изилдеген бир топ эмгектер пайда болду. Бирок чети оюлбаган дың жер сыяктуу кыргыз тарыхы көптөгөн өз изилдөөчүлөрүн күтүүдө.

Ошондой мезгил бүктөмүндө калып келген темалардын бири кыргыз тарыхнаамасынын **Инсан таануу багыты.** Албетте, бул теманын актуалдуулугун, олуттуулугун жана зарылдыгын тарыхчылар эле эмес, бүтүндөй коомчулук айтып келген. Азыркы изилдөө логикасы бизден XIX к. кыргыз урууларынын ири жолбашчылары **Боромбай менен Качыбектин** (бугу), **Байтик менен Жаңгарачтын** (солто), **Жантай менен Шабдандын** (сарыбагыш), **Алымбек менен Курманжандын** (баргы) дагы ушулар сыяктуу кыргыз элинин өнүгүп-өсүү жолундагы кыйчалыш учурларында элдин кызыкчылыгын жана ата журтун коргоо үчүн оор милдеттерди аркалаган көптөгөн эр азаматтардын чыныгы инсандык жүзүн жана ишмердигин ар тараптан туура жана обективдүү ачып көрсөтүүнү талап кылат.

Булардын арасынан XIX к. эле «Алай ханышасы» деген ат менен белгилүү болгон, өмүрү жана ишмердиги Борбордук Азия чөлкөмүндө легендага айланган аялзат – Курманжан датка өзгөчө бөлүнүп турат.

Анткени, жалпы эле аял затына деспоттук мамиле кылуу үстөмдүк кылып келген өткөн доордо Курманжандын өз тагдырындагы гана эмес, кыргыз элинин тарыхый тагдырында болуп жаткан саясий окуяларга карата болгон кылдат, көз карандысыз туура жүргүзгөн иш-аракети, кыргыз коомчулугун гана эмес, Европа өлкөлөрүнөн келген саякатчылардын, ориенталисттердин жана илимий чөйрөдөгү окумуштуулардын да көңүлүн бурган.

1862–1876-жж. Кыргызстандын түштүк тарабынын бир кыйла бөлүгүн реалдуу башкарып турган Курманжан аймактагы калк арасында башкаруучу катары зор урмат-сыйга ээ болгон. Тарыхый улуу инсан жана журт башчысы катары мекендештери аны сыймыктануу жана терең урматтоо менен кеп кылышкан. Калың букара аны «байбиче» деген, ал эми башкаруучу төбөлдөр ага «датка» даражасын ыйгарышкан. Кыргыз элинин кызыкчылыгын коргоо максатында жүргүзгөн анын көп кырдуу, ары татаал коомдук жана саясий ишмердигин илимий жактан иликтеп-изилдөөгө алуу бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселелерден болуп саналат, антпесе өткөндөгү тарыхты бузуп бурмалоо азыркыны уратып, келечекти кыйратуучу оор натыйжаларга алып келерин тарых бизге тастыктады.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн биз өзүбүздүн иликтөөбүздө Курманжан датканын коомдук-саясий ишмер катары калыптанышын, анын ишмердик аракеттерин талдоого алабыз. Изилдөө Курманжан датканын бүтүндөй өмүр тагдырын, дээрлик жүз жылга созулган мезгилди (1811–1907-жж.) кучагына алат.



Иликтөөнүн географиялык чеги мурдагы Кокон хандыгы ээлеген аймактарды камтыйт жана XIX к. өзгөчө күч менен Борбордук Азияга умтулган Орусия, Англия сыяктуу империялардын жигердүү саясий аракеттери жөнүндө да сөз жүрөт.

Курманжан датка доорон сүргөн мезгилди иликтеп-изилдөөдө ар түрдүү багыттагы тарыхый булактар жана адабияттар пайдаланылды. Аларды шарттуу түрдө хронологиялык үч мезгилге бөлүп көрсөтсө болот:

1. Октябрь революциясына чейинки жарык көргөн;
2. Совет доорунда жарык көргөн;
3. Кыргыз эли эгемендикке ээ болгондон кийин жарык көргөн соңку адабияттар.

Кандай гана эл болбосун анын басып өткөн жолу, жашап өткөн тарыхы бай жана кайталангыс. Ал эл кайда жашабасын, көп же аз болбосун анын өзүнө гана мүнөздүү маданияты, салты, наркы, тарых-таржымалы бар жана ал турмуштук тажрыйба соңку урпактарга бүтүндөй таалим, алар үчүн кызмат кылат.

Курманжан датка жөнүндө жазылган эмгектердин диапазонун иликтеп олтуруп, анын өмүр жолу жана коомдук-саясий ишмердиги жөнүндөгү маалыматтын географиялык чеги Азия жана Европа коомчулугуна XIX к. эле белгилүү болгондугуна күбө болобуз, анын себеби – Алымбек менен Курманжандын мекени **Памир, Алай тоолору мындан он кылым мурда эле «Дүйнөнүн кыл чокусу» катары дүйнөгө белгилүү болгон жана Европа мамлекеттеринин саякатчыларын өзүнө тартып кызыктырган.**

Алсак, XIII к. аягында Персиядан Кытайга жол тартып баратып, белгилүү италиялык саякатчы **Марко Поло** (1254–1323-жж.) Памирде болуп кеткен. Ч. Валихановдун жазганына караганда Марко Поло монгол ханы Хубилайдын сарайында бир нече жыл кызмат өтөгөндүктөн, Ички Азияны кенен-кесир кыдырууга мүмкүнчүлүгү болгон жана чыгыш элдеринин турмушу менен эркин таанышып Орто Азия, Чыгыш Түркстан, Алай – Памир чөлкөмдөрү жөнүндө маалымат жыйнаган[1]. Памир менен Алай багыты боюнча экспедициянын катышуучуларынын, чет элдик саякатчылардын атайын иликтеп-изилдөөсү XIX к. 70–80-жж. Орусия империясынын Борбордук Азиядагы колониялык экспансиялык саясаты толук иш жүзүнө ашкан мезгилде, Курманжан датка жашаган доордо күч алган.

Алайдын ак кар, көк муз баскан чокусун изилдөөгө келген саякатчылар, ориенталисттер, географтар, чалгындоочулар тогуз жолдун тоомунда жайгашкан Курманжан датканын конушунда болуп, эркиндикти сүйгөн көчмөн калктын башкаруучусу менен жолугушууга ынты-

[1] Валиханов Ч.Ч. Полн. собр. соч. Т. 2. - Алма Ата. 1985. 382-б.

зар болушкан жана алар Памир, Алай, Ош экспедициялары жөнүндө өздөрүнүн кол жазмаларында, күндөлүктөрүндө анын инсандык бейнесине жана саясий ишмердигине кеңири токтолушкан.

Европа цивилизациясынан билим алышкан саякатчыларга Алай ханышасы өзүнүн акыл-ой чабыттарынын бийиктиги менен терен таасир калтырган, ошондуктан алар илимий журналдарда гана эмес көлөмдүү эмгектеринде да Курманжан датка жана анын балдары жөнүндө эскерүүлөрдү калтырышкан. Алар жөнүндөгү маалыматтар орус тилинде гана эмес, финн, француз, англис, поляк тилдеринде да жарык көргөн.

Ушул мааниде Алымбек менен Курманжандын саясий тагдырлары жеке эле Кокон хандыгы же Алай эмес, Борбордук Азия чөлкөмүндөгү тарыхый окуялар менен да терең чырмалышып кеткен учурлар бар. Анткени, кыргыздар хандардын дипломатиялык саясатында көрүнүктүү роль ойноп келген болсо, Кыргызстан Борбордук Азия аймагынын чок борборунда орун алган аймак болгондуктан, экономикалык жана стратегиялык маанилүү район катары колониялык кызыкчылыктарды козгогон.

Ошондуктан, бул чөлкөмдө алгач, үч ири мамлекет: Кокон, Орусия жана Цин Кытайынын кызыкчылыктары кагылышса, XIX к. экинчи жарымында буларга Англия кошулган. Ал эми Кокон хандыгынын коңшу өлкөлөр менен болгон дипломатиялык мамилелеринде дайыма кыргыз фактору көрүнүктүү орунда турган. Бул жөнүндө Батыш Сибирь генерал-губернатору Г. Х. Гасфорд: «Тоо-таштагы кыргыз ордосунун чектеш үч чоң мамлекеттин бурчунан ыңгайлуу орун алышына, ээлеп турган жеринин, жаратылышынын мыктылыгына жана башка кыргыз (казак – **авт.**) урууларына караганда алардын көбүрөөк согушчандыгына байланыштуу кыргыз ордосун ээлеп алуу үч дөөлөттүн (Кокон хандыгы, Цин империясы жана Орусия) ар бири үчүн өтө маанилүү маселе болгондугун белгилеген.

Англия XVIII к. экинчи жарымында Индиядан европалык атаандаштарын сүрүп чыгып, бул өлкөнүн зор бөлүгүн ээлөөгө үлгүргөн. Кийинчерээк ал Индиядагы өз ээликтерин коргоону шылтоолоп, коңшулаш өлкөлөр Оогантан, Чыгыш Түркстан, Бухара эмирлиги, Хива жана Кокон хандыктарына көз артып жулуна баштайт. Бул өлкөлөр Британ империясынын Чыгыштагы атаандашы Орусия империясы менен болгон күрөштө ага таяныч болмок.

Борбордук Азия хандыктарын Ост-Индия компаниясынын тыңчылары 20-жж. тартып адегенде соодагер жана саякатчы кейпин кийип жашыруун, кийинчерээк ачык эле аралай баштайт.

1860-ж. Бухарага Англиянын бир нече өкүлү жөнөтүлгөн. Алардын максаты Аму-Дарыясында англиялык кемелерди жүргүзүүгө Бухаранын эмири Насруллапын макулдугун алуу эле.



Ошол эле учурда Каратегин, Дарваз жана Алай аркылуу Коконго Англ-Индия өкмөтүнүн атайын тыңчысы Абдул-Мажид келген[1]. Ага Кокон ханы Малабекке кат жана белек-бечкек менен бирге Британдык Индия менен байланыш түзүү сунушу тапшырылган. Ал Кокон хандыгынын саясий жана экономикалык абалы жөнүндө баалуу маалыматтарды жыйнап, Кокондон Индияга баруучу жолду изилдеп байкаштырган жана арадан эки жыл өткөндөн кийин, Калькуттада (Индия) анын **«Сапардагы жазуулары»** жарык көргөн.

«1860-ж. 5-декабрда Алымбекке Гүлчөгө англиялык өкүл **Абд ал-Мажид** келген. Ал Алымбекти резиденциясынан тапкан эмес, ага Алымбек орус чек арасына экспедицияга кеткендигин айтышты», – деп жазылган маалымат бир топ эмгектерде[2] кездешет.

Ушул жерде белгилеп кетчү жагдай, англиялык тыңчы Алайдан атайын Алымбекти издегени бекер болбосо керек, себеби Борбордук Азия хандыктары менен Орусиянын ортосундагы абалды тымызын байкаштырган англичаниндерде Алымбек жөнүндө, болгондо да анын күчтүү саясий таасири жөнүндөгү маалымат болгондугу шексиз, анткени Кокон, Хива хандары жана Бухара эмири сыяктуу мамлекет башчылары менен жолугушууну көздөп келе жаткан тыңчылар, Англиялык расмий бийлик тарабынан Алымбекке жолугуу жөнүндөгү атайын тапшырма болбосо аны астейдил издемек эмес. Демек, бул окуялар Алымбек датканын эл аралык абройу өз доорунда Борбордук Азия хандарыныкынан кем эмес болгондугунан айкын кабар берип турат.

Италиялык саякатчы **Феликс Рокканын «Алайдан Аму-Дарыясына чейин»** деп аталган китеби 1896-ж. Парижде француз тилинде жарык көргөн. Автор 1888-ж. орус география коомунун саякатчыларынын катарында Памир жана Алайда болуп кеткен соң, аталган эмгегин жазган. Анда Ф. Рокка: «Алайлык кыргыздар Орусияга эң акыркылардан болуп баш ийишкен. Алардын башчысы Марманжан датка Кокон хандыгы ыйгарган **генерал** деген наамдын ээси болгон. Бул аябагандай эрктүү, акылман аял кыргыздын майда, мурда ыркы жок урууларын бириктирип, чогуу ынтымакта кармап турууга жетишкен. Анын жардамына Кокон хандыгы да муктаж болуп, ал борборго келгенде, чоң сый-урмат менен тосуп алышчу. Марманжан азыр да Алай кыргыздарынын арасында өтө чоң кадыр-баркка ээ»[3], – деп белгилеген. Курманжанды автор француз тилине ыңгайлаштырып «Марманжан» деп атаган.

**«Памир–Тибет–Восточный Туркестан» (Свен Гединдин** 1898–99-жж. саякаты) деп аталган эмгек 1899-ж. Санкт-Петербургда жарык көргөн,

---

[1]Халфин Н.А. Политика России в Средней Азии (1857–1868).–М.,1960, 143-б.

[2]Материалы по истории киргизов и Киргизии. – М., 1973, 237- б. Report of Journey to Kokan 8- б., Карацыз: Плоских В. М., Киргизы и Кокандское ханство. – Ф., 1977, 129-б., Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987, 49-б.

[3]Рокка Ф. Алайдан Аму-Дарыясына чейин. // Кыргыздар.– Б., 1993. 48 –357-б.

анын автору швециялык саякатчы Свен Гедин да атайын экспедиция менен Памир, Алайды кыдырып, Ош аркылуу өткөн. Ал өзүнүн эске-рүүлөрүндө «Швед экспедициясы Стокгольмдан чыгып, Орусия ар-кылуу Каспий деңизин бойлоп, Узун Адага, андан ары темир жол менен Самаркандга бардык. Андан ары Түркстан аркылуу Ташкентке, Ко-кон, Маргалаң жана Ош, ал эми Терек-Даван ашуусу менен Чыгыш Түркстандагы Кашкарга чейин жүрүп олтурдук… Негизи экспедицияны Фергана өрөөнүндөгү Оштон баштадык десек болот, ошол жерден орус почта байланыш жолу бүтүп, кербен жолу башталат»[1], – деп жазган.

Швециялык экспедициянын Курманжан датканын жайлоосу аркы-луу өткөнү жөнүндөгү эл айтымдарын Свен Гединдин андан аркы маа-лыматтары айгинелейт. «Алай өрөөнү аркылуу өтүүчү Чыгыш Түркстан жана Каратегинди Бухара, Мекке жана Медина менен байланыштыруучу эң маанилүү жол бар, ал жол менен жылдын жылуу мезгилинде көптөгөн соодагерлер жана ажылыкка сыйынуучулар өтүшөт. Май айынын акырында же июндун башында кар коюу чөп менен алмашкан мезгилде Алайга мал-мүлктүү кыргыздар көчүп келет. Бул жерде алар байгелерди уюштурат, бирин-бири конокко чакырат, тойлорду өткөрөт. Ош жана Анжиян уездиндеги кыргыздар жайында Талдык ашуусу аркылуу көчөт»[2], – деп жазган швециялык саякатчы.



Баатырбек Алымбек уулу. 1889-ж. Г. Капью тарткан фотосүрөт.

1887-жж. март-апрель айларында Памир, Алай аркылуу Индиянын чек арасына чейин жеткен француз саякатчылары **Пьер Габриэль Бонвало (1853-1933)** менен **Гиом Капьюнун (1857–1931)** ысымдары өзгөчө кызыгууну пайда кылат. Анткени алар Европалыктардын арасынан алгачкылардан болуп Алай жана Памир аркылуу 1889–1890–жылдары Индияга жол салышкан. **Л. Строилов** өз баяндамасында француздардын экспедициясын **француз-кыргыз экспедициясы катарында кароо чындыкка төп келет**[3] деп эсептеген, себеби француз саякатчыларына эң татаал ашууну ашууга кыргыз эр азаматтары, алардын арасында Курманжан датканын балдары **Баатырбек, Мамытбек** жана небереси **Мырзапаяз** жардам беришкен.

[1]Гедин С. Памир–Тибет–Восточный Туркестан.– СПб, 1899, 19, 127–128-б.
[2]Строилов Л. Алай менен Памирден ашып. Караңыз: Кыргыздар. – Б., 1993, 329 – 349-бб.
[3]Строилов Л. Алай менен Памирден ашып. Караңыз: Кыргыздар. – Б., 1993, 329 – 349-бб.



«Февралдын алгачкы күндөрүнүн биринде таңга маал, – деп эскерет Бонвало, – бизге алчактаган ат минген бир нече атчан келишти. Алар ага-ини болуштар, бойлуу, кең далылуу, моюндары буржуйган кели-шимдүү жигиттер эле. Кийгендери саңсаң ичик жана булгаары өтүк. Биз аларды үйгө чакырдык. Бирөө гана чалма оронуптур, ал – улуусу Баатырбек. Баатырбек тез окуп, тез жаза билген сабаттуу адам экен.

Талдыктагы абал боюнча Махмудбек (Мамытбекти көп учурда – Махмудбек, Асанбекти – Хасанбек деп жазышат – **Т. Ө.**) негизги баян-дамачы болду… ал кар борошолоп жаап турганында ашуудан өтүү оор болсо да мүмкүн экендигине так ишенерин айтты. «Кар малтап, чыйыр салууга көп адам чогултуу зарыл, ан үчүн көп күн керек», – деп бүтүрдү өз билдирүүсүн. Махмуддун пикирине Мырзапаяз да макул. Анын айылы Талдыктын оозунда, Ак-Босогодо кыштагандыктан, андан да өз оюн айтуусун өтүнүштү, анын үстүнө Мырзапаяз жаштыгына карабастан, акылкөйлүгү жана элди башкара билгендиги менен улуу-лардын урматына ээ эле…». «Алардын айткандарын уккан соң, – деп мойнуна алат Бонвало, – мен өзүмдү эң бактылуу адам катарында сездим, бизге Памирдин эшиги ачылып калгансыды. Ошол замат Алай өрөөнүнөн кантип өтүүнүн мүмкүндүктөрүн талкуулоого кириштик»[1].

Чет элдик саякатчылардын ичинен теги боюнча финн, 1917-ж. че-йин орус армиясында кызмат өтөп, полковник даражасын алган, көз карандысыз Фин мамлекетинин негиздөөчүсү, улуттук баатыр, Фин-ляндиянын маршалы жана 1940-ж. Финляндия менен СССРдин орто-сунда болгон согушта Финляндия армиясынын башкы командачысы, 1944–1945-жж. Финляндиянын Президенти болгон – **Карл Густав Эмиль Маннергейм** (1867–1954) менен Курманжан датканын жолу-гушуусун далилдеген сүрөт Хельсинкиде Маннергеймдин музейинде сакталып турат. Ал 1906-ж. Орусиянын генералдык штабынын тапшыр-масы менен дээрлик 14 миң чакырым аралыкты басып өткөн, ошондо Алай жери аркылуу, Синьцзяндын түндүк-батыш бөлүгү менен Пекинге чейин жүрүш жасаган жана бизге чейин келип жеткен маалыматын (отчетун) түзгөн. Ошондогу теңдешсиз эрдиги үчүн Маннергейм гене-рал-лейтенант чинин алган. Баяндамада жолдогу көргөн география-лык, этнографиялык таасирлер жазылган. Ал Ош, Кашкар, Кулжа, Да-ван, Үч-Турпанга барганын, Талдык ашуусу менен Эркечтам аркылуу Кашкарга чейинки жүрүшүн сүрөттөгөн.

«Өзгөндөгү жылкы базардан унаа үчүн бир нече ат сатып алдык, Оштон керектүү жабдыктарды камдап, биз 29-июлда жол тартып жөнөп кеттик»[2], – деп жазат ошондогу орус армиясынын полковниги Маннер-

[1]Строилов Л. Алай менен Памирден ашып. Кыргыздар.–Б., 1993,329–349-б.
[2]Маннергейм К.Г. Э. Предварительный отчет о поездке, предпринятой по высочайшему повелению через Китайский Туркестан и северные провинции Китая в г.Пекин в 1906–1908 гг Караңыз: Кляшторный С.Г., Колесников А.А. Восточный Туркестан глазами русских путешественников. – Алма-Ата, 1988, 195-б.



Курманжан датка жана Маннергейм боз үйдүн ичинде.

гейм. Курманжан датка менен түшкөн сүрөт дал ошол жай айларында Чыйырчык ашуусунун белинде небереси Кадырбек (Камчыбектин кичүү баласы) менен чогуу боз үйдүн ичинде жана сыртта ат үстүндө тартып алынган.

XIX к. орто ченинен баштап падышалык Орусия Англиядан озунуп, Борбордук Азияны эртерээк басып алуу үчүн согуштук аракет-



Курманжан датка небереси Кадырбек Камчыбек уулу менен Чыйырчык ашуусунун белинде.



терди күчөткөн. Ошентип, Курманжан датка, Алымбек датка жана анын балдарынын ишмердүүлүгү жөнүндөгү маалыматтар эми орус саякатчыларынын, тыңчыларынын, илимий экспедицияларынын жана аскердик күчтөрүнүн аракеттерине байланыштуу жарык көргөн.

Революцияга чейинки жазылган маалыматтар, негизинен, «Чыгыш маселесине» – Орусия империясынын Борбордук Азияны жеңип алуусуна, падыша аскерлеринин Түркстандагы согуштук аракеттерине жана анын колониялык саясатына бурулган. Авторлор көргөндөрүн баяндап жазышкан, анткени алардын көпчүлүгү ошондогу окуялардын катышуучулары жана күбөлөрү болушкан. Алардын негизги максаты Борбордук Азияны жеңип алуудагы падышалык офицерлердин жана генералдардын «жасаган эрдиктерин» даңазалап, мактоо болгон.

Кантсе да алардын эмгектеринде Памир – Алай жөнүндө жана Алай кыргыздарынын башкаруучусу Курманжан датка тууралуу түрдүү маалыматтар кездешет. «Бир нече уулдун энеси, эбегейсиз мал-мүлкү менен аал абдан таасирдүү аял болгон, ага оор турмуштун запкысын тартып кайрылган же жөн гана арыз муңун айтып кайгысын бөлүшкөндөр, же аны бел тутуп кайрылган адамдар, албетте, көп болгон. Ошондуктан анын беделин жана таасирин таанышкан. Кудаяр хан ага датка деген титул берген, ал генерал же башкаруучуга барабар»[1], — деп жазган, орус армиясынын **генерал-лейтенанты М. А. Терентьев.**

Москва университетинин алдындагы Табият таануу, антропология жана этнография сүйүүчүлөр коомунун мүчөсү, орус саякатчысы **А. П. Федченко** (1844–1873-жж.) 1871-ж. Алай экспедициясынын курамында болгон, ал өзүнүн макаласында, «Курманжан датка зор кадыр-баркка ээ, биздин жигиттерибиз ал жөнүндө сөз болгондо, аны өтө урматтай тургандыктарын билдиришти, ал тургай, Кудаяр хан да Алай башкаруучусун Коконго келгенде эң маанилүү бекти тоскондой тосуп, чоң урмат-сый менен кабыл алаарын белгилешет»[2], – деп жазган.



А. П. Федченко (1844-1873).

XIX к. аягы – XX к. башында Памир – Алайды бир топ орус саякатчылары кыдырышкан, алардын арасында Харьков университетинин бүтүрүүчүсү, табият таануу илиминин кандидаты **Е. Л. Марков** Түштүк Кыргызстан жөнүндө этнографиялык мүнөздөгү маалыматтарды жазып калтырган жана Алай-

---

[1]Терентьев М.А. История зовоевания Сред. Азии. т.2,– СПб., 1906.547-б.
[2]Федченко А. П. Путешествие в Туркестан. – М., 1950, Т.1, часть 2, 370-б.

дын башкаруучулары Алымбек менен Курманжандын коомдук ишмердиктери жөнүндө төмөндөгүчө белгилеген: «Кокон хандыгынын мезгилинде Датка көз каранды эмес башкаруучу болуп эсептелген, өзү жана күйөөсү Алымбек, Кудаяр хандан бек наамын алгандыгына карабастан, хандык инвеститура баарынан мурда хандын чыныгы укугу эмес, бери болгондо сыпаалыктын белгиси болгон, анткени алайлык кыргыздар өздөрүнүн бектеринин «ак сөөктүгүн» баарынан жогору коюшкан, алар айткан жакка кыңк дебестен барышкан, хан бийлигинин укугун капарына алышкан эмес»[1].

Орус саякатчысы **Ю. Головнина** өзүнүн **«Памирде»** деп аталган макаласында М. Д. Скобелев, Кокон хандыгы кулагандан кийин орус падышасынын аскерлери менен кармашып жаткан кыргыздарга жетекчилик кылган атактуу Курманжан датканын өтө чоң таасири жөнүндө билип, офицер Ионовго датканы таап келүүнү тапшыргандыгын жазып, андан ары, «тоолуктардын ханышасынын» 300–400 жигити менен орустардын лагерине келгендигин жана падышалык офицерлердин Курманжан датканын Алайдагы согуштук экспедициясынын башчысы генерал М. Д. Скобелев менен болгон жолугушуусун уюштургандыктары жөнүндө баяндайт[2].

Дагы бир көрүнүктүү аскердик администратор, барон **А. Н. Таубенин** Курманжан датка жөнүндөгү макаласы жогорудагы автордун макаласы менен бир мезгилде жарык көргөн, анда ал төмөндөгүлөрдү белгилейт: «Кокон хандыгынын мезгилинде Алай өрөөнүндө көчүп-конгон кыргыздар көз карандысыз, өз алдынча болушкан, болгону алардын башкаруучулары «датка» наамын Кокон ханынан алышкан. XIX к. 60-жылдары Анжияндын беги жана даткасы Алымбек болгон... Алымбек каза болгондон кийин, Курманжандын акылдуулугу, кайраты, адилеттүүлүгү, көрөгөчтүгү жөнүндөгү атагы бүткүл Жети-Суугa, ал тургай, Ооганстан, Иран жана Кытайдын чегине чейин тараган. Курманжандын таасири эбегейсиз аралыкка бекем орногон жана аны «Алай ханышасы» деп атай башташкан»[3].

Фергана облусунун аскердик губернатору **К. К. Абаза:** «Кокон хандыгынын учурунда Кокон ханы да, Бухара эмири да Алайдын башкаруучусун мыйзамдуу түрдө Ханыша катары таанышкан, алар Алайдын башкаруучусуна жыл сайын белек-бечкектерди жөнөтүп турушчу. Аны Курманжан датка деп аташчу. Ал Алайды көп жылдар бою башкарган жана өзүнүн акылмандыгы менен даңкы алыска тараган. Балдары анын ишенимдүү жардамчылары болушкан, алардын ар бири ата-

---

[1]Марков Е. Л. Путевые очерки Кокандского ханства. Русский вестник. – СПб., 1893. т. 9, 35-б.

[2]Головнина Ю.Д. На Памирах. – М.,1902. 48-50-бб. Педагогический листок. – 1904. № 1- 8.

[3]Таубе А. Н. Алайская царица. Закаспийское обозрение. – 1902, № 124. Русский инвалид. 1902, №5.



йын болуштуктарда (волосттордо – **Т. Ө.**) башкаруучу болушкан»[1], – деп белгилеген.

Польшалык саякатчы, 1882 – 1895-жж. Памир – Алай экспедициясынын курамында орус армиясында кызмат өтөгөн офицер **Б. Л. Тагеев** (адабий псевдоними – Рустамбек) Борбордук Азиянын элдери жөнүндө саясий, тарыхый жана этнографиялык маанайдагы бир нече аңгеме-очерктерди жазган.

Б.Л. Тагеев Курманжан датканын үй-бүлөсү менен жакындан тааныш болгон, ал өзү күбө болгон окуяларды өзүнүн даректүү аңгемелеринде, очерктеринде жана китептеринде жарыялаган. Ал **«Памир жүрүшү»** деп аталган эмгегинде **генерал М. Д. Скобелев** менен Курманжан датканын жолугушуусун баштан-аяк сүрөттөп жазат. «Даанышман ханыша ал-абалды дароо түшүнүп, генералга мен тирүү турганда Алайда тынчтык жана бейкуттук өкүм сүрөт»[2], – деп жооп бергенин баса белгилейт падышалык офицер.

Жогоруда белгилегендей, Түркстандагы аскердик администрациянын курамында кызмат кылышкан падыша чиновниктери менен офицерлери жарыялаган эмгектеринде падышалыктын Түркстандагы саясатын актап-жылмалап көрсөтүшкөн жана алар маалыматтарды негизинен колониялык саясатка ылайыкташтырып жазышкан.

Октябрь төңкөрүшүнө чейинки адабияттардын катарына казак элинин ойчулу, агартуучусу **Ч. Валихановдун** жазган эмгектерин да кошууга болот. Анткени анын тарыхнаамалык байкоолору Кыргызстандын географиясын, фольклорун, тарыхын, эпосторун изилдөөдө чоң мааниге ээ болгон. Ал Кокон хандыгындагы кыргыздардын орду жана Алымбек датка жөнүндө маалыматтарды калтырган. Жол сапарындагы маалыматтар үзүл-кесилдигине карабастан, эң маанилүү маселе окумуштуунун 1858-ж. эле Алымбек датка Кокон хандыгынын биринчи вазири болгондугун көрсөткөндүгүндө. «Азыркы Кокон вазири Алымбек датка жапайы (дикокаменный) кыргыз болгондуктан, акимдер жана аскер башчыларынын көпчүлүгү (анын колдоосу менен – **Т. Ө.**) кыргыздар болгон»[3], – деп белгилеген Ч. Валиханов.

Жарык көргөн эмгектердин арасында Курманжан датканын өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндө алда канча толугураак баяндаган **И. П. Ювачевдун** макаласы айрым бир так эместиктерди кетиргенине карабастан, өзүнүн мазмуну жана көлөмүнүн чоңдугу боюнча айырмаланып, бир топ баалуу материалдарды камтыйт. «1907-ж. 1-февраль күнү Оренбургдан чыгып, Азияга бут койгон күнү «Алайдын ханышасы» Курманжан датка көз жумду, Ташкенттен анын өлүмү жөнүндөгү кабарды угуп, Жаңы Маргаланда Фергана облусунун аскер

---

[1]Абаза К. К. Завоевание Туркестана. – СПб., 1895, 310-б. Туркестанские ведомости. 902, № 18.

[2]Тагеев Б. Л. Памирский поход Исторический вестник. т.73. № 7, 133-б.

[3]Валиханов Ч. Собр. соч. в 5 ти томах. Т. 3. – Алма Ата . 1985. 192-б.



Курманжан датка баласы Асанбек жана жигити Карбоз менен.

губернаторунан да ушул кабарды уктум»[1],– деп баштайт өз макаласын И. П. Ювачев. Андан ары баяндамачы өзү күбө болгон жана байкаган окуяларды кең-кесири баяндаган.

Курманжан датка тирүү кезинде генерал Ионовдун тапшырмасы боюнча, Ош уездинин начальнигинин орун басары Алексеев тартып алган сүрөт Ювачевдун китебинде берилген. Анда Курманжан баласы Асанбек жана жигити Карбоз менен сүрөткө тартылган.

**1876-ж. 19-февралда** император Александр IIнин Указы менен **Кокон хандыгы жоюлуп,** анын ордуна Түркстан генерал-губернаторлугунун карамагына кирген Фергана облусу[2] түзүлгөндөн тартып, падышалык бийлик тарабынан Памир – Алай багытындагы ар кандай илимий экспедициялар уюштурулуп, күчөй баштаган. Алар ошол учурдагы Па-

**[1] Ювачев И. П. Курбанджан датха кара-киргизская царица Алая. Исторический вестник. 1907. т. СХ. № 12. 956-б.**

**[2] Орусиянын БМТА (ЦГИА) ф. 1291, оп.82, 3-иш папка, 1 – 2-б.**



мир – Алай элдеринин көчмөн чарбасы, үрп-адаттары, жаратылышы, климаттык шарттары жөнүндө жазышкан. Орус падышалыгы Түркстанга көчүрүлгөн орустарды отурукташтыруу менен колониялык саясатты ишке ашырууга киришкен. Ал эми орустардын соодагер жана каржы (финансы) чөйрөлөрү Түркстанды «чарбалык жактан» өздөштүрүүнү күчөтүп жаткан кезде да, Борбордук Азиядагы, анын ичинде Кыргызстандагы колониялык укуктар жөнүндөгү маалыматтарды камтыган маалымдамалар (справочниктер) басылып чыккан.

Натыйжада, биз козгоп жаткан маселе боюнча революцияга чейинки тарыхка жазылган эмгектердин баяндамасынан кандай жыйынтык чыгарса болот?

**Биринчиден,** 1917-ж. чейинки чыккан китептерде жана илимий макалаларда көз караштардын ар түрдүүлүгү (плюрализм) сакталган. Аларда авторлордун билим деңгээлине жана илимий дараметине жараша тарыхый фактылар менен окуялар сүрөттөлгөн.

**Экинчиден,** аскердик чиновниктер менен крайлык, облустук жана уезддик колониялык администрациянын офицерлеринин чөйрөсүндөгү авторлордун жарыялаган макалаларында падышалык бийликтин ички саясий иш чараларынын таптык маанисин жымсалдатуу, падышалыктын колониялык саясатын актоо, улуттук азаттыкка чыгуу күрөшүн жана көз каранды эместик үчүн күрөшүүчүлөрдү айыптоо, жергиликтүү калкка, анын тарыхы менен маданиятына тоотпой, барктабай мамиле кылуу же кандайдыр бир саясий кызыкчылыктар үчүн, жасалма «боор тартуу» мүнөздүү болгон.

**Үчүнчүдөн,** тарыхый адабиятта жана макалаларда теманын айрым аспектилери учкай гана козголгон же жалпы түрүндө баяндалган.

**Төртүнчүдөн,** көпчүлүк эмгектерде Кокон хандыгынын жана колонияга айланган Түркстандын тарыхы боюнча берилген тарыхый фактыларга жана окуяларга терең талдоо берилбейт.

Революцияга чейинки тарыхты жазуудагы негизги кемчилдик анын бир жактуулугу, методологиялык жактан чектелгендиги болгон. Мунун өзү Курманжан датканын саясий ишмердиги гана эмес, жалпы кыргыз тарыхынын чыныгы илимий концепциясын түзүүгө мүмкүндүк берген эмес. Ошол эле учурда акыйкаттык үчүн белгилеп кетүүчү жагдай орус чыгыш таануучулары, ориенталисттери, саякатчылары, колониялык төбөлдөр жазып калтырган маалыматтар тарыхый жазма булак катары кызмат өтөгөндүгү.

Революцияга чейинки кыргыз маалымдамаларына кайрыла турган болсок, кыргыздын тунгуч жазгыч тарыхчысы **О. Сыдыков «Тарых кыргыз Шадмания»** деп аталган эмгегинде Курманжан датка жөнүндө: «Баргы уругунан Алымбек деген хан болгон. Алымбектин катыны Курманжан датка өмүрүнчө Алымбектин ордуна датка болуп олтурду… Курманжандын сүрөтүн тартып, хал-жайларынан баян кылып, орусча тарых китебин чыгарды орус акимдери»[1], – деп жазган.

**[1] Садыков О. Тарых кыргыз Шадмания: Кыргыз санжырасы.–Ф., 1990, 28-б.**

Совет бийлигинин 20 – 50-жж. Памир – Алайга арналган бир нече эмгектер[1] жарык көргөн. Анда Памир – Алай кыргыздарынын революцияга чейинки тарыхы тууралуу айрым маалыматтар берилет.

1950-жж. тартып, Кыргызстандын XIX жана XX кк. тарыхын ар тараптан изилдөө башталган. Кокон хандыгынын учурунда жана бүтүндөй алганда Түркстанды, анын ичинде Кыргыз калкын падышалык колониялык башкаруу бийлеп турган мезгилдеги кыргыз элинин саясий, социалдык, экономикалык, маданий жана тарыхый турмушун иликтөөдө **Б. Жамгырчинов, А. Хасанов, К. Үсөнбаев, В. М. Плоских, Э. Ж. Маанаев, В. Я. Галицкий, А. Ш. Абышкаев** сыяктуу окумуштуу тарыхчылардын эмгектери олуттуу салым кошту[2]. Эң бай материалдарга таянган алардын эмгектеринде, мезгил талабына ылайык, Кыргызстандын XIX к. жана XX к. башындагы саясий тарыхындагы ар кандай кырдаалдар талдоого алынган.

Тилекке каршы, тарыхнаамада Алымбек датка менен Курманжан датканын жана алардын балдарынын эл эркиндиги үчүн күрөшү жана саясий ишмердүүлүктөрү XIX к. 50 – 90-жж. чиеленишип кетет. Ошол учурдагы оомал-төкмөл заман, курч жагдайлар жана тарыхый фактылар кээ бир авторлордун эмгектеринде дайым эле обьективдүү чагылдырылган эмес жана туура эмес чечмеленген[3].

Курманжан датканын тарыхый турпатына жана коомдук, инсандык жана саясий ишмердүүлүгүнө болгон бүткүл элдик кызыгуу 1991-ж. анын 180 жылдык маарекесине карата даярдыктын жүрүшүндө бөтөнчө көрүндү. «Алай ханышасына» арналган жаңы көз караштагы эмгектер, эл оозунан жыйналган эскерүүлөр, датканын кошоктору жана кыргыз тилинде биринчи жолу **«Курманжан датка»**[4] аттуу чакан жыйнак жана мезгилдик басма беттеринде кызыгууну арттырган бир топ макалалар жарык көрдү.

[1] Федченко Б. А. Памир – крыша мира.// Вестник знания. – 1928, № 1; Лапин Б. Повесть о стране Памир. – М., 1929; Сигалов И. В снегах Алая. – Т., 1935; Станишевский А. Н. По горным тропам. – Т., 1933.

[2] Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. – М: 1959; Очерк политической истории Киргизии XIX в. – Ф., 1966; Хасанов А.Х. Народные движения в Киргизии в период Кокандского ханства.– М.,1977; Усенбаев К.У. Присоединение Южной Киргизии к России. – Ф., 1960; Общественно–экономические отношения киргизов в период господства Кокандского ханства. – Ф., 1961; Плоских В. М. Очерки патриархально-феодальных отношений в Южной Киргизии (50–70-ые годы XIX в.). – Ф., 1975; Маанаев Е.Дж. Из истории памирских кыргызов. Ученые зап. Ист-юр. фак. КГУ. Серия история. Вып. VIII. – Ф., 1968; Абышкаев А.Ш. Каратегинские киргизы в конце XIX – в нач. XX вв.– Ф.,1965.

[3] Плоских В.М. Киргизы и Кокандское ханство. – Ф., 1977; Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987; Плоских В. М., Мокрынин В. П. История кыргызов (досоветский период). – Б., 1992. 103-б.

[4] Курманжан Датка.– Ош., 1991.



А. Газиевдин Курманжан датканын 180 жылдык маарекеси белгиленип жаткан учурга ылайыктап чыгарган Алайдын таажы, таксыз ханышасы жана анын балдары жөнүндөгү тарыхый булактардын негизинде жазылган «адабий чыгармалары, новеллалары» жарык көрдү[1].

Курманжан датканын өмүр жолун чагылдырууда жана кыргыз элинин тарыхындагы ордуна туура баа берүүдө так эместиктерге жол берген эмгектер да көз жаздымда калбоого тийиш. Алсак, «Курманжан Алайда могуш уруусунан чыккан жөнөкөй көчмөндүн үй-бүлөсүндө туулган. 18ге чыкканда аны тоюнда биринчи жолу көргөн адамга күйөөгө беришкен. Ал ага жаккан эмес, ал дингe жана салтка каршы чыгып, күйөөсүнө барган эмес жана атасынын өргөөсүндө кала берген»[2], – деп жазган А. Газиев.

Тарыхый чындыкка таянсак, Курманжан «монгуш» уруусунан чыккан «карапайым көчмөн» үй-бүлөдө эмес, өз турмушуна тың, абдан мал-мүлктүү, алыскы Кашкар чегиндеги жайлоого чейин көчүп-конуп тиричилик өткөргөн, өз элинде кадыр-барктуу Маматбай дегендин бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Анын уруусу мунгуш болгон. Болочок күйөөсү Кулсеиттин атасы Төрөкул 500 түтүндүү жоош уруусунун бийи болуп, алар жыл сайын жайлоодо чогуу отурукташкан. Андыктан эки жаш бирин-бири көрүп эрезеге жеткен. Бирок, күйөөсү көңүлүнө туура келбеген Курманжан мезгилдин катаал мыйзамына каршы туруп, бир жылдан соң Үч-Чат жайлоосунан атасынын үйүнө келе берет[3].

**В. Галицкий жана В. Плоскихтин** «Курманжан датканын кыргыз тарыхындагы ролу эки ача, аны элдин акылман энеси катары же эмгекчи элдин кызыкчылыгы жана эркиндиги үчүн күрөшкөн жолбашчы катары идеялаштыруунун кереги жок»[4], – деп, «тап күрөшү» деген калыс эмес, коммунисттик теорияга ылайыктап жазган пикирлерине, өзбек тарыхчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор **Х. Н. Бабабековдун** жыйынтыгы таптакыр карама-каршы келет: «Ал эл менен болгон жана анын кызыкчылыгын билдирген. Анын атын карапайым калың журттан ажыратып кароого болойт, алар бири-бири менен жуурулушуп турат»[5], – деп жазган окумуштуу.

«Алай ханышасы» бүт өмүрүн алгач Кокон хандарынын зомбулугуна, кийин орус колонизаторлору басып киргенде эл эркиндиги үчүн күрөшкө арнаган тарыхый инсан экендиги кашкайган чындык.

Кыргызстан эгемендикке ээ болгондон тарта Курманжан датканын өмүрүнүн урунттуу учурлары жаңы көз караштa иликтене баштады.

[1] Газиев А. Курманджан датка – некоронованная царица Алая. – Б., 1991; Серебряная камча. Невыдуманные рассказы. – Б., 1992.

[2] Газиев А. Курманджан датка – некоронованная царица Алая. – Б., 1991.

[3] Казакбаев К. Курманжан датка Жапалак кызыбы? Ленин жолу. – 1991, 22-июль; Масаков К. Кең Жапалак көзүмдөн учту. Ленин жолу. – 1991. 31-май.

[4] Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987. 57-б.

[5] Бабабеков Х. Н. История Ферганы. (Кровавые следы нашей истории ). Из сборника «Мурас». – Т., 1994. 210-б.

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ № 466537



ОТДЕЛ ГОРОДСКОГО

Бул теманын пионери болгон **К. Молдокасымовдун** макалалары[1] өз учурунда окурмандар арасында чоң резонанс пайда кылды. Көрүнүп тургандай, окумуштуунун эмгеги архивдик фактылар жана фольклордук материалдардын айкалышуусунда жазылганы менен өзгөчө баалуу.

XX кк. 80-жж. аягында өзбек жана кыргыз илимий коомчулугунун ортосунда талаш-тартышты туудурган макалалар жарыялана баштаган: Курманжан датка «Зыйнат» деген псевдоним менен ырларды жазган. Адистер аларды Дилшод, Надира бегим, Махзура сыяктуу Борбордук Азиянын белгилүү акындарынын чыгармалары менен бир катарга коюшат, – деген пикир Х. Бабабеков менен С. Мамытовго[2] таандык. Алар: Зыйнат – бул Курманжан датка деп эсептешет. «Аял затынан чыккан эки акындын – Зыйнат менен Махзуранын ырлары фарс тилинде чыккан **«Акындардын жыйнагы»** аттуу диванга киргизилген. Анда Зыйнат киндик каны тамган жердин сулуулугун, анын жаратылышын даңктап ырдайт», – деп жазат Х. Н. Бабабеков.

Тилекке каршы, биз изилдөөбүздүн жүрүшүндө жогорудагы авторлор далилдеген «ырлар жыйнагын» таба албадык. Бирок, эл оозунда Курманжандын кошогу катары сакталып калган бир топ айтымдар[3] муундан-муунга айтылып сакталып келген.

Советтик тоталитардык системанын каардуу үстөмдүгүнүн арааны жүрүп турган доордо көптөгөн тоскоолдуктарга карабастан, тарыхый булактарды, тарыхый документтүү фактыларды, архивдик жана фольклордук материалдарды кылдат пайдаланып, Алымбек, Курманжан жана Абдылдабекти көркөм дүйнөгө көтөрүп, **«Сынган кылыч»** жана **«Келкел»** тарыхый чыгармаларын жараткан, элибиздин классик жазуучусу **Т. Касымбеков**[4] Курманжан датканын тарыхый бейнесин мындайча чагылдырат:

Жазып койгон тору жок,
Казып койгон ору жок.
Кабагында каары жок,
Карап турса заары жок.
Хан болуп таажы кийбеген,
Хан катары бийлеген[5].

[1] Молдокасымов К. Курманжандын көз жашы. – Б., 1991; Кокон хандыгы: кыргыз аялдары башкарганбы?. Кыргыз маданияты. – 1991, 23-май; Зыйнат Курманжанбы? Кыргыз маданияты. – 1991. 25-апрель, № 17.

[2] Мамытов С. Бир жактуу кароо – тайгак жол. Ленин жолу. – 1991, 27- июль; Бабабеков Х. Н. Зыйнат – Курманжан датканын лакамы. Ленин жолу. – 1989. 27-июнь.

[3] Курманжан датка. – Ош. 1991.

[4] Касымбеков Т. Сынган кылыч. – Ф., 1972; Келкел. – Ф., 1976.

[5] Касымбеков Т. Курманжан датка коомдук жана мамлекеттик ишмер. Курманжан датканын 180 жылдыгына карата. – Б., 10-б.



Кыргыз көркөм адабиятында ыр менен жазылган нукура тарыхый роман саналуу гана. Алардын бири **С. Жусуевдин «Курманжан датка»**[1] аттуу романы. С. Жусуев чыгармасында элге тынчтыкты, эркиндикти, бейпилдикти каалаган, катаал доордун карама-каршылыктуу жүзүнө тик карап, ар кандай шартта эл мүдөөсүн көздөгөн саясий жана мамлекеттик ишмер Курманжан датканын тарыхый бейнесин реалдуу чагылдырган ыр түрүндө жазылган баалуу чыгарма.

Ошентип, жогоруда талдоого алынган совет доорундагы жана Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилден берки тарыхый маалыматтарга жасалган кыскача талдоолордон төмөнкүдөй жыйынтык чыгарса болот:

1. Совет доорунун мезгилинде тарыхта аты калган бир кыйла инсандардын ишмердигин изилдөө мындай турсун, алардын атын атоого тыюу салынган. Алардын өмүр жолуна байланыштуу урунттуу фактылар унутта калтырылган.

2. Алар жөнүндө учкай эскерилип, кыргыз эли эгемендикке ээ болгонго чейин жарык көргөн тарыхый адабияттардагы авторлордун эмгектеринде Курманжан датка, Алымбек датка жана алардын урпактары жөнүндөгү маалыматтар толугу менен маркстык идеологиянын талабына ылайыкташтырылып жазылган.

3. Курманжан датка 1862–1876-жж. Алай кыргыздарын башкарып турганы тарыхый чындык экенине карабастан, анын ишмердигине байланыштуу олуттуу изилдөөлөр жокко эсе болгон.

4. Кыргызстандын эгемендикке ээ болушу менен тарыхый чындыкты чагылдырууга «таптык көз караштын принциптеринен мамиле кылуу керек» деген илимге таңууланган жана бурмаланган түшүнүк артта калды. Кыргыз тарыхын кайрадан жазуу, кыргыз уруу башчыларынын, алардын ичинде Курманжан датканын көп кырдуу ишмердигин изилдеп чыгуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Демек, көтөрүлүп жаткан бул маселени изилдөөдө илимий айлампага киргизилбей, тыюу салынып келген архивдик материалдарга таянып, жаңы булактар менен толуктоо, объективдүү изилдөө мезгилдин зарыл талабы болуп калды. Мына ошондуктан:

Курманжан датканын инсан катары калыптанган доорун көрсөтүү менен анын коомдук-саясий ишмердигине талдоо жүргүзүү;

Борбордук Азияда Орусия империясы менен Англиянын экспансиялык кызыкчылыктарынын кагылышын жана андагы кыргыз факторун чагылдыруу;

Курманжан датканын Кокон хандыгы менен алакасы, Бухара эмири менен болгон дипломатиялык мамилеси, коомдогу саясий иш-аракеттеринин урунттуу учурларына назар салуу, анын коомдук, саясий, мамлекеттик ишмердигин талдоо;

[1] Жусуев С. Курманжан датка. – Б., 1994.

Алайлык кыргыздардын жана Курманжан датка жана анын балдары Абдылдабек, Баатырбек, Мамытбек жана Асанбектердин Орусия империясынын «согуштук жазалоочу» отрядына каршы күрөшүн архивдик жана оозеки маалыматтардын негизинде кароо, ал күрөшкө улуттук-боштондук, көз карандыз эместик үчүн болгон күрөш катары акыйкат баа берүү;

Курманжан датканын тарыхый ордун ачып, мурда жарык көргөн эмгектердеги айрым маалыматтарды тактоо жана түзөтүү киргизүү мезгил талабы.

Атап айтканда, бул тактоолор даталарга, географиялык аталыштарга, Курманжан датканын саясий ишмердүүлүгүнө жана эл жүгүн аркалаган иштерине берилген бааларга тиешелүү.

Бул изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизи тарыхый процесстерге, фактылар менен тарыхый окуяларга жана көрүнүштөргө объективдүү талдоо жүргүзүү менен, хронологиялык жана логикалык жактан бири-бирине салыштыруу сыяктуу илимий иштерде кеңири колдонулуучу методдор пайдаланылды.

Тарыхты изилдөөчүлөр үчүн ар бир доорго, кырдаалга тиешелүү болгон бир нече булактарды өз ара салыштырып кароо, калыс баа берүүнүн бирден бир жолу, колдонгон ыкмасы болууга тийиш.

Чыгыш таануучу жана изилдөөчү, академик **В. В. Бартольд** (1869–1930-жж.) **«Европадагы жана Орусиядагы Чыгышты изилдөөнүн тарыхы»** аттуу эмгегинде: «Тарыхый сындын ар кандай ыкмаларынын ичинен ар бири өз алдынча болгон эки же бир нече күбөлөрдүн көрсөткөнүн салыштыруунун өзү алда канча так корутундуларга алып келет»[1], – деп көрсөткөн. Биз изилдөөбүздүн негизги принциби катары салыштырып кароо жолун тандап алдык. Ошондуктан архивдик маалыматтарды, эл оозунда сакталып келген айтымдарды кыскартпастан, толук келтирүү менен окурманга жекече ой жүгүртүүгө мүмкүнчүлүк берүүнү туура көрдүк.

Ушуга байланыштуу архивдик материалдар менен катар нарративдик булактар бизге бир топ баалуу маалыматтарды бергенин белгилеп кетүүгө тийишпиз. Кокон хандыгынын тарыхына (кыргыз элинин жана эл башкаруучуларынын тарыхы да алар менен тыгыз байланышкан) замандаштарынын, тарыхый окуялардын катышуучуларынын жана ошол учурду көзү менен көргөн күбөлөрдүн колу менен жазылган көп сандагы эскерүүлөрү арналган. Нукура чындыкка негизделген фольклордук маалыматтарсыз, ал окуяларды көргөндөрдүн күбөлүгүсүз, Курманжан датканын кыргыз элинин тарыхындагы тарыхый орду жана ал инсан катары калыптанган доорду элестетүү мүмкүн эмес.

Жалпысынан, тема боюнча биз пайдаланган маалымдамаларды, тарыхый булактарды шарттуу түрдө төмөндөгүдөй топторго бөлүп караса болот:

---

[1]Бартольд В.В. ЧТЖ., Т. 9. – М., 1977, 223-б.



1. Москва шаарындагы – Борбордук мамлекеттик аскерий-тарых архиви (ЦГВИА), Санкт-Петербургдагы Борбордук мамлекеттик тарых архиви (ЦГИА), Ташкенттеги Өзбек Республикасынын Борбордук мамлекеттик архивинде (ЦГА) сакталган архивдик документтер жана материалдар;

2. Москвадагы В. И. Ленин атындагы, Санкт-Петербургдагы М. Е. Салтыков-Щедрин атындагы китепкананын (ГПБ), Ташкенттеги А. Навои атындагы китепкананын сейрек фонддорунда сакталган кол жазмалар, Ташкенттеги Чыгыш таануу институтунун кол жазмалар фонду, нарративдик булактар, басма сөз маалыматтары жана башка материалдар;

3. Памир – Алайда болуп кетишкен чет элдик саякатчылардын эмгектери жана эскерүүлөрү, макалалары;

4. Памир – Алайдагы орус илимий экспедицияларынын катышуучуларынын жана саякатчылардын эмгектери;

5. Революцияга чейинки Түркстан жана падышалык Орусиянын мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланган материалдар;

6. Курманжан датканын жана Түркстан крайынын генерал-губернаторлорунун бири бирине жазышкан иш каттары;

7. Курманжан датканын замандаштарынын жана анын урпактарынын жазып кеткен маалыматтары жана муундан-муунга айтылып келген аңыз сөздөрү;

8. Курманжан датка тууралуу тарыхый-көркөм адабияттардагы маалыматтар;

9. Курманжан датканын 180 жылдык маараксесине арналган басма сөз беттерине жарыяланган материалдар жана эмгектер.

Түштүк Кыргызстанды каратып алуу жана Кокон хандыгынын кулашынын тарыхы, падышалык колонизаторлордун «Зимняя экспедиция», «Коканд», «Алайский поход» деген ат менен уюштурулган экспедициялары жөнүндөгү маалыматтар, ошондой эле Түркстан крайын падышалык Орусиянын колониясына айландыруу жана анын жерлерин Орусияга кошуу тарыхы боюнча расмий документтердин жыйнагынан алынган (аны полковник А. Г. Серебренников топтогон) материалдар изилдөөнүн булагы катары бизге кызмат өтөдү.

Белгилөөчү жагдай, «Туркестанские ведомости», «Исторический вестник», «Военный сборник» жана Императордук орус географиялык коомунун «Записки» өңдүү гезит-журналдарга жарыяланган макалалары жана «Русский инвалид», «Голос», «Закаспийское обозрение», «Педагогический листок», «Астраханский вестник» сыяктуу XIX к. экинчи жарымындагы жана XX к. башындагы орус басма сөздөрүндө чагылдырган маалыматтардан темага тиешелүү материалдарды үзүп-кыскартпай колдондук.

Мындан сырткары, Башкы штабдын Аскердик-окумуштуулар комитети (ВУА) тарабынан чыгарылуучу «Военный сборник» журналынын «Азия боюнча топтолгон географиялык, топографиялык жана статистикалык материалдардын жыйнактары», Кыргызстандын, аның

ичинде Памир – Алайдын географиясы, этнографиясы менен ар кандай статистикалык маалыматтар жана падышалык аскерлердин Алайды жеңип алышы жөнүндөгү билдирүүлөр биздин изилдөөбүздө пайдаланган адабияттардын өзөгүн түздү.

Кокон хандыгынын тарыхы боюнча нарративдик булактардан, Шералы хан, Мала хан жана Кудаяр хан башкарган жылдарда жашап, хандык китепканада иштеген Мулла Мирза Алим ибн Домулла Мирза Рахим Ташкандинин «Ансаб ас-салатин ва таварих-и ал хавакин», «Хандардын тарыхы жана султандардын генеалогиясы» деп аталган эмгеги жана Мулла Нияз Мухаммад ибн Ашур Мухаммад Хокандинин «Тарих и Шахрухи» аттуу эмгегин, 1876-ж. падышалык аскерлердин курамында келген Н. Н. Пантусов тарабынан орус тилине которулган вариантын пайдаландык. Ошондой эле биз изилдеген темага тиешелүү кол жазмалардагы маалыматтарды бир катар тарыхый булактардан пайдаландык.

Мындан сырткары Курманжан датканын жана баласы Абдылдабектин орус бийлик төбөлдөрүнө жазган каттары, сүрөттөрүн, датканын кошоктору, эл жадында айтылып келген фольклордук материалдар, айтымдар, урпактарынын эскерүүлөрү жана советтик тоталитардык доордо пайдаланууга тыюу салынып келген бир топ архивдик документтер менен материалдар илимий айлампага биринчи жолу киргизилди.

Биздин изилдөөбүз Кыргызстандын тарыхынын колониялык мезгилин окуп үйрөнүүдө, негизгиси Курманжан датканын Чыгыш аялзатынан чыккан даанышман көсөмдүгүн, кеменгер көрөгөчтүгүн, эл тынчтыгын сактап калуудагы эрдигин көрсөтүүдө, бүгүнкү күндөгү жаш муундарды патриоттукка тарбиялоодо жана улуттук идеологиянын концепциясын иштеп чыгууда пайдаланса болот деген пикирдебиз.





# КУРМАНЖАНДЫН ӨМҮРҮ ЖАНА ИШМЕРДИГИНДЕГИ НЕГИЗГИ ЭТАПТАР

## 1. Курманжандын өмүр жолунун алгачкы этабы жөнүндөгү тарыхый чындыктын эл оозунда жана фольклордук материалдарда чагылдырылышы (1811–1831-жж.)

Ар бир эле адамдын жашап өткөн өмүр жолу, тагдыр-таржымалы тарых үчүн кызмат кыла бербейт. Көзүнүн тирүүсүндө эле ооздон-оозго өтүп, даңазалуу санжырага айланган Курманжан датканын ысымы элибиздин тарыхына бекем сиңген.

Кылымдардын кыйырын басып өткөн кыргыз элинин тарыхын жазууда көбүн эсе фольклор материалдарын тагыраак айтканда санжыра, уламыштарды, оозеки айтымдарды негизги булактардын бири катары кароо абзел, анткени миңдеген жылдар бою кыргыз эли улут тарыхын муундан муунга оозеки түрдө жеткирип сактап келген. Алсак, дүйнөдө теңдеши жок фольклор «Манас» эпосунда кыргыздардын жашоо-турмушу, салты, адеп-ахлагы, географиясы, диний жана медициналык таанымы жана алардын эл аралык мамилеси берилген, демек дүйнөлүк тарыхтагы ордубузду табууга кызмат өтөгөн санжыра уламыш, эпос, дастандар элибиздин рухий-интеллектуалдык деңгээлин көрсөтүп турат (айрым апыртмаларды эске албаганда) демек, фольклордук маалыматтардын ичинде тарыхыбыздын тамыры, өзөгү жатат. Ошондуктан эл айтымдарын, тарыхый легендаларды илимий айлампада маалымат-булак (источник) катары кылдат пайдалануу улуттук аң-сезимибиздин өсүшүнө кызмат кылат деген ойдобуз.

Маматбай кызы Курманжан 1811-ж. Ош шаарынын түштүк-батыш тарабында жайгашкан Орке кыштагында Мунгуш уруусунун Жапалак уругунан чыккан Маматбай аттуу адамдын үй–бүлөсүндө туулган. Төркүндөрүнүн урпактары азыр да ошол жерде жашашат. Ислам жыл сүрүүсү боюнча Рамазан айында төрөлгөн эркек балага же кызга Курманаалы, Курманжан, Курманбек, Курманбай деп ат койсо, ал узак өмүр

сүрөт деген ишеним болгон. Ошондуктан курмандык чалып, мал союп, маркумдарды эскере турган Курман Айт майрамы убагында жарык дүйнөгө келгендиктен, ага Курманжан деген ат коюлган.

Курманжан датканын туулган жери, түпкү теги, социалдык абалы жөнүндө көптөгөн авторлор жана изилдөөчүлөр ар кандай жазып келишет[1]. Кээ бир авторлор жазып жүрүшбаргы мунгуш уруусуна кирбейт, ал адыгинеге кошулат. көндөй Курманжан Мадыда эмес Жапалакта туулган, Мунгуш уруусу жөнүндө революцияга чейинки орус тарыхчысы Н. А. Аристов: « Мунгуш уруусу адыгине менен чогуу Алайда жайлайт жана Оштун чет-жакаларында мунгуш уруусунун кыштоолору бар, алар он эки бутактан турат, алар: кодогочун, жапалак, төлөйкөн, жоош, жылгелди, сарттар, савай, көк жатак, соколок, тейке, ирке-кашка жана моңгол»[2], – деп белгилеген.

Курманжандын атасы Маматбай накыл билги, орду менен сүйлөгөн, биреөнүн акысын жебеген, кара өзгөйлүгү жок, мал-жандуу, ата-тегинен Ислам динин, руханий түпкүлүктү бекем кармаган сабаттуу адам болгон. Ал короо толгон малын айдап, Алай жайлоолорун мекендеп, андан ары Кытай чегине чейин көчүп-конуп тиричилик өткөргөн.

Курманжандын аталаш тууганы, азыркы Орке айылынын тургуну Шермат карыя «Курманжан жаш кезинен элдик үрпадатты, каада-салтты кадырлаган, келим-кетимдүү үй-бүлөдө тарбияланган, ал ойлогон оюн түз, жалтактабай бетке айткан, акыл-эси башкалардан өзгөчөлөнүп турган намыскөй кыздардан болуп өскөн»[3], – деп эскерет.

Курманжандын туулуп-өскөн жери жөнүндө жергиликтүү карыялар төмөндөгүчө баяндашат.

XVIII к. экинчи жарымында жапалак уруусун түптөгөн адам асыл тукум 80 кулун менен жоргого Таздар-Атадан Имам-Атага чейинки айылды сатып алат. Жапалак уруусунун

[1] Плоских В. М. Киргизы и Кокандское ханство. – Ф., 1977, 172-б. Урстанбеков Б., Чороев Т. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. (мектеп окуучулары үчүн). – Ф., 1990, 91-б.

[2] Аристов Н. А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей и сведения об их численности. Живая старина. Отделение этнографии. Вып.3, – СПб. 1896, 437-б.

[3] Казакбаев К. Курманжан датка Жапалак кызыбы? // Кыргыз туусу. – 1991, 22-июль.



500 жүздөн ашык үй-бүлөөсү ушул жерге келип отурукташат. Маматбай мандикерлерди жалдап айылдын айдоо жерлерине арык чыгарат, ошол кезде Ак-Бууранын үстүндөгү ондогон танап жерлер ага тиешелүү болчу. Орке кыштагынын Ч. Түлөбердиев атындагы мектептин короосунун так ортосунда Маматбайдын тосмо дубалдарынын урандылары сакталып калган.

Кыргыз элинин санжырасына таянып, Курманжандын ата-тегине кайрылсак[1], Жапалактын (урууну түптөгөн адам) баласы Орке (кыштактын аталышы да ошонун атында), анын баласы Акбай андан, Темиркул, Назаркул жана Боогачы деген балдары болгон.

Темиркулдан: Маматбай, Чопо, Зулпу туулган. Маматбайдан: Курманжан, Таштанбек. Таштанбектин уулу Сатыбалды балалуу болгон эмес.

Назаркулдун Исмадияр деген баласы болгон (анын аты Курманжандын өмүр жолунда көп айтылат) Исмадиярдан Кожобай, Салибай, Шермат жарык дүйнөгө келет. Өз уруусун жетектеп, жер жайнаган малын айдап, Маматбай жаз, жай айларында жайыт алмаштырып, Алай өрөөнүндөгү Көк-Суу, Кызыл-Суу, Нура жайлоолоруна көчүп-конуп андан ары Кытай чегинде жайгашкан Үч-Чат жайлоосуна чейин конуштаган[2]. «Ал мезгилде мамлекеттик деңгээлдеги чек ара болбогондуктан, Чыгыш Түркстандагы кыргыздар менен бирге Курманжандын келечектеги кайнатасы Төрөкул бий баш болгон жоош уруусунун эли, канатташ жайгашкан көчмөндөр жайды жайлата той-тамашаларды бирге өткөрүшүп, бири-бирине кадырман мейман болушчу. Айтор жамандыкжакшылыкта катташып соода жүргүзүүдө чыгыш тарабы Кашкар, батыш тарабы Ош, Анжиянга чейин бирге жол алышчу».

[1] Масаков К. Курманжан датка Жапалак кызыбы ? Кыргыз туусу. 1991. 22-июль.

[2] Ушул жерде швед саякатчы Свен Геддиндин «май айынын акырында же июндун башында кар коюу чөп менен алмашкан мезгилде Алайга мал-мүлктүү кыргыздар көчүп келишет. Бул жерде алар байгелерди уюштурушат, бирин бири конокко чакырышат, тойлорду өткөрүшөт, Оштук жана анжиандык кыргыздар жайында Талдык ашуусу аркылуу өтүшөт» деп жазган маалыматы Маматбайдын турмушуна да дал келет.

«Жакшы санаалаш коңшу катары, – деп эскеришет андан ары жергиликтүү карыялар, – Маматбай менен Төрөкулдун мамилеси бөтөнчө жакын болгон. Эки бай байланышын андан ары бекем сактап калуу үчүн куда болууну чечишет жана ата-бабадан келе жаткан салт боюнча күйөө болуучу тарап Курманжандын кулагына сөйкө салат. «Жетесинде жок, жүүнү бош Кулсейит» кыздан эки жаш улуу болгон деп эскеришкен замандаштары. Кээ бир маалыматтар боюнча Маматбай жана Төрөкул бешик куда болушкан, тактап айтканда, Курманжанга бешикте кезинде сөйкө салган»[1].

Курманжандын өмүр баянына байланыштуу маалыматтарды толук чагылдыруу үчүн белгилүү тарыхчы В. М Плоскихтин жазгандарын көз жаздымда калтырууга болбойт. Тарыхчылардын ичинен Алымбек датка, Курманжан датка жана алардын балдарынын тарых-таржымалына кеңири токтолуп, алар жөнүндө бир топ маалыматтарды «мезгил талабына ылайык» интерпретациялаган окумуштуу минтип жазат: «аны бала кезинде эле кудалап койгон болот жана он жетиге толгондо аны Кулы-Сад-Ярга коңшулаш жашаган ювач уруусундагы жигитке күйөөгө беришет. Ал күйөөсүн той болгон күнү биринчи жолу көрөт»[2].

Бир караганда анчейин тарыхый мааниге ээ болбогон факт катары көрүнгөнү менен, акыйкаттыкка таянсак: Курманжандын биринчи күйөөсүнүн аты Кулсейит болгон, экинчиден, уругу жоош болуп, Курманжан бала кезден болочок күйөөсүн көрүп-билип чоңойгон. Өзгөчө жайында «көчмөндөр чөп кууп жайлоолоп жашаган» учурда жолугуп, жайкысын бирге жайлаган ата-энеси менен чогуу болгондугу айдан ачык.

Шермат карыянын айткандарына ынансак, жаңыдан баш кошкон түгөйлөр адегенде Гүлчөдө жашашкан, андан кийин Курманжан күйөөсү менен Кашкардагы Катты-Багыт деген жерге Кулсейиттин атасынын журтуна көчүп кетишкен. Барган жерде ал өз бактысын таба алган эмес. Курманжан туулуп-өскөн жерин эстеп, мына бул арман ырларын чыгарган.

---

[1]Казакбаев К. Курманжан датка Жапалак кызыбы? // Кыргыз туусу. – 1991, 22-июль.
[2]Плоских В. М. Киргизы и Кокандское ханство. – Ф., 1977. 172-б.; В. Галицкий, В. Плоских. Старинный Ош. – Ф., 1987. 53-б.; А. Газиев. Курманджан датха – некоронованная Царица Алая. – Б., 1991.



Көтөрүлүп күн чыкса,
Көлөкөлөөр талы жок.
Жаз жадырап келгенде,
Гүлдөй турган багы жок.
Асмандагы жетиген
Мени менен сегизби?.
Тагдыры шордуу Курманжан,
Тийгениң сенин теңиңби?[1]

Күйөөсү көңүлүнө төп келбеген Курманжан аны чанып, жыл айланбай түн жамынып өмүрүн тобокелге салып, тоо-ташты аралап качып чыгат. Шарият боюнча гана эмес, элдик каада-салт боюнча да мындай жорук ал доордо катуу айыпталып жазаланчу, бирок анын бул чечкиндүү кадамы тагдырында кескин бурулушка жол ачкан.

Сагызган учуп Кара-Ойго түштү,
Сан Жапалак көзүмдөн учту.
Кекилик учуп, Кең-Ойго түштү,
Кең Жапалак көзүмдөн учту.
Өзүм туруп жасаган көжөм,
Сагындым абдан Жапалак жерин,
Арманым болбос көжөңдү ичсем[2].

деген саптар эл оозунда Курманжандын айтымы катары сакталып калган.

Жогоруда белгилегендей, ар бир фольклордук чыгармаларда ата-бабаларыбыздын тарыхынын тамыры жатат, ошондуктан ар кандай санжыра арасынан кумдан алтын издегендей чындыкты таап, элге жеткирүү тарыхчылардын парзы.

Эл эсинде сакталган эскерүүлөрдө, катаал замандын каардуу мыйзамы менен келише албаган Курманжан өз бактысын табууга чечкиндүү кадам таштап, көңүлүнө туура келбеген күйөөсүн чанып, түн жамынып качып чыгып, бир нече жүздөгөн чакырым аралыкка жол алып сапар тартат[3]. Алдынан буркан-шаркан түшүп агып жаткан Кызыл-Ceyга жеткенде, кантип өтөм деп айласы куруй түшөт, артка кайткандан өлүмдү артык көргөн Курманжан, «ажалым жетпесе аркы өйүзгө

---

[1] Масаков К. Кең Жапалак көзүмдөн учту. // Ленин жолу. – 1991, 31-май.
[2] Ошол жерде.
[3]Алай районунун Жошолу айыл өкмөтүнүн тургуну, 1927-жылы туулган Мати Жакишевдин жазылып алынды. Автордун өздүк архиви.

чыгармын, күнү-суум түгөнгөн болсо, башка салганын көрөөрмүн» деп өмүрүн тобокелге салып боюн сууга таштайт. Ээ-жаа бербей аккан чоң суу тез эле аны аласалдырып кетет. Ошол учурда жан далбастаган Курманжандын колу жумшак нерсеге урунат, ал аны жээкти көздөй жиреп алып жөнөйт, эмне экенин ачык түшүнбөгөн Курманжан суудан чыгып, силкинип турган кызыл жолборсту көргөндө дендароо боло түшөт. Кайра караса жолборс көрүнбөйт. Андан ары жол улаган Курманжан бет алдында тизилип беш жолборс тургануын көрөт, «бул эмнеси, өлөт деген ушул белем, ээн талаа, эрме чөлдө сөөгү көмүлбөй калат деген ушулбу» деп, айласы куруган Курманжан качуудан пайда жоктугун ойлоп, келме келтирип, көз ирмебей түз ошол жалгыз аяк жолго тизилип алган жолборсторду көздөй басат (башка айласы да жок эле). Алар арсайган азууларын көрсөтүп, тиктегени болбосо ордуларынан козголбой Курманжан өтүп кетет.

Өңүмбү, же түшүмбү деп бирде чуркап, бирде тыныгып жол арыткан Курманжан жигиттери менен куш салып, мергенчилик кылып жүргөн Алымбекке жолугат. «Аял эмес эркектин буту баспаган аска-тоолордун арасында жүргөн бу кандай аялзат» деп таңданган Алымбектин «Кимсиз?» – деген суроосуна, «жолборс дайрадан өткөрдү, жол боюнда тизилген беш жолборс да мага кол салбады, эми жолборс сындуу жигит алдымда турат» деп саамга ойлоно калган Курманжан: «Жолборс жолдуу аялмын», – деп жооп берет. Алымбек «сен издеген жолборсуң мен болуп жүрбөйүн» деген изги ойдо аттан түшмөк болгондо, Курманжан: «Эркек киши аялга орун бошотпойт, ордуңузду шамалдатпаңыз», – дейт. Курманжандын жообу жага түшкөн Алымбек: «Мен орун-очоктуу үйдөн жол алып келе жатам», – деп аны сөзгө тартат. Курманжан «тагдырды сатууга же алмаштырууга болбойт, ар пенде маңдайга жазганын көрөт» деген ойдо Алымбектин камчысынын учун кармап туруп: «Кербендин жолу бир, ырыскысы башка, мен бакыт-таалайга ичи тарлык кылбайм», – деп жооп берет. «Мунусу айкөлдүк, камчынын учун кармап турат, арты коогалаңдуу болот го» деп жоруган ошондо Алымбек. Тагдыр буюруп, кийин Алымбек Курманжандын башын бошотуп алган[1].

[1]М. Жакишевдин айтымдарынан.



Ар-намыстан арданган жоош уруусунун жигиттери Курманжанды качкан күйөөсүнө кайра жеткирүү үчүн артынан кууп келишет, бирок жүздөгөн чакырым аралыкты түндөсү сокмо жолдо, күндүзү тоо-ташты аралап бекинип, өлүм коркунучуна кайыл болуп, өмүрүн тобокелге салып, качып келген кызынын тагдырын дагы кайрадан азапка салгысы келбеген атасы Маматбай куугунчуларга кызын кошуп берүүдөн баш тартат. Куугунчулар качкан келинди кайтарып ала алышпагандарына ичи күйүп, бир үйүр жылкыны айдап кетишет. Ошентип, «жапалак жана жоош уругунун ортосундагы байланыш бекемделмек түгүл, тескерисинче, биротоло үзүлөт».

Курманжан төркүнүнө кайтып келген соң, жыл айланбай атасы Маматбай көз жумат. Чарбалык турмуштун түмөнтүйшүгү анын мойнуна түшүп, үйдө олтуруп калат. Күйөөсүн чанган келинге батынып сөз айттырган жигиттер аз болот, ал эми батынып сөз салганы анын купулуна толбойт. **1831-жыл** Курманжандын андан аркы жашоо-тагдырындагы бурулуш жыл болгон. Ошол кезде Алайды бийлеп турган **Алымбек датка** ага үйлөнөт. Ушул мезгилден тартып Курманжандын өмүр-тагдырынын жаңы доору башталат. Мына ушул даңазалуу эки инсандын баш кошуусу тууралуу аңыз кеп жапалак элинин арасында да түрдүү варианттарда айтылып келет. «Калк айтса, калп айтпайт» дейт элибизде, андыктан, айрым айтымдарга токтолуп кетели.

**Биринчи варианты:** Сары алтын күз күндөрүнүн биринде Алымбек датка жандап жүрчү жөкөрлөрү менен Кокондон келе жаткан. Жол боюнда жайгашкан Жапалак айылына Маматбайдын боз үйүнө тыныгып, Курманжандын колунан кымыз ичип, аны жактырып калат да, ага үйлөнүү жөнүндөгү сунушун айтат. Анда Курманжан: «Датка, менин башым байлануу, мени никеден шарият боюнча[1] ажыратмайынча, сиз эмес Кокон ханы да мага үйлөнө албайт», – деп жооп берет. Ошондо Алымбек Курманжандын башын ачуу үчүн никедеги күйөөсүКулсейитти алдырат. Алымбек ага мындай шарт коет: «Каалаган кызды танда, мен сени өзүм үйлөндүрөм, калыңын төлөйм, болгону аялың менен ажырашканга макулдугуңду бер». Башын жерге салып турган күйөө ойло-

[1] Мусулман шарияты боюнча аялды никелеп алган күйөөдөн «талак» алып ажыратмайынча, ал ажырашты деп эсептелген эмес.

нуп туруп: «Эгер бегим ушундай дей турган болсо, мен эмне демек элем», – деп жооп берет. Кулсейиттин жообун уккан Курманжан: «Ай байкуш! Сен өлүп баратып да, эркекче жооп бере албайсың», – деп наалыган экен.

Алымбек убадасында бек турат. Курманжан никелик парзынан кутулат. Бирок датканын алдына шарт коет: «Даткам, мен сиздин үйүңүзгө арсыз токол болуп киргим келбейт. Ак-Буура суусунун боюна 40 боз үй тиктирип, 40 күн той бересиз, 40 кыз мени коштоп барсын, ошондо гана мен касиеттүү Алай элинин келини болом». Алымбек келечектеги жубайынын талабын толугу менен аткарган.

**Экинчи варианты:** Маматбайдын жакын тууганы Исмадияр ажы менен Алымбектин мамилеси жакшы болгон, дайыма жандап жүргөн. Курманжандын тагдыры тууралуу алгач ошондон угат, элдик салтка туура келбеген анын жоругуна таң калып, ага жолугууну чечет, бир көргөндө жактырып, бир жылда бир жолу өткөрүлүүчү казылардын сотун чакыртып Курманжандын башын бошотот, (ошол учурдагы аял-эркектин ажырашканын мыйзамдаштырган сот-казылар соту болгон, ал элдеги ар кандай көйгөйлүү маселелерди өзүнүн кеңешинде талкуулап, чечип турган) көп өтпөй Алайга алып кетет.

**Үчүнчү варианты:** Алымбектин биринчи аялы көңүлүнө төп келе берчү эмес, ошондуктан жан-жөкөр, жандоочулары анын даражасына жана дилине туура келе турган зайыпты тымызын издеп жүрүшчү. Ошондой күндөрдүн биринде Алымбек датка Алайдын аскалуу токоюнда куш салып көңүл ачып жүрүп, эркекче кийинип жылкычыларга баш-көз болуп жүргөн Курманжанды көрүп жактырып калат да, жандоочусу Элтойдуну ортомчу кылып жиберет. Ошондо Курманжан «Атамын каза болгонуна аз эле убакыт болду ашын берип, жылдыгы өтсүн, ата карызынан кутулайын, датка датканык кылып сөзүндө турса, күтө турсун», – дейт. Айткандай, арадан бир жыл өткөндөн кийин жайлоо маалында, Үч-Чат жайлоосун кесип өткөн дарыянын жээгинде Алымбек менен Курманжан жолугушуп сүйлөшүүгө тийиш эле, бирок ошол учурда Алымбек Кокон ханы Мадалынын чакыртуусу боюнча ордого кеткендиктен кечигет. Табиятынан чечкиндүү жаралган Курманжан күтүп олтурбай жол тартат. Алайга келип жакөлөкө токойдон отун терип жүргөн кемпирге жолугат. Ал колундагы шакегин чыгарып, эч кимге көрсөтпөй Алымбекке



же ортомчу болгон Элтойдуга берүүсүн өтүнөт. Ошентип өз бактысы үчүн батынып күрөшө алган, келечектеги атактуу Алай ханышасы Курманжандын жана айтылуу Алымбек датканын үйлөнүү тарыхы ушундай.

Ошентип, отуз жылдан ашуун убакыт 1862-ж. Алымбек датка душман колунан каза болгонго чейин алар ынтымак – ырашкерликте өмүр сүрүшкөн.

Салибай уулу Шерматтын айтып берген маалыматтарына караганда, Маматбай көз жумгандан кийин кызды күйөөгө узатып, тындыруу парзын Исмадияр (алардын аталары бир тууган болгон) – Шерматтын чоң атасынын атасы мойнуна алган. Ал Курманжанды Мадыдан эмес, (айрым тарыхчылар жазып жүрүшкөндөй) Жапалак кыштагынын Орке айылынан узаткан.

Курманжанга берилген себи менен кошо алдына ат чыгарбаган Акбай жоргону, эң кооз килемден тартып, кымбат баалуу жабдыктар, жасалгаланган боз үй менен төө кошуп, төрт түлүк малдын ар биринен тогуздан берип, айтор толуп жаткан баалуу буюмдар сеп катары берилип, төркүндөрү «уядан учуруп», узатышкан деп эскерилет эл оозунда.

Алымбек даткага баш кошкондон кийин анын үй-бүлөлүк турмушунда баары эле ойдогудай боло берген эмес, алар бир нече жылдар балалуу болбогон.

Ал окуя жөнүндө укум-тукумдары мындайча эскерет[1]. Жайкы түндөрдүн биринде Курманжан айылындагы боз үйлөрдүн биринен кандайдыр адаттан тыш жарыкты байкайт да, жакын келип бешикте жаткан баланы көрөт. Кыргыздагы жөрөлгөлөрдүн бири боюнча көпкө чейин балалуу болбогон адам бирөөнүн баласын багып алса, артынан наристе баштап келет деген түшүнүк азырга чейин сакталып калган, ошондонбу Курманжан баланын ата-энесинен бөбөктү асырап алууну сурайт, наристеге Карабек деп ат коюлат. Курманжан тууган-уругун чогултуп: «Карабек тууралуу өйдө-ылдый кеп айтып сөз көбөйтпөгүлө, эгерде араңарда бакма бала деп ушак кыла турган болсоңор, таарынбагыла, оозуңарга коргошун куюлат», – деп айткан экен. Чындыгында Карабекти

---

**[1]Алымбек менен Курманжандын урпактары И. Кадырбеков, А. Азизбеков, А. Жамшитбекованын айтымдарынан жазылып алынган, автордун өздүк архиви.**

багып алгандан кийин Курманжан жети бала төрөйт. Алар: Абдылдабек, Баатырбек, Мамытбек, Асанбек, Камчыбек жана кыздары Айымбү, Сатимбү. Андан сырткары Алымбектин биринчи аялынан Акунбек деген да баласы, ал эми Кокондо кызмат аркалап жүргөндө Курманжан «Бегим талаа-түздө жүргөндө абийириңизге доо кетирбей жакаңызды жууп бере турган зайыпка нике кыйдырып алыңыз» деп өзү үйлөндүргөн кыпчак аялынан «Алтын бешик Кылычбек»[1] деген балдары болгон деп эскерет урпагы И. Кадырбеков.

## 2. Алымбек датка жана Кокон хандыгы. Курманжандын коомдук жана мамлекеттик ишмер катары калыптануусунда Алымбек датканын ролу (1831–1862-жж.)

Курманжан датка жашаган доорду, анын коомдук-саясий ишмердигин жана саясий бейнесин иликтеп-изилдөөнү Кокон хандыгынын тарыхы менен тыгыз байланышта кароого тийишпиз, анткени кайсы гана доор болбосун коом менен адам турмушу диалектикалык тутумдаш. Ошол эле учурда Курманжан датка менен Алымбектин да тагдыр-таржымалын ажыратып кароо мүмкүн эмес, алардын тарыхый тагдыры, коомдогу орду, ишмердүүлүк аракеттери бирин бири толуктап, тереңдетип турат.

Алымбек датка менен Курманжан датканын саясий ишмердиктери дал Кокон хандыгынын социалдык жана саясий тарыхы менен тыгыз айкалышкан, алардын аң-сезимдүү өмүрү хандыктагы ар кандай саясий оюндар, төңкөрүштөр, бийлик үчүн болгон тынымсыз күрөштөрдүн айланасында өтүп, өздөрү хандыктагы орошон окуялардын катышуучулары болуу менен, ордодо опол тоодой көрүнүктүү таасирге ээ болушкан.

XVIII к. баш ченинде Бухара эмирлигинен анча чоң эмес аймакты ээлеген Кокон чеби бөлүнүп чыгып, дээрлик бир жарым кылымдан ашыгыраак (1709–1876-жж.) убакыт Борбордук Азиянын саясий турмушунда көрүнүктүү роль ойногон өз алдынча хандык пайда болот. Адегенде ага Кокон, Исфара, Маргалаң чөлкөмдөрү кирсе, акырындык менен анын аймагы Кожент, Анжиян, Наманган жерлерин басып алуунун эсебинен кеңейип олтуруп, XIX к.биринчи жарымында – Чыгыштан Кашкарга чейин, түндүктөн Сибирдин мейкин талааларына, ал эми батыштан Хива жана Бухарага, түштүгүнөн Каратегин, Дарваз жана Кулябга чейинки аймакты каратып алуу менен, Борбордук Азиядагы ири мамлекетке айланат. Хандыктын калкын негизинен өзбектер, тажиктер, кыргыздар жана казактар түзүшкөн[1].

Тарыхый маалыматтар боюнча, хандыктын негиздөөчүсү болуп миң династиясынын өкүлү Шахрух бий болгон жана хан тактысы атадан балага же урук-туугандарына мурас катары берилип, мамлекетте бийлик монархиялык мүнөздө болуу менен, бул уруктун тукумдары хандыкты 1876-ж. чейин, т. а. хандык жоюлганга чейин башкарып турган[2].

Кокон башкаруучулары жарым кылым убакыт бою өздөрүнүн ээликтерин басып алуучулук саясаттын эсебинен кеңейтип жүрүп олтурушкан.

Кыргыздар Кокон хандарынын дипломатиялык саясатында көрүнүктүү роль ойногону менен ошол эле учурда хандардын баскынчылык саясатынын обьектиси болгондугун, кыргыз Акбото бийдин мисалында көрсөк болот. Тарыхый маалыматтарга караганда Акбото бий XVIII к. 20-жж. Кожентти башкарган. Ал Кокондун башкаруучусу Рахим бийдин кайнатасы эле[3]. Акбото бий күйөө баласына Коженттеги эмирлик бийлигин өз каалоосу менен тартуу кылган[4], бирок көп узабай эки бийдин ынтымагы бузулат. Анткени бийликке, байлыкка дөөгүрсүгөн күйөө баланын кайната менен ыркы кетип чабышып, амалкөй Рахим бий Акбото бийди өлтүрүп тынат жана Кожентти биротоло бийлеп калат.

[1]Кылычбекти алтын бешикке бөлөгөн, ошондуктан «алтын бешик Кылычбек» аталган деп эскерген И. Кадырбеков.



[1]Бабабеков Х. Н. Народные движения в Кокандском ханствеи их социально-экономические и политические предпосылки. ( XVIII – XIX вв.) – Т., 1990. 7-б.

[2]Материалы по истории Киргизов и Киргизии. Вып. 1. – М., 1973. Исторические сочинения ферганских авторов времени кокандского ханства. 24 – 225-б.

[3] МИКК Перевод извлечений из «Мунтахаб ат-таварих» Мухаммада Хаким хана. 230-б.

[4] Бартольд В. В. История культурной жизни Туркестана. Соч., т. II, ч. 1. М., 1963. 286-б.

Кожентти басып алган мезгил Кокон хандыгынын калыптанышынын башталышы болгон, бирок чыгыш таануу боюнча адис В. Бартольд «Кокон хандыгынын негиз салуучусу деп Алим ханды эсептейт»[1], анын себеби Алимхан бийлик жүргүзгөн жылдарда Кокон ээлиги Борбордук Азиядагы эң ири хандыктардын бирине айланган.

1801-ж. Кокон ээлиги хандык болуп жарыялангандан тартып Фергана өрөөнү Кокон хандыгы деп атала баштайт.

Хандыктын саясий жактан күч алышы жана аймагынын кеңейиши Алим хандын (1800-1801; 1809-1810-жж.), Омор хандын (1809 – 1822-жж.) жана Мадалы хандын (1822 – 1842-жж.) мезгилине туура келет.

Хандыктагы Рахим бийдин жолун уланткан анын иниси Абд-ал Карим (1735 – 1751-жж.) болгон. Анын тушунда кыргыз, өзбек уруулары жуңгар калмактарынын кол салышына каршы согушка бирге чыгышкан.

XVII к. биринчи жарымында Батыш Моңголияда бир кылымдан ашыгыраак жашаган (1635–1758-жж.) калмактар тарыхый адабияттарда жуңгар-ойроттор деп аталган мамлекет күч ала баштайт. Калмактардын Борбордук Азиянын аймагында жасаган биринчи жортуулу 1643-ж. жазында башталган, ал кагылыштар дээрлик жүз жылга созулуп, согушкан тараптардын алмак-салмак жеңиши менен аяктап турган. 1740-ж. Цин империясы менен Жуңгар хандыгынын ортосунда тынчтык келишими түзүлгөндөн кийин, ойроттор жаңы күч менен Борбордук Азиянын ички райондоруна Фергана өрөөнүнө жана Ташкент оазисине чейин басып кирет.

Белгилүү окумуштуу К. Үсөнбаевдин изилдөөсүнө караганда, калмактарга каршы кыргыз, казак, өзбектердин биргелешкен чабуулун жетектеп жана алардын мизин кайтарууда Ташкенттин беги Төлө бий (1739–1751-жж.), Кокондун беги Абд-ал Керим бий (1734–1751-жж.) негизги уюштуруучулар болушкан. Ферганадагы басып алуучуларга каршы Борбордук Азиядагы түрк тилдүү элдердин биргелешкен күрөшүн ири саясий жеңиш катары кароого болот. Алардын бирдиктүү катуу каршылыгы бул региондун көз каранды эместигин сактап калган[2].

[1] Бартольд В. В. История культурной ... 287-б.

[2] Усенбаев К. Народные движения Средней Азии в XIX веке.(по материалам Кыргызстана) – Б., 1999, 5-б.



Дал ошол учурлар Кокон хандыгы менен кыргыздардын мамилеси бир топ жакшырып, турукташып калган жылдар болгон.

XVIII к. орто ченинде Цин баскынчылары Жуңгар хандыгын талкалап, Чыгыш Түркстанда Цин империясынын (1759–1911-жж.) бийлигин орноткон соң, аны Синьцзян (Шинжан – жаңы чек, жаңы ээлик) деп атап, өзүн Жуңгар хандыгынын мураскору катары жарыялап, кыргыз-казак жергесине көз артып, аларды өз тарабына тартууга, колдон келсе баш ийдирүүгө умтулган. Түзүлгөн кырдаалда Борбордук Азия элдери кайрадан өздөрүнүн көз каранды эместигин жана жерлеринин кол тийбестигин сактап калуу үчүн «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып» майданга аттанышып, душмандын жортуулдарынын мизин майтарып турушкан, чынында да алардын бирдиктүү күрөшүнүн натыйжасында Борбордук Азияда Цин баскынчылары бийлигин биротоло орното алган эмес.

Ошондуктан алгачкы учурларда Кокон башкаруучулары кыргыз төбөлдөрүнүн өз алдынчалыгына шек келтиришпей, алар менен дипломатиялык мамиле түзүшкөн. Ага мисал катары «1759-ж. Кокон башкаруучусу Ирдана бий менен кыргыз Ажы бийдин ортосунда достук келишимге кол коюлгандыгын» айтса болот[1].

Фергана өрөөнү Бухара эмирлигинин карамагынан биротоло бөлүнүп чыгып, өз алдынча бийлик жүргүзө башташы 1751-ж. бийликке келген Ирдана бийдин саясий ишмердиги менен тыгыз байланыштуу. Ал башкарган жылдарда Кокон ээлиги Бухара менен Хива хандыктарына тең тайлашкан мамлекет катары калыптанганын Ирдана бийдин XVIII к. 60-жж. кыргыз уруулары менен ынтымакта болуу саясатынан аларды күч менен баш ийдирүү саясатына өтүп жана кыргыз конуштарынын эсебинен хандыктын аймагын кеңейтүүгө баймa-бай киришкендигинен байкаса болот.

Натыйжада, XVIII к. экинчи жарымындагы кыргыз уруулары менен Кокон, Цин дөөлөттөрүнүн ортосундагы оомал-төкмөл саясат, тынымсыз согуштар, ошол учурдагы тарыхый кырдаал, жеке эле Алай жана Ош кыргыздарынын кызыкчы-

[1] Сапаралиев Д. Этнополитич. история Оша и его окрестностей с XVIII в. до середины XIX в. – Б., 1999, 42-б.

лыктары үчүн гана эмес бүтүндөй Фергана чөлкөмүнүн өз алдынчалыгы үчүн күрөшкөн бир нече уруу башчыларын саясий майданга алып чыккан. Алардын бири – Кокон менен Кашкардын ортосундагы тоолуу жерлерди мекендеген адыгине уруулук бирикмесинин башчысы **Ажы бий** болсо, экинчиси – кушчу, саруу урууларынын жетекчиси **Кубат бий,** үчүнчүсү – сарыбагыш, бугу кыргыздарынын жетекчиси **Маматкул** болгон.[1]

Курманжан датка жана анын күйөөсү Алымбек датка жүргүзгөн саясаттын түпкү (гносеологиялык) тамырын түшүнүү үчүн Ажы бийдин тарых-таржымалына кенен токтолобуз. Анткени генеалогиялык санжырага таянып Алымбектин ататегине кайрылсак, Алымбектин атасы Асан бий, Асан бийдин атасы Шамырза, Шамырзанын атасы Ажы бий, Ажы бийдин атасы Тилеке бий болгон. «Аккан арыктан суу агат» дегендей, Алымбектин чоң аталары Ажы бий да, Тилеке бий да өз заманынын белгилүү саясий ишмерлери болуу менен[2], кыргыз элинин көз каранды эместиги үчүн күрөшкөн, өз доорунда аты таанылган инсандардан болгондугун тарыхый булактар жана эл эсинде сакталган оозеки айтымдар далилдейт.

Эл оозунда сакталган жана урпактарынын маалыматы боюнча:

Тилекенин сегиз бек,  
Телегейи тегиз бек.  
Эң кенжеси Ажы бек, –

деп айтылат.

Тарыхый булактарда Ажы бекти – Хаджи бек, Аджи бий, Хаджи бий деп да жазышат. Ажы бектин Ажы бий аталышы ошол учурдагы кытай тарыхый булактарында төмөндөгүчө тастыкталат: «Буруттар (кыргыздар – Т. Ө.) көчмөн калктын аталышы, алар Анцзичан (Анжиян – Т. Ө.) менен Кашкардын ортосунда мекендешет, алардын жери кенен жана эли жыш. Башчыларын бий деп аташат; ар бир бийдин өзүнүн жери жана букаралары бар; алардын күчтөрү тең жана бирибирине көз каранды эмес»[3].

---

[1] Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. – Б., 1997, 44-б.

[2] Өмүрзакова Т. Алымбек датканын саясий ишмердүүлүгү. Ош эл аралык адабий-көркөм, коомдук саясий альманах. – 1999. №6, 33 – 34-б.; Караев О. Восточные авторы о кыргызах. – Б., 1994. 77, 84, 87-б.

[3] Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара кыргызы. // Китайское и Коканское господство в Западном Тянь-Шане. – Б., 2001. 453-б.



Тарыхый маалыматтарда Ажы бий жөнүндө алгачкы маалыматтар мындайча жазылган: «XVIII к. 50-жж. аягында түштүктөгү адыгине уруктук-уруулук бирикмесинин ролу байкаларлык жогорулай баштаган. Алардын башчысы Ажы бий Алайдын жана Оштун ичкилик кыргыздарынын башчысы болгон, ал өз каалоосу менен «Бухарадан Чыгышка чейин таралган бурут ордосунан 200 миң адамды чыгарып кое алган»[1].

Белгилүү этнограф А. Н. Бернштам «Хаджи бий кытайлар менен жигердүү саясат жүргүзгөн. 1760-ж. ал өзүнүн атынан Кытайга элчи жөнөткөн, 1760-ж. августта анын элчилигине жооп кылып кытай төрөсү Соному келген»[2], – деп белгилейт.

Окумуштуу **Д. Сапаралиев** 1759-ж. адыгине кыргыздарынын конушуна Цин сарайынан атайын өкүл келген, ал Пекин менен дипломатиялык байланышты орнотуу сунушу менен Ажы бийге «декрет (жогорку бийликтин токтому – **Т. Ө.**) жана печать (мөөр – **Т. Ө.**) тапшырат»[3], – деп тастыктайт.

Жапон окумуштуусу Т. Сагучинин «Кокон хандыгынын чыгыш өлкөлөрү менен болгон соода байланыштары» деп аталган эмгегинде «Кыргыздар Чыгыш жана Батыш уруулары болуп бөлүнөт 1759 –ж. Цин дөөлөтү бийликке келгенден кийин кытай генералы Чжао-Хой Алай тоолорун көздөй жол тартмак болгондо Адыгине уруусунун башчысы Ажы бий кат аркылуу Цин дөөлөтүнүн башчысына кайрылат. Анда, Чыгыш Бухарадагы 210 миң адамдан турган кыргыз элин башкаргандыгын, демек, Ажы бийдин колдоосу астында болгон бүт батыш кыргыз эли Цин династиясынын вассалы болууга макул экендиги»[4] жөнүндө маалымдайт.

Жогоруда келтирилген тарыхый маалыматтарга таянып чечим чыгарсак, Ажы бий XVIII к. орто ченинде аскердик жана саясий колбашчы болуу менен түзүлгөн кырдаалдын

---

[1] Плоских В. Киргизы и Кокандское ханство. – Ф., 1977. 89-б.; Труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1997. 452-б.

[2] Бернштам А. Н. Источники по истории киргизов XVIIIвека. // Избранные труды по истории кыргызов и Кыргызстана. – Б., 1997. 452-б.

[3] Сапаралиев Д. Взаимоотношения кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в. – Б., 1995, 102-б.

[4] T. Saguchi. Eastern Trade of the Khoqand Khanate. // The Memoirs of the Toyo Bunko. Tokyo, 1964. 59 pg. Т. Сагучи. «Кокон хандыгынын чыгыш өлкөлөрү менен болгон соода байланыштары». Токио. 1964. 59-б. (англис тилинде).

(дилемманын) шартында бирде Цин мамлекети менен, бирде Кокон башкаруучулары менен учур талабына жараша мамиле жасап, калк камын ойлоп иш туткандай.

Бирок мезгил өлчөп, тарых көрсөткөндөй, үч тарап үчүн деле бул мамилелер биротоло бекем болгон деп эсептөөгө болбойт, анткени кокондук бийлик ээлери ар дайым кыргыз жерине көз артып, кыргыздардын үстүнөн үстөмдүк орнотууга тымызын умтулуп, оңтойлуу учурду күтүп келишкендигин 1762-ж. Ирдананын кыргыздарга тиешелүү Ош жана Өзгөн шаарларына жасаган жортуулунан билүүгө болот. Кол салуунун шылтоосу болуп, Кашкарга бараткан жолдо Кокон соодагерлерин кыргыздар тоногон. Адыгине, моңолдор, ичкилик урууларын жетектеген Ажы бийдин колу кокондуктарга катуу каршылык көрсөтөт. Бир нече жолку салгылашуулардан кийин көп жоготууларга дуушар болгон кыргыз колу тоо тарапка чегинет.

Ошол кырдаалды окумуштуу **Д. Сапаралиев** төмөндөгүчө баяндайт: «Ажы бий Ирданага каршы биргелешип каршылык көрсөтүү үчүн түндүк кыргыздардын башчысы Маматкулга Арзымат аттуу кабарчысын жөнөтөт, Маматкул көбүрөөк күч топтоо үчүн сарыбагыш бийлери Черикчи менен Темиржанды кошо үндөйт»[1].

Бирок, тарыхый маалыматтарга караганда, кыргыз урууларынын ич ара чатактары ырбап, ынтымакка келе албай, сарыбагыштар кокондуктарга каршы күрөштөн баш тартышкан. Кыргыздардын ыйкы-тыйкысын эптүүлүк менен пайдаланып, арааны ачылган Ирдана 1764-ж. Кожентти багындыруу үчүн жортуулга жөнөйт. Ажы бий Кокон атчан аскерлеринин негизги бөлүгүнүн Оштон кеткендигинен пайдаланып, кокондуктардын ээлигине айланып коргоосуз калган Ошко чабуул коет. Бул кабарды угаары менен Ирдана орто жолдон кайра тартып, (Д. Сапаралиев «Ирдана Хожентин башкаруучусу Фазыл бий менен убактылуу келишимге жетишип үлгүргөн» деп эсептейт, аталган эмгек, 103-б.) кыргыздар менен согуш баштайт. Салгылашуу учурунда кыргыз колу жеңилип, Ажы бий колго түшөт. Антсе да Ирдана согушчул көчмөн кыргыздардын башчысын көпкө туткун-

[1]Сапаралиев Д. Взаимотношения кыргызского народа с русским и соседними народами в XVIII в. – Б., 1995. 103-б.



дай алган эмес. Анткени Бернштамдын маалыматтарында[1] Ажы бий Кытай бийликтеринен жардам сурап, кайрадан Цин мамлекети согуш коркунучун пайда кылышы толук ыктымал эле, деп белгилесе, окумуштуу С. Аттокуров өзүнүн «Кыргыз этнографиясы» аттуу эмгегинде «Кытай-манчжур императорунун дипломатиялык басымы астында кокондуктар басып алган Өзгөндү жана Ошту бошотушкан»[2] деп көрсөтөт. Арийне, толуктар толкуса кубаттуу саясий күчкө айланып кетерин амалкөй Ирдана жакшы билген, ошондуктан «бирде кылыч менен, бирде момпосуй менен» мамиле түзүү анын негизги багыты болсо керек, көп узабай ал Ажы бийди туткундан бошотот жана кайрадан Ош аймагы кыргыздардын карамагына өтөт. Бирок Кокон сыпайларынын күчтүү кысымына кыргыздар туруштук бере алган эмес, 80-жж. карата Кокон хандыгы ферганалык кыргыздардын көпчүлүк бөлүгүн багындырууга үлгүргөн, бирок тоо этектерин мекендеген кыргыз уруулары менен Памир – Алай кыргыздары али өз алдынчалыгын сактап кала беришкен. Аларды кокондуктар XIX к. биринчи жарымында гана түрдүү айла-амал, кээде күч колдонуу аркылуу өз таасирине имере алган.

Окумуштуулар **Т. Н. Өмүрбеков жана Т. К. Чоротегин** «XVIII к. экинчи жарымында кокондуктарга каршы көз каранды эместик үчүн күрөштө эл башында туруп даңкы далайга кеткен кыргыз мыктыларынын бири Ажы бий болгон. Кытайлык географтын (XVIIIк.) жазган маалыматтарына караганда кыргыздардын адыгине уруусунун чыгааны Ажы бийге Бухарадан күн чыгышты көздөй кеңири аймакты жерделен 200 миң кыргыз баш ийчү. Кайсы бир жылы ал эли менен бирге Кытай букаралыгына өтмөк болот. Бирок кийин ал мындай ойдон баш тартып, элин өзү бийлеп турган. Алай жана Ош аймагындагы бардык кыргыз уруулары анын карамагында болгон. Ажы бий коңшу мамлекетке көз каранды эмес эркин элдин улугу катары Цин дөөлөтү менен өз бетинче алака кылган. Ал өзүнүн, атүгүл, кокондук Ирдана бийдин атынан Кытай төрөлөрүнө кат жиберип турган. Эгерде кыргыз мырзаларынын ич ара чатактары болбосо, балким ал кыргыз урууларын саясий жактан бириктирип, бийликти өз

[1]Бернштам. А.Н. Источники по истории киргизов XVIII в. ... 452-б.
[2]Аттокуров С. Кыргыз этнографиясы. – Б., 1997. 44-б.

колуна топтомок. 60-жж. башында Ажы бийдин жетекчилиги астында адыгине, ичкилик, моңолдор уруулары Ирдана бийдин баскынчылык аракеттерине катуу каршылык көрсөтүп турду»[1], – деп тастыкташкан.

Ажы бий жөнүндө андан кийинки маалыматты окумуштуу **С. Аттокуровдун «Кыргыз санжырасы»** деп аталган эмгегинен кезиктирүүгө болот: «Адигинени кыйыр түрдө тарыхый инсан катары кароого болот… Генеалогиялык таблицага, санжырага караганда байыркы кыргыздардын ак сөөк, бийлөөчү бөлүгүнүн тукуму. Анын ата-бабалары кыргыздардын хандары, бийлери болушкан… Адигине уруусунун мыкты өкүлү Ажы бий (баатыр) болгон. Ал XVIII к. экинчи жарымында жашаган. Адегенде Адигине, Муңгуш басыз

Кокон хандыгынын Кыргызстанды басып алуусу. 1819-32 жж




урууларын ынтымакка келтирип, анан Саяк, Сарыбагыш жана Кара Багыш, Кушчу урууларын бириктирүүгө аракет кылган. Кокон хандыгынын агрессивдүү саясатына кыргыздардын Союзун каршы коюуга далалат жасаган. Калмактарды «куугунтукка алуу» шылтоосу менен Орто Азияны басып кирген кытай армиясынын колбашчысы менен байланыш түзүп, Коконго каршы коалиция түзүүгө аракеттенген», – деп

[1] **Өмүрбеков Т. Н., Чоротегин Т. К. Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы. XVII – XX кк. башы. – Б., 1995, 27-б.**



белгилеген. Ажы бийдин өмүр жолун окумуштуу төмөндөгүчө жыйынтыктайт: «Бирок тынчтык узакка созулган эмес, Ажы бий тең эмес согушта катуу жарадар болуп колго түшкөн жана дарга асылган. Кыргыздардын көк асаба туусу Ажы бийдин аза желеги катары жарыяланып, ошондон кийин уруштарда көтөрүлбөй калган. Кокон хандыгы өз ара согуштарын жөнгө салып бүткөндөн кийин кыргыз жерине басып кирген»[1].

Ошентип, хандыктын курамына ферганалык кыргыздар шарттуу түрдө 1762-ж. тартып каратылса, түндүк кыргыздары менен Памир – Алай калкы 1825–1831-жж. баш ийдирилген. Негизинен кокондук башкаруучулар кыргыз төбөлдөрү менен эсептешип иш тутушкан. Анткени кыргыз уруу башчылары өз уруусун каалагандай башкарып, көз каранды эмес бийлик жүргүзүшүп эле тим болушпастан, ошол эле учурда ордону титиретип каалагандай калчап, хандыктын саясий турмушунда маанилүү кызматтарды аркалап келишкен.

Кыргыз уруу башчылары эзелтеден өз уруусун эркин башкарып, көз каранды эмес бийлик жүргүзүшкөнүн «эрксиз саякатчы» Ф. Ефремов мындайча түшүндүргөн, «XVIII к. 70-жж. түштүк кыргыздар Ош менен Кашкардын ортосунда эркин көчүп-конуп жүрүшөт, эч кимге көз каранды эмес, өздөрүнүн «князадары» (бийлери – **Т. Ө.**) бар. Кокон менен натуралай (башма-баш – **Т. Ө.**) соода-сатык кылат»[2].

Кокон башкаруучулары өздөрүнүн кыргыз коңшулары менен эсептешүүгө мажбур болушунун себептери төмөнкү жагдайлар менен шартталат:

Кыргыз конуштары Кытай, Индия, Ооганстан менен байланыштырган соода магистралында жайгашкан эле, Кокондун Чыгыш менен болгон соодасынын абалы кыргыздардын алган багытына жана кыргыз төбөлдөрүнүн лоялдуулугуна байланыштуу болгон.

Кыргыздар албарс мизиндей курч жигиттеринен кол курап, качан болсо да атанып кетүүгө даяр турган атчан жоо-

[1] **Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. –Б., 1995. 66-б., 68 -б.**

[2] **Ефремов Ф. Странствование Ф. Ефремова в Киргизской степи, Бухарии, Хиве, Персии, Тибете и Индии и возвращение его оттуда через Англию в Россию.-Казань, 1811. 73-, 103 б.**

керлери көпчүлүк учурда өз билгенин жасаган жигердүү саясий күчкө ээ болгонун, кыргыз уруу башчылары ордонун саясий турмушунда жогорку кызматтарда болуп келишкенин, ал тургай, кээде хандык так-таажынын тагдырын чечүүгө түздөн-түз таасир тийгизип турушканын, андан ары Ажы бийдин небереси Алымбек датканын жашап өткөн өмүр жолунан жана саясий ишмердигинин мисалынан көрөбүз.

Курманжан датканын саясий ишмердүүлүгү жөнүндө сөз козгоодон мурда алгач Алымбек датканын саясий ишмердүүлүгү жөнүндө айтууга тийишпиз, анткени, б и р и н ч и д е н, аларды ажыратып кароо мүмкүн эмес, себеби алардын турмуштук жана тарыхый тагдыры бирге, ишмердүүлүк аракеттери, коомдогу орду бирин-бири толуктап, тереңдетип турат.

Э к и н ч и д е н, кылымдарды кезген кыргыз тарыхында бүт урууга, жумурай-журтка таасири бар, «эл энеси» атыккан кыргыз аялдары көп эле болгон. А бирок, Курманжан датка алардын арасынан мамлекеттик иштерге аралашып, саясий күрөш жүргүзүп, коңшу мамлекеттердин башчыларынын арасында зор кадыр-баркка ээ болгондугу менен алардан айырмаланып турат. Ал эми анын саясий көз карашынын жетилишинде жана калыптанышында Алымбек датканын таасири жана эмгеги зор.

Белгилүү немис философу Вильгелм Гумболтдун: «Элдин ар-намысы, адеп-ахлагы, руханий маданияты аялга болгон мамилесинен билинет», – деп айткан накыл сөзүнө мүнөздүү нарк-насил Алымбек датканын ички руханий маданиятынын бийиктигин көрсөтүп турат. Эгерде Алымбек датка Курманжанды үй-тиричилигин кармоо түйшүгүн аткарууга милдеттүү аял катары гана карап, көп аялдын бири катары көрүп теңсинбесе, аны үзөңгүлөш кылып Коконго чейин алып барып, коомдук-саясий окуяларга аралаштырып, оомал-төкмөл замандын оош-кыйыш иштери жөнүндө ой бөлүшүп, өзүнүн турмуштук тажрыйбасын үйрөтүп, пикир алмашып, талкуулап аны кеңешчи катары тарбиялабаса, балким, тубаса зирек акылдуу Курманжан катардагы «акылман байбиче, зоболосу зор датканын сүйүктүү зайыбы, балдардын мээримдүү энеси» катары айыл деңгээлинен алыс чыкпай гана өмүрү өтүшү мүмкүн эле. Кыргыз турмушуна терең сиңген «аялдын акылы кыска, чачы узун», «алтын баштуу аялдан бака баштуу эркек артык» деген түшүнүк үстөмдүк кылган доордогу көз



караштан алда канча бийик турган Алымбек Курманжандын айттырбай билген зиректигин, атына камчы салдырбаган тил билгилигин жазбай баамдап, баалай алган.

Демек, Алымбек датка кыргыз кызыкчылыгын кандуу кармаштарда коргогон аскер башчы, көздөгөнүнөн кайра тартпай «караңгыдан жол тапкан» уруу төбөлү гана эмес, акылман, жан-дүйнөсү кенен, ички руханий маданияты бийик, жашоо турмушка обьективдүү баа бере алган, замандын ар кандай үрп-адаттарынан, салт-санааларынан бийик турган, аял затын бийлик даражасына чейин тарбиялап, Курманжандын коомдук-саясий майданга көтөрүлүшүнө жол ачып, эл башкаруу укугун берген, нарк-насили терең, кыраакы инсан.

Биздин бул корутундубуз кандайдыр бир деңгээлде романтикалуу же окуянын артыкчылыгын жогору көтөрүү сыяктуу көрүнгөнү менен, бул кашкайган чындыктан, тарыхый фактыдан алыс кете албайбыз.

Алымбек датка жөнүндөгү аңыз сөздөр эл арасында оozдон оозго айтылып сакталган, советтик доордо Алымбектин инсандыгы жана саясий ишмердүүлүгү негизсиз каралоого, айыптоолорго дуушар болуп, натыйжада ал маалыматтар бир топ эмгектерде[1] өзгөчө субьективдүү көз караш менен чагылдырылган.

XIX к. 30-жж. Кокон ханы Мадалынын Алай – Памир жерлерин кошуп алуу үчүн баскынчылык аракеттери күчөп, салык жыйноого сарбаздарын жөнөткөндө, Асан бийдин балдары хандын жигиттерине катуу каршылык көрсөтүшкөн. Өзгөчө Алымбек Кокон ханынын буйругун кабыл алмак түгүл, ата конушуна бут бастырбай, хандын жигиттерин айдап чыккан деп айтылат жергиликтүү элдин эскерүүлөрүндө.

Жеңишке дайым эле күч колдонуу аркылуу жете бербесине көзү жеткен Мадалы хан жергиликтүү ак сөөктөрдү өз тарабына тартуу үчүн ар түрдүү наамдарды ыйгарып (датка, аталык, миңбашы, пансат ж.б.) кыргыз төбөлдөрүн өз тарабына имерип, бийликке аралаштыра баштаган.

**Алымбектин калайык-калк арасындагы кадырын, арстан айбат чыгаандыгын эске алып, 1831-ж. Мадалы хан ага датка**

[1]Плоских В. М. Киргизы и Кокандское ханство.– Ф., 1977. 165, 167, 172, 201-б.; Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987. 46-58-б.

**наамын берген.** Ушул пикирди академик Б. Жамгырчинов мындайча бекемдейт: «1831-ж. Мадалы хан түндүк кыргыздарды жеңип алуу аракетин жасаганда, Алай кыргыздарынын үстүнөн хан бийлигинин орнотулушуна Алымбек каршылык көрсөткөн. Памир–Алай кыргыздарынын башкаруучусу катары Алымбек кыргыздардын өз алдынчалыгын коргоп калууну көздөп бир нече жолу Кокон хандыгына каршы чыккан»[1].

Ушул жерде белгилеп кетүүчү жагдай, Алымбек датканын Кокон хандыгындагы 30 жылга созулган (1831–1862-жж.) саясий ишмердигине саресеп салсак, анын өзгөчө бир сапаты ар кандай тар жол, тайгак кечүүлөрдө да ал кыргыз элинин тагдырына, кызыкчылыгына кайдыгер карап тура албаган, баарына өзүн жоопкер сезген жана анын келечегине кам көрө билген инсандык сапаттарына күбө болобуз.

Алсак, 1845-ж. алайлык жана ферганалык кыргыздардын хан бийлигине каршы көтөрүлүшүнө жетекчилик кылып, ордонун коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурган. Көтөрүлүштүн себеби хан салыгынын күндөн-күнгө көбөйүшү болгон, ошондой эле элет эли чептердеги кокондук сарбаздарды азык-түлүк, унаа ж.б. каражаттар менен камсыз кылып турууга милдеттендирилген жана чептердеги сарбаздардын зордук-зомбулугу элдин кыжырдануусун чегине жеткирген. Зор аймакты каратып алган Кокон хандыгы жаңы ээликтерде үстөмдүгүн бекемдеп, чек araларды, соода кербендерин коргоо үчүн жана тоо арасындагы кыргыз урууларына көзөмөл кылуу максатында Кыргызстандын жерине бир катар чеп-коргондорду курган. Мисалы, **Алайда** – Кызыл-Коргон, Сопу-Коргон, Дароот-Коргон; **Чүйдө** – Пишпек, Токмок, Кара-Балта, Ак-Суу; **Теңир-Тоодо** – Ат-Башы, Куртка, Жумгал, Кочкор; ал эми **Көл боюнда** – Тоң, Тамга, Барскоон, Каракол чептери болуп саналат. Айтымда ар бир чепте сарбаздардан тышкары көптөгөн кокондук соодагерлер жашаган.

Алымбек датканын таасири 1842-ж. баштап ордодогу хандарды тактынан түшүрүп жана таккa коюп, хан көтөргөнгө түздөн-түз катышкан саясий окуялардан көрүнүп турат. Ал

[1]Джамгерчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX века (первая пол.). – Ф., 1966, 395-б.



хандыктын оош-кыйыштуу турмушуна өктөм аралашып, көптөгөн катаал окуялардын күбөсү гана болбостон түздөн-түз катышуучусу да болуп, ордонун кооптуу иштерин, саясий сырларын, түпкү максатын терең түшүнгөн.

Бул пикирди академик Б. Жамгырчинов: «Кыргыз бийлери менен манаптары Кокон хандары менен эриш-аркак болуп иш тутушкан. Алар жергиликтүү башкарууга гана катышпастан, ошондой эле өзбектер менен бир катарда Кокон хандыгынын жогорку саясий жана аскер башчылыгынын кызматтарына дайындалышкан. Кыргыздын илгерки ата-бабалардан бери келаткан уруу башчыларынын ак сөөктөрү хандыктын саясий турмушунда орчундуу, ал тургай, кээде чечүүчү роль ойношкон»[1], – деп баса көрсөткөн.

Чынында эле, Кокон хандыгын жана анын калкын кыргыздарсыз элестетүү кыйын, анткени кыргыздар алыскы тоолордун бетегеси көйкөлгөн жайлоолорунда дайыма көчүп-конуп жашаганы менен, Анжиян, Маргалаң, Кожент, Наманганда мечиттери, имараттары, шаар айланасында илгертен кыштоо жерлери болгон. Эгерде зарылдык пайда болсо, жылдын каалаган мезгилинде куралдуу жоокерлерин чогултуп, «кыл куйрук чакырып», жортуул уюштуруп турушкан. Алар мамлекеттин орчундуу кызматтарына өз адамдарын коюуга жетишишкен. Кокон башкаруучулары алардын ордого койгон талаптары менен эсептешпей кое алышкан эмес. Бул көрүнүш айрыкча Мухаммед Али ханды (Мадалы ханды) тактан алган 1842-ж. кийинки окуялардан улам айрыкча таасын көрүнөт.

Мадалы хан башкарган жылдары (1822 –1842-жж.) Түндүк Кыргызстан менен Памир-Алай (1825–1831-жж.) хандыкка караган. Мадалы хан өмүрүнүн акыркы жылдарында коңшулары менен баш-аягы жок бүлүндүргүч согуштарды жүргүзүп келген. Орто жолдо карапайым калк чектен ашкан анын оор салыктарынан аябай алсыраган, анын бийлигине болгон нааразылык кескин күчөй берген, натыйжада жогорку чөйрөдөгү ага жакын жан-жөкөрлөрүнүн арасында да ага каршы козголоң даярдала баштаган. Кыргыз жана кыпчак төбөлдөрү да хан тактына өздөрүнүн адамын олтургузууга ынтызар болушкан.

[1]Джамгерчинов Б. Очерки политической истории.., 66-б.

Бухара эмири менен болгон согушта жеңилип калгандыктан, Мадалы хан өзүн эмирдин вассалымын деп жарыялап, ага Кожент шаарын өткөрүп берүүгө аргасыз болот. Ушундан кийин кокондуктардын нааразылыгы биротоло күчөп, 1842-ж. хан ордосунда көтөрүлүш чыгат. Бул тууралуу кабар Бухара эмири Насруллага жеткенде, ал өзүнүн жоокерлери менен Кокон хандыгына каршы согуш баштайт да, Кокон шаарын басып алат[1]. Натыйжада Кокон хандыгы Бухара эмирлигинин карамагына өтөт. Эмир Мадалы ханды, анын бир туугансы Султан Махмудду жана хандын жакын туугандарын, алардын ичинде анын энесин, белгилүү акын **Надира бегим** менен кошо көптөгөн аскер башчыларын өлтүртөт да, Кокондун башчылыгына бухаралык маңгыттар династиясынан чыккан Ибрагим Хаялды дайындайт. Ал бийликке отурары менен калкка жаңы салыктарды салат, бухаралык аскерлер ээн баштык кылышып, шаардын калкын талап-тоной башташат. Мына ушунун баары эл арасында жаңы нааразылыктарды жана толкундоолорду пайда кылган.

Мадалы хан каза тапкандан кийин, кыргыз-кыпчак феодалдары биздин тилибизден чыкпаган хан болот деген үмүттө, Таласта эч нерседен бейкапар, кадимки карапайым көчмөн турмушту башынан кечирип өмүр сүрүп жүргөн, хандык династиянын тукумдарынан болгон Шералыны элүүдөн ашкан курагында хан көтөрүүнү чечишет. Таласка Наманган вилаетинин өкүлү кыргыз Нүзүп бий келип, манап Сейдалыбек таластык кыргыздардан аскер жыйнайт. Аларга ар кайсы жактан колуна курал алып көтөрүлгөн кыргыздар менен кыпчактардын топтору келип кошулат. Ферғананын түштүк-чыгышындагы Сафид-Булан мазарында илгертен келаткан салт боюнча, Шералыны ак кийизге олтургузуп хан көтөрүп[2], чар тарапка жар салышат.

Кокон хандыгынын тарыхында дагы бир белгилеп кетүүчү жагдай, ханайымдар жана хандыкты мурас кылып алышкан хандардын энелери кыргыз кыздары болушкан фактылар кездешет. Ага 1842–1844-жж. бийлик кылган Шералы хан менен анын мураскорлорунун тарыхын мисалга алсак болот.

[1]Бабабеков Х.Н. Народные движения в Кокандском ханстве и их оциально-экономические и политические предпосылки (XVIII–XIX вв.) –Т.,1990, 58-б.
[2] Наливкин В. П. Краткая история Кокандского ханства.-Казань, 1886.146-б.



Айтымда, Шералынын апасы саруу уруусунан чыккан кыргыз кызы болгон. Анын аялдары да кыргыз кыздары эле.

Ошентип, 1842-ж. жайында көп сандаган колу менен Шералы Ибрагим Хаялга каршы аттанат, Кокондун калкынын арасында жүрүп жаткан наарызылыктар анын бухаралыктар менен болгон согушунда ийгиликти камсыз кылган. Ошол окуялар жөнүндө В. П. Наливкин мына буларды жазган:

«Кокондогу эл Шералынын жакын келип калганын, ал эми Ибрагим Хаялдын качып кеткенин билээри менен дээрлик бардыгы колдоруна курал алып, кечээ күнкү жеңишке ээ болушкандарды сабап киришкен. Бул кабар Ферганага да жеткен жана бардык жерде бухаралыктарды уруп-сабоо башталган»[1].

Көптөгөн вилайеттерде жаңы хандык административдик бийлик күч алат. Жаш кезинде кыргыздарга барып баш калкалап, алардын арасында өскөн Шералы хан кыргыздардын жардамы менен хан бийлигине жеткенде, аларга ар тараптан колдоо көрсөтүп турган жана алардын ак сөөктөрүн өз тегерегине көбүрөөк топтогон. Кыргыздар хандыкта көп маселени чече турган болушкан[2].

Алымбек датка хан тактына болгон атаандашууда Шералыны колдогон, ал хан ордосуна жубайы Курманжан менен келген. Тарыхый маалыматтар боюнча, Шералынын зайыптары Жаркынайым, Сонайым менен Курманжан терең достук байланышта болушканын, кыргыз айымдары журт башы болгон кыргыз саясатчыларынын башын бириктирүү үчүн далай аракеттерди жасашканын окумуштуу К. Молдокасымов тастыктайт[3].

Хан ордосундагы кыргыз төбөлдөрүнүн күчү менен таасири Таластан, Алайдан келишкен кыргыз аскерлеринин топтору хан ордодон кеткенден кийин төмөндөйт. Нүзүп миңбашыга айып коюлат жана өзбек оппозициясы аны кызматынан сүрүп, Маргаланды башкарууга жөнөтүшөт. Анын ордуна ферганалык тажик Шадыны миңбашы көтөрүшөт, бирок анын бийлиги да көпкө созулган жок. Кезектеги ич ара

[1]Наливкин В. П. Краткая история.., 147-б.
[2]Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. – М., 1952, 105-б.
[3]Молдокасымов К. Кыргыз аялдары Кокон хандыгын башкарганбы? Кыргыз маданияты. – 1991. 23-май, № 21.

кармашуулар кыпчактардын башчысы Мусулманкулду бийликке алып келди.

Саясий бийликтен жана ордонун арамза «оюндарынан» четте өскөн Шералы такта олтурганы менен, иш жүзүндө Мусулманкулдун гана эркин аткарган кол жоолукка (марионеткага) айланат. Кыргыз төбөлдөрү, анын ичинде Алымбек датка да, бийликтен четтетилишет. Мусулманкулдун башкаруусундагы зордук-зомбулук жылдан-жылга чектен ашып, элдин кыжырын кайнатат, алар отурукташкан элдердин үйлөрүн жана жер үлүштөрүн тартып алышкан, бак-дарактарын кыйратышкан, дарга асуу кадыресе күнүмдүк ишке айланган. Ошондон улам Мусулманкулга каршы кезектеги козголоң даярдала баштайт. Кырдаалды жакшы түшүнгөн Жаркынайым кыргыз төбөлдөрүнүн жардамы менен күйөөсү Шералы хандын бийлигин калыбына келтирүү жана сактап калуу үчүн жардам сурап, Алымбек даткага атайын чабарман жиберет. Мусулманкулдун бийликти колуна алып алганын, ордодогу баш-аламандыктарга, зордук-зомбулуктарга ошол гана күнөөлүү экендигин, кандай гана болбосун кол курап келип анын зордугунан куткаруусун өтүнгөн[1].

Бул кабарды алгандан кийин Алымбек датка Мады айылында Алай билермандарынын курултайын чакыртат. Ошондогу окуяны Р. Набиев мындайча баяндайт: «Мусулманкулдун зомбулугуна каршы наразы болгон Кокон хандыгынын чыгыш жагындагы Ош жана Алай тоолорундагы кыргыздар көтөрүлүшкө чыгышты. Алар ого эле көп санда Мады чебинин жанына чогулушту жана Ошко жана анын айланасына кол салышты. Бул кыймылга баргы уруусунан чыккан Алымбек датка жетекчилик кылды»[2].

Шаардын калкы да көтөрүлүшчүлөрдү колдоп, аларга кошулат. Бул окуя **1845-ж.** болгон. Ошентип, Алымбек датка ордодогу хан бийлигинин баш-аламандыктарына каршы күрөштүн уюштуруучусу жана жетекчиси болгон. Бул окуяны хандын панегирик сарай тарыхчысы Мулла Нияз Мухаммед Хоканди төмөндөгүчө сүрөттөп жазган: «Үч-Коргондон тартып Алайдын чек араларына чейин кучагына алган көтөрүлүш жөнүндөгү кабар кыпчактардын арасында дүрбөлөң

[1]Молдокасымов К. Кыргыз аялдары... №21.
[2]Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. – Т. 1975. 37-б.



түшүү жана тынчсызданууну пайда кылды. Оштун чет-жакаларындагы кыргыздардын көтөрүлүшү жана алардын Ошту курчоого алгандыгы жөнүндөгү кабар Шахрихандын кыпчактарына чейин жеткен жана бул тууралуу Мусулманкулга билдиришкен»[1].

Алай менен Үч-Коргон кыргыздарынын куралдуу көтөрүлүшү жана алардын Ошту басып алгандыгы жөнүндөгү кабар Мусулманкулга жетери менен, ал ошол замат Алымбек башчылык кылган көтөрүлүшчүлөргө каршы аракеттерин күчөтө баштаган. Бул көтөрүлүш саясий атаандашы Алымбектин көзүн тазалоо үчүн Мусулманкулга өтө керек эле. Ал шашылыш түрдө Ошко аттанган.

Ошондогу тарыхый окуялар жөнүндө эл эсинде бир топ эскерүүлөр (фольклордук материалдар)[2] сакталып калган. Мусулманкулга Оштогу көтөрүлүш жөнүндө кабар жеткенден кийин, катчысын чакырып төмөнкү мазмундагы катты жаздырат.

Оштогу тыңчыларына: «Душманды (Алымбекти – **Т. Ө.**) өлтүргүлө, эгерде аны жок кылуу колуңардан келбесе, алайлык арстанды шаарда кармап турууга болгон күчүңөрдү жумшагыла. Менин шамшарым анын буржуйган мойнун кыя чаппайынча шекшиндирбей алаксытып тургула», – деген мазмундагы кат жиберет.

Экинчи кат, Алымбектин пикирлештери дөөлөс менен кесек урууларынын даткалары Сейитбек менен Полот даткага жөнөтүлөт. Анда: «Алымбек бардык бийликти колуна топтогусу келет, эгерде бийликти алса, силердин да төбөңөргө чыгат. Ойлонуп, таразалап көргүлө», – деп жазылган эле.

Үчүнчү катты Алымбектин өзүнө багыттайт. Анда: «Бир боорум! Бир колу жок жигит баатыр эмес, бир канаты жок бүркүт шумкар эмес. Биз экөөбүз бир мамлекеттин эки колу, эки канатыбыз!. Бирибиз жок, ал майып! Мени күт!» – деген бийик пафостогу катын жөнөтөт да, өзү көтөрүлүшчүлөрдүн сазайын берүү үчүн жолго аттанат.

[1]Перевод извлечений из Тарих-и Шахрухи муллы Нияз-Мухаммада Хоканди. МИКК. – М., 1973, 233-б.
[2]Курманжандын чебереси, 1915-ж. Алайда туулган И. Кадырбековдон жазылып алынган. Автордун өздүк архиви.

Кыргыздар душмандын жолун тороп катуу каршылык көрсөтүшкөн, бирок курал-жарак жагынан кыйла артыкчылык кылган, баскынчылык жортуулдарда такшалган кокондук сыпайлардын чабуулунун мизин кайтарып, жан аябаган кармаштан кийин чегинүүгө туура келген. Мусулманкул көтөрүлүштү чоң күч менен басып, көтөрүлүшчүлөрдү аеосуз жазалайт. Кокондук миңбашы Мусулманкулдун жасай турган «кызыл кыргын, кара сүргүнү» жөнүндө алдын-ала кабардар болуп, күйөөсүн бейажал өлүмдөн алып калган «зирек жубайы» Курманжан болгон.

Ал эми Мусулманкулдун кара оюн, арам максатын Курманжанга кабарлаган Жаркынайым эле. Мусулманкулдун жан-жөкөрлөрүнүн арасында Жаркынайымдын ишенимдүү адамы дайыма акыркы маалыматтарды кабарлап, уккан-билгендерин билдирип турчу. Бул жолу да Жаркынайым чабарманын чаптырып, Алымбекке каршы даярдалып жаткан төңкөрүш жөнүндөгү кабарды жеткирип, ошол эле учурда кандай болбосун Алымбек датканы куткаруу үчүн бардык аракетти жумшоо керектигин эскерткен.

Курманжан Алымбекке «өзгөчө кырдаалда» гана жөнөтүүгө тийиш болгон күмүш саптуу камчысын[1] камчысы чабарманы аркылуу берип жиберген жана Гүлчөгө тез келүү керектигин эскерткен. Антпесе ошол учур Алымбектин тагдырынын арты өлүм менен бүтүүчү коркунучтуу кырдаал эле. Ошентип көтөрүлүштүн чордонунда болгон Алымбектин Мусулманкул менен чечүүчү «беттешүүсү» соңуна чыккан жок. Балким, тарыхый кырдаал ошону талап кылгандыр, анткени «күчүң болсо, акылдын кереги жок» деген эрдемсинүү ал учурда өзүн актамак эмес.

Арийне, кыргыздын эки акылман айымы эр азаматты бөөдө өлүмдөн сактап калышкан жана алдын ала берилген кабары үчүн Жаркынайымга Курманжан өзүнүн жашыруун чабарманы аркылуу ыраазылыгын билдирген[2].

[1]Урпагы И. Кадырбековдун айтымында, күмүш саптуу камчы Алымбектин чоң атасы Ажы бийден калган, аны Курманжанга Алымбек өзү ишенип калтырып, «элдин башына алаамат коркунучу туулган кырдаалда гана камчыны жөнөтүү» жөнүндө тымызын макулдашуу бар эле, ошондуктан Алымбек камчыны алаары менен токтоосуз жүрүп кеткен.

[2]Молдокасымов К. Кокон хандыгы: кыргыз аялдары башкарганбы? Кыргыз маданияты. – 1991, 23-май.



Мати карыянын айтуусунда, Курманжан Алымбектин «чалгындоочу уюмун» жетектеген, анын тыңчылары жеке эле Кокондо эмес, Кашкарда, Анжиянда, Бухарада болуп акыркы жаңылыктар менен Курманжанга маалымат берип турушкан. Курманжан хандардын аялдары же энелери болушкан кыргыз айымдарын да кызматташууга чакырып, алардын ишенимине жетишип, алар аркылуу ордодогу эң акыркы кабарларды алып турган. Ал эми Алымбек өз учурунда ар кандай жашыруун маалыматты Курманжан аркылуу билип, керектүү жаңылыктан кабардар болуп турган[1].

Ошентип башкы атаандашы колго тийбей, өкүттө калган Мусулманкул миңбашы 1845-ж. Ош көтөрүлүшүнүн катышуучуларын аеосуз жазалаган. Бул көтөрүлүш Фергана өрөөнүнүн аймагын кучагына алган чоң масштабдагы көтөрүлүш болгон.

Мухаммад Умар Маргинани «Бадавлет наме» деген кол жазмасында Оштогу көтөрүлүштүн жүрүшүн мындайча сүрөттөп: «Канга боелгон көтөрүлүш ырайымсыздык менен басылды, 9–10 миң адам туткунга алынды, алардын арасында кыздар, келиндер жана аялдар да бар эле, көтөрүлүштү басуу үчүн 20 миң аскер жөнөтүлгөн. Көтөрүлүштүн себеби, Шералы ханды тактан алуу үчүн болсо керек»[2], – деген пикирди айткан.

Албетте, бийлик төбөлдөрү үчүн ханды алмаштыруу негизги максат болгондугу талашсыз. Бирок карапайым калк үчүн көтөрүлүштүн башкы себеби жогоруда көрсөткөндөй, элдин турмуш-абалынын оордоп жана зордук-зомбулуктун күч алуусу болгон. Кокондук тарыхчылар жана башка тарыхый булактар, көтөрүлүштүн демилгечилери алайлык кыргыздар, ал эми көтөрүлүштүн жетекчиси Алымбек датка болгон деп далилдешкен.

Ош көтөрүлүшү **Мирзо Алим Ташкандинин «Ансаб ас-салатин ва таварихи ал-хавакин»** аттуу кол жазмасында да кеңири чагылдырылган. «Мусулманкул миңбашыга Оштогу көтөрүлүштүн башталышы тууралуу кабарды угузушканда, ал шашылыш түрдө кеңеш чакырды жана Ошто, Өзгөн менен Үч-Коргондо болуп жаткан баш-аламандыктар туу-

[1]Автордун өздүк архиви.

[2]Институт Востоковедения. АН Узбекистана. Рукопись. Инв. № 3753. 66-б.

ралуу кыскача айтып берди. Анан аларга жаңы ханды тандоону сунуш кылды, анткени Шералы хандын иштери жүрбөй калган эле. Андан кийин ал такка Алимхандын баласы Мурадды чакырууну, ага Исфаранын башкаруучусу Сатыбалдыбек датка аркылуу кат жиберүүнү сунуш кылды, акырында Мусулманкул бул жердеги болгон сөз тууралуу калктын билбешин талап кылды. Баары аны бир добуштан колдошту»[1].

Х. Н. Бабабеков бул айтылгандар анык деп эсептейт, анткени Мусулманкул төңкөрүштөн пайдаланып, өзүнүн саясий атаандаштарынан кутулуунун айласын көздөгөн. Бул ишти жашыруун бүтүрүү жөнүндөгү анын сунушунда толуп жаткан айлакерлик бар эле. Эгерде Мусулманкулдун жашыруун оюн эл билип калса, анда ал Мурад ханды өлтүрө алмак эмес, Мусулманкулдун душмандары чоң кызматтарды алуу үчүн жаңы ханды ачык куттуктап жана ага таазим кылып келүүгө тийиш деген, ошондо Мусулманкул Коконго куткаруучу катары кирип, «мыйзамдуу» негизде «чыккынчыларды» жазалап жана Мурад ханды өлтүрмөк. Иш жүзүндө дал ушундай болгон[2].

Чынында да бийликтен четтетилип калган кыргыз төбөлдөрүнүн өкүлдөрү Рахматулла датка менен Исфаранын акими Сатыбалды датка өз ара акылдашып, Алай кыргыздары жана Алымбек датка менен байланыш түзүп, Алим хандын баласы Мурадбекти Коконго чакырышат да, «ал эми жоош Шералы ханды кыйноонун суусун ичүүгө аргасыз кылышкан»[3].

Мурад хан менен кошо Коконго ханды кайтарып жүрө турган 200 адамдан турган кыргыздардын тобу келген. Бирок Мурад хан бийликти көпкө кармай албады. Белгилүү болгон тарыхый маалыматтарга караганда, анын тилеги «эки күн болсо да хан тагына олтуруу болгон», ал бар болгону 11 күн хан тактысын ээлеп турган. Мурад хандын такка олтургандыгы жөнүндөгү кабарды угары менен Мусулманкул өзүнүн ишенимдүү адамдарын топтоп, шашылыш түрдө Коконго кайтып келет. Ал Сатыбалды, Алымбек, Рахматулла даткаларга берилген негизинен кыргыздардан турган Мурад хан-

[1]Институт Востоковедения. АН Узбекистана. Рукопись. Инв. № 3753. 67-б.

[2]Бабабеков Х. Н. Народные движения в Кокандском ханстве и их социально-экономические и политические препосылки (XVIII – XIX вв.) – Т., 1990, 64-б.

[3]Перевод извлечений из Тарих-и Шахрухи муллы Нияз-Мухаммада Хоканди. (Об Ошском восстании киргизов в 1845 г.). МИКК. - М.,1973.234-б.



дын тобун талкалап, Шералынын баласы 13 жашар Кудаярды байыртадан келе жаткан салт боюнча ак кийизге олтургузуп «Хан» жарыялайт. Мурадды бийлик талашпасын деп айыптап өлтүрткөн.

Ошентип, Мусулманкул жаш хандын регент кеңешчиси катары өзүн **аталык** атап, хандыкты жеке өзү башкара баштаган. Ал гана эмес Кудаярды биротоло өз таасиринде кармап туруу максатында өз кызына үйлөндүрүп, күйөө бала кылып алат. Бийлик бардык жерде ордодо да, чет-жакаларда да кыпчак төбөлдөрүнүн колуна өтөт. Мусулманкул бийликти басып алган соң, кыргыз, өзбек ак сөөктөрүн хан сарайынан ачык эле куугунтуктай баштаган.

Натыйжада, жакында эле Ошту канга боеп келген Мусулманкул эми хандын жакын санаалаштарына да «тымызын согуш жарыялады». Алымбектин пикирлештери да набыт болушту, бул тууралуу Мирзо Алим жазгандай, Кокондо «акыр заман болгондой эле болду, аянттын баары, ордонун ичи да, анын тегереги да өлгөн адамдарга толуп чыкты, кан суудай акты жана жердин бети кызыл гүлдөй канга боелуп кызарып калды»[1]. Ал тургай Кокон хандыгынын эң чоң диний улугу – шейх-уль-исламдын баласы – Сулайман кожо да өлтүрүлдү[2].

Кудаяр хандын такка отурушу жана Мусулманкулдун бийликти басып алышы менен кайрадан кандуу күрөштөр улана берди. Кантсе да Талас кыргыздарынын арасында тарбияланган Кудаяр хандын кыргыз төбөлдөрүнүн арасында өзүнүн жакын адамдары болгондугу айдан-ачык эле[3]. Анын энеси Жаркынайым менен Курманжан пикирлеш жана жакын санаалаш болушуп, өмүрлөрүнүн акыркы күндөрүнө чейин байланышын үзбөгөн. Алардын жолугушуулары жеке эле Кокондо эмес, Алайдын кенен жайлоолорунда болгондугуна М. Алибековдун эмгегинде жазылган фактылар мисал боло алат. «Кудаяр хан ар кандай жан-жаныбарларга аңчылыкка чыкканды жактырчу, анын жүрүшү Оштун чыгыш жагынан Алайдын тоо этектерине чейин барып, бир нече ай-

[1]Бабабеков Х. Н. Народные движения..., 64-б.

[2]Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. – Т., 1973. 38-б.

[3]Молдокасымов К. Кокон хандыгы: кыргыз аялдар башкарганбы? Кыргыз маданияты. – 1991, 23-май.

лар бою көңүл ачар эле. Бул «мергенчилик сапарга» аялдар, жүктүү арабалары, атчандар менен кошулуп, хан жөөкөрлөрүнүн көңүл ачуусу кээде 90 күнгө чейин созулчу»[1].

Мусулманкул башында турган кыпчактар кандуу кагылыштарды уюштурган жылдары Алымбек датка Кокондогу саясий оюндардан четтейт. Ал хан сарайындагы өтүп жаткан саясий ыйкы-тыйкыларга аралашпай, өзүн ордонун турмушунан оолак кармайт. Бирок тынч албаган Алымбек эми Чыгыш Түркстандагы Цин эзүүсүнө каршы чыккан кожолордун көтөрүлүшүн колдоо үчүн Кашкарга аттанат[2].

Кокондогу бийликти кыргыздарсыз элестетүү мүмкүн болбогондой эле, Кашкардагы бийлик саясатында да «кыргыздардын кийлигишүүсү» бир далай роль ойноп келгендиги тарыхый маалыматтардан, эл айтымдарынан бизге белгилүү. Анткени Кашкарга Алайдын географиялык жактан жакындыгы, алайлыктардын соода-сатык иштерин көбүнесе Кашкар аркылуу жүргүзүп, малын Анжиян менен Коконго караганда Кашкарга айдап барып соода кылуусу аралыктын жакындыгынын ыңгайлуу болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Тарыхый булактарда дүйнөлүк соодагерлерди өзүнө тарткан **Улуу Жибек жолунун** пайда болуу тарыхын биз жашап турган өрөөндүн байыркы тарыхы, тагыраак айтканда, Фергана өрөөнүндөгү Даван мамлекетинин тарыхы менен байланыштырышат. Тарыхый маалыматтарга караганда, кытайлыктар тарабынан «батыш өрөөндү ачуу» б. з. ч. 128-ж.[3] башталган. Кытай цивилизациясынын батыш элдери менен байланышына жана мамилесине Азиядан Тянь-Шань, Куньлунь, Каракорум жана Гиндукуш тоо кыркалары тосколдук кылган.

Кытай императору өзүнүн элчиси Чжан Цзянды батышка көчүп кеткен көчмөн урууларды артынан жөнөткөн. Бордук Азиянын берекелүү оазиси, цивилизациясы өнүккөн өлкөнүн өкүлдөрү болгон кытайларды айран-таң калтырган. Чжан Цзянь Фергана өрөөнүнөн гана 70тен ашуун чоң жана кичине шаарларды эсептеген жана калкынын саны 60 миң

[1]Алибеков М. Домашняя жизнь последнего Кокандского хана Худояр хана. Ежегодник Ферганской обл. – Т. 2. 1903, 79-б.
[2]Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987. 51-б.
[3]Бартольд В. В. История культурной жизни Туркестана. – М., 1963. т. II, ч. 1. 177-б.



түтүн, т. а. 300 миң адам деген маалыматты жеткирген[1]. Байыркы дүйнө үчүн Чжан Цзяндын Даван мамлекетин көрүп кетүүсү Колумб тарабынан «Американы ачкан» окуяга барабар болгон он жыл жер кезип келген элчи императорго батыш элдеринин аргымак аттары жөнүндө маалымдаган. Көчмөн элдердин тынымсыз кол салуусуна дуушар болуп турган Кытай императору күлүк аттар көчмөндөргө каршы согушта артыкчылыктарга ээ болуу үчүн керек деп эсептеп, аргымак аттарды сураг кайрадан элчилерди жөнөткөн. Дал ошол учурда элчилер өздөрү менен кошо белек катары эң алгачкы жолу жибек кездемелерин алып келишкен. Ошентип, Жибек жолунун жаралышы да мекенибиздин байыркы тарыхы менен байланышкан, бул жол акырындык менен Улуу жибек жолунун бир бутагына айланып, **Ош – Алай – Кашкар жолу** аталган. Ал тургай, көптөгөн археологиялык табылгалар байыркы фергананын калкы Египет, Рим, Индия, Чыгыш Түркстан өлкөлөрү менен соода байланышы тыгыз болгондугун ырастайт.

Ошентип, Кашкар жолу б.з.ч. III к. баштап б. з. XVI к. чейин соода магистралы катары дүйнөлүк цивилизациянын тарыхында маанилүү орунду ээлеп, Батыш менен Чыгыштын ортосунда соода байланышынын гана эмес, маданий байланыштын каражаты катары да милдет аткарган, Европадан Азияга, Жер Ортолук деңизинен Кытайга чейин кайчылашкан кербен жолу **Улуу Жибек жолу** деп аталып калган.

«Биздин Алымбек менен жакындашуубуз Кашкарга барчу кербендерибиздин сапарынын шыдыр болушуна ыңгайлуу шарттарды түзөт»[2], – деп Батыш Сибирь генерал-губернатору Дюгамелдин согуш министри Милютинге жиберген кабары алгач Алымбек, ал каза болгондон кийин Курманжан жана алардын балдары Жибек жолунун бир бутагы болгон Ош – Кашкар багытын толук көзөмөлгө алып тургандыгын жана кербен жолу алардын колунда болуп, Ош шаары эң ири кооруштуруу чөлкөмдөрүнүн бири болгондугун далилдейт.

Натыйжада, кыргыздар Чыгыш Түркстандын саясий гана эмес, социалдык-экономикалык турмушунда да чечүүчү роль

[1]Бартольд В. В. Кыргыз жана кыргызстандын тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Фергана. – Б., 1997. 437-б.
[2] Өзб.БМА. Ф. 715, оп.1, 25 иш папка. 339-б.

ойноп келишкендигин Ч. Валиханов: «Кашкардагы соода байыркы мезгилден эле гүлдөп келген, ал аркылуу Борбордук жана Түштүк Азия өздөрүнүн товарларын Тибет, Кытай, Жуңгарияга сатышкан. Кашкарда бир күндө 40 миңге чейинки малды алып-сатуу жүрөт, соода көпчүлүк учурда анжияндыктар менен жүргүзүлөт[1]», – деп белгилеген. Ошентип, тогуз жолдун тоомунда жайгашкан Алай менен Кашкардын аралыгы бир нече чакырым болуп, базарга малы арыктабай жеткендиктен, алайлыктар соода-сатык алакасын негизинен Кашкар менен жүргүзүшкөн.

XVIII к. 50-жж. Цин баскынчылары Жуңгар хандыгын талкалаган соң, Чыгыш Түркстанды каратып алууга киришкен. Ал кезде Чыгыш Түркстанда уйгурлардан тышкары кыргыздар, казактар, өзбектер жашачу. Кыргыздын чоң багыш, кыпчак, жаман тейит, черик ж.б. уруулары Кашкар аймагынын түндүк-батыш чет-жакаларын ээлеп турушкан. Ал эми Чыгыш Түркстанга жанаша жаткан Алайкуу, Ак-Талаа, Ат-Башы, Нарын өрөөндөрүн тейит, саяк, черик, адыгине, моңолдор сыяктуу уруулар мекендеген. Теги бир уруулар бирибири менен үзбөй катташып, чарбалык, саясий жана маданий алака кылып турушкан.

Жергиликтүү калктардын социалдык-экономикалык, саясий абалынын өтө оорлошу, эзүүнүн күч алышы Цин-манчжур баскынчыларына жалпы Чыгыш Түркстан элдерин тынымсыз боштондук күрөшкө түрткөн. Аларга көпчүлүк учурда ала-тоолук кыргыздар жардамга келишчү. Алсак, 1826-ж. жазында Түштүк Түркстанда жашаган мусулмандардан түзүлгөн топ Кашкарга чабуул жасап, бийликти колуна алышкан. Ошол учурда адыгине уруусунун баргы уругунан тараган тооке, бакал, савай, мөнөк сыяктуу уруулардын мыкты чыккан бийлери Кашкарды бийлөөдө башкы иш орундарын талашышкан.

Ошол эле жылдын күз айларында Кытай бийлиги Кашкардагы бийлик таасирин өз колуна алуу үчүн 70 миң аскерден турган армиясы менен чабуул баштайт. Аларга Цин төрөсү Джунь Тан башчылык кылган. Кара таандай каптаган кытай аскерлеринин чабуулуна каршы Алайдын жергиликтүү калкы да кол курап катуу каршылык көрсөтүшкөн. Алайда азыр да

[1]Валиханов Ч. Ч. Полн. собр. соч., т. 3, 352-б.



«Кытай Дөбө, Кытай Коргон» деген аталыштар ошол каардуу күндөрдөн кабар берип тургансыйт. Кытай чабуулуна туруштук бере албай, Алайга чегинип, көтөрүлүштүн жетекчиси Жахангир төрө чыккынчылардын «камкордугу» менен колго түшөт. **1830-ж. Юсуф кожонун** көтөрүлүшүн саяк **Атантай, Тайлак** баатырлар, басыз, кыпчак, чоң багыш уруулары колдоп чыгып, Кашкарды камалоого алышкан.

1847-ж. Кашкардын баштагы саясий бийлигин башкарып турган дин кызматчыларынын өкүлү жана мураскору Катта Төрө эл массасынын Синьцзяндагы Кытай бийлигине каршы наразылыгын колдоп, кыргыз, өзбек жана уйгурлардын көтөрүлүшүнө жетекчилик кылууну чечет жана Алымбекке кабар берип, күрөшкө бирге чыгууга үндөйт.

Чыгыш Түркстандагы боордошторунун абалына чек ара тараптардагы Алай жана Ат-Башыдагы кыргыздар эч качан кайдигер карабагандыгы тууралуу жогоруда белгилегенбиз. Алымбек эми манчжур төбөлдөрүнүн эзүүсүнө каршы күрөшкө аттанат. Бул жүрүш Кудаяр хандын эркинен сырткары жана анын тышкы саясий кызыкчылыктарына каршы келсе да, Алымбек баштаган алайлык кыргыздар көтөрүлүшчүлөрдү колдошкон.

Дагы бир белгилеп кетүүчү жагдай, Алымбек датканын ар кандай чечимдеринде жана иш-аракеттеринде Кокон бийлигине көз карандысыз саясат жүргүзгөндүгү. Эгерде В. Галицкий жана В. Плоскихтер жазып жүрүшкөндөй Алымбекке ордонун бийлик иерархиясынан кызмат гана керек болсо жана «катаал деспот өзүнүн жеке кызыкчылыгы үчүн өз букараларын да аябаган»[1] канкор болсо, ал эч качан хандыктын эркине каршы чыкмак эмес, тескерисинче, жасакерленип турмак. Бирок тарыхый фактылар, нарративдик булактар, архивдик материалдар Алымбектин бир эмес бир нече жолу өз элинин кызыкчылыгы үчүн Кокон хандыгына жана анын саясий кызыкчылыгына каршы чечкиндүү иш-аракеттерди жүргүзүп, көтөрүлүштөргө жетекчилик кылып, өз алдынча саясат жүргүзгөндүгүн көрсөтөт.

Адегенде көтөрүлүшчүлөр катуу чабуулга өтүшүп, Кашкарды ээлеп алышат, бирок жергиликтүү Цин бийликтери кошумча аскердик жардам алгандан кийин, кескин аракет-

[1]Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987, 50-б.

тенишкен. Курал-жарак, ок-дары менен жакшы жабдылбаган, аскердик даярдыгы начар карапайым калк душманга турушттук бере алган эмес. Натыйжада көтөрүлүшчүлөр чегинүүгө жана Алымбек менен бирге Катта Төрө жетектеген көтөрүлүшкө катышкан кыргыздар, уйгурлар да, кыргыз жергесине баш калкалоого аргасыз болгон.

Кашкарда кайрадан Цин империясынын бийлиги орнойт. Ошого карабастан Синьцзянда көз карандысыздык үчүн көтөрүлүшкө чыгуу аракети кийин да токтогон эмес. Ал эми алайлык жана ат-башылык кыргыздар Чыгыш Түркстандагы Циндердин согуштук колониялык тартибине наразы болгон эл массасынын бардык аракеттерин колдоп келишкен. Кытайлардан жеңилип калган көтөрүлүшчүлөр Алай өрөөнүндөгү кыргыздар арасына баш калкалайт. Качкындарга Алымбек Оштун түндүк-чыгыш тарабынан өзүнө таандык менчик жеринен жер бөлүп берип отурукташтырган, ал аймак акырындык менен кашкарлыктардын конушуна айланып, ал жерде ошол тегеректеги кыргыздарга ирегелеш Кашкардан келген уйгурлардын Кашкар-Кыштак деп аталган айылы түптөлөт.

Ошол аймакта азыр да мындан 150 жыл мурда жер которгон кашкарлыктардын укум-тукумдары жашашат. Алар ата-бабалары айтып келген ошондогу журт которуп келгендиги жөнүндөгү баяндарды көп эскеришет.

Ошентип, ошондогу окуялар «кыргыздардын байыркы мекени болгон Чыгыш Түркстанда»[1] да кыргыз фактору көрүнүктүү роль ойногондугунун бир мисалы экендигин тарых ырастайт.

Кокон ордосу көчмөндөрдүн конуштарында туруктуу жана бекемделген башкаруу системасын орнотуу үчүн административдик жактан төмөндөгүчө бөлүштүргөн: Алай менен Ош аймагы жана Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Тороо, Куртка аймагындагы кыргыздар **Анжиян вилайетине** караган. Чүй өрөөнү, Ысык-Көл ойдуңу негизинен **Ташкент вилайетине** баш ийсе, Кетмен-Төбө жана Талас **Наманган вилайетинин** карамагында турган.

Кокондо болсо күрөш эми кыпчак аристократтарынын ич-арасында уланган. Набиевдин жазганына караганда, анын

[1]Худяков Ю. Кыргызы на просторах Азии. – Б., 1995. 5-б.



себеби «Мусулманкулдун чектен ашкан өзүм билемдиги жана бийликти өзү каалагандай тескеп, эч ким менен эсептешпегендиги болгон»[1]. 1846-ж. Өтөмбай кушбеги, Нарманбет датка, Жумабай датка жана Молдо Калыбек парваначы баш болгон төбөлдөрдүн Мусулманкулга каршы наразылыгы айыгышкан күрөшкө айланган, натыйжада Мусулманкул бийликтен четтетилген.

Миңбашылык орунга кыпчактардын Мусулманкулдан кийинки көрүнүктүү өкүлү Молдо Калыбек келет. Кыпчак төбөлдөрүнүн ортосундагы өз ара тынымсыз кармашуулар элди алсыраткан, анткени согуштук чыгымдарды элдин эсебинен толтуруу үчүн алык-салыктар көбөйтүлгөн, ал өз учурунда 1847-ж. Ташкентте чоң көтөрүлүштүн чыгышына алып келген, эми бийлик кайрадан Мусулманкулдун колуна өтөт. Ошентип, Кудаяр хандын убагында Мусулманкул үч жолу бийликке келип, үч жолу аны алдырган.

Мусулманкулдан экинчи жолу бийликти тартып алган Нарманбет датканын жана аны менен санаалаш болгон кыпчак өкүлдөрүнүн тагдыры өтө оор аяктаган, себеби «1849-ж. үчүнчү жолу бийликке келген Мусулманкул саясий атаандаштары Молдо Калыбек жана Жумабай датканы ырайымсыздык менен өлтүртүп, Нарманбет датканы ууландырып салган»[2]. Ошентип, өз ара келишкис каршылашуу кыпчактардын саясий бийлигинин биротоло кулашына негиз түзө баштаган.

Мезгил өткөн сайын Кудаяр хан да Мусулманкулдун «өзгөчө калкалоосунан» тажай баштайт, анын «камкордугу» алдында башкарган жылдарын өзү да «кыпчактардын эзүүсүнөн» дөгү азаптуу убактар»[3] деп атаган.

Ал учурлар жөнүндө Л. Н. Кун минтип жазат: «Жаш хан үчүн каардуу Мусулманкулдун жөлөгү өтө оор болгон, Мусулманкул ага дээрлик эч кимди жолотпой жана аны эч жакка чыгарган эмес. Анын оюндагысынын баарын аткарып, сырттан караганда аны сыйлагандай көрүнгөнүнө карабастан, иш жүзүндө ал аны мамлекеттик иштерден алыстаткан, бөтөн адамдарды ага жакындаткан эмес, ал тургай, белек-бечкек-

[1]Набиев Р.Н. Из истории Кокандского ханства. – Т., 1973. 40-б.
[1]Набиев Р.Н. Из истории.., 43-б.
[2]Набиев Р.Н. Ошол эмгекте. 39-б.

терди берип, хан өзүнө жаңы досторду арбытып жибербесин деп коркуп, ага жетишерлик акча да берген эмес»[1].

Акырындап жаш хандын аны бийликке ээ кылбаган аталыкка наразылыгы арта берген, жыл өткөн сайын эр жетип Кудаяр хан кайнатасына каршы күрөшүүгө бел байлайт, Мусулманкулдун душмандары хандын наразылыгынан пайдаланышып ага катуу сокку уруу жөнүндөгү талапты коюшкан, натыйжада Кудаяр хан жеке эле аталыкка эмес, бүтүндөй кыпчактарга каршы согуш жарыялайт жана аларга каршы күрөшүү үчүн Ташкенттин жергиликтүү төбөлдөрүнүн арасынан жөлөк-таяныч тапкан[2].

Кыпчактарды үйлөрдөн да, көчөлөрдөн да, бактардан да, мечиттерден да өлтүрүшкөн. Кудаяр хан «кыпчактардын бардыгын жер бетинде калтырбай кыргыла»[3] деген буйрук берген эле. Мусулманкулду хан аскерлери Уйчу кыштагынын жанынан кармашат. Өлтүрө турган күнү Мусулманкулду атайы жасалган бийик секичеге алып келишет. Анын колубуту кишенделген, секичеден ылдыйраакта Мусулманкулду каратып туруп колго түшкөн кыпчактарды мууздашат. Көчөлөр менен аянттар адамдардын кызыл канына боелуп, өлүккө толуп чыгат. Мусулманкул Коконд о «бөтөнчө шаан-шөкөт менен өлтүрүлөт[4]. Үч айдын ичинде 20 миңден ашык жазыксыз адамдардын өмүрү кыйылат»[5].

Тарыхый булактар Мусулманкулдун саясий ишмердүүлүгүнө баа берүүдө карама-каршылыктуу пикирлерди жазышат, анткени замандаштары аны канчалык канкор, каардуу деп эсептешпесин ошол эле учурда анын эл башкаруудагы өзгөчө жөндөмдүүлүгүн моюндарына албай кое алышкан эмес.

«Кыпчак төбөлдөрүнүн ичинен дал Мусулманкул көптү билген көрөгөч, тартипти катуу сактаган, мамлекеттик иштерди тартипке салган, хандыкта күчтүү армиясы бар мамлекетти түзүүгө аракет кылган, казынаны колунда кармап, хан сарайда ашыкча шаан-шөөкөттөргө жол бербей, Кудаяр хандын колуна да акча карматпай, чексиз бийликти колуна

[1]Кун А. Н. Некоторые сведения.., 421-б.
[2]Набиев Р.Н. Из истории.., 43-б.
[3]По поводу событий в Коканде «Голос». – 1875, № 244.
[4]Наливкин В.Н. Краткая история .... 178-б.
[5]Ошол эмгекте. 46-б.



топтой алган өкүмдар болгон, андан коңшу мамлекеттердин башчылары, өзгөчө Бухара эмири коркчу»[1], – деп жазышкан.

Антсе да тарыхый булактар: «Мусулманкулдун аракеттери алгач бир гана кыпчак төбөлдөрүнүн социалдык-экономикалык таламдарын канааттандырууга багытталса, ич ара бөлүнүп-жарылуудан кийин ал бир ууч гана өзүнүн тобунун кызыкчылыгы үчүн иш туткан, ал бардык жакшы иш-чараларды да зордук-зомбулук жолу менен иш жүзүнө ашырып, бийиктикти элди талап-тоноонун эсебинен жүргүзгөн»[2], — деп өкүнүү менен белгилеген.

Кантсе да, Мусулманкул хандыктагы көрүнүктүү ишмер болуу менен көздөгөнүнөн кайтпаган өжөр, жан-дүйнөсү карама-каршылыктуу, катаал заман жараткан өз доорунун күчтүү инсаны деген жыйынтык чыгарсак болот.


Кокон ханы — Кудаяр хан.

Мына ошентип, Мусулманкул менен кошо миңдеген жазыксыз адамдардын да өмүрү кыйылат. Каардуу хандык замандын жазмышы ушундай болгон, мындай кандуу окуялар ошол доорго мүнөздүү болуп, ал тез-тез кайталанып турчу.

Эми, Кокондогу саясий бийликтин үстөмдүгү, мамлекетти башкаруу укугу толугу менен Кудаярга өткөн, бирок ордодогу бийлик үчүн жүргүзүлгөн тымызын өз ара таймашуу, чуулгандуу жаңжалдар, кандуу кармаштар ошону менен эле бүтүп калган эмес.

Мусулманкул ырайымсыздык менен мууздалгандан кийин Жаркынайым ишенимдүү чабарманын Курманжанга жөнөтөт да, кайрадан хан ордодогу бийлик үчүн жүрүп жаткан кезектеги талаш-тартыштар, атаандашкан тараптардын кызматка турушу, кыргыздардын мамлекеттик кызматтарга көтөрүлүшү тууралуу билдирет.

[1]Набиев Р.Н. Из истории … 47-б.
[2]Набиев Р.Н. Из истории … ошол жерде.

Кудаяр хан өз алдынча башкарган жылдары дивандык (министрлик) орундарды өзбектер менен тажиктер ээлешет. Хандыктагы баш-аламандык Кокон хандыгынын ички эле эмес, тышкы саясий абалынын андан ары татаалданышы менен да коштолот.

XIX к. 30–60-жж. Орусия империясы менен Англиянын Борбордук Азияга болгон кызыкчылыктарынын кагылышуусу падыша өкмөтүнүн Борбордук Азия хандыктарына, анын ичинде Кокон хандыгына болгон согуштук аракеттерин тездетүүгө түрткү болгон.

1853-ж. орус аскерлери генерал Перовскийдин командалыгы астында Сыр-Дарыянын төмөнкү агымында жайгашкан Ак-Мечит чебине чабуул коюп, курчоого алышат[1]. Чептеги абалдын оор экендигине карабастан, Кудаяр хан менен анын аталаш бир тууганы, Ташкент беги Мала бек чепке кошумча аскердик жардам жөнөткөндүн ордуна өз-ара чырдашып жатып, чепти орустарга алдырып коюшат. Натыйжада Мала бек Ташкентти башкаруудан бошотулат. Ошентип, кезектеги жаңжал эми Кудаяр хан менен анын агасы Мала бектин ортосунда башталат.

Ханга наразы болушкан кыргыз-кыпчак төбөлдөрү мындай саясий абал менен келише алышкан эмес. Ушундай бир туугандардын мамилеси курчуп турган мезгилде Алымбек жана аны колдогон кыргыздар Мала бекти колдоону чечишет. Мала бек Алымбек датка башында турган кыргыз жоокерлерине таянып, Кудаярга каршы күрөшкө аттанат.

Андагы окуяны В. Наливкин: «Мала бек Гүлчөгө келип, Асан бий Алымбекке жардам сурап кайрылды. Асан бий, Алымбек ал кезде күчкө толуп тургаан маалы, өзүнүн даяр экендигин билдирип, тез арада жүздөгөн жоокерлерин топтоп, Кара-Суу өзөнүнө келип, элге чакырык менен кайрылды да, андан ары Анжиянга жөнөдү. Ал жерден ага Кудаяр хандын ашынган душманы – кыпчактар агылып келип жатышты»[2], – деп сүрөттөгөн.

Ч. Валихановдун маалыматы боюнча, «ханга таарынган Мала бек өзүнүн бир тууганы Сопубекке түзүлүп калган кырдаал тууралуу акылдашуу үчүн барат. Хандын энеси Жаркы-

[1] Наливкин В.П. Краткая история .... 182-б.
[2] Наливкин В.П. Краткая история...189-б.



найым абалдын тескери жакка ыктап баратканын түшүнүп, бир туугандарды жараштырууга аракеттенет. Ал Кара-Сууга келип, мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн Мала бекти Кудаяр хан менен жарашууга үгүттөйт. Бирок Мала бек Жаркынайымдын акыл-эстүү кеңешине көнбөйт да, анын сөзүн укпай коет. Ал Кара-Суудан алайлык кыргыздардын ичинен эң кадыр-барктуусу деп эсептелген Алымбек датканы өзүнө чакыртат»[1].

Ушул жолугушуудан кийин Алымбек Малабектин пайдасына уюшулуп жаткан Кудаяр ханга каршы козголоңду уюштурууга жетекчилик кылат. Архивдик маалыматтарда Мала бек хан тактысы үчүн күрөштү Ферғананын чыгыш жагынан баштаганы жана Хасан бий Алымбек башчылык кылган кыргыз аскерлери анын негизги таянычы болгону айтылат. Ал В. Наливкиндин сөзүнө караганда: «Ал кезде Алымбек ага жакын болгон кыргыздардын ичинен эң күчтүүсү болгон»[2].

1858-ж. Саманчыга жакын жерде Кудаяр хан менен Мала бектин ортосунда чечүүчү кармашуу болот, анда Кудаяр хан жеңилет да, Бухарага качып кутулат. Хандык башкаруу тагына Малабек олтурат (1858 – 1862-жж.).

Ошентип, XIX к. 50-жж. аягында Фергана өрөөнүнүн ири саясий ишмери болгон Алымбек датка башында турган кыргыздар кайрадан чечүүчү ролду ойноп, Кокон хандыгынын саясий майданында жаңы бийиктикке көтөрүлөт.

Натыйжада кыргыз төбөлдөрү хандыктагы башкаруунун маанилүү орундарын ээлешет. Мулла Нияз Хоканди: «Алымбек датка – Анжиянга аким, Сейитбек датка – Кожентке, молдо Касым Нау чебине башчы болот»[3] – деп көрсөтсө, 1858-ж. 28-июнда Кашкарга соода кербени менен илимий жана чалгынчылык максатта Памир – Алай аркылуу өтүүчү соода жолдорун изилдөө үчүн жол алган Ч. Валиханов ошол учурда эле Алымбек датка Кокондогу биринчи вазир болгондугун белгилейт. Ал «Адгэне (адигине – **Т. Ө.**) кыргыздары Фергана өрөөнүндө Маргилаң жана Ош шаарына жакын айдоолорго аштык айдашат. Ал эми жайкысын Ош тоолорунан Коконго чейинки аралыкта өткөрүшөт. Бул кыргыздар өзбектер менен

[1] Валиханов Ч. ЧТЖ. 5 том, Т. 3. Алма-Ата, 1985, 322-б.
[2] Наливкин В.П. Краткая история .... 188-б
[3] Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. - Т., -1973, 55-б.

бирдей укукка ээ, алар Кокон армиясында сыпайлар, ал эми алардын уруу башчылары ордодо жана аскердик кызматтарда маанилүү бийлик орундарын ээлешет. Азыркы Кокон визири Алымбек датка ушул уруунун кыргыз бийи, ал өзүнүн кыргыздары менен Мала хандын Коконду ээлөөсүнө жана анын бийликке келүүсүнө көмөк көрсөткөн»[1] – деп жазган. Ошентип, саясий бийлик Алымбек датканын жана аны колдогон кыргыз төбөлдөрүнүн колуна өтөт.

Кудаяр хан Бухарага качып кеткени менен энеси Жаркынайым Кокондо калат. Курманжан менен Жаркынайымдын мамилесине Алымбек жана Курманжандын ээлеген саясий багыты таасир этпегендиги, алардын ордодогу окуяларды талкуулап, пикир алмашып, байланышы бекем бойдон кала бергендиги[2] белгилей кетүүчү жагдай. Чамасы, Алымбек менен Курманжандын чечимдерин Жаркынайым дайыма макул көрүп, туура жана жүйөөлүү деп кабылдаса керек, антпесе баласы Кудаярдын кызыкчылыгына каршы чыккан Алымбек жана Курманжан менен кантип тилектеш болмок деген пикир пайда болот.

XIX к. орто ченинде Орусия империясынын Борбордук Азияга умтулуусу күч алат, себеби дүркүрөп өнүгүп бара жаткан орус капитализмине арзан чийки зат булактары, товарын өткөрө турган рынок, жаратылышы бай аймактар керек эле. Ошол учурда орус төрөлөрүнө да жаңы жерлерди басып алуу жана жергиликтүү калкка салык салуу эбегейсиз кирешелерди, эсепсиз көп байлыкты алып келмек. Ал эми орус чиновниктери жаңы колониялардын эсебинен мансап алууга умтулушуп, падышадан согуштук аракеттерди тездетүүнү талап кылышкан. Ошондуктан падыша өкмөтү бул маселени биротоло чечүүгө чечкиндүү киришти.

1860-ж. Верныйдан чыккан полковник Циммермандын тобу Токмок менен Пишпектеги Кокондун чептерин багындырат. Чүй өрөөнүн колдон чыгарбаш үчүн Мала хан ал жакка Алымбек менен Ташкенттин беги Канаат-шаа башчылык кылышкан аскерлерди жиберет. Р. Набиевдин ырастоосуна караганда, «Кокон армиясынын начальниги болуп Анжияндын акими Алымбек датка дайындалган»[1].

Адатта Алымбек жортуулга жөнөөр алдында Алайга келип тууган-уругун, уруу аксакалдарын чогултуп батасын алып, узак сапарга, кан майданга аттанар эле деп эскеришкен замандаштары. Ал эми Курманжанга бүтүндөй Ата-журтун, Алай элин ишенип таштап бараткanda өтө орчундуу маселелердин айланасында акыл калчашып, ой бөлүшкөндүгү айдан-ачык.

«Ал тургай, Курманжан менен Алымбек Кокондон алган акыркы кабарларды талкуулап, Мала хандын абалы ишенимдүү эместигин, Бухара эмири менен да олку-солку мамиледе турган Кокон хандыгы үчүн орустар менен согушуу кыргыз жоокерлерин курмандыкка чалуу менен барабар экендигин, журт тагдырында чукул бурулуш жасоо зарылдыгын тарыхый кырдаал талап кылып жаткан учур келип жеткендигин, «жети өлчөп, бир кесе турган» мезгил келгендиги тууралуу ойлорун ортого салып талкуу болгондугу жөнүндө урук-тукумунун арасында эскерүүлөр көпкө чейин жүргөн», – деп эскерет урпагы И. Кадырбеков[2] жана бул маалыматты тарыхый булактар да далилдейт.

Көп узабай Алымбек Чүй өрөөнүнө падышалык аскерлер менен беттешүүгө жол алат. Ошондогу окуяларды изилдөөчүлөр минтип жазган: «Мала бек хан болгондо Алымбек сарайдагы эң эле таасирдүү төрөлөрдөн болуп калат. Ал бир мезгилде хандыктагы ири облустарга – Анжиян менен Наманганга аким болуп дайындалат. 1860-ж. Мала хан аны Куртка аркылуу Чүй өрөөнүнө Кокондун Пишпектеги чебин ээлеп алган орус армиясынын жылышын токтотуу үчүн жөнөтөт»[3].

Ушул эле учурду академик **Б. Жамгырчинов** мындайча белгилеген: «Алайдын атактуу төбөлдөрүнүн көрүнүктүү өкүлү болгон Алымбек датка 1860-ж. чейин хандын Наманган округундагы башчысы кызматында болгон, ал өзүнө караштуу тегеректен көптөгөн отряд жыйнап, Канаатка жардамга чыккан. Чүй өрөөнүндө Түндүк кыргыздардын урууларынын арасында анын баркы кыргыз төбөлдөрүнүн башчысы катары өсүп олтурган. Ал Канаатка баш ийгиси келген эмес, ал

[1]Валиханов Ч. ЧТЖ., Т. 3. Алма-Ата, 1985, 352-б.
[2]Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. - Т., -1973, 57-б.



[1]Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. - Т., -1973, 57-б.
[2]Кадырбеков И. 1915 ж. Алайда туулган. Автордун өздүк архиви.
[3]Валиханов Ч. Собр.соч. Т. 3. 192-б; МИКК.- М., вып. 1, 1987, 231-б.

эми кыргыз феодалдары башкы командачы катары Канаатты эмес, Алымбекти таанышкан»[1].

Андан ары ушул жүрүштүн катышуучусу Мулла Нияз Мухаммед минтип улантат: «Кокондон Анжиян отрядынан башка 7 паңсаттын аскерлери жолго чыгышты. Жалпы Кокон армиясынын башчысы болуп Анжияндын беги Алымбек дайындалды. Курама менен Ташкенттин аскерлерин Ташкенттин беги Канаат-шаа жетектеген»[2].

Алымбек Кетмен-Төбө аркылуу Борбордук Теңир-Тоого өтүп, Куртка чебине тыныккан, жолду катар кыргыз жоокерлери кошулуп отуруп, жалпы атчан аскерлеринин саны 12 миңге чейин жеткен[3], бул маалыматты академик Б. Жамгырчинов мындайча тастыктайт: «Алымбектин аты жана таасири жеке эле Түштүктө эмес, Түндүк кыргыздарда да күчтүү болгон. Жолдо ага кыргыз отряддары Анжиян вилайетинен, Кетмен-Төбө, Куртка ж.б. жерлерден кошулуп олтуруп, анын аскерлеринин саны 12 миңге чейин жеткен»[4].

Академик Б. Жамгырчиновдун пикири менен ориенталист Ч. Валихановдун маалыматы бирин-бири толуктап тургансыйт, анткени казак окумуштуусу «Нарын дарыясынын, Сырт тоолорунун этектеринде көчүп жүргөн кыргыздар Анжиян башкаруучусуна баш ийишет, ага Нарындагы жана Тогуз-Тороодогу Куртка жана Жумгал чептери да карайт»[5], – деп жазган.

Ошол учурда элибиздеги тарыхый кырдаал эң эле татаал эле. Нечендеген замандар жоокерчилик менен жашоо кечирген кыргыз урууларынын ички жана тышкы саясий абалы күн өткөн сайын оордоп, уруулар аралык чыр-чатактар ырбап, алардын ортосундагы чабыштар, бири биринин мал-мүлкүн талап-тоноолор, барымта алуу, жылкы тийүү ж.б. толуп жаткан коогалаңдар жалпы элди азапка салып, чарбасын бүлүнткөн. Ушундай коогалаңдуу шартта айрым уруу башчылары кыргындан кутулуунун бирден-бир туура жолу орус

[1]Джамгерчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX века.- Ф., 1966, 181- б.
[2]Набиев Р.Н. Из истории … 57-б.
[3]Бейсембиев Т.К. «Тарих-и шахрухи»- как исторический источник. Алма-Ата, 1987, 211-б.
[4]Джамгерчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX века.- Ф., 1966, 181- б.
[5]Валиханов Ч. ЧТЖ. Т. 3. 1985 ж., Алма -Ата.192-б.



падышалыгынын букаралыгына өтүү деген бүтүмгө келишкен жана Борбордук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга умтулуп келе жаткан Орусия империясынын бийлик өкүлдөрүнө калканч издеп кайрылышкан.

Анын мисалы, ошол максат менен бугу уруусунун манабы Боромбай жөнөткөн Качыбек Шералин баштаган бугу уруусунун элчилиги Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугунун борбору Омскиде алгачкылардан болуп, 1855-ж. 17-январда Орусия букаралыгына өткөндүгү жөнүндө куран кармап ант берген[1]. Бирок түндүк кыргыз урууларынын бардыгы эле орус букаралыгын өз каалоосу менен кабыл алган эмес, алсак, ошол эле бугу уруусунан Балбай баатыр, Мураталы, Чоңкарач, Тилекмат Ысык-Көлдү чалгындап жүргөн орустардын аскердик-экспедициялык отрядына кол салышкан. Сарыбагыштан Үмөтаалы, Төрөгелди баатыр, саяктан Осмон, солтодон Жаңгарач баш болгон кыргыз уруулары орус бийлигин бир топ жыл кабыл алган эмес.

Ошентип, кыргыз коомчулугу татаал тарыхый процесстерди башынан кечирип турган жоокерчилик заманда Алымбек датка баштаган жоокерлер Орусия империясынын аскерлерине каршы беттешкени Чүй өрөөнүнө жөнөп кетет.

Кантсе да кыргыз уруулары бири-бири менен этно-саясий, руханий жактан да тыгыз байланышта болушуп, өз ара алакалашып турушкан. Ошондуктан ордодо кыргыз жүзүн тааныткан Алымбектин кадыр-баркы аркалык кыргыздардын арасында да чоң болгон, анткени Адигине менен Тагайдан тарkаган боордоштор дайыма байланышта болушкан. Алымбек өзгөчө Ормон хан, Жантай, Жаңгарач, Үмөтаалы, Осмон сыяктуу чоң манаптар менен байланышып, катташып-кабарлашып турган. Чүй өрөөнүндөгү кыргыз манаптары да ага дайыма кадыр-барктуу колбашчы катары урмат-сый көрсөтүшүп мамиле жасашчу. Ошондуктан Алымбек Түштүк – Түндүк кыргыздардын арасынан миңдеген кошуун жыйнай алган.

Кыргыздар ээлтеден эл башына алаамат түшкөндө, «бир жакадан баш чыгарып, бир жеңден кол чыгарып», биримдүү болууга бирин бири үндөп келген. Журт башына коопсуздук

[1]1855-ж. 17-январында бугу уруусунун карамагына өтүү жөнүндгү акты. АВПР, ф. Главный архив, 1-7. 1844-1863, д-1, 57-58 б. караңыз: Хрестоматия по истории Кыргызстана. Б., 1997, 231-бет; Жамгерчинов Б. Добровольное вхождение Киргизии в состав России. – Ф. 1963. 425-426-бб.

пайда болгондо демилгени колго алып, эл камын ойлоо эл башында турган уруу башчыларынын илгертен келаткан наркы болгон. Ошол сыяктуу, Алымбек жалпы кыргыз элин бириктирип, мамлекет түзүүгө убакыт жетти деп, бирдиктүү кыргыз мамлекетин негиздөөнү алдына максат кылып койгон жана ал максатын иш жүзүнө ашыруунун ыңгайлуу учурун күтүп жүргөн. Ошондуктан кезектеги хандык саясатта ал кыргыз кызыкчылыгын, кыргыз факторун биринчи орунга коюп, ушундай чечимге келгендигин тарыхый жана архивдик булактар төмөндөгүчө ырастайт.

Чүй өрөөнүндө Алымбектин аскерлери Ташкенттин беги Канаат-шаа жетекчилик кылган кокондук аскерлердин тобуна Пишпекке жакын жерден жолугушат. Бири-бирине баш ийгиси келбеген эки төбөл башкы колбашчылыкты талашышат. Алымбек датка үчүн учурдагы таймаш шылтоо болот да, ал өңчөй кыргыздардан турган аскерлерин ээрчитип, согушка катыштырбай, кан майдандан алып чыгып кетет. Натыйжада, Узун-Агачтын жанында полковник **Г. А. Колпаковскийдин** аскерлери менен болгон салгылашууда Канаат-шаанын башчылыгы астында согушкан кокондук аскерлер жеңилип калат.

Алымбектин бул аракетин жактырбай, хандын панегирик тарыхчысы Мулла Нияз Мухаммед өзүнүн кейигенин билдирип, мына буларды жазган: «Ушул учурда Алымбек кыргыз менен Канаат-шаа тажик бири-биринен башчылыкты жана аскерлерге жетекчилик кылууну талашып, бир чечимге келе алышпайт. Талаш-тартыштын айынан Алымбек анжияндык аскерлери менен кыргыздарын ээрчитип, сыртка чыга берет да, салгылашуу жагын, андан таба турган кадыр-барк же уятка калуунун баарын Канаат-шаага калтырып, уят-намыстын этегин тепсеп, атак-даңк менен эрдикти колдон чыгарып жиберет»[1].

Ошондогу Алымбектин өз алдынча жасаган аракетин талдап, биз төмөндөгүдөй жыйынтыкка келебиз: ал 12 миң кишиден турган аскерин согушка киргизбей, Канаат-шааны тоготпой, анын буйругун аткарбай, бөөдө кыргынга жоокерлерин салып бербей, согуш талаасынан чыгып кеткендиги дагы бир жолу Алымбек датка үчүн кыргыз элинин кызыкчы-

[1]Перевод извлечений из Тарих-и Шахрухи Муллы Нийаз – Мухаммада Хоканди. Рассказ о походе Кокандских войск на Пишпек и Узун Агач. МИКК. - М., 1973. - 236-б.



лыгы биринчи орунда тургандыгынын, эгерде ордонун саясий багыты өз элинин мүдөөсүнө каршы келсе, ал токтолбостон Кокон ханына каршы курал көтөрүп чыгып тургандыгынын мыкты далили. Тарыхый булактарда жазылгандай, «Анжияндын акими, Намангандын парваначысы, ордодогу биринчи Вазир кызматын ээлеген Алымбекти», өз бийлигинен ажырап калуудан коркпой, эртең Мала хан анын башынан сылабасын эң сонун түшүнсө да, өмүрүн кылыч мизине коюп, башын канжыгага байлап, ошол учурдагы көз ирмемдей өтүп жаткан тарыхый кырдаалда чечкиндүү кадам таштатып, капсаландуу чечимдерге баргызып жаткан күч, атуулдук парз – бул жалпы кыргыз журтунун келечек тагдыры – кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөө максаты болгондугун[1] тарыхый булактар ырастады.

Алымбек «кыргыздар качанкыга чейин алдуунун амалы, күчтүүнүн куралы болуп кызмат кылып, айдаган жагына барып, айтканына көнөбүз, качанкыга чейин бытырап чачылып, ар бирибиз ар кимдин союлу болобуз, кыргыздарга бир туунун алдына баш кошуп, бирдиктүү мамлекет негиздегенге мезгил жетти деген жыйынтыкка келген учурду республикабыздын Президенти **Аскар Акаев** мындайча ырастаган: «Ошол кездеги түндүк кыргыздарынын уруу башчылары Үмөталы, Ажы, Адыл, Төрөгелди манаптар менен биргелешип, өз алдынча бирдиктүү Кыргыз хандыгын түзүүгө далалат жасаганы эле Алымбек датка атабыздын эли-журтубуздун тагдыры жана эркиндиги үчүн башын сайып койгон залкар, даанышман саясий инсан, көйкашка көсөм экенин ташка тамга баскандай таасын көрсөтүп турат»[2]. Ошондой эле оздон-оозго, муундан-муунга берилип келген айтымдар гана эмес, архивдик материалдар, Орусия империясынын аскердик төбөлдөрүнүн өз ара билдирүүлөрү, рапорттору жана телеграммалары да ушул маалыматты тастыктайт.

Эгерде Алымбек датка Кокон бийлигине баш-оту менен кызмат кылып, ушул согушка ордо кызыкчылыгы үчүн киргенде, Кокон сарбаздарынын ийгилиги камсыз болмок. Ал тууралуу полковник Г. А. Колпаковский 1860-ж. 26-октябр-

[1] Өмүрбеков Т.Алымбек датка жана аркалык кыргыздар. Все про Ош. Из материалов международной конференции Ош на пороге XXI века». – 1998, вып.1, 64 -бет.
[2] Аскар Акаев залкар инсандар жөнүндө.Б., 1999. 54 – б.

дагы Батыш-Сибирь генерал-губернатору Гасфордго жазган билдирүүсүндө мындай деген: «Эгерде кыргыздар кокондуктарга астейдил жардам беришкенде, кокондуктар жеңишке жетиши мүмкүн эле»[1]. Коконго келгенден кийин Канаат-шаа Алымбекти Узун-Агачта орус аскерлери менен согушпай койгон күнөөсү үчүн оор жазага тартууну Мала хандан талап кылат. «Бирок, – деп жазат академик Б. Жамгырчинов, – анын Анжиян жана Наманган вилайеттериндеги, өзгөчө Алай кыргыздарынын арасындагы кадыр-баркын, өтө чоң таасирин эске алып, ага Анжияндын акимдигин калтырып эле тим болбостон, аны жазалоого да батына албады»[2].

1861-ж. Мала хан өлкөнү кыдырып жүрүп, Анжиянга келгенде Алымбектин душмандары аны ханга кайрадан жамандап, жалаа жаап, үстүнөн дагы арызданышат. Каарына келген хан аны өлүм жазасына тартмакка Коконго ордого чакыртат. Бул бүтүм тууралуу Алымбекке өз учурунда кабар берилет[3]. Албетте, Курманжандын тымызын тыңчысы болбосо, балким, Алымбектин өмүрүнө дал ошол күндөрдө чекит коюлмак.

Окумуштуулар В. Галицкий жана В. Плоских ошол окуянын себебин мындайча түшүндүрүшөт: «Кийинки жылы Мала хан орустарга каршы жүрүш уюштурууну чечкенде, кыргыздар таптакыр баш тартышат, ошондо хан Алымбекти камакка алуу жөнүндө буйрук берет, а бирок ал Гүлчөдөн ары тоолорго качып кеткенге үлгүрөт»[4].

Кандай болгондо да бул мезгил Алымбек менен Мала хандын мамилеси бузулуп калган учур эле. Алымбек бул кабарды угары менен Алайга жөнөп кетет жана кайрадан кыргыз кошуунун жыйнай баштайт, бирок жарак-жабдыгы мыкты Кокон колуна туруштук берүү үчүн кошумча аскер керек болчу. Ошондуктан ал аркалык тектеш туугандары менен кеңешүү үчүн Алайдан Курткага жер которуп кетет.

Ошондогу окуялар тууралуу Сибирь корпусунун командири, согуш министри генерал Милютинге намангандык парваначы Алымбек Коконго чакырылганын жана ырайымсыздык менен өлүм жазасына тартылганын кабарлайт. Буга Алымбек жетекчилик кылган аскерлердин негизги өзөгүн кыргыздар түзүп, жалпы саны 12 миңге чейин жеткенине карабастан, Узун-Агачтын жанындагы падышалык аскерлерге каршы согушка катышпай койду, деген Канаатшаанын Мала ханга жеткирген кабары себеп болгон[1], деп билдирген.

[1] Өзб. БМА. Ф., И — 715, оп.1, 25 иш папкасы , 175 - б.
[2] Джамгерчинов Б. Добровольное вхождение …., 233 – б.
[3] Джамгерчинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX в.- Ф., 1966. 182-б.
[4] Галицкий В. Плоских В. Старинный Ош. – Ф.,1987. 53-б.



Ошентип, архивдик маалыматтарга караганда, Алымбек Нарын дарыясынын баш жагындагы кыргыз айылдарында жайгашып туруп калат. Бул аймакты мекендеген сарыбагыштын чоң манаптары «Үмөтаалы, Ажы, Адыл жана Төрөгелди өңдүү кыргыз манаптары башкарган айылдарда болуп алар менен аңгемелешип алардын колдоосуна ээ болот»[2].

Ушул жылдарда аркалык кыргыздар аны жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгын коргоп ала турган жолбашчы катары колдошкон. Алымбек орус аскерлери Кокон хандыгынын аймагына тереңдеп каптап кирип бараткан учурда хандын аскерлерине каршы тура ала турган чоң күч эле. Ошону сезген Мала хан Алымбекке каршы жасап жаткан иш-аракеттеринен баш тартууга аргасыз болот жана аны менен элдешүүнү чечет. Мала хан элчиликке өзүнүн ишенимдүү жакын адамдарынан турган 40 кишини жиберүүгө Канаатка буюрат. Бирок Алымбек хандын жиберген адамдарын туткун катары кармап жана алардын «көзүн тазалоого» буйрук берет. «Ээн баш козголоңчу» Алымбекти жазалоо үчүн жөнөтүлгөн кезектеги Кокон кошууну да тоо арасындагы тар капчыгайга камалып, кыргыздардын колунан толугу менен кыргынга учурады»[3], – деп маалымдайт архивдик булактар.

Ал доордун каардуу жазмышы ушундай болгон. Ал кезде кырчылдашкан тараптар үчүн адеп-ахлак жат болгон. Жоолашканда канга-кан менен, күчкө-күч менен жооп берип турушкан. «Мала бектин кийинчерээк Алымбек менен элдешкенине кыйыр далилдер бар, мында Алымбектин аялы Курманжандын ролу чоң болгон»[4], – деп маалымдайт тарыхый булактар. Албетте, бул учурда да «үзүлгөндү улаган, алыста-

[1] Өзб. БМА. Ф.И- 715. оп.1, 25 иш папкасы, 328- б.
[2] Аталган архив 329- б.
[3] Аталган архив 329- б.
[4] Бабабеков Х. Н. Народные движения.., 80-б.

Командиръ Сиб. корп. Военн[ом]у Министру; 8 іюля 1861 г.
№ 1037. Омскъ.(x)

Воен. Учен. арх. Отд. 2, № 6763.

Имѣю честь донести Вашему [Выс]окопр-ству, что мною получены слѣдующія извѣстія изъ Заилійск[а]го края:

Наманганскій Парваначи Алимбекъ, бывшій съ своимъ отрядомъ въ составѣ войскъ, вторгнувшихся въ наши предѣлы, подъ начальствомъ Канаатъ-Ши, осенью прошлаго года, былъ коварно вызванъ въ Кокандъ. По навѣтамъ сераскира Канаатъ-Ш[и], ханъ обвинилъ Алимбека въ бѣгствѣ войскъ изъ подъ Узунъ-Агача и приговорилъ къ смертной казни. Узнавъ объ этомъ рѣшеніи отъ св[оих]ъ приверженцевъ, Алимбекъ бѣжалъ изъ Кокана и скрылся у Ди[кокам]енныхъ киргизъ своихъ родовичей. Разжигая тамъ мятежъ противу хана, онъ успѣлъ поднять весь родъ крыла Содъ-Адигене и отпр[ави]лся съ нимъ на р. Нарынъ съ намѣреніемъ оттуда враждовать съ х[ан]омъ. Въ настоящее время Алимбекъ находится въ верховьяхъ Нарына, гдѣ къ нему присоединились Сарыбагишскіе манапы: Умбедъ-Али, Аджи, Адиль и Тюрегельды.

Извѣстясь объ этомъ возстаніи, Кокандскій ханъ вызвалъ къ себѣ изъ Пишпека Канаата и отправилъ 40 человѣкъ изъ своихъ приближенныхъ къ Алимбеку уговорить его, но Алимбекъ всѣмъ посланнымъ отрубилъ головы. Высланный впо[сл]ѣдствіи для усмиренія его отрядъ, былъ также истребленъ поголовно.

Донося объ этихъ извѣстіяхъ, доставленныхъ пришедшими въ Вѣрное караванами, а также манапс[ом]ъ Дикокаменной орды Сарпекомъ, начальникъ Алатавскаго округа и [ки]ргизовъ Большой орды присовокупляетъ, что Алимбекъ будто бы намѣренъ остаться среди Дикокаменныхъ киргизъ, кочующихъ въ верховья[хъ] Нарына, между озеромъ Иссыкъ-Кулемъ и Мало-Бухарской равниной и сдѣлаться независимымъ правителемъ этого народа, вступивъ предварительно въ дружескія съ нами сношенія.

Имѣя въ виду, что сближеніе съ Алимбекомъ полезно для насъ въ томъ отношеніи, что можетъ благопріятствовать безопасному слѣдованію каравановъ въ Кашгаръ, я предписалъ подполковнику Колпаковскому: въ случаѣ если Алимбе[к]ъ дѣйствительно откроетъ съ нимъ сношенія, то не отказывая ему въ нашемъ расположеніи, стараться

---

(x) Политика: „24 июля 1861 г.“

(x) Политика: „20 июля 1861“.

1861-ж. 8-июлунда Сибирь корпусунун командиринин Согуш министрине жөнөткөн Алымбек датка жөнүндөгү билдирүүсү.



ганды жакындаткан, касташканды элдештирген» дипломатиялык корпус Курманжан жана Мала бектин энеси Жаркынайым болгондугу шексиз.

Падышалык империянын чалгынчы-аскердик төбөлдөрү кыргыздардын турмушунда болуп жаткан саясий окуяларды дайыма сырттан көзөмөлгө алып турушкан. Алымбек датканын иш-аракеттеринен астыртадан, тымызын кабардар болгон Батыш-Сибирь генерал-губернатору Дюгамель түштүк жана түндүк кыргыздардын өз алдынча башкаруучусу болуу максатын көздөп, Алымбек Кокон хандыгына өзүн каршы коюуга жана жардам сурап, орус бийликтерине кайрылууга аргасыз болот деп болжолдогон. Ошондуктан согуш министри Милютинге жөнөткөн билдирүүсүндө мына буларды дайындаганын билдирген: «Алымбек Нарындын бийик тоолорунда, Ысык-Көл менен Кичи Бухаранын[1] ортосундагы түздүктөрдө көчүп-конуп жүрүшкөн жапайы кыргыздардын арасында калчудай жана биз менен адегенде достук мамиле түзүп, бул элдин көз карандысыз башкаруучусу болууну каалоочудай өңдөнөт. Биздин Алымбек менен жакындашуубуз Кашкарга барчу кербендерибиздин сапарынын шыдыр болушуна ыңгайлуу шарттарды түзөрүн эске алып, мен полковник Колпаковскийге, эгер Алымбек аны менен чындап мамиле түзө турган болсо, анда ага жок дебестен, достук байланышын түзүүгө аракеттен деген көрсөтмө бердим»[2].

Орусия империясынын төбөлдөрү үчүн да Алымбек датканын ролу Кокон хандарынан кем болбогондугун жогорудагы орус офицерлеринин рапорттору айгинелейт. Андан ары полковник Г. А. Колпаковский генерал-губернаторго буларды билдирет: «Жапайы манап Алымбектин Мала ханды жек көрө тургандыгы жөнүндөгү кабар чын болуп чыкты, бирок Алымбек азырынча мени менен эч кандай мамиле түзө элек»[3].

Тышкы иштер министри Горчаков Батыш-Сибирь генерал-губернатору Дюгамелге жазган өзүнүн 1861-ж. 29-июнундагы «инкогнито» өтө жашыруун билдирүүсүндө буларды

---

[1] Кичи Бухара – Чыгыш Түркстандын орус жана батыш европа адабиятында XIX кылымдагы аталышы, азыр Кытай Эл Республикасынын Синьцзян – Уйгур автономиялык району.

[2] Өзб. БМА.Ф.И- 715, оп.1, 25- иш папкасы , 329-б.

[3] Борб. Мамл. Аскердик Тарых Архиви (ЦГВИА. Москва) ВУА. 6884- иш папкасы, 125 - б..



Орус императору Александр II.

көрсөткөн: «Намангандык парваначы Алымбек менен жапайы кыргыздардын Кокон хандыгына каршы уюшулган көтөрүлүшү тууралуу улуу урматтуу мамлекет башчы Императорго айтылды. Эгер Алымбек өзүнүн биз менен достук алака түзүү жөнүндөгү каалоосун билдире турган болсо, кандай иш тутуу керектиги жөнүндөгү сиздин буйругуңузду улуу урматтуу иштиктүү деп табат»[1].

Ташкентдеги мамлекеттик архивинде **Орусия императору Александр IIнин** Батыш-Сибирь генерал-губернатору Дюгамелге жазган буйругу сакталып турат, анда минтип жазылган: «Алымбек жардам сурап кайрылса, аны кабыл албай койбостон, ага колдоо көрсөтүп, аны менен достук мамиле түзгүлө»[2].

Ошентип, Алымбектин көз карандысыз кыргыз мамлекетин түптөө жөнүндөгү оюо орус падышалыгынын Түркстандагы бийликте турган аскердик төбөлдөрүнө гана эмес, алыскы Санкт-Петербургдагы Императорго чейин белгилүү болгон. Алымбектин бирдиктүү кыргыз мамлекетин түзүү үчүн түндүк кыргыздары менен жашыруун сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндүгүнө чейинки маалыматтар орус тыңчыларынын көз жаздымында калбагандыгын архивдик маалыматтар тастыктайт.

Эгерде Алымбек датка Орусия империясынын Түркстандагы бийлик өкүлдөрүнөн аскердик жана курал-жарак жагынан жардам сурап кайрылса, макул экендиктери жөнүндө өз ара сүйлөшүүлөрүндө ырастап жатышат, алар жардам беришмек. Бирок Алымбек датка тарыхый кырдаалды дагы бир жолу таразага салып көрүп башка жыйынтыкка келген, ал «орустар эч качан кыргыздарды тең укуктуу өнөк эл катары кабыл албайт деген бүтүмгө келген».

[1]Борб. Мамл. Аскердик Тарых Архиви. ВУА. 684- иш папкасы , 122- б; Өзб. Р.М.А. Ф. И 715, оп.1. 25- иш папкасы, 116-б.
[2] Өзб. БМА. Ф. И – 715, оп. 1, 25- иш папкасы , 126- б



Анын Орусия империясынын бийлик төбөлдөрү менен мамилеге келип, жардам сурашы түштүк кыргыздардын орустарга «өз каалоосу менен кошулуусун» тездетерин түшүнгөн, ошондуктан да ага «тили башка, дини башка, дили башка эл менен бириккенден көрө баягы эле сырдана болуп калган Кокон хандыгында кайрадан кыргыз кызыкчылыгы менен эсептешкен ханды бийликке алып келүү аракетин жасоо»[1] туура көрүнгөн.

Анан калса, ошол учурда орус аскерлери Ысык-Көлдөгү кыргыздарга өз үстөмдүгүн орнотуп, андагы уруу башчылары олку-солку болуп турган мезгил эле, алардын бир бөлүгү орустарга кошулуп алардын саясатын колдосо, экинчи бир бөлүгү, тескерисинче, кокондуктар менен ымалалашып турушкан. Ошондуктан бирдиктүү кыргыз хандыгына ким баш болот деген маселеде азырынча кыргыз төбөлдөрү жалпы бир пикирге келе албасына көзү жеткен Алымбек артка чегинүүгө аргасыз болот.

Ошол кырдаалды Ала-Тоо округунун улугу, полковник Г. А. Колпаковский өзүнүн билдирүүсүндө мындайча баяндайт: «Түндүк Кыргызстанда хан сарбаздары көбөйө баштаса, кыргыз төбөлдөрүнүн башкаруучу катмары Кокон тарапка ооп турушкан, тескерисинче, Орусиянын таасири ар кандайча күчөтүлсө (же коркутуп-үркүтүлсө – **Т. Ө.**) кыргыз манаптары орус командованиеси тарапка ыктап калышкан»[2].

Анын мисалы солто манаптары Байтик Канай уулу, Султанбай, Абайылда бий, сарыбагыш манабы Жантай орусиялык баскынчылардан эл-жерин коргоону эп көрүп, Пишпекке келип, орусиялык чеп Кастекти камалоого катышкан. Ошентип кээ бир уруу башчылары орустарга ыктаса, айрымдары Кокон менен мамилесин үзгөн эмес. Мына ушул коогалаңдуу жылдар кыргыз элинин саясий турмушундагы татаал бурулуш мезгил болгон.

Кыргыздар урууучулукта көчүп-конуп жашаган ошол доордо бул максатты иш жүзүнө ашыруу мүмкүн болбогондугунун дагы бир себеби, **биринчиден**, көчмөн эл бирдиктүү мамлекеттүүлүккө шектүү карашкан, анткени бир уруунун башчысына жалпы элди башкаруу укугун берүү ал уруунун

[1] Урпагы И. Кадырбековдун айтымдары. Автордун өздүк архиви.
[2] Өзб. БМА архиви. ф.- 715. оп.1, 25 иш папка. 363-б.

үстөмдүгүнө алып келет жана башка уруулардын өз алдынчалыгына, тактап айтканда, саясий жактан өзүнчө башкаруу укугуна же ички автономияга чек коюлат деп тынчсызданышкан.

**Экинчиден,** мамлекетти түзүү үчүн ага өбөлгө болуучу шарттар – экономикалык, социалдык, демографиялык жана тышкы факторлор бышып жетилип, зор уюштуруу иштерин жүргүзүү керек болчу. Мына ушундай кырдаалдар бышып жетилбегендиктен, улуу максат иш жүзүнө ашкан эмес. Ошентип, «ат үстүндө туруп мамлекетти курса болоруна, бирок аны ат үстүнөн башкарууга мүмкүн эместигине» көзү жеткен Алымбек башка жолду тандап алууга аргасыз болот.

Кырдаалдын нугу Орусия падышалыгынын колониясына айлануу процессин тездетүү багытын көздөй бурулушун каалабаган Алымбек, эми бардык күч-аракетин Мала ханды тактан түшүрүүгө жана ордо башчылыгына өз адамын отургузууга жумшайт.

Нарративдик материалдардагы маалыматтарга ыла-йык, «1862-ж. март айынын алгачкы күндөрүндө Алымкул, Хыдыр бек, Шадман кожо, Худайназар датка, Дост-Мехтар жана Мадраим мырза-башы Мала хандын ордосуна кирип, аны уктап жаткан жеринде өлтүрүшөт»[1].

Хан тагына Кудаяр хандын жээни Шах-Мурад олтурат, Алымбек ордодогу хандан кийинки биринчи адам – хандын башкы вазири – болуп калат. Бул тууралуу «англиялык тарыхчылар Джон жана Роберт Митчелл: хандыкта кыргыздардын таасири өтө күчтүү экендигин, кыргыздардын адыгине уруусунан чыккан Алымбектин хандыктагы биринчи министр экендигинен билсе болот деп жазышкан»[2], – деп көрсөткөн В. М. Галицкий жана В. Плоских. Чынында, бул мансап өкмөттүн бийлик даражасы, бирок Алымбектин кезектеги мамлекеттик ишмердиги көпкө созулбай, эми анын өлтүрүлүшү менен аяктайт.

Анын саясий атаандашы Алымкул бийликти өз колуна алууну көздөп, «Шадман кожо, Бек Мухаммед удайчы менен

[1]Наливкин В.Н. Краткая история .... 193-б.
[2] Галицкий В. Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987. 57-б.



бирдикте Кадырбек датканын, Ырыскулдун, Кудайназар датканын көзүн тазалайт да, Ташкент жүрүшүнө чыгарда Кокондо калтырылган Алымбекке Чотон кыргызды жөнөтүп өлтүрүштү»[1], – деп белгилейт тарыхый булактар.

Бул тууралуу Ч. Валиханов мындай деп жазат: «Түштүк кыргыз урууларын башкарган Алымбек датка Шах-Мураддын алдында башкы вазир болуп турган. 1863-ж. ак сарайдагы кезектеги башаламандыкта өзүнүн атаандашы Алымкул кыпчактын колунан каза табат»[2].

Ушул жерде Алымбек датканын өлтүрүлгөн жылы, ага себеп болгон жагдайлар жөнүндө изилдөөчүлөрдүн пикири ар түрдүү экендигин белгилеп кетүүгө тийишпиз. Биз жогоруда Ч. Валихановдун маалыматын келтирдик. Ага кошумча, «Туркестанские ведомости» журналында «1863-ж. Алымбек өлтүрүлгөн»[3], – деп жазылса, А. Хасанов: «Көп өтпөй козголоңду баштаган Алымбек өз жанына жалгыз гана Алымкулду тартканы үчүн козголоңчулар тарабынан муунтуп өлтүрүлөт»[4], – деп көрсөткөн.

Ал эми архивдик маалыматтар бул окуяны мындайча тастыктайт: «1862-ж. 25-июлунда Ала-Тоо округунун начальниги Г. А. Колпаковскийдин Сибирь корпусунун командирине жөнөткөн расмий билдирүүсүндө Бухара эмиринин жардамы менен Кудаяр хандын Кокон хандыгынын тактына кайрадан отурушу жөнүндө айтылат. Ошол эле учурда «Мала ханды өлтүргөн адамдардын көпчүлүгү дарга асылган. Анын ичинде атактуу Алымбек да өлтүрүлгөн»[5], – деп кошумчалаган.

Ошентип, тарыхый, архивдик документтер жана азыркы замандаштарыбыздын жазгандары көрсөтүп тургандай, Алымбек датканын качан жана кандай шартта өлтүрүлгөнү жөнүндөгү кайчылаш пикирлер жаралгандыгы, алардын ар бири ар түрдүү булактарды пайдаланышкандыгына байланыштуу каралат. Эгер ошондогу тарыхый окуя боюнча Алымбек

[1] Бейсембиев Т.К. « Тарих-и шахрухи» как исторический источник. Алма Ата. 1987. 21-б.
[2]Валиханов Ч. Собр. Соч. т.3..... 359-б.
[3] Царица Алая. // Туркестанские ведомости. 1907. № 28.
[4] Хасанов А. Народные вижения в Киргизии в период Кокандского ханства.- М., 1977. 23-б
[5] Өзб. БМА. Ф.- 715. Оп.1, 25 иш папка, 321-б.

датканын урпагы И. Кадырбековдун айткандарына таянсак: «Алымбек датка 1862-ж. жай айларында саясий атаандашы Алымкулдун буйругу менен Чотондун колунан каза тапкан»[1].

Ошентип, кыргыз элинин аскер башчысы, XIX к. Кокон хандыгынын ири коомдук жана мамлекеттик ишмери, кыргыз мамлекеттүүлүгүн негиздөөгө чыйыр салган атуулдардын бири, элдин тагдыры кылыч мизинде кылтылдап турган шарттагы тар жол, тайгак кечүүлөрдө журтунун оор жүгүн аркалап, эл тагдырына эч качан кайдыгер карабаган, баарына өзүн жоопкер сезген, өз доорунун париоту катары өзүн көргө алган улуу инсан Алымбек датка 1799- ж. туулуп, 1862-ж. 63 жашында каза болгон. Курманжан өмүрлүк жары мезгилсиз дүйнөдөн кайтканда айткан кошогу анын сөөгү Коконго коюлганын ырастайт:

Асылым менин шейитим,
Кокондо калды бейитиң[2].
Кара атыңдын жалынан,
Тумар кылсам, жан бегим,
Кабырыңа тал эгип
Чынар кылсам, жан бегим.
Боз атыңдын жалынан,
Тумар кылсам, жан бегим.
Бейитиңе гүл эгип,
Гүлзар кылсам, жан бегим.

Алымбек датканын каза болушу, Курманжандын өмүрүндөгү өтө оор жоготуу жана кооптуу жылдар болгондугуна карабастан, ал бул кайгыны акыл токтотуп, кайраттуулук менен көтөрүп, кыргыздарды башкаруу жагындагы бүткүл жоопкерчиликти өз мойнуна алып, күйөөсү чапкан саясатты андан ары уланткан.

Дагы бир белгилей кетүүчү жагдай, Алымбек датканын кыргыз элинин тарыхында ээлеген ордуна, коомдук жана мамлекеттик ишмердүүлүгүнө эки ача баа берилип жүргөндүгү. Белгилүү өзбек тарыхчысы, профессор Х. Н. Бабабеков Алымбек датканын саясий ишмердигин өзүнүн эмгегинде[3]

**[1]Урпагы И. Кадырбековдун айтымдары. Автордун өздүк архиви.**
**[2]Алай районунун Гүлчө айылынын тургуну, 1915-ж. туулган А. Жамшитбековадан жазылып алынган.**
**[3]Автордун өздүк архиви.**



төмөндөгүдөй корутундулайт. «Алымбектин көтөрүлүшү (өмүрүнүн акыркы жылдарындагы – **Т.Ө.**) өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Биздин оюбузча, эгер Алымбектин кыргыздарды жетектеген баштагы көтөрүлүштөрү негизинен экономикалык маселелерди же болбосо хандыкты башкаруучуларды алмаштыруу жана мамлекеттик иерархиянын бийлигиндеги кызмат орду сыяктуу маселелерди чечүүнү максат кылган болсо, бул жолу Алымбек өз алдынча жана көз карандысыз мамлекетти түзүүгө умтулган[1]».

Бирок кыргыз тарыхында жогорудагы окумуштуунун көз карашына таптакыр карама-каршы пикир орун алып жүрөт. Идеологияга айланган догмалык көрсөтмөлөргө таянган кээ бир «советтик тарыхчылар» улут үчүн күрөшкөн инсандарга бир жактуу баа берип келишкен. Эл эркиндигин көздөгөн эр азаматтын баары социалдык теги боюнча «бөтөн, эзүүчү таптын өкүлү» деп айыпка жыгылып, көптөгөн тарыхый инсандар караланып, тарыхтан так баасын албай келгендигин биз жогоруда белгилегенбиз. Ал көз караш совет доорунда негизделсе да, бүгүнкү күнгө чейин негизги концепция катары колдонулуп, бир топ эмгектерде кайра-кайра кайталанып жазылып келе жатат. Тоталитардык тартиптеги ал дүйнө артта калгандыгына карабастан, кээ бир окумуштуулар калыстыктан тайып, дале болсо Алымбектин инсандыгын каралоого далбасташат.

Мисал келтирсек, окумуштуу В. М. Плоскихтин: «Алымбек датка өз табынын кадимки өкүлдөрүнөн. Өз жанынын кызыкчылыгын көздөгөн каардуу, ал тургай, өзүнүн букараларынын да өмүрүн аябаган залим адам болгон. Акыркы көтөрүлүштөрдүн биринин жүрүшүндө Ош шаарынын жергиликтүү калкын ырайымсыздык менен өлтүрүүдө дал ушул Алымбек бөтөнчө айырмаланган. Ал Кокон хандыгындагы көпчүлүк саясий окуяларга жигердүү катышкан. Алайдын, Тянь-Шандын ал тургай Ысык-Көлдүн төбөлдөрүнүн ортосунда кастык отун тутандырган»[2], – деген пикири чындыкка жакындабайт. Окумуштуу **Т. Өмүрбеков «Алымбек датка жана аркалык кыргыздар»** аттуу эмгегинде: «XIX к. орто че-

**[1]Бабабеков Х. Н. Народные движения... 80-б.**
**[2]Плоских В. М. Киргизы и Кокандское ханство... 166 - 167-бб.**

нинде кыргыз элинин чыгаан мамлекеттик ишмери, кылдат жана чебер саясатчы, айтылуу Алымбек датканын ишмердиги, аркалык кыргыздардын ага мамилеси, аны ак дилден колдоосу – кыргыз уруулары тарыхый чечүүчү учурларда, татаал кырдаалдарда бекем баш кошуп, биригип турушканынын далили. Алымбек датканын калк камын жеген чыгаан саясатчы катары кадыр-баркы абдан өскөн учур, анын мамлекеттик ишмердигинин туу чокусу XIX к. 50-жж. аягы – 60-жж. башына туура келет. Дал ушул жылдарда аркалык кыргыздар дагы аны жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгын коргой ала турган жолбашчы катары колдошкону анык»[1], – деп жазган.

Чынында да биз пайдаланган архивдик материалдар, нарративдик жана тарыхый булактар, эл оозундагы айтымдар, уламыштар Алымбек датка кыргыз элинин тарыхында кандай гана шартта болбосун түпкүлүгүндө журт кызыкчылыгын жактап, эл мүдөөсүн көздөгөн келечекке көзү жеткен көрөгөч, ар кандай коомдук көрүнүшкө өзүнчө ой-пикири бар жана намыскөйлүгү менен жамы журтка кадырман болгон инсан катары тарыхка из калтыргандыгынан көрүнөт.

Окумуштуу Т. Өмүрбеков өзүнүн оюн андан ары төмөндөгүчө улантат: «Көз каранды эмес кыргыз мамлекети кайрадан калыптанып жаткан азыркы учурда элибиздин ички биримдиги, өз ара ынтымагы өтө зарыл. Буга кээде бөтөн улуттардан чыккан ашынган «күйөрмандардын» «кара кылды как жарган калыстардын» «кыйытып айтма кыйды акыл, кеңештери» шыкак болууда. Андайлардын көбүнесе карманганы түндүк-түштүк проблемасы»[2],– деп таамай белгилеген. Жогорудагы окумуштуунун совет доорунда жазган «Тянь-Шандын, ал тургай Ысык-Көлдүн төбөлдөрүнүн ортосунда кастык отун тутандырган» деген негизсиз постулаты кыргыз тарыхын окутууда азыркы учурга чейин колдонулуп келе жаткандыгы өкүнүчтүү. Кыргыз тарыхын каалагандай калчаган ошондой «күйөрман тарыхчылардын» жергиликтүү калктын тарыхына жасаган адилетсиз мамилеси, өзү суу ичкен кудукка кум салган менен барабар.

---

[1] Өмүрбеков Т. Алымбек датка жана аркалык кыргыздар. Все про Ош. Из материалов международной конференции «Ош на пороге XXI века». - 1998, Вып.1. 64 - б.
[2] Өмүрбеков Т. Аталган эмгек.



Эгерде хандыктын кызыкчылыгы кыргыз элинин кызыкчылыгына доо кетирсе, анда тез арада оппозицияга өтүшкөндүгүн «Алымбек датка Памир – Алай кыргыздарынын башкаруучусу катары кыргыздардын өз алдынчалыгын сактап калуу үчүн бир нече жолу Кокон хандыгына каршы күрөшкөндүгүнөн»[1] билсек болот.

Демек, Курманжан датканын өмүрү жана саясий ишмердиги Кокон хандыгынын ички жана тышкы саясаты менен жана анын коомдук алакалары менен тыгыз байланыштуу болгондугу табийгый көрүнүш. Ошентип, хандык башкаруунун шарттарында ар бир уруу башчысы өздөрүнүн көчмөндөрүнүн конуштарынын толук укуктуу ээси болгон жана өз букараларынын тагдырын каалагандай тескеген.

Курманжан датка жана ал жашап өткөн доор жөнүндөгү жогоруда айтылган маалыматтардын негизинде төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарсак болот:

1. XIX к. биринчи жарымында кыргыздар уруу-уруу болуп бөлүнүп, патриархалдык жана жарым феодалдык түзүлүштө жашаган;
2. Кокон хандыгында бийлик абсолюттук монархиянын бардык белгилери менен мүнөздөлүп, атадан балага же укумтукумуна мурас катары берилген жана эч кандай мыйзам менен чектелген эмес. Хандык түзүлө баштаган алгачкы жылдарда түштүктө Ажы бий башында турган адыгине урууруктук бирикмеси жигердүү роль ойногон. Кокон хандыгы Мадалы хан (1822 – 1842-жж.) башкарган жылдары Ташкент, Кожент, Каратегин, Дарваз, Куляб, Памир – Алай жерлерин каратып алып, Борбордук Азиядагы чоң мамлекетке айланган, басып алган жерлерине чептерди курдурган.
3. Кыргыздын жерлери Кокон хандыгынын административдик карамагына кошулганы менен кыргыздар ата-бабалардан бери келаткан мамилелер менен салттарга жана үрпадаттарга негизделген өздөрүнүн кадимки социалдык-экономикалык абалын жана өз алдынчалыгын сактап келишкен.
4. XIX к. кыргыздар уруу-урук болуп бөлүнүп, азыркы Каздеги Казахстан, Өзбекстан жана Тажикстандын, ошондой эле Кытай мамлекетинин батыш бөлүгүндө отурукташып, өз алдынча улут болуп бириигишине саясий жана экономикалык шарттар болбогону менен өздөрүнүн эркиндигин сактап калуу үчүн күрөшүп, Кокон хандыгынын, Цин Кытайынын ар

---

[1] Джамгерчинов Б. Очерки политической истории ... 432-б.

кандай айла-амалдарына каршы туруктуулук менен каршылык көрсөтүп келишкен;

5. Кокон хандыгынын бийлик иерархиясында алгач Анжияндын акими, өмүрүнүн акыркы жылдары биринчи вазир даражасына жеткендигине карабастан, Алымбек датка хандыктын кызыкчылыгы кыргыз элинин кызыкчылыгына карама-каршы келген учурларда, колуна курал алып көтөрүлүшкө чыгуудан кайра тарткан эмес. Мадалы хан (1822 – 1842-жж.), Шералы хан (1842 – 1845-жж.), Мала хан (1858 – 1862-жж.), Кудаяр хан (1845 – 1858; 1862-жж.) бийлик жүргүзгөн жылдарга Алымбектин саясий ишмердиги туура келген, ал каза болгондон кийин ордо башчылары Курманжан даткага эпке келүү менен мамиле жасашкан.

6. Курманжандын саясатчы жана коомдук ишмер катары калыптанып, такшалышына Алымбек датканын таасири чоң болгон, анткени «алтын баштуу аялдан бака баштуу эркек артык» деген түшүнүк үстөмдүк кылган катаал заманда Курманжандын саясий көз карашынын калыптануусуна алгач өзү менен үзөңгүлөш ала жүрүп Алымбек түрткү болсо, кийинчерээк кыргыздар менен Кокон хандыгынын, Орусия менен Кокон хандыгынын, ортосундагы айыгышкан тирешүүлөр олуттуу таасирин тийгизген.

Анткени «эркиндикти сүйгөн» көчмөн элдин башкаруучусу катары Курманжандын айлана-тегеректе болуп жаткан окуялар жөнүндө кенен маалыматы болгон, ошондуктан кыргыз элинин турмушундагы саясий жана коомдук окуяларды терең талдай билген жана «тогуз жолдун тоомунда жайгашкан кыргыз журтунан айтылуу Улуу жибек жолу өтүп, ал аркылуу өткөн кербендер төгөрөктүн төрт бурчунан акыркы кабарларды жеткирип тургандыгы шексиз». Ал эми жолдон өткөн жолоочулар үчүн Курманжандын конушунда дайыма тамак бышып, эт кайнап турган.

Ошентип, кыргыздар Кокон хандыгынын ээлигине караган менен ар бир уруу башчы өздөрүнүн букараларынын конуштарынын толук укуктуу ээси болгон жана көз карандысыз эркин саясат жүргүзүшкөн.





# КУРМАНЖАН ДАТКА ЖАНА АНЫН ДООРУ

## 1. XIX к. экинчи жарымында Борбордук Азияда Орусия империясы менен англиялык экспансиялык кызыкчылыктардын кагылышуусу. Алай жана Памир.

Курманжан датканын жашап өткөн өмүр жолун изилдөөдө эки империянын – Орусия менен Англиянын Борбордук Азиядагы атаандаштыгы жана алардын кызыкчылыктарынын кагылышуусу жөнүндөгү маселеден кыйгач өтүү мүмкүн эмес.

XIX к. башында бул эки дөөлөттүн тирешүүсү дүйнөлүк тарыхтагы олуттуу карама-каршылыкка айланып, кылымдын орто ченинде кескин күчөп кеткен.

Англия Чыгыштагы эң чоң колониялуу мамлекет катары Индияга чектеш өлкөлөрдү да басып алууга умтулган. Индиянын «илимий жактан чийилген чек арасын» түзүү деген шылтоо менен Англия Борбордук Азиядагы колониялык басып алуучулук саясатын ырааттуу түрдө туруктуулук менен ишке ашырып келген.

Арийне, бул жолдо Улуу Британия падышалык Орусия менен европалык колониячыл мамлекеттердин каршылыктарына дуушар болгон.

Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан да, өнүгүп келаткан капиталисттик өлкөлөрдүн өнөр жайы үчүн чийки заттардын эң маанилүү булактарына айланган жана Орусия менен Англия Борбордук Азияга өздөрүнүн өнөр жай товарларын сатып өткөрүүчү базар катары караган. Падышалык Орусия Ооганстан менен Кытайдын батыш тарабына карата жасап жаткан Англиянын экспансиясына каршы туруу максатында бул өлкөлөргө басып кирүү үчүн ыңгайлуу согуш аянты (плацдарм) катары Борбордук Азияга ээ болууга бөтөнчө кызыккан.

Атаандаш болгон ар бир тарап өздөрүнүн саясий аракетин актоого умтулган. «Орус аскерлери Борбордук Азияга улам

жакындап Индиянын чек араларына чукулдап келүү менен, Англиянын ээлеген жерлерине коркунуч туудурууда»[1], – деп билдирген Улуу Британиянын саясатчылары. Алар өздөрүнүн басып алуусун коргонуу жагындагы иш чаралар катары жаап-жашырышкан. Орус падышалыгы болсо жаңы колонияларга, жерлерге сатып өткөрүүчү жаңы базарлар үчүн чийки зат байлыктарына муктаж болуп жаткан. Мына ошондуктан ал Борбордук Азияга, анын ичинде Кыргызстанга Улуу Британиянын таасиринин тарашына жол бербөө үчүн бардык аракеттерди жасаган[2].

«Анткени Орусия үчүн бул аймак күч менен кошуп алгандан кийинки биринчи күндөн тартып эле эки жактуу кызыкчылыкты билдирген: **Биринчиси,** кирешелер жагындагы көз караштан алганда ички өндүрүштүн азыктары үчүн базар катары;

**Экинчиси,** колонияга айландыруу саясатынын көз карашынан алганда, борбордук губернияларга батпай кеткен калкты көчүрүп баруу үчүн жаңы облус катары», – деп көрсөткөн К. Пален өзүнүн эсеп-кысабында[3]. Орус империясынын калкы 1861-ж. реформа менен талоонго алынган. Орусияда падышалык өкмөттүн саясатына наразы болуп, турмуштун оор запкысынан чүнчүп, жарылчудай болуп, араң турган «артыкбаш калк» аталган катмар пайда болгон. Бышып жетилип келаткан каатчылыктын жана наразычылыктын кырдаалын басуу максатында, орус падышалыгы көчмөн орус дыйкандарынан жана биринчи кезекте бакубат жашаган катмардан, улуттук чет-жакалардан өзүнө таяныч түзүүнү чечкен. Андан да, 1861-ж. крепостнойлук укуктун алынып салынышынан кийин өздөрүнүн кирешелеринен жана артыкчылыктарынан ажырап калган орус дворяндарынын бир бөлүгү Борбордук Азиядан ыңгайлуу жерлерди, чиновниктик иерархиянын башкаруу аппаратынан айлыгы көп кызматка көтөрүлүүнүн зор мүмкүнчүлүктөрүн алууга ниеттенген.

---

[1]Халфин Н. А. Россия и ханства Средней Азии (первая половина). – М., 1974, 405-б.
[2]Халфин Н. А. Политика России в Средней Азии. – М., 1960, 201-б.
[3]Пален К. Приложение к отчету по развитию Туркестанского края. Материалы к характеристике народного хозяйства в Туркестане. Ч.1.отд.1. – СПб., 1911, 112-б.



Реформа Орусия империясынын буржуазиялык жолунун өбөлгөсү катары жаралуучу капиталисттик өнүгүүгө тезирээк өтүүсүнө олуттуу таасирин тийгизди. Орусиялык капитализмдин «ар тараптуу кеңири» өнүгүшү, анын сатып өткөрүүнүн кеңири базарларына жана өсүп жаткан өнөр жайына керектелүүчү арзан чийки заттардын булактарына ээ болуу үчүн жасаган аракеттери XIX к. 60–70-жж. Борбордук Азиядагы тарыхый окуялардын мүнөзүн аныктаган, анын натыйжасында эбегейсиз зор аймактарды басып алышкан.

Буга чейин эле Орусиянын Борбордук Азия калктары менен соода-экономикалык байланыштары түзүлгөн эле. Падыша өкмөтү аны кеңейтүүгө бардык мүмкүнчүлүктөрдү жасаган. Соода жолдорун кайтаруу, соодагерлерге ар түрдүү артыкчылыктар менен жеңилдиктерди берүү орус-азиялык соода-сатыгын өнүктүрүүгө таасирин тийгизген.

Адегенде падышалык Орусия сыяктуу эле Англиянын да өзүнүн колониялык саясатын ишке ашырышына соода-сатык күчтүү каражат катары кызмат кылган. Англиянын соода капиталы Борбордук Азияга бет алып, соодагер, саякатчы жана дервиштин кийимин кийген Англиянын тыңчылары

**XIX- к. биринчи жарымындагы Орто Азиядагы хандыктар.**



борбордук азиялык хандыктарга тез-тез келе турган болушту. Мына ошентип, Англиянын агрессиячыл саясаты Орусия өкмөтүнүн Борбордук Азияны, анын ичинде Кыргызстанды, басып алууну тездетүүгө түрткү берген себептердин биринен болгон[1].

Ошол эле учурда Англия өзүнүн европалык атаандаштарын Индиядан сүрүп чыгып, ал жерде өзү кең-кесири орун-очок алып калган. Андан ары колониялык экспансиянын логикасы айтып тургандай, Англиянын назары өзүнүн «Индиядагы жерлерине» коңшу турушкан Ооганстанга, Иранга, Бухарага, Хивага, Коконго жана Кытайдын батыш провинцияларына түшкөн. Англиянын начар өнүккөн бул өлкөлөрдү көздөй жылышына эки жагдай түрткү болгон. **Биринчиден,** алардын жери Орусияга – Англиянын чыгыштагы негизги атаандашына – каршы аракеттерди жасаш үчүн эң ыңгайлуу согуштук аянт болуп эсептелген.

**Экинчиден,** англиялык буржуазия азиялык бул өлкөлөргө эксплуатациялоого жана байлык топтогонго ыңгайлуу обьект катары караган.

Ошондуктан өзүнүн басып алуучулук планын иш жүзүнө ашыруу максатында, англиялык дипломатия орустар тарабынан болуп жаткан «өтө олуттуу коркунуч» жөнүндөгү маселенин айланасында ызы-чуу баштаган. Аны менен өзүнүн кезектеги колониялык басып алуусун акташ үчүн коомдук пикирди даярдаганга киришкен.

XIX к. экинчи жарымында «Памир маселеси» өзгөчө курчуп кеткен, ал кезде Орусия да Англия сыяктуу аны өз пайдасына чечүүнү көздөгөн. Ошол учурда Орусиянын согуш министри П. Ванновский Лондондун негизги максатын ачып көрсөтүп, мына буларды белгилеген: «Гиндукуштан Фергана облусуна чейин созулган жолдордун баарын өз көзөмөлүнө алуу үчүн Англия Памир менен Алайды басып алгысы келип жатат»[2].

Эки империянын ортосундагы талаш-тартыш 1895-ж. Памирде «чек коюу» жөнүндөгү англ-орус келишимин макул-

[1]Караңыз: Халфин Н.А. Политика России в Средней Азии (1857–1868 гг.). – М., 1960; Россия и ханства Средней Азии (1-я пол. XIX в.). – М., 1974.
[2]АВПР. – Ф., Стол Средней Азии. оп. 485, 864-иш папка, 138-б.



дашууга алып келген[1], аны Орусиянын, Англия менен Ооганстандын өкүлдөрүнөн турган атайын комиссия ошол жылдын жайында ишке ашырган жана бул чектөө Англия менен Орусиянын ортосундагы Памир – Алай чек арасы үчүн болгон карама-каршылыктарды күн тартибинен убактылуу алып салган.

Бирок дүйнөлүк биринчи согуштан улам (1914 – 1918-жж.) Орусия империясынын алсырашынан пайдаланып, Англия Алай – Памир чек араларын кайрадан козгойт. 1917-ж. большевиктер ишке ашырган Октябрь төңкөрүшү англиялык империализмдин бул ойлорунун ишке ашуусуна жолтоо болгон.

Расмий Пекин 1894-ж. апрелинде эле Памир – Алайдагы калыптанып калган орус-кытай чегин тааныган. Жетишилген келишим боюнча Борбордук Азия чөлкөмүндөгү, өзгөчө Алай жериндеги орус-кытай мамилелери жакшырып, кыргыз калкын манчжур-кытай бийликтеринин бул аймакка көз артуусунан сактаган. Алай кыргыздарынын жерин кайтаруу менен Түркстандагы орус администрациясы чек аранын Алай – Памир жериндеги абалына катуу көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырып турган.

Бирок чек араларды чектөө көчмөн калкка социалдык-экономикалык жактан тескери таасирин тийгизген, анткени чек сызыгынын ар кайсы жагында калган кыргыздардын Кашкар менен болгон эркин соода жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрү чектелип, жайкы жайыттарын толук пайдалана албай калышкан. Кыргыздардын кыйла катмары (диаспорасы) Кытайдын жарандары болуп калышты.

Жогоруда талдап кеткен тарыхый окуялардын баары Кыргыз элинин тарыхындагы кыйын кезеңдерде Курманжан датканын башкаруучу жана көрүнүктүү саясий ишмер катары калыптанган доорун мүнөздөп турат.

Ошентип, Англия менен Орусиянын колониялык саясаты, Цин Кытайынын кыргыз жерлерине көз артышы, бул чөлкөмдөгү эл аралык мамилелерди дайыма курчутуп турган шартта, саясий абал туруктуу эмес кырдаалда да, эркиндикти сүйгөн, ат жалынан түшпөгөн жоокер, намыска бекем элди Курманжан датка бир нече ондогон жылдар согуштук кармашууларсыз, тынч жана бейпил турмушта башкарып келген.

[1]БМАТА (ЦГВИА) – Ф., ВУА. 1396, оп.2, 67-иш папка, 180- б.

## 2. Курманжан датка – Кыргыз ханышасы (1862 – 1876-жж.)

Ар бир элдин тарыхынын тамырлары эң байыркы заманга сүңгүп кетсе да, бардык доорлордун тарыхчыларында элдин келип чыгышын аныктаган датадан берки тарыхын жазууну баштоого умтулуу бар экендигине таянып, Курманжан өмүр жолун өтөгөн Алай элинин этностук тарыхына жана чарбачылык турмушуна кайрылуудан мурда кылымдарды карыткан кыргыз тарыхына учкай токтоло кетүү жөндүү болор деген ойдобуз.

Борбордук Азияда тарыхтын сахнасындагы саясий күрөшкө б.з.ч. III к. эле чыккан кыргыздар ошол чөлкөмдө өздөрүнүн көз каранды эместигин жана таасир этүү үстөмдүгүн сактап калуу үчүн нечендеген кылымдар кудурети күчтүү жуан-жуандардын, сейяньто, уйгурлар, кидандар (кара-кытайлар), моңголдордун империяларына каршы колдоруна курал алып күрөшүүгө туура келген.

«Кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирет. Азыркы кезде Борбордук Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кезиккен бир дагы эл болбосо керек»[1], – деп жазган академик **В. В. Бартольд.** IX к. Уйгур империясын талкалап, Сибирь тайгаларынан тартып Теңир-Тоонун түндүк аймактарына чейинки аралык Кыргыз кагандыгынын аймагы болуп саналган ошол доорду жогорудагы окумуштуу **«Улуу Кыргыз дөөлөтүнүн доору»**[2] деп атаган, ал эми профессор **Ю. С. Худяков: «Кыргыз тарыхынын жылдыз сермеген сааты»**[3], – деп баалаган.

Азия талааларынын көз кайкыган кеңири мейкиндигинен тартып, Иртыш жана Амур дарыясынын бойлоруна чейинки аралыкты мекендеген **«Моголстан токойлорунун арстандары»**[4] атыккан кыргыздарга чексиз талаалар жана бийик тоо кыркалары өз ара байланыш түзүүгө көп учурда бөгөт

[1]Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы б-ча тандалма эмгектер – Б., 1997. 27-б.
[2]Бартольд В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы б-ча тандалма эмгектер – Б., 1997. 27-б.
[3]Худяков Ю. С. Кыргызы на просторах Азии. – Б., 1995, 5-б.
[4]Бартольд В.В. Аталган эмгектин 50-б.



болгон. Натыйжада кыргыздардын таң каларлыктай согуштук ийгиликтери алардын адам ресурсунун азайышына жана алсызданышына алып келген. Азиянын учу-кыйырсыз талааларында кыргыз этносунун чачырашы аларга чыгыштан кол салган моңгол тилдүү кидандар, наймандар жана кара-кытайлардын соккусуна туруштук берүүгө мүмкүнчүлүк бербеди.

XIII к. тартып Саян-Алтай аймагында калган кыргыздарды **Сибирь кыргыздары,** ал эми Чыгыш Түркстандагы жана Кыргызстандагы кыргыздарды **теңир-тоолук кыргыздар** деп аташып, алардын кийинки доорлордогу этностук тарыхы бири-биринен кескин айырмаланып калган.

XIII – XV кк. теңир-тоолук кыргыздар өздөрү менен коңшулаш, жамаатташ жашаган башка жергиликтүү түрк урууларын, анын ичинде түрктөшүп кеткен бир нече келгиндерди (сириялыктарды, аравиялык-ирандык жана түрктөшө баштаган моңголдорду) өзүнө сиңирип алган.

Тарыхы Орто жана Борбордук Азия менен байланыштуу болгон дээрлик бардык түрк калктарынын компоненттери бүгүнкү кыргыз улутуна жуурулганы кыргыз санжырaларында айтылган кыпчак, дөөлөс, жедигер, ногой, катаган, сарт, черик, мундуз, каңды, бугу, чала казак, түркмөн, кытай, моңолдор сыяктуу уруу аталыштарынан байкалып турат.

Кыргыз уламыштарында Кара хан, Огуз хан, Түрк Ата кыргыз элинин түпкү бабаларынын бири катары айтылат. Кыргыздардын эзелтеден келаткан доорлорго таандык тарыхый мекени катары чыгышында Эне-Сай, Селенга, Орхон, Тыва, Хакасия, Алтай, Теңир-Тоо кыркалар системасы, батышында Памир, Бадахшан, Кожент, Ферғананын айрым өрөөндөрү, Анжиян, Жызак тоолору көрсөтүлөт. Ал тургай байыркы түрк тилинде сүйлөгөн көчмөн элдер аябагандай чоң аймакта – батышы Дунай, Балкан өлкөлөрүнө чейинки мейкиндикте чабылып-чачылып, канчалаган көчмөндөр жергиликтүү элдерге аралашып сиңип кеткен.

Кылымдар бою кыргыздардын жашоо-тиричилигинин негизин көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгы түзгөн. Алар бийик тоолуу аймактарды мекендешип, мал багууга ыңгайлуу жерлерде көчүп-конуп жашашкан. Чарбачылыгынын негизин жаратылыштын оор шарттарына ыңгайлашкан мал чарбасы түзүп, кышкысын кошумча тоютту көп талап

кылбаган малды – жылкыларды, топоздорду, кылчык жүндүү кой, кара мал багышкан.

Кыргыздардын мал чарбачылыгында жылкы өзгөчө роль ойногон. Анткени, көчкөндө унаа, жоого минсе жоокердин канаты болуп, ал өзүнүн чыдамкайлыгы, ойдо-тоодо бирдей жүргөнү менен ыңгайлуу жаныбар эле. Ошол эле учурда эти жана сүтү азык болгон. Кыргыздын малы кышында кол карабай, дайыма талаада оттогон. Деги эле мал чарбасы көчмөн калк үчүн териси – кийим, эти, сүтү – тамак, жүнү – буюм-тайым катары пайдаланылып, жашоо булагы катары кызмат кылган. Кыргыздарда акча-товар мамилеси начар өнүккөндүктөн, тышкы базарлардан келген соодагерлер менен соода-сатык негизинен алмашуу мүнөзүндө (бартер) болуп, соодада акчанын эквиваленттинин ролун көпчүлүк учурда мал аткарган. Кыргыздардын коомдогу социалдык орду малынын көптүгүнө карап бааланган, анын жылкысынын жана коюнун саны канчалык көп болсо, кадыр-баркы ошончолук жогору болгон.

Андан сырткары кыргыздар мал чарбачылыгы менен бирге белгилүү өлчөмдө эгин эгишкен, өзгөчө климаты жылуу тоо этектериндеги ойдуңдарда жашаган кыргыздар аштык айдашып, дыйканчылык кылышкан. Көчмөн турмушка ыңгайланган кол өнөрчүлүгү да өнүккөн. Колунан көөрү төгүлгөн усталар менен зергерлер көчмөн турмуштун керектөөсүн канааттандырган ар кандай буюм-тайымдарды жасашса, уз аялдар үй-тиричилигине, эмеректерине керектелүүчү түрдүү кооз оймо-чиймелерден турган саймаларды сайып, шырдактарды шырышып, ала кийиздерди жасашып, көчмөн турмушка көрк берүүгө аракет кылышкан.

Курманжан датка жашаган Алай өрөөнү жеке эле географиялык түшүнүк эмес, ал эң алды менен азыркы учурдагы Жерге-Тал районун, Чоң-Алай, Кара-Кулжа, Өзгөн, Ноокат, Кара-Суу райондорунун кеңири аймагын камтыган, ири тарыхый жалпылыгы бар чөлкөм. Ошондуктан Алай өрөөнүнүн тарыхын изилдөө азыркы учурдагы Алай районунун саясий-административдик чегин эле эмес, андан бир топ кеңири аймакты камтыйт.

Курманжан датка ошол аймакты 1862-ж. Алымбек каза болгондон кийин ондогон жылдар бою Орусия империясы



тарабынан Кокон хандыгы биротоло жоюлган 1876-ж. чейин өз алдынча башкарган.

Түштүк Кыргызстан Орусиянын карамагына Фергана облусу катары каратылып, Борбордук Азия чөлкөмү колонияга айлангандан кийин да, Датка орустардын аскердик бийлик төбөлдөрү менен таасирдүү саясий ишмер катары мамиледе болуп, балдары ар бир уезддин башчылары болуу менен, кыйыр түрдө бийликке таасир этип турган.

Окумуштуулардын аныктоосу боюнча, азыркы Ала-Тоо аймагы Кыргызстан аттуу саясий аталышын XV к. тартып ала баштаган жана тээ байыркы ата-бабадан келе жаткан салттык санжыра боюнча, кыргыз уруу, уруктары жалпы жонунан **аймактык-саясий маанидеги эки чоң топко – оң** жана **сол канатка** жана **ичкилик тобуна** бөлүнчү. Мындай бөлүнүүгө географиялык, экономикалык жана саясий факторлор себеп болгон.

Ар бир уруунун өз уруу башчысы болуу менен, алар ар жылы шайланып турган, ар бир уруунун өзүнүн **эн тамгасы, туусу**[1], ар бир уруу башчысынын **жеке мөөрү,** ал тургай **аскердик урааны** боло турган. Алар жеке эле уруулук-уруктук жакындык боюнча эмес, аймактык жакындык боюнча да биригишкен. Окумуштуулардын чыгарган тыянагына караганда, кыргыздардын өткөн кылымдардагы уруулук бирикмеси формасы боюнча уруулук, «мазмуну боюнча мамлекеттик бийликтин формаларынын бирин көрсөтүп, гректердин карлик (шаар-мамлекеттерин) полистерин элестететткен»[2].

Оң канат кыргыздарга же Ак уулдан тарагандарга – адигине, тагай, мунгуш уруу бирикмелери кирсе, сол канат кыргыздарга – же Куу уулдан тарагандарга – кушчу, мундуз, саруу, басыз, кытай, жетиген, чоңбагыш ж.б. уруулар кирген. Ичкиликтерге кыпчак, найман, тейит, кесек, бостон, нойгут, төөлөс, ават сыяктуу уруулар кирген. Өз учурунда чоң уруулар майда уруктарга жиктелген. Маселен, адигине уруу бирикмеси жору, бөрү, карабагыш, сарттар, баргы (баргы өз учурунда тооке, олжоке, тилеке, мөнөк, савай, бакал ж.б.

[1]Худяков Ю. С. Кыргыз туулары. // Мурас. (Илимий, көркөм-адабий журнал). – 1993, № 1-2. 9-б.
[2]Сапаралиев Д. Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII в. – до сер. XIX в.– Б., 1999. 10-б.

уруктардан турган.) Алай аймагын негизинен жогорудагы уруктар жердеген.

1876-ж. генерал М. Д. Скобелевдин Памир – Алай аймагына уюштурган согуштук-илимий экспедициянын курамында келген Л. Ф. Костенконун революцияга чейин жыйнаган маалыматтарына караганда адигине уруусун ардай, бөрү, жору, баргы, карабаргы, көкчө, олжоке, савай, сарыбаргы, сарттар, тооке, элчибек ж. б. уруктар түзгөн[1].

XIX к. орус тарыхчысы **Н. А. Аристов** адыгине уруусун изилдеп негизинен ошол эле урууларды атаган[2]. Казактын белгилүү окумуштуусу Ч. Валиханов кыргыздардын «оң жана сол канат» болуп бөлүнүүсү жана түштүк кыргыздардын конушу жөнүндө мына буларды жазган: «Адгэне (адыгине – **Т. Ө.**) кыргыздары Фергана өрөөнүндө Маргалаң жана Ош шаарларынын айланасында дыйканчылык кылышат. Ал эми жайды Оштон Коконго чейинки тоолордо өткөрүшөт. Наймандар, кыпчактар жана кийинчерээк кыргыз элине кошулуп кеткен кытай уруктары Оштон Бадахшанга жана андан ары Кара-Корум кырка тоолоруна чейин созулган Памирдин тоо этектерине чейин көчүп-конуп жүрүшөт; алар менен бирге ичкиликтер жана адыгинеден тараган башка уруктар да чогуу көчүшөт»[3].

Бул жерде белгилей кетүүчү жагдай, кыргыз санжырасындагы маалыматтарга караганда, кыргыздардын негизги топтору Анжиян, Наманган, Фергана, Жызак, Замин, Жети-Кечүү, Саңзарда, Кокон, Ташкент облусунун Бөкө, Чыйырчык тарабында орношуп, азыркы Өзбекстандын аймагындагы кыргыздардын чоң топтору көбүнчө тоолуу жерлерди мекендешкен. Алай тоо кыркаларынан уланган Түркстан тоо кыркалары аркылуу, Заминден ары Самарканд, Жизактын тоо жагында отурукташканын байкайбыз.Алайлык кыргыздардын уруулук жана этностук тарыхын изилдөөдө, **С. Закировдун**: «Адыгине ичиндеги баргылар жөнүндө сөз болгондо, кыпчактардагы баргылар жөнүндө сөз козгобой коюуга

[1]Костенко Л. Ф. Военно-научная экспедиция на Алай и Памир. // Военный сборник. – 1887. № 4, 372-б

[2]Аристов Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народ-ностей и сведения об их численности. // Живая старина. Отд. Этнографии. Вып. 3-4, отд. 1. – СПб., 1896, 437-б.

[3]Валиханов Ч. Ч. Собр. соч. Т. 3. – Алма Ата, 1985. 352-б.



болбойт, кыргыздардын ичкилик тобуна кирген кыпчак уруусунда таздар, баргылар деген уруктар учурайт. Мен булардын аты уйкаш экенин, же адыгинеден кыпчакка же кыпчактан адыгинеге киргенин так ажырата албадым, бирок кыпчактар байыркы эл экенин жана алар капкачан бөлүнүп кетип, батыштагылар мадиярларга сиңип, төмөнкү Дунай, Балканга кирип кеткен кыпчактарда баргы, таздар уруктары жолукканын тарыхтан билдим»[1], – деп жазганы кандайдыр бир деңгээлде кызыгууну туудурат.

Ал эми белгилүү окумуштуу, этнограф **С. Аттокуров:** «Адыгиненин өмүр жолу XIV к. экинчи жарымына – XV к. биринчи чейрегине туура келет. Генеалогиялык таблицага, санжырага караганда, байыркы кыргыздардын ак сөөк, бийлөөчү бөлүгүнүн тукуму. Анын ата-бабалары кыргыздардын хандары, бийлери болушкан»[2],– деп көрсөткөн.

Архивде адыгине менен муңгуш урууларынын саны жөнүндө «XIX к. 70-жж. адыгине уруусу – 3145, муңгуштар – 1225 боз үй болгон»[3] деген маалымат сакталган. Н. А. Аристовдун маалыматына караганда, XIX к. экинчи жарымынын башталышында 77506 түтүн кыргыз болгондугун жана аларда 304366 кыргыз жашагандыгын билебиз. Фергана облусунда 110 миң, Самарканд облусунун Кожент уездинде 9370, Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездинде 47 миң, Жети-Суу облусунда – 137218 кыргыз жашап турган[4].

Мындан тышкары, Цин Кытайында 10 миң, Бухара хандыгына караштуу аймакта 40 миң кыргыз бар экени белгилүү[5]. Бирок жогорудагы сандар андагы кыргыздардын толук санын билдирет деген жыйынтык эмес, анткени, биринчиден жер которуп жашаган элдин так санын алуу кыйын болгон. Андан да кыргыздар салык төлөөдөн качып, көп учурда (өзгөчө Кокон хандыгынын мезгилинде) өздөрүнүн мал-жандарынын так санын беришкен эмес. Экинчиден, автор көпчүлүк майда уруктар жөнүндөгү маалыматтарды толук келтирбеген. Үчүнчүдөн, адам каттаганга кыйын болгон капчыгай-

[1]Закиров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 1996. 222-223-б.

[2]Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. – Б., 1995. 66-б.

[3] Өзб. БМА. Ф. И – 715. оп. 1, 68-иш папка. 236-б.

[4]Аристов Н. А. Заметки об этническом составе.., 396-б.

[5]Аристов Н. А. Аталган эмгек. 443-б.

лардын, бийик тоолуу жайлоолордун төрүндө жашаган урууллардын эсебин алуу дегеле мүшкүлдү туудурган.

Памир – Алай, Ат-Башы, Алайкуу жерин жердеген кыргыздар Синьцзяндын (Чыгыш Түркстан) аймагына жайлоого чыгышса, ал жактагы кыргыздар жайыттын ыңгайына карап жер которуп бери көчүп келишчү. Ал учурда чек ара ачык болгондуктан, туугандар бири-бири менен эч тоскоолдуксуз байма-бай катташкан. Ошондуктан да көчмөн калктын так санын алуу кыйынчылыкка турган.

Кокон хандыгынын мезгилинен тарта Ош чөлкөмүндө жашаган кыргыздар Алайга жана Чоң-Алайга көчүшкөн. Адыгиненин көп сандаган бутактары, атап айтканда, жору, савай, сарттар, тооке, олжоке жайында Көк-Сууга жана анын майда сууларын жээктеп конушкан жана кышкысын Терек-Даван чоң жолун бойлой Сары-Таш капчыгайында жашап калышкан. Мунгуш уругунан тараган кодогочун, жапалак, жоош уруулары малын Караван-Кол (Кабылан-Көл – **Т. Ө.**) жака белиндеги Той-Чыкмак жана андан ары Нура тоолоруна чейинки жерлерге таштап кетишчү. Бул малдын ээлери Ошто кышташаар эле»[1].

Жалгамышта жылга бар, ал жер «Байбиченин жылгасы» деп аталат. Качуурадагы бектердин жайлоосу кийинчерээк Кадырбектин жайлоосу деп аталып калган.

Курманжан датка башкарган жылдарда нечендеген жортуулдарды, кагышууларды башынан кечирген Алай жергесинде бейпил, тынч турмуш өкүм сүргөн. Уруулар арасында кээде чыга калчу кагылыштарды Курманжан кылдат жана акылман билгичтиги менен тынчытып, өз жергесинде уруулар ортосундагы бүлүндүрүүчү согуштарга жол берген эмес. Алай элинде азырга чейин «тоодой тоокени жеңдей савай жеңиптир» деген лакап бар, ал аңыз кепке айланган окуянын күбөсү Курманжан датка болгон. Ал Алай элинде мындайча айтылат.

Будалыктагы Тамга-Терек деген жерде савай уруусунан каракчы чыккан. Ал Ошту көздөп мал айдаган тоокелердин малын, кайра кайтса базар-учарлыгын тоноп, тартып алып турган. Өзүнүн жасаган ишин эрдик эсептеп, «тоодой тоокени, жеңдей савай жеңиптир», мен жалгыз болсом да канча-

[1]Абрамзон С. М. Киргизы. // Народы Средней Азии и Казахстана в 2-х томах. – М., 1963. Т.2, 65-б.



лаган тоокелер менден коркот деп мактанчу экен. Чындыгында кууш капчыгайдагы жалгыз аяк жол тар болгондуктан, адамдар бириндеп, каракчыга байкатпай өтүүнүн айласын жасап, төөлөрүнүн оозун байлап өтүшчү. Бүлөөлүдөн Будалыкка түшүп, Кабыландын бели аркылуу Ошко барышчу. Талоондон тажаган тоокелер Курманжан даткага арызданышкан. Ал казыларды чакырып, каракчыны элден талап-тоноп алгандарын төлөп берүүсүн жана эгерде каракчылоосун токтотпосо, журттан көчүп кетүүсүн талап кылат. Казылар каракчыга тогуздан айып салат. Ошондон кийин гана каракчы жолоочуларды тоногонун токтоткон[1] деп эскеришет алайлыктар.

Бардык кыргыздардай эле алайлыктар да урууга, бир нече ондогон боз үйлөргө, айылдарга бөлүнүп конушкан. Көчмөн айылдын саны дайыма өзгөрүп турчу, көпчүлүк учурда боз үйлөрдү тегерете тигишчү, мунун өзү сырттан боло калуучу ар кандай кокустуктардан (чабуулдардан же барымталардан) айылды сактап калуу максатын көздөгөн. Жайкысын боз үйлөр дарыялардын жээктерине суу бойлой узак аралыкка чейин бир кырка тигилчү. Курманжан датка өз көчү менен Көк-Суу, Кызыл-Суу, Нура, Чоң-Мурун, Ажыке, Демей, Качура жайлоолорун жайлаган.

Алайлык кыргыздар да мезгилге карай жер которуп, тоо этектериндеги аба ырайы жана табигаттын шарттарына ылайык улам жогорулап көчүп олтурган. Көчүп-конгонго ыңгайлуу боз үйлөрдү ага шайкеш келген буюм-тайымдарды, кийим-кечелерди пайдаланууну талап кылган.

Орус саякатчылары А. А. Кушакевич, А. Г. Серебренников Н. А. Северцев, А. П. Федченколор жана чет өлкөдөн келип кыргыздардын тарыхын, этнографиясы менен маданиятын изилдөөчүлөр көп учурда көргөн окуялардын күбөлөрү катары маалымат калтырышкан.

Мисалы, **А. А. Кушакевич** кыргыздардын жазгы көчүн жана Кыргызстандын жаратылышынын климаттык өзгөчөлүгүн сүрөттөп: «Адатта, май айынан тартып күндүн ысый башташы менен, алыскы тоолордогу жайлоолорго көчүү башталат. Көчмөн малчылар улам тоо өрдөп көчүп олтуру-

[1]Алай районунун тургуну, 1928-ж. туулган М. Жакишевден жазылып алынган. Автордун өздүк архиви.

шат жана июндун аягында ак мөңгүлөрдүн түбүндө бийик тоолуу жайыттарга чейин жетип барышат. Ал эми күзгө карата суук түшө баштагандан тартып кайрадан бийик тоолуу жайыттардан тоо этектеп өрөөндөргө көчүп келишет. Ноябрь айларында бардык айылдар өз-өз кыштоолоруна конуш тигип, жайланышып калган болот. Ар кандай кыйынчылыктар, кем-карчтар менен коштолуучу эң кыйын мезгил – кыш мезгили болот»[1], – деп жазган.

Андан кийинки кыргыздардын жазгы көчүн баяндаган **А. Г. Серебренниковдун** мына бул байкоолору да Датка жашаган доорду элестетет. «Өрөөндөрдөгү дайралардын жана ойдуңдардагы көлдөрдүн жээгинде кыштаган алар, жайкысын өздөрүнүн короо-короо малы менен тоолорго чыгып кетишет жана деңиз деңгээлинен 14–15 миң фут[2] бийиктикте көчүп-конуп жүрүшөт, ал жерлердин чөптөрү укмуш жана өрөөндөгү малдардын мазасын алчу чиркей, сайгак, кене ж.б. чымын-чиркейлер жок. Кыргыздар тоо этектериндеги жайыттардын чөбүн кышка калтырышат, мунун өзү өтө маанилүү, анткени алар кышка карата тоют даярдашпайт. Эт, сүт азыктары (айрыкча кымыз) мол болчу бул мезгил көчмөндөрдүн турмушундагы эң сонун учур болуп эсептелет[3].

Саякатчы-геолог **Д. Л. Иванов** белгилегендей, алайлык кыргыздардын кыштоолоруна салыштырганда памирлик кыргыздардын жашоосу климаттык шарттардан улам өтө татаал болгон. Ал муну **«Памирге саякат»** аттуу эмгегинде көрсөткөн. «Памирдик кыргыз турган турпаты менен көчмөн, отурукташып жашоону таптакыр сүйбөгөн, андагы шамал менен сууктардын арасында жашаса да, эч кандай сууктан коркпойт»[4].

Орус саякатчысы **Б. В. Станкевич** өзүнүн эскерүүлөрүндө, «Деңиз деңгээлинен 1030 м бийиктикте турган Оштун өзүнөн башталуучу Гүлчөнүн чоң жолу дайыма өрдөп отурат.

[1]Кушакевич А. А. Сведения о Ходжентском уезде. // Записки ИРГО по общ. геог-и. Т.4. – СПб., 1871. 229 – 230-б.

[2] Фут – 30,479 см. барабар болгон орустук жана англиялык узундук өлчөм: саржандын 1/7 бөлүгүнө барабар узундук өлчөмү.

[3]Серебренников А. Г. Памир. // Ежегодник Ферганской области. Т.1. – Новый Маргелан, 1902. 140-б.

[4]Иванов Д. Л. Путешествие на Памир. // ИРГО.Т.20, вып.3,отд. 2.1884. 237-б.



Жолдун эки жагында кыргыздар жашаган кыштактар жыш жайгашкан, алардын ичинен эң чоңу Мады, Оштон ары 12 чакырым алыстыкта жол боюнан орун алган. «Алай кыргыздарынын ханышасы» Датканын кыштоосу ошол жерден өтөт жана Курманжан датка жайкысын Алай тоо этектерине көчөт. Анын кызматкерлери жасаган жагымдуу кымыздын даамын мен да татып көргөм»[1], – деп жазган.

Ошентип, Датка өмүрүнүн акыркы жылдарына чейин жыл сайын ала-шалбырт жаздан тартып жогорулап, Алайдын бийик тоолуу жайыттарында жайлап, ал эми суук түшкөндөн баштап ылдыйлап, Мады айылында кыштаган.

Датканын өз элиндеги байбичелер менен болгон мамилеси жөнүндө **Маатазим уулу Омарбек карыя** минтип эскерет (1991-ж. ал 104кө чыккан экен): «Датка менин чоң энем Бапик менен жакшы мамиледе эле. Жайлоодо коюу чөптүн үстүнө шырдак же көлдөлөң салдырып алышып алар көпкө чейин өткөн-кеткен окуялар жөнүндө аңгемелешчү. Жайлоонун кооз жерлерин бирге кыдырышып, жаңылыктарды айтышып, конокко да чогуу барышчу, бирин-бири урматтап кымызга чакырышчу. Датка менин чоң энеме караганда улуураак эле. Кийинчерээк датка Каргаша айылында жашаганда да бул байланыш үзүлгөн эмес»[2].

Бардык көчмөн элдер сыяктуу эле алайлык кыргыздардын социалдык-экономикалык алакалары жана ички башкаруу тартиби байыркы ата-бабалардан келаткан салтка негизделген. Адатта, калктын жайлоого же кыштоого көчүү процессинин уюштурулушу уруу башчылары тарабынан тескелген. Ошондуктан калктын жайлоого же кыштоого көчүүсү Датканын толук көзөмөлүндө турган. Датканын урпактарынын эскерүүлөрүндө, кыргыз көчү элеттин куттуу күнү, жан-дүйнөнүн рухий майрамы катары эсептелген, ага күн мурунтан даярданышып, өтө чыдамсыздык менен күтүп, үлкөн жоопкерчилик мамиле жасалган. Мезгил келген сайын жылда болуучу көчтүн учурундагы уруу башчыларынын укуктары чынында да адам суктанарлык болгон.

[1]Станкевич Б. В. По Памиру. // Русский вестник. – 1904. № 8. 624 – 657-б.

[2]Кочкорбаев А. 104 жаштагы карыя эскерет.// Ленин жолу.–1991, 14-июль.

Көч башын жерди алдын-ала иликтеп, жолду жакшы билген ардактуу аксакалдар башташат, артынан койлорун, ири мүйүздүү малдарды, жылкылардын үйүрүн жана төөлөрдү чубатып айдашат, алардан соң көрктүү кийинишкен аялдар, кыз-келиндер жана балдар жүк тарткан унаа үстүндө кетет, кербендин эң артында кызматчылар жөнөйт. Керемет кыргыз көчү болжогон жерде бир заматта кооз жасалгалан-ган, төгөрөтө курчалган он же жыйырма боз үйдөн турган көчүп жүрчү айыл пайда болот.

Дүйнөдөгү элдердин турак үйлөрүнүн көптөгөн маселелери камтылган тигил же бул элдин өткөн же азыркы мезгилдеги турак жайына чейин изилденген эмгектер этнография илиминде көрүнүктүү орунду ээлейт. Жеке эле кыргыздар эмес, көчмөн турмушта жашаган көптөгөн Чыгыш элдери үчүн боз үй уникалдуу курулуш болгон. Көчмөндөрдүн бүткүл жашоо-турмушу ошондо өткөн. Боз үй чечүүгө, тез арада чогултуп кайра тануууга, көчкөндө унаага жүктөөгө өтө жеңил, ал түгүл аны айрым таңып жүрүп кетүүгө же тез курاштырып тигүүгө ыңгайлуу болгон. Элеттиктер көчкөндө боз үйдүн жыгач-ташы, кийиздери жылкы, топоз, төөлөргө жүктөлчү. Боз үйлөр адатта 5–6 канаттан, чоң боз үйлөрдө 8–12 канаттан турган керегелери тегерек кылынып жазылып, бириктирилет да, ага эки жакка ачылма каалга орнотулат. Боз үйдүн орточо диаметри 5м, бийиктиги 3,5 м жетет. Оокаттуу кыргыздардын бир эмес, бир нече боз үйү болгон.

**В. В. Гумилев** көчмөндөрдүн боз үйү жөнүндө: «Жаратылыш менен тыгыз байланыштуу болгон көчмөндөр үчүн боз үйдөгү турмуш өзүнүн каалагандыгы эмес, зарылчылык болгон. Жайкысын талаанын чөбү күйүп, мал жайлоого, тоо шалбааларына жайылууга тийиш. Кышында болсо тоолорго кар калың түшүп, мал түздүккө түшөт. Бул жерде кар жука болгондуктан мал анын астынан кургак, кыйла азыктуу чөптү тээп жей алат. Ушундай тиричиликте көчмө турак жай баарынан мыктысы болуп саналат»[1], – деп белгилеген.

Кыргыз көчүнө күбө болгон орус саякатчысы **В. Г. Котельников:** «Боз үй кыргыздардын турагы, чоң тегеректи тегерете керөге тартылып, анын үстүнөн кийиз тартылат, үстүнө жарык кирчү түндүк орнотулат. Ак сөөк, бай кыргыздар ак кийизди пайдаланышат, ал эми айрым уруу башчыларынын боз

[1]Гумилев В. В. Байыркы түрктөр. – Б., 1999. 74-б.



үйлөрү кызыл нооту менен жабылып, жибек кездемелер менен таңылат, жерге килемдер, шырдактар жана кийиздер төшөлөт. Ушул эле жерде чоң-чоң табактар, казандар, башка коюулучу жаздыктарга ылайыкталган жыгачтар жана кымыздын чаначтарын сактай турган сандыктар да турат, уруу аксакалдары өздөрү көчтү уюштурууну жана көчтүн тартибин сактоону жөнгө салып, жайлоолорду, жайыттарды бөлүштүрүүчүлөрдөн жана элдик каада-салттарды сактоочулардан болушкан»[1], – деп жазган.

Окумуштуу **А. Беделбаев** Курманжан датканын боз үйү сыртынан жана ичинен бөтөнчө кооз оймо-чиймелер менен кооздолуп жасалган боолор тартылып, ак кийиздер жабылып адатта шаңдуу жана кооз жасалгалангандыгын белгилеген[2]. Үйдүн ичи кийиз, шырдак, жүндөн токулган ар түрдүү килем, оймолуу жасалгалар, кооз түр салынып, чырмалган чий чыгдандар менен жабдылган. Ошону менен анын ар кандай чоңдуктагы, бир нече боз үйлөрү болуп, алар үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө, келүүчү меймандарга, тамак-аш бышырууга арналып тигилчү.

Бардык башка кыргыздардай эле алайлыктардын коомдук турмушунда **сот иши** зор мааниге ээ болчу. Ал шайлоо жолу менен келген **элдик казылар** деп аталган бийлердин колунда болгон. Адатта, соттун же казынын милдетин административдик бийликтеги уруу башчылары аткарышкан. Аларга өз букараларына саясий жактан таасир көрсөтүү вазийпасы да жүктөлгөн. Айтымда, Курманжан элдин коомдук жана саясий турмушундагы ар түрдүү талаш-тартыш маселелерди чечүүнү өзү көзөмөлгө алган. Элеттик бийдин башкы милдети – калктын чарбалык ж.б. талаш-тартыш маселелерин чечүү болгон. Бир уруу менен экинчи уруунун ортосундагы олуттуу талаш-тартыштар жана маанилүү иштер бийлердин курултайында карала турган. Түштүк кыргыздарда бийлердин сотунан башка казылардын соту да иштеген, бирок алар Ферганнын отурукташып калган калкынын ара-

[1]Котельников В. Г. Ферганская область. Живописная Россия. – СПб., 1885, 214-б.
[2]Беделбаев А.Курманжан датка жана кыргыз маданияты. Заман Кыргызстан. – 1994. 16 – 31-март.



Алымбек уулу Мамытбек боз үйдүн жанында.

сында кеңири тараган. Элдик салт боюнча казылардын сотуна каалаган адам катыша алган[1].

«Санкт-Петербург ведомосту» журналы: «Баштагы Кокон хандарынын саясатын Кудаяр хан мурдагыдан да катуу улантмак болду. Өзүнүн өзгөчө каада-салты жана үрп-адаты менен жашаган жана кадимки укук же салт боюнча башкарууга көнүп калган көчмөн калк күч менен шариятка баш ийдирилгендигин» белгилесе, Фергана облусунун аскердик губернатору К. К. Абазанын билдирүүсүндө: «Бир жолу Кудаяр хан алайлык көчмөндөргө салык салам деп аракет кылды, бирок Курманжан датка буга жол бермек мындай турсун, кошумча жеңилдиктерди берүү жөнүндөгү күбөлүккө кол коюуга аргасыз кылган»[2], – деп жазат.

Демек, Курманжан датка карапайым калың калкты чектен ашкан хандык салыктардан да коргоп келген.

[1]Бардашев Г. Сведения о дикокаменных киргизах. // Туркестанские ведомости. – 1870. № 15.

[1]Абаза К.К. Завоевание Туркестана. – СПб., 1902. 219-б.



Ошентип, Курманжан датка өз карамагындагы кыргыздарды көчмөн турмушта бир нече кылымдардан бери калыптанып калган, кадимки көндүм болгон салттардын негизинде башкарган. Калк арасына сиңип калган адилеттүү бийлик жөрөлгөлөрү байыртан бери келаткан уруулардын биримдигин жана ынтымагын чыңдаган. Нечен кылымдардан бери калыптанган бул асыл нарктар көп муундардын акыл парасатын чагылдырып турат. Датка элдик улуу наркнасилди унутпоо керек деп эсептеген. Бул эң оболу улууларды урматтоо, ата-энелерди кастарлап сыйлоо, айрыкча элдик ар-намысты бийик тутуу, өз мекенин сүйүү, бири-бирине чын пейилден жардам берүү, башка кырсык түшкөндө колдоо көрсөтүү жана дайыма меймандос болуу сыяктуу эң жогорку адеп-ахлак көчмөн калктын руханий маданиятынын бийик туусу болгон.

Жылдын кайсы мезгилинде болбосун, жайлоодо болобу же кыштоодобу, Датканын чоң боз үйүнүн алдында дайыма казан толо эт кайнап, меймандын аягы үзүлчү эмес. Айтымда андагы даярдалган тамак-аш жол жүрүп бараткан жолоочуларга жана кедей-кембагалдарга, жарды-жалчыларга берилген. Ал учурда тамак сатуу жат көрүнүш катары бааланган, ар бир боз үйдүн ээси жолоочуну «ак ичип кетүүгө»[1] чакырчу.

Баш кошкон жаш жубайлардын үйлөнүү тоюн, баланын төрөлүшүн (жентек той, бешик той, тушоо кесүү) же Чыгыш элинин жаңы жылдык майрамы Ноорузду тосууга арналган мааракелерди жамы журт чогулуп бирге белгилешкен. Каза болгон адамды акыркы сапарга узатууда сөөк коюунун каадасалтын сакташкан.

Датканын белгилеп кетүүчү дагы бир рухий касиети анын кошокчу болгондугунда. Ал элдик оозеки чыгармаларга өзгөчө маани берген. Комузда кол ойнотуп, кыргыздын кылымдарды карыткан карт тарыхын комуздун үч кылына салган кыргыз күүлөрүн кулак төшөп угуп, мукам үнү менен адамдын жан-дүйнөсүн козгогон ырчыларды жана төкмө акындардын өнөрүн жогору баалаган. Ырдаса таңдайынан чаң чыккан жез таңдай акындар өткөндөгү эрдикти даңазалаган, каада-салтка, турмуш-тиричиликке байланыштуу болгон ырлар менен катар комуздун коштоосунда махабат ырларын

[1] Ак ичүү – айран-сүт ичип, даам татып кетүү деген маанини түшүндүргөн.

ырдашкан. Ошондой акындардын бири **Токтогул ырчы** менен Курманжан датканын жолугушуусу жөнүндөгү маалыматтар эл оозунда азырга чейин айтылып жүрөт.

Ал гана эмес, кыргыздын XIX к. зор гуманист жана философ акындарынын ири өкүлү, тарыхчы жана саякатчы **Молдо Нияз** (1823–1896-жж.) менен байланышып баарлашканын далилдеген ыр саптар акындын **«Экинчи кол китебинде»:**

Көрдүм жүрүп далайды,
Кара-Тегин, Алайды.
Кашкар менен Кабакты, –

деп жазылган, андан ары **«Курманжан датка»** аттуу бөлүгүндө:

«Камчыбекке кабыр кыл,
Мурзапаяз, Мамытбек,
Баатырбекке сабыр кыл.
Алымбектей дарман кыл,
Абдылдабекти арман кыл,
Асанбекке шүгүр кыл,
Акыретти фикир кыл»[1], –

деп датканын балдарынын кайгылуу тагдырына көңүл айтып келгендиги жөнүндөгү эл айтымдарын жогорудагы саптар тастыктайт.

Орус саякатчысы **А. П. Федченко:** «Алайдын жогору жагындагы башкы башкаруучу кыргыз айымы Курманжан датка болуп эсептелет. Азиянын аялдарынын түнт келерин эске алганда, бул билдирүү таң каларлыктай көрүнүшү ыктымал. Анын күйөөсү Алымбек датка Кокон хандыгындагы элге төбөсү көрүнүп калган белгилүү адамдардан болгон. Алымбек каза тапканда, анын бийлиги акылдуу, кайраттуу аялына өтөт. Азия аялдарынын басынып келгенине карабастан, ал бийликти өз колуна сактап кала алган, башкаларды өзүн сыйлоого мажбур кылган»[2], – деп өткөн доордогу азиялык аялдардын коомдогу социалдык абалына баа берет.

Орус саякатчылары Азия деген географиялык түшүнүктү жеке эле түнттүк же артта калуучулук менен түшүндүрүү туура

[1]Молло Нияз. Санат дигарастар. Курбанжан датка. – Б., 1993. 101–105 -б.
[2]Федченко А. П. Путешествие в Туркестан. – М., 1950. 37-б.



эмес экендигин, кыргыз аялдарынын эркиндиги алда канча мурунку доорлордон бери жашап келгендигине өздөрү жазган ошол эле азиялык «аял башкаруучунун» тагдыры мисал болуп тургандыгын таназар алышкан эмес.

«Датка саякатчыларды өзүнүн үйүнүн жанынан күтүп алды. Анын үстүндө жашыл жибектен тигилген чепкен, анын жакасына кундуз тигилип, өңүрүнө жылтырак кадалган. Башында ак жибектен оролгон бийик элечек. Адатта болуучу саламдашуудан кийин датка конокторду өзүнүн боз үйүнө, конок үйүнө чакырды, анын ичинде тегерете килемдер жана коолдуктар илинип жасалгаланган эле»[1], – деп жазышкан орус саякатчылары.

Советтик доордо катуу сынга алынган же таптакыр жокко чыгарылып, саясий идеология тарабынан бурмаланган темалардын бири **диний ишеним** болуп эсептелет. Батыштын өнүккөн өлкөлөрүндө ар бир атуулдун мыйзамдык укуктарынын бири диний ишенимдин эркиндиги болсо, советтик идеологияда бул маселеге катуу каршылык көрсөтүлгөн жана «дин – элдин башын айландыруучу апийим» катары бир жактуу каралып келген.

Партиялык идеология өзүнүн катарындагы коммунисттерди айыпка жыгуунун бирден бир куралы катары динди пайдаланышкан, эгерде советтик же партиялык кызматтагы адамдардын исламга болгон ишеними жөнүндө шектенип калышса, ал өзгөчө сын-пикирдин бутасына айланган же таптакыр эле кызматынан айдалып же партиянын катарынан чыгарылып тынган.

Курманжан датканын Ислам дини жазылган ыйык Куран жана пайгамбарлардын хадистери жөнүндө кенен түшүнүгү, өз көз карз карашы Э5дугу маалым. Курманжан датка Алай жергесине кадимки мектептерди салдырып, анда букаралардын сабатын ачып, билим алуусу үчүн шарт түзгөндүгүн замандаштары эскеришкен. Датка салдырган мектептер 1960-жж. чейин бузулбай, кампа катары пайдаланылып келгендигин жергиликтүү калк эскерип айтып келишет.

Революцияга чейинки жазма тарыхчы атыккан **О. Сыдыков** «Баргы уругунан Алымбек деген хан болгон. Бул зат

[1]Лялина М. А. Путешествие по Туркестану Н. А. Северцова и П. А.Федченко. – СПб., 1894. 267-б.

Кокон шаарына, Ош шаарына Бухара медреселеринин бору-мунда чоң медресе салдырганы»[1] жөнүндө жазган.

Жогоруда белгилегендей, орто кылымдардан тартып медреселер мусулман дүйнөсүндө кадимки жогорку окуу жайларынын кызматын аткаруу менен өз мезгилинин чыныгы университеттери болгон. Анткени бул окуу жайларында астрономия, география, философия сыяктуу коомдук илимдер жана ыйман сабактары окутулган. Адатта, медреседеги окуу араб графикасында окутулгандыктан, атеисттер медресеге динди гана пропагандалоочу борбор катары бир жактуу карашкан.



Алымбек датканын медресеси. 1890-жж.

Алымбек датка XIX к. 50-жж. Ошто өзүнүн жеке каражатына медресе салдырган. Ал Ак-Буура дарыясынын оң жээгинде, азыркы кезде базарга кирчү чоң көпүрөнүн маңдайындагы кондитердик татымдар сатылган базардын ордунда болгондугун улуу муундун өкүлдөрү тастыкташат[2].

[1]Сыдыков О. Тарых кыргыз Шадмания. – Уфа. 1914. 24-б.
[2] Автордун өздүк архиви. 1915-ж. Алай районунда туулган урпагы И.Кадырбековдон жазылып алынган.



Ал медреседе үч дарскана, ханака жана 28 келий болгон[1]. Үч мударис 80ден **100гө** чейинки окуучуларды сабаттуулукка окутушкан жана окутуу негизинен акысыз жүргөн. Тилеке каршы, ал медресе 1955-ж. «кужурмөн атеисттер» тарабынан бузулуп кирпичтери ташылып кеткен. 1875-ж. маалыматка караганда, медресенин айланасында соода-сатык кылуучу 161 чакан дүкөн болгоң, ал дүкөндөрдөн түшкөн киреше хан казынасына эмес медресенин эсебине жумшалган. Вакф документи – **вакфнамеге** караганда, салыктан бошотуу жөнүндөгү хан күбөлүгүнө ылайык (**инаятнаме**), «вакфтын кирешелери медресенин бузулган жерлерин оңдогонго, андан калганы он бөлүккө бөлүнүүгө тийиш: 1 – мутавалийге, 3 – мударискe, 1 – имамга, 1 – муэдзинге, күзөтчү менен чачтарачка жана 4 – окуучуларга каралган»[2].



Алымбек датканын медресеси (Ж. Иманкуловдун реставрациясы).

1891–1892-жж. мутавалийге жылына 160 сомдон маяна төлөнгөн. Жогорку класстын окуучулары 20 сомдон, ортоңку класстагылар 10 сомдон жана кенже класстын балдары 5 сом-

[1]Дарскана– сабак өтүүчү жай, ханака – жатакана болгон, келий – намаз окуучу жай.
[2] Өзб. Борбордук Мамлекеттик. Архиви. Ф. И-19, 1 -оп., 34-иш папка, 116-б.



Алымбек датка салдырган медресенин Вакф документи

дон стипендия алышкан. 1896-ж. маалыматтары боюнча Оштун өзүндө медресенин мутавалийи Асанбекке караштуу 80 чакан соода-сатык дүкөнү болгон. 1901-ж. жалпы эсеп боюнча 1350 сом киреше алынган жана ал негизинен медресенин чыгымына жана угуучуларга стипендия катары жумшалчу[1]. Совет бийлиги орногондон кийин медресенин иши токтотулган.

Ошентип, «Алай ханышасы» Курманжан датка мусулман дүйнөсүндө күйөөсүнөн бийликти мурастап алып, карапайым калктын расми түрдө таанылган башкаруучусуна чейин өсүп жеткен. Ал өз доорунда карамагындагы калкты каалагандай башкаруу укугуна ээ болсо да, **аксакалдар кеңешинин** пикирин жетекчиликке алчу.

Анын букаралары жашоодогу турмуш-тиричилигине байланыштуу, ар кандай талаш-тартыш маселелерди чечүү жагынан анын кабыл алган чечимдерине дайыма ынаныша турган, ошондуктан ал тууралуу эл оозунда айтылган сөз түгөнбөйт. Калың элдин Датка Эненин өз оозунан акылман насыйкаттарын угуу үчүн алыс-

[1] Өзб. БМА. Ф. И – 19. 1-оп., 64-иш папка. 8-б.



жакындан атайын ат арытып келген адамдардын аягы тыйылчу эмес. Ал тургай, башы таанылган эл арасындагы бектер, байлар да Датка Эненин саясатынын ыгына карап, талаштуу маселелерди күчкө салбай, жүйөөлүү сөздөрдү ортого салып, адилет чечүүгө аракеттенишкен.

**Т. Касымбеков:** «Ырас, кой үстүндө торгой жумурткалаган заман болгон эмес, ошондо да паланды орго салды, түкүндүн башын алды» деген сөз оозеки санжырада да, жазылып калган кат-кабарда да (архивдик жана тарыхый булактарда – **Т. Ө.**) кезикпейт. Эл ичи бузулган кезде ынтымак кеткен убакта, эки тууган кыркылышкан мезгилде, баарына тең карап, калыс тууган катары, карамдуу эне катары, ишенбей кое алгыс жүйөлөп, талаш тындырып, эл менен элди, тууган менен тууганды жараштырып, ошол катаал заманда ар түркүн тайпа эл тынчылыгына, биримдигине данакер болгон»[1], – деп жазган Көп жылдар бою эл кыдырып далай маалыматты ишенимдүү булактардан жыйнаган жазуучунун пикирине кошулса болот.

Ошентип, Датканын үлүшүнө XIX к. 60 – 90-жж. түштүк урууларынын башын коштуруп, ынтымакта кармап турган ошол өрөөндүн кадыр-барктуу жана таасирдүү саясий инсан болуу жазмышы жазылган. Ошондуктан орус империясынын аскердик төбөлдөрү да, Батыштан Чыгышка чейин эбегейсиз зор аймакты басып, чаап келе жатып, Алай өрөөнүн багындырууда Курманжан датканын кийлигишүүсүз «эркиндикти сүйгөн тоолуктарды» тынчытуу көпкө созулаарына көзү жетип, даткага майор Ионов башында турган жазалоочу отряддан атайын «дипломатиялык делегация» жөнөтүп, тынчтык макулдашуусуна жетишкен. Колониялык бийлик төбөлдөрү кыргыз эли Орусия империясынын карамагына өткөндүгүн мыйзамдаштырып, кол кое турган бирден-бир таасирдүү бийлик өкүлү катары Курманжанды тааныганы, анын кеменгерлигин, ошол доордогу эл аралык аброюнан, инсандык дараметинин деңгээлинен кабар берет.

Совет доорундагы тарыхый адабияттарда Курманжан датка феодалдык ак сөөктөрдүн өкүлү болуу менен эзүүчү таптын гана кызыкчылыгын коргогон деген пикир орногон.

[1] Касымбеков Т. Курманжан датка коомдук жана мамлекеттик ишмер, кыргыз каникеси. // Курманжан датканын 180 жылдыгына карата. – Б., 16-б.

Белгилүү тарыхчы А. Х. Хасанов: «Курманжан датка кыргыз феодалдарынын эзүүчү табынын өкүлү болгон жана алардын гана кызыкчылыгын чагылдырган. Ош уездинин начальниги М. И. Ионовдун Курманжан датка менен болгон достугу бул орус жана кыргыз коомчулугундагы эки улуттун эзүүчү таптын өкүлдөрүнүн кызыкчылыгы үчүн болгон достук»[1], – деп көрсөткөн.

В. Я. Галицкий, В. М. Плоских жана В. П. Мокрынин: «Курманжан датка өз мезгилинин жана өз табынын өкүлү болгон. Ал иш-аракеттеги натыйжаларга алып келүүчү феодал болгон»[2], – деп белгилешкен.

Ал эми тарых илимдеринин кандидаты А. И. Кунин: «Ал сөзсүз түрдө феодалдык ак сөөктөрдүн өкүлү болуу менен, ошол мезгил үчүн бир топ байлыкка ээ болгон»[3], – деп жазат.

Биздин пикирибизче, жогоруда берилген аныктамалар бул марксизм-ленинизм идеологиясынын таптык чектен баа берген «ким бай болсо, ал жаман, демек эзүүчү, ким кедей болсо, ал эзилүүчү, демек жакшы» деген бир жактуу аксиомалары. Ал өз жашоосун жашап бүткөндүгүнө карабастан, дале болсо мындай пикир кыргыз тарыхынан орун алып келе жаткандыгы өкүнүчтүү.

Ошентип, Датка өмүрүн Алайдын бийик тоолорунун арасында өткөргөнү менен мезгилдин көптөгөн саясий окуяларына жигердүү катышып, таасирин жоготкон эмес. Ал чарбалык, саясий, экономикалык, коомдук жана каада-салт маселелерин чечүүдө дайыма элдин кызыкчылыгын жогору койгондугуна тарых күбө.

---

[1] Хасанов А. Х. Взаимоотношения киргизов с Кокандским ханством и Россией в 50 – 70 гг. XIX в. – Ф., 1961, 163 – 164-, 173-б.

[2] Галицкий В. Я., Плоских В. М. Старинный Ош. – Ф., 1987, 57-б.; ПлоскихВ. М., Мокрынин В. П. История кыргызов (досоветский период). – Б., 1992. 103-б.; Плоских В. М. Царица Алая. Слово Кыргызстана. – 1991. 17-август.

[3] Кунин А.И. Род Курманжан датки: древо с мощными, но сломанными ветвями. // Слово Кыргызстана.- 1991, 20-июль.





# КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫНДАГЫ ОРДУ (1876 – 1907-жж.)

## 1. Курманжан датканын саясий ишмердиги

Дүйнөлүк тарыхта элдердин социалдык-тарыхый өнүгүү процесси, маданий деңгээли, саясатынын формалары жана коомдогу орду бир кылка, бир калыпта болбойт. Алардын тарых-таржымалы, каада-салты, нарк-насили да ар түрдүү.

Ат жалында өмүр кечирген көчмөн калк – кыргыз эли – да дүйнөлүк тарыхый агымдын арасында эң бир татаал тарыхты баштан кечирип, кээде биригип, кээде чачылып, өзгөчөлөнгөн талаа маданиятынын байыркы салттарынын терең тамырлары менен бекем чырмалышып, күрдөөлдүү эл-журтка айланып, **«кыргыз»** деген этнонимди эчендеген кылымдар бою сактап келди. Ошентсе да отурукташкан өлкөлөрдүн маданиятына караганда «көчмөндөрдүн маданияты бир кыйла төмөн» деген пикир батыш европалык окумуштуулардын чөйрөсүндө эле эмес, советтик идеологияда калыптанган замандаштарыбыздын көптөгөн тарыхый эмгектеринде да жашап келгендиги белгилүү.

Эгерде азыркы доордун көрүнүктүү тарыхчы-этнологу Л. Н. Гумилевду «көчмөндөрдүн социалдык институттарынын татаал формалары: эл, дубандык шатылык система, чиндердин иерархиясы, согуштук тартип, дипломатия, ошондой эле башка өлкөлөрдүн идеологиялык системаларына карама-каршы койгудай так иштелип чыккан дүйнөлүк көз караштын бар экендиги таң калтырса»[1], «бийлик башына таажы кийип, такка олтуруу гана цивилизациялуу маданияттуулуктун белгиси» деп эсептөө чындыкка негизделбей калат.

Адамзат тарыхынын өнүгүүсүнүн мыйзам ченеми боюнча тарыхый майданда байыртадан көптөгөн элдер жашаса,

---

[1] Гумилев Л. Н. Байыркы түрктөр. – Б., 1999, 5-б.

айрым элдер өздөрүнүн ысымдарын даңктоого үлгүрбөй кыйрап, кумга сиңген суудай ың-жыңсыз жер бетинен жок болуп кетишкен.

Маркстык тарых жазып келгендей, бардык элдердин тарыхы бири-бирин кайталайт, ар бир эл сөзсүз түрдө беш коомдук экономикалык формацияны басып өтүүгө тийиш деп эсептөө жаңылыштык болгондугу, ар кандай улут, кайда жашабасын, канчалык аз же көп санда болбосун, өзүнүн кайталангыс маданияты, тарыхы боло тургандыгы, ошол ата-бабасы басып өткөн жол урпактары үчүн улуу жана баалуу экендиги талашсыз.

Курманжан датка көчмөн калкты таажы кийип, такка олтурбай эле, чейрек мезгил убакыт бийлик жүргүзгөндүгү ага мисал. «Даанышман ханыша» атыккан Курманжан 1862–1876-жж. Кокон хандыгы жоюлуп, Орусиянын курамына киргенге чейин Алай кыргыздарын реалдуу түрдө (де-факто) 14 жыл өз алдынча башкарып келген.

Курманжан датканын дээрлик 45 жыл (1862–1907-жж.), өмүрүнүн акырына чейин алгач Кокон хандарына, кийин Орусия империясынын генерал-губернаторлоруна иш жүзүндө (де-юре) таасир көрсөтүп, эл башында болуусу кыргыз элинин тарыхында башкаруунун өзгөчө уникалдуу демократиялык формасын көрсөтүп турат.

Датканын замандаштары калк биримдиги үчүн аракет жасап, аны бекем сактай алган кыраакы жана кылдат саясатчы алысты көрө билген башкаруучу катары, кара кылды как жарган калыс чечимдерин өзгөчө белгилешет. Журт башына келген тар жол, тайгак кечүүлөрдө, туңгуюктан жол таап, бүт өмүрүн эл эркиндигине арнаган инсан катары, аткарган жумушу, аркалаган жүгү, алдына койгон бийик максаты менен эл оозунда сакталып, муундан-муунга, атадан-балага айтылган легендага айланып, кылымдар бою журт көңүлүндө жашап келет. Мезгил таразасы эң акыйкат тараза: анткени убакыт улам арылаган сайын, улуу тоо алыстан даана көрүнгөндөй, ар бир улуу инсандын жасаган иши тарыхтан так баасын айныксыз алып, айтылып калат. Тарых деген татаал, бирок обьективдүү. Кыргыз тарыхында элинин тагдырына жан күйө кам көрүп, өзү жөнүндө бараандуу баа калтырган ушул сапаттар анын калк арасында кадырман өкүмдар болушуна өбөлгө болгон.



**1864-ж.** Борбордук Азиядагы диктатордук бийликтин үлгүсү болгон Бухаранын эмири Музаффар-Саид «мусулман салтына туура келбесе да, ага **датка деген ардактуу наам берип,** ушуга жараша белек-бечкектерин тартуулаган»[1].

«Датка биздин генерал деген наамга дал келүүчү даража», – деп белгилеген орус генералы **М. А. Терентьев** өзүнүн **«История завоевания Средней Азии»** аттуу үч томдук эмгегинде. Ал эми фарс тилинде «датка» деген даража жана «акыйкат издөөчү»[2] деген маанини туюндурат деп жазса, казак окумуштуусу **Ч. Валиханов:** «Датка – хан сарайындагы жогорку наамдардын бири. Ранг жөнүндөгү табелдер боюнча хандыктагы төртүнчү адам»[3], – деп белгилеген.

Курманжанга датка наамынын ыйгарылышы, анын саясий таасиринин өсүшү жана мамлекеттик ишмердүүлүгү жөнүндөгү мезгилди талдоо үчүн XIX к. 60-жж. Кокон хандыгындагы тарыхый жана саясий окуяларга кайрылууга туура келет. Алымбек датка өлтүрүлгөн 1862-ж. ордодогу окуялар жөнүндө архивдик материалдардын күбөлөндүрүүсүндө «1862-ж. 25-февралда козголоңчулар Малла ханды өлтүрүшүп, 26-февралда эртең менен Шахмурадды хан жарыялашат»[4].

Мала ханды өлтүргөндөн кийин хандыктагы төрөлөр такка Сарымсактын баласы Шералы хандын небереси Шахмурадды алып келишти, өз ара таймашуу кайрадан уланды, бийлик үчүн Кудаяр менен анын бир тууганынын баласы Шахмураддын ортосунда жүргөн өз ара тынымсыз согуштар хандыкты өтө алсыздандырган. Кудаяр Бухара эмирине жардам сурап кайрылган. Музаффар анын талапкерлигин колдогон, 1863-ж. майда Кудаяр Коконго келип, кайрадан хан тактысын ээледи.

Ошентип ордодогу бийлик колдон-колго өтүп, Кудаяр баш-аягын жыйганга чамасы жетпей, адаттагы кандуу кармаштар Коконду калчап турганда, башкаруучусуз калган көч-

---

[1]Ювачев И. П. Курбань-Джань-датха, кара-киргизская царица Алая. Исторический вестник. 1907, №12. 965-б.

[2]Терентьев М. А. История завоевания Средней Азии. Собр. соч. в 3х томах. – СПб., 1906. Т. 1, 248-б; Т. 2, 412-б.

[3]Валиханов Ч. Ч. Собр. соч. Т. 3. – Алама Ата, 1985. 379-б.

[4]Бабабеков Х. Н. Народные движения.., 31-б.

мөндөрдү өз таасирине баш ийдирүү максатында, 1864-ж. Бухара эмири Саид-Музаффар Эддин өз аскери менен Ошту аралап келип, Мады чебин курчап токтогон[1].



Бухара эмири Музаффар.

Борбордук Азиядагы мусулман дүйнөсүнүн тиреги, Ислам дининин туткасы катары эсептелген Музаффардын Ошко келе жаткандыгы жөнүндө кабарды угаары менен нарктуу Датка кыргыздын салтынан жазбай жоо-жарагын көтөрүп, курал менен беттешпестен, замандын өйдө-ылдый опурталына акыл калчап, урмат-сый менен элдик салт-нарктын (элдик дипломатиянын) жөрөлгөсүн жасап, ак көтөрүп алдынан тосуп чыккан.

Курманжандын ушул ишинде да чебер саясатчы, кылдат дипломаттык аракет жатат. Албетте, карайлап, ызы-чууга жол берип, «болду-болбоду Бухара эмири бизди басып алат. Аттангыла! Чейрек жылдар Кокон хандыгы менен баш-аягы жок согуштарды жүргүзгөн эмир бир ууч кыргыздарды аямак беле» деп шектенип, чуу салса, ошол учурдагы саясий кырдаал башкача өнүкмөк. Бирок Курманжан акыл токтотуп, сабырдуулук менен эмирдин тамырын тартып, саясий максат, улут мүдөөсү үчүн тынчтык мамилеге чакырат.

Музаффар алгач Курманжандын бет алдынан тосуп чыкканын жактырган эмес. Ал тургай аны айыптап: «Сиз мусулман аялы боло туруп, кантип жүзүңүздү паранжа менен жаппай, эркек кишинин алдынан тастайып тосуп чыктыңыз, шарият боюнча аял деген эч качан өзүнүн жүзүн жат бирөөгө көрсөтпөө керектигин билбейсизби?» – деген суроону берген.

Ошондо Курманжан: «Урматтуу эмир! Мен да мусулман пендесимин! Сиз окуган Ыйык Курандын аят-сүрөөлөрүнөн

[1]Галицкий В., Плоских В. Старинный Ош. – Ф., 1987. 53-б.



менин да кабарым бар, бирок Курандан Алла Тааланын «аялдар бетин жаап жүрсүн» деген жерин мударис молдолордун эч кимиси мага көрсөтүп бере алган жок, анан калса сиздин оюңузча аял кишинин жүзү уяттуу нерсе катары эсептелеби?, Ойлоңузчу, сизди да аял төрөгөн, энеңиздин бетин көрүү уяттуу ишпи?», – деп суроого суроо менен, акылдуу, ары таамай жооп берген. Айтымда тоолуктардын ханышасынан мындай жоопту, тике кайрылган суроону күтпөгөн эмир алдында эркиндикти сүйгөн көчмөндөрдүн чыныгы эл көсөмү тургандыгына көзү жеткен. Ал гана эмес аял башы менен меймандостук кутумдарга караганда нарктуу мамилеси, куюлуштуруп сүйлөгөн чечендиги, эркектерден кем эмес кайраты менен Музаффарды муюткан.

Октярь революциясына чейинки орус басмаларында «Ислам дининин туткасы болгон Бухара эмири Саид-Музаффар мусулман салтын бузуп, Курманжанга «датка» деген ардактуу наам берип, аны тастыктай турган күбөлүктү жана белек-бечкектерди бергендиги айтылат[1] жана ошондогу фактыны мусулман дүйнөсүндө сейрек кездешүүчү окуя катары баса көрсөтүшөт.

Ушул жерде тарыхтын тактыгы үчүн белгилей кетүүчү маалымат, Азия мамлекеттериндеги аялдардын коомдогу ролу жөнүндөгү маселени жеке эле «советтик» эмес, азиялык коомчулуктун өзү да бир жактуу карап келгендиги, анткени алардын түшүнүгү боюнча мусулман аял эркектин гана көзүн караган, эч нерсеге укугу жана жеке пикири жок, тиричиликтин тушоосунан чыга албаган, күйөөсүнүн жеке менчиги катары айтканына көнүп, айдаган жагына барып, өмүрүн өткөргөн бир байкуш катары жазылып келет.

Бирок Азиялык аялзатынын коомдук, саясий жана мамлекеттик ишмердиги жөнүндө кеп кылганда, мусулман өлкөлөрүнүн тарыхында орто кылымдарда эле мусулман өлкөнүн эрудициясына, билим жана көз караш дараметине жараша коомдо өз орду болгондугун унутпашыбыз керек. Ага мисал, эки чылбыр бир тизгинди колго алып, такка олтуруп падышалык кылган Дели султаншасы **Разия айымды** (1235–1240-жж.)

[1]Ювачев И. П. Курбан-Джань-Датха, кара-киргизская царица Алая. // Исторический вестник, 1907, № 12, 966-б.

жана Египет султаншасы, мамлюктар бахарат-династиясынын негиздөөчүсү **Шад-жарат ад-Дурр айымды** (1250-ж.) айтууга болот.

Эгерде медреселер орто кылымдарда кадимки университеттердин ролун аткаргандыгын эске алсак, анда орто кылымдарда эле мусулман аял университеттерде сабак бергендигине күбө болобуз. Мусулман аялдары акын, музыкант, вазир жана башкаруучулардын кеңешчилери болушкандыгы тарыхтан белгилүү.

Тарыхый летопистердеги маалыматтар боюнча, Кутлуг хандын династиясынан Кермандын башкаруучусу **Сафват ад-Дин падишах-хатун (**1292–1295-жж.), **Фатима-бийке Султан-Сайид** (1677–1681-жж.), **Зийнат ад-Дин Камалат-шах** (1688–1699-жж.) сыяктуу көптөгөн мамлекеттик ишмер аялдар кадимкидей эл башкарышкан[1]. Демек, Курманжан орто кылымдардагы мусулман дүйнөсүндөгү жогоруда саналып өткөн мусулман аялдардын коомдук жана мамлекеттик ишмердиктеринин көчүн улаган деп белгилесек болот.

Анан калса, Орто Азияда жашаган башка улуттардагы элдердин салт-санааларынан айырмаланып, кыргыз кыз-келиндери эч качан паранжы жамынып жүрүшкөн эмес.

Алымбек датка каза болгон соң, ордун салт боюнча анын эркек бир туугандары же Жаркынбай[2], чоң баласы Абдылдабек мурастап калуу милдети турган. Бирок Алай жергесин башкарууну эл Курманжанга ыйгарат. Анткени Алымбектин көзүнүн тирүүсүндө (ал согуштук жортуулдарда же кызмат абалына байланыштуу алыскы сапарларда жүргөндө) эле, түштүк калкын бийлөөнүн түйшүгүн Курманжан аркалап жүргөн. Ал бул милдетке акылынын жетиктиги жана жоопкерчиликтүү, акылман башчы катары зор кадыр-баркка ээ болуусу менен арзыган.

Ал далай жылдар бою эл башында болуп, тажрыйбалуу башкаруучу катары бийлик маселесинде алдына киши чыгарбаган. Карапайым журт да Алымбек каза болгондон ки-

---

[1]Учок Б. Женщины правительницы в мусульманских государствах.– М., 1982.

[2]Жаркынбайды көптөгөн тарыхый эмгектерде мурунку аялдан баласы деп жазып жүрүшөт, чындыгында ал Алымбектин бир тууганы Бекмураттын баласы болгон. Жаркынбай 1864-ж. Ташкенттин жанындагы орус аскерлери менен болгон салгылашууда каза болгон деп ырасатаган урпагы И. Кадырбеков.



йин, эл башкаруу укугу кимде деген маселеде Курманжандан башка өкүлдү таанып, ишеним көрсөтпөгөн.

Курманжандын бийликке келиши, кыргыз элинде чыныгы демократиянын желаргысы өткөн доорлордон бери келе жаткандыгынын далили. Ошондуктан Кудаяр хан да Курманжанды расмий түрдө кабыл алып, датКалык наамын тастыктап жана Алай өрөөнүнүн кыргыздарынын мыйзамдуу башкаруучусу катары таанып, бачайы чепкен жаап, белек тартуу кылган.

Курманжан Кудаяр хандын энеси Жаркынайым жана анын бир тууган эжеси Зыйнат менен болгон байланышын баштагыдан чыңдап, мамилесин бекемдеген. Тарыхый маалыматтарга караганда, Жаркынайым жеке эле хандыктагы аялдар арасында эле эмес, ордодогу бийлик төбөлдөрүнүн арасында да таасири күчтүү болгондугун, ал тургай, мамлекеттик иштерге да тикеден-тике кийлигишкендигин Р. Н. Набиевдин «Жаркынайым Оштон чыккан кыргыз Касымдын миңбашы болуп дайындалышына түздөн-түз кийлигишкен, ал тургай, кийинчерээк хан ордодогу кутумдар Касымды Кудаяр хандын душманы кылып көрсөтүшөт, алардын тилине кирип, хан аны өлүм жазасына тартканда, Жаркынайым өлүм жазасынын алып салынышына жетишкен»[1] деп тастыктоосунан түшүнсөк болот. Замандаштары ал өмүрүнүн аягына чейин ордого тургузулган боз үйдө жашагандыгын белгилеп кетишкен жана Кудаяр дээрлик бардык маселелер боюнча энеси менен кеңешип жана ага толук баш ийгендигин, ал тургай, энесинин өлүмүнөн кийин (1868-ж.) хандыкты башкарууда ал көптөгөн башаламандыктарга жол бергендиги айтылат[2].

Хандык башкаруунун акыркы жылдарында Кудаярдын аксымдыгы жана ач көздүгү артып, салыктын көптөгөн түрлөрүн киргизет. **1870-жж. Кокон хандыгынын калкы салыктын 20дан ашык түрүн төлөөгө мажбур болгон: мал салыгы, соода-сатык салыгы, дыйканчылык, багбанчылык, көмүрчүлүк, чөп салыгы, чычырканак кыркканда, куурай чогултканда, тезек тергендиги, көпүрөдөн өткөндүгү үчүн да салык төлөнчү.** Малдан алынган зекет өтө оорлоп, үч-төрт эсеге көбөйгөн. Кылымдын башында 100 койдон бир кой зекет алынса, 1870-

---

[1]Набиев Р. Н. Из истории Кокандского ханства. – Т., 1973, 87-б.

[2] Ошол эмгекте.

жж. 25 баш койго бир кой салыгы салынган. Эгерде аскер салыгы согуш маалында гана жыйналууга тийиш болсо, хандын салыкчылары аны тынчтык учурда деле жыйнай беришчү. Түздөн-түз алынуучу салыктардан тышкары башка да толуп жаткан кошумча жыйымдар жана милдеттүү салыктар болгон. Орус тарыхчысы А. Кун жазгандай, «Кокондо абага гана салык салынган эмес»[1].

Хандыктагы административдик аппарат хандын казынасынын эсебинен эмес, көчүп-конуп жана отурукташып жашаган элге салык салып, талап-тоноо менен кармалып турган. Албетте, салык жыйноодо эбегейсиз кыянатчылыктарга жол берилген.

Ошентип, хандык эзүүнүн ырайымсыздыгы, ордодогу ынтымактын ыдырап, ич ара чатактардын ырбашы хандыктын саясий абалынын кескин начарлоосуна алып келди. Биз мурунку бөлүмдөрдө белгилегендей, так талашуулар, ордодогу төбөлдөрдүн өз ара ыйкы-тыйкы мамилелери, хандардын тез-тез алмашып турушу, хандыкты алсыратып, эзелтеден Борбордук Азияга сугун артып келе жаткан Орусия империясынын баскынчылык аракетин күчөтүп, колониялык саясатын иш жүзүнө ашыруусун жеңилдеткен.

1865-ж. Түндүк Кыргызстандын негизги бөлүгү жана Кокон хандыгындагы Сыр-Дарыянын бир топ жери Орусия империясынын карамагына кошулган соң, падышалык бийликтин алдына басып алынган райондорду башкарууну уюштуруу маселеси турган. Падыша өкмөтү Түркстан аймагында күчтүү жана бекем бийликти камсыздай турган чара көрүүнү чечет.

Ал үчүн император Александр II 1865-ж. 2-февралда «Түркстан чөлкөмүн башкаруунун өзгөчө Жобосун» иштеп чыгууну атайын кеңешчи Гирс башында турган комиссияга тапшырган. Жобо **1867-ж. 11-июлунда** Министрлер советинде талкууланып, ал чечимдин негизинде Түркстан облусу **Түркстан генерал-губернаторлугу** болуп кайра түзүлгөн[2]. Анын курамына Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустары кирген. Ташкент шаары борбор катары жарыяланды. Жаңы генерал-губернаторлук Согуш министрине баш ийип калды.

---

[1] Кун А.Очерк Кокандского ханства. Известия РГО.Т. XII.– СПб.,1876.66-б.
[2] РБМТА (ЦГИА).- СПб. Ф. 1291, оп. 82, 3-иш папкасы, 1 – 2-б.




К. П. Кауфман,
Түркстандын генерал-губернатору.

Падыша Александр II анын алгачкы генерал-губернатору мансабын **генерал-адьютант К. П. фон Кауфманга** ыйгарды. «Түркстан чөлкөмүн башкаруу жөнүндөгү Жобого» ылайык област уезддерге бөлүнгөн. Өз кезегинде уезддер шайлоо жолу менен келе турган болуштуктарга (волостторго) бөлүнүштү, болуштуктар эки миң түтүндөн, ал эми айылдар эки жүз түтүндөн турган.

Кокон хандыгы аймагынын эбегейсиз бөлүгүнөн ажыраганы аз келгенсип, Орусияга вассалдык көз каранды мамлекетке айланды, натыйжада Кудаяр хандын саясий таасири кескин начарлаган.

Согуштук чыгымдар хан казынасын какшытып турганда Кудаяр хан зомбулукту күчөтүп, калың журтка ар түрдүү алык-салыктардын өлчөмүн ченемсиз көбөйтүү жолу менен абалдан чыгуунун айласын көрдү. Натыйжада ансыз да жек көрүндү болуп, түбүнөн чирип бүткөн хандыкка каршы наааразычылык жалпы элдик көтөрүлүшкө өсүп жетти.

Ал көтөрүлүш тарыхта **1873 – 1876-жж. элдик көтөрүлүш** деп аталып калган. Ага 100 миңден ашуун адам катышкан жана түштүк кыргыздардын эң ири боштондук кыймылы катары кеңири аймакты кучагына алган. Бул көтөрүлүштү илимпоз тарыхчылар эки баскычка бөлүп, антифеодалдык жана элдик-боштондук мүнөздөгү кыймыл катары баалашат жана **Полот хандын көтөрүлүшү** деп да аташат. Анткени бул элдик көтөрүлүштүн экинчи этабында Полот хан деген ат менен чыккан **Искак Асан уулу** көрүнүктүү роль ойногон[1].

Көтөрүлүштүн **биринчи этабында** (1873 – 1874-жж.) эл массалары түздөн-түз Кокон хандыгына каршы күрөшкөн. Ал эми **экинчи этапта** (1875 – 1876-жж.) кош душманга кар-

---

[1] Кененсариев Т. Искак Асан уулу Полот хан. – Б.,1997.

шы күрөшүүгө, Кокон сыпайларынан тышкары Борбордук Азияга улам тереңдеп кирип келе жаткан Орусия империясынын аскерлери менен да кармашууга туура келген. Себеби орус падышалыгын элдик көтөрүлүштүн барган сайын массалык мүнөзгө ээ болуп, хандыктын бардык аймагын кучагына алышы кооптондурган, жергиликтүү калктын орус бийлигине моюн бербей, күчөп кетишинен тынчсызданышкан.

Анткени көтөрүлүштүн улам кучак жайып баратышы жөнүндөгү маалыматтар барган сайын көбөйө берген. «Көтөрүлүшчүлөр Ошту, Наманганды, Анжиян, Асаке ж.б. шаарларды ээлеп алышты. Андан ары көтөрүлүшчүлөр хандыктын борбору Коконго жакындап кирип келишти, ал жерде Кудаяр жана анын айланасындагы феодалдык төбөлдөргө каршы толкун күндөн-күнгө өсүп баратты»[1], – деп көрсөткөн окумуштуу **К.Үсөнбаев.**

Сыр-Дарыя облусунун согуштук-губернатору 1975-ж. 19-июлда «Хандыктын бардык аймагы борбордон чет-жакаларга чейин, көтөрүлүштүн жалыны менен курчалганын»[2] тынчызданууу менен белгилеген.

Бүткүл элдик көтөрүлүш жөнүндөгү кабарды уккандан кийин үч жолу бийликке келип, үч жолу тактыдан түшүрүлүп, өлкөдөн айдалган Кудаяр хандын (1845 – 1858, 1862 – 1863, 1865 – 1875) корккондон чара көрүүгө чамасы келбей калган. Абалдан чыгуунун бирден-бир жолу катары ал падышалык колониялык администрациядан жардам сурап кайрылган. Бирок көп узабай, Кокондогу жалпы элдин наразылыгынын каардуу толкуну, көтөрүлүштүн эбегейсиз жалыны Кудаяр ханды ордодон качып кетүүгө аргасыз кылган. «22-июлда Кудаяр хан үй-бүлөсү менен полковник Скобелевдин коргоосунда Кокон шаарын таштап Кожентти көздөй багыт алды»[3].

Орус төбөлдөрүнө барып корголого Кудаяр хан ордодон куулгандан кийин Абдырахман афтобачы жана Иса Олуя сыяктуу хандын жан-жөкөрлөрү 24-июлда Кудаярдын баласы **Насир Эддинди** хан деп жарыялашты. Ал да бар болгону төрт ай бийликте туруп «9-октябрда атасынын артынан Кожентке качты»[4].

---

[1] Усенбаев К. Народные движения Средней Азии в XIX в. (по материалам Кыргызстана). – Ош, 1998. 55-б.

[2] Өзб..БМА. ф.1, оп.34, 34-иш папкасы, 129-б.

[3] Өзб. БМА. ф.715, оп. 34, 63-иш папкасы, 329-б.

[4] Өзб. БМА. Ф. 715. оп.1, 1-иш папкасы, 270-б.



Массалык толкундоолор падышалык бийликтин колониялык экспансиялык саясатын тездетүүгө кеңири мүмкүнчүлүк ачкан, ошондуктан көтөрүлүшчүлөрдүн массалык чыгууларын басуу үчүн орус аскерлери токтоосуз куралдуу күрөш башташат.

Падышалык колониялык бийликтегилер тез арада 5000 аскерден турган жазалоочу отрядды түзүштү. Анын курамына 18 жөө жүрүүчү рота, 800 казак, бир аткычтар бөлүк жана 20 курал жөнөтүлгөн. Аны генерал-адьютант фон Кауфман өзү жетектеген, ал эми бөлүктөргө командалык кылуу: генерал Головачевго, Бардовскийге, Троцкийге жана полковник Скобелевге тапшырылган. 12-августа жазалоочу отряд көтөрүлүштү басууга жигердүү киришти[1].

1875 – 1876-жж. элдик көтөрүлүшкө каршы согушкан падышалык аскерлердин саны 20000 чейин жеткен.

Ушундай шартта, Түркстан генерал-губернатору падышадан Кокон хандыгын тез арада жоюуну, хандыктын ээлигин Орусияга толук каратууну, орус бийлигине каршылык көрсөткөн аймактарга куралдуу аскер бөлүктөрүн жөнөтүүгө расмий уруксат сураган. Натыйжада, император Александр II бул сунушту колдоп, **1876-ж. 19-февралында** «Түркстан крайынын түштүк-чыгыш чегинде тынчтыкты жана коопсуздукту бекемдөө үчүн мурдагы Кокон хандыгына караган аймак империянын курамына киргизилсин жана Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кошулган Фергана облусу түзүлсүн»[2] деген Указ чыгарган. Аны иш жүзүнө ашырууну Түркстан генерал-губернатору фон Кауфманга тапшырган.

Ошондон кийин өздөрүн мыйзамдуу укукка ээ болдук деп эсептеген падышалык колониялык бийликтегилер жалыны улам күч алып бараткан элдик көтөрүлүштү басуу үчүн чечкиндүү киришет.

Ушул максатта Кауфман Эки-Суу аралыгына генерал М. Д. Скобелевдин башчылыгы астында мыкты уюшулган падыша аскерлеринин жүрүшүн уюштурат. Ал жүрүш «Кышкы экспедиция» деп аталып, бир нече айга созулган. Падышалыктын жазалоочу отряддары басып алган аймактагы

---

[1] Усенбаев К. Народные движения Средней Азии в XIX в. ... 91-б.

[2] РБМТА (ЦГВИА) Ф.ВУА, оп. 1, 6886-иш папкасы. 30 – 31-б.



М. Д. Скобелев (1843-1882).

калкты каалагандай талап-тоноп, аёосуз жазалоого алышкан. Тарыхый маалыматтарга караганда, Анжиянды коргоо үчүн салгылашта 20 миңдей көтөрүлүшчүлөр курман болушкан.

**1876-ж. 19-февралындагы акт менен Фергана өрөөнү жана Түштүк Кыргызстан Орусия империясынын карамагына кирген. Кокон хандыгы биротоло жоюлуп, анын ордуна Фергана облусу түзүлдү.** Жаңы облустун губернатору болуп «жазалоочу отряддын» башчысы катары «бир топ эмгек сиңирген» генерал-майор **М.Д. Скобелев** (1843 – 1882) дайындалат[1].

М. Д. Скобелевдин өмүр жолун баяндаган маалыматка кайрылсак, «Орус элинин улуу аскердик ишмери, генерал-адьютант, Борбордук Азияда падышалыктын колониялык саясатын иш жүзүнө ашырган. М. Д. Скобелев таланттуу аскер башчы болуу менен, өз мезгилинин аскер иштери боюнча алдыңкы генералдарынын катарында болгон» деп советтик энциклопедияда жазылып келген. Ушул жерде «агабыз орус элинен» үйрөнө турган жагдай, тарыхтагы ар бир тарыхый инсанга өз учурунда так баасын бергендиги (мисалы, Петр I, Екатерина II ж.б.) Генерал М. Д. Скобелев биз үчүн баскынчы катары бааланса, орус эли советтик тоталитардык доордо деле «улуу аскердик ишмер» катары даңктап келишкен.

Ушул жылдардан тартып Курманжан датканын даңкы Орусия империясынын Түркстандагы бийлик төбөлдөрү Түркстан генерал-губернаторунан тартып алыскы Санкт-Петербургдагы Императорго чейин белгилүү болот. Генерал М. Д. Скобелев Даткага бачайы кымкап жаап, ал эми император Александр II акак таш чегерилген алтын саат тартуулап

[1]РБМТА (РЦГИА) Санкт-Петербург. Ф. 1291. оп. 82, 3-иш папкасы. 5-б.; Өзб. БМА. Ф. 715, оп. 1, 66-иш папкасы. 258 – 261-б.





Орус аскерлери "Алай жүрүшү" мезгилинде.

жана айына 300 сом пенсия чегерүү жөнүндөгү буйругун чыгарган[1].

Бирок алгач Курманжан датка баш болгон анын балдары Орусия империясынын колониялык бийлигине каршы катуу каршылык көрсөтүшкөн. Бул тоолуу аймактын Абдылдабек баш болгон эли орустарга каршы дээрлик бир жылга жакын убакыт бою салгылашыңкан.

Ошентип, Кокон хандыгы жоюлуп, Түштүк Кыргызстан Орусия империясына каратылганы менен Алай жана Памир аймагынын тоолуу бөлүгү империянын таасиринен сырткары эле.

Учурунда «дили башка, тили башка, дини башка» элге кошулуп, белгисиз туңгуюкка кабылганды туура көрбөгөн Алымбектин саясатын эми анын балдары Абдылдабек, Баатырбек, Мамытбек, Асанбектер жана жубайы Курманжан датка улантышат.

Курманжан датканын конушу көтөрүлүшчүлөрдүн кадимки штабына, ал эми Алай тоолору кезектеги боштондук кыймылынын согуш майданына айланган.

[1]Таубе А. Алайская царица. // Закаспийское обозрение. – 1902. № 124.



Мамытбек Алымбек уулу.

Академик **Б. Жамгырчинов:** «Кокон хандыгы Орусияга кошулгандан кийин Памир – Алай кыргыздары өз алдынчалыгын сактап калууга аракет кылышкан. Адатта памир-алайлыктар Кокондогу ар түрдүү сарай күрөштөрүнөн пайдаланып хандык көзөмөлдөн чыгып кетишчү. Көз каранды эместикти туу туткан Курманжан датка жана Абдылдабек орустарга каршылык көрсөтүштү»[1], – деп белгилеген.

Курманжан датка даанышман ханыша катары гана бааланбастан, кадырман жар, кайраттуу эне, балдарынын улуу тарбиячысы катары да көрүнөт. Анын беш уулу тең эл жүгүн аркалаган эр азамат баатырлардан болушкан. Алымбек датка менен Курманжан датканын балдары жөнүндө ошол эле орус төрөлөрү бир топ маалыматтарды жазып калтырышкан.

Алсак, генерал Скобелев Курманжан датка менен болгон алгачкы жолугушуусунда: «Сиз Эне катары балдарыңыз менен сыймыктана аласыз, Абдуллабек өз ыйык парзын татыктуу аткарды. Ал чегинди, бирок багынган жок. Орустар душмандарынын эрдигин баалай билишет»[2] – деп айтканы буга далил.

Курманжан датка менен бир нече жолу жолугушуп, аңгемелешкен падышалык офицер **Б. Л. Тагеев** минтип жазган: «Датканын балдары башкаруу жагындагы энесинин ишенимдүү саясий жардамчылары эле жана алардын ар бири Алайдын белгилүү бир бөлүгүнө ээлик кылышкан. Биз менен болгон салгылашууларда өзүн даңкка бөлөгөн тун уулу Абдылдабек жана Мамытбек, Камчыбек, Асанбек жана небереси Мырзапаяз «Алай ханышасынын» ишенимдүү таянычы болуу менен, көчмөн элдин кадырлуу жигиттеринен болушкан. Алар

[1]Жамгерчинов Б. Очерки политической истории.., 396-б.
[2]Тагеев Б. Л. (Рустамбек). Памирский поход. – Варшава, 1902. 132-б.



жөнүндө Алайдын чегинен тышкары жерлерде эр азамат катары аңыз кептер тараган»[1].



Асанбек Алымбек уулу.

Датканын саясий ишмердигиндеги кезектеги бурулуш орус падышалыгынын Борбордук Азияны басып алуусу менен башталган. Бир тарапта – кулап бараткан Кокон хандыгы, экинчи тарапта – кара таандай каптап келе жаткан орус аскерлери, учу-кыйырына көз жетпеген Орусия. Эмне кылуу керек? Ким тарапта болуу туура? деген суроонун күн тартибине коюлушу обьективдүү көрүнүш эле.

Ошондогу кырдаалды барон А. Таубе мындайча сүрөттөйт: «Ушул аял тарабынан кара-кыргыздарды башкаруу көп жылдар бою тынч жана бейпил, эч кандай тоскоолдуксуз уланган. Качан гана Кокон хандыгы текеберденип чыгышка мүнөздүү болгон өзүм билемдигин жасап, орустарга каршы курал көтөрүп тайманбай чыкканда, Курманжан да өз күчүн чактабай, жигердүүлүк менен өзүнүн сюзеренине (Кокон хандыгына – **Т. Ө.**) болушуп, генерал М. Д. Скобелев башында турган орус армиясына каршы ачык согуш баштоодон кайра тарткан жок»[2].

Мында барон А. Таубе эки так эместикке жол берет: биринчиден, Кокон хандыгынын аймагына падышалык аскерлер колониялык экспансиялык максатта согушуп басып кирген, падышалыктын аскердик чөйрөлөрү, бийлик төрөлөрү, саясатчылары, ал тургай, дипломаттары да Борбордук Азияны басып алуунун жигердүү тарапкерлери болушкан. Ал эми Кокон хандары чечкиндүү каршылык көрсөткөн эмес, тескерисинче, орус төбөлдөрүнө барып корголоогон.

Экинчиден, «Курманжан датка өзүнүн сюзеренине болушту» деп ырастоо да чындыкка жакындабайт. Курманжан жана анын балдары Кокон хандыгы өзүн элге Орусия империясынан куткаруучу эмес, тескерисинче, анын кол жоолугу катары көрсөткөндөн кийин (карга карганын көзүн чукубайт эмеспи),

[1]Ошол эмгекте, 130-б.
[2]Таубе А. Алайская царица. Закаспийсое обозрение. – 1902. № 124.

алар кыргыз конуштарындагы элдик көтөрүлүшкө жетекчилик кылууну колго алышкан жана басып алуучуларга каршы жан аябай күрөшкө чыгышкан.

Түштүк Кыргызстандагы кандуу кагылыштар жөнүндө Түркстан генерал-губернатору К. П. фон Кауфман расмий түрдө: «Кокон хандыгындагы басып алуунун акыркы этабы хан менен эмес, басып салууга оңой-олтоң боло койбогон элдик кыймыл менен болду»[1], – деп мойнуна алган.

«Борбордук Азияда орустар тайманбаган жана мынчалык узакка созулган күрөштү эч качан баштарынан өткөргөн эмес. Биз мындай күжүрмөн жоокерлер менен биринчи жолу беттешип олтурабыз жана калайык калк менен күрөшүү жергиликтүү хандыктардын зулумдары менен күрөшкөнгө караганда алда канча оор экендигине ынандык»[2], – деп жазган орус генералы.

Курманжандын жана анын балдарынын падыша аскерлеринин Алайды көздөй жылышына каршы жүргүзгөн күрөшү ошол учурдагы мезгилдүү басма сөз беттеринде да кеңири чагылдырылган. «Кокон хандыгы жоюлгандан кийин, Полот хандын көтөрүлүшүнө жигердүү катышкан көптөгөн көтөрүлүшчүлөр, кечээги козголоңчулар жана өз кызыкчылыктарынын падышанын Түркстандагы бийликтери тарабынан катуу кысымга алынышына наараэы болушкан мурдагы таасирдүү төрөлөр колдоруна курал алып, жергиликтүү калкка кошулуп кайрадан күрөшүн улантышты. Аларга жетекчилик кылган Абдылдабек, инилери Баатырбек, Мамытбек жана Асанбектер орустарга каршы куралдуу көтөрүлүшкө аттанышты. Ал гана эмес, Курманжан башында турган Алайдын башкаруучу төбөлдөрү бул өрөөндө өз алдынча болгон улуттук аймакты түзүүгө аракет жасап жатышат»[3], – деп билдирген орус мезгилдик басма сөз беттеринде.

Белгилүү окумуштуу Х. Н. Бабабековдун билдирүүсүнө караганда күрөштүн бул баскычында калктын бардык катмарлары негизги кыймылдаткыч күчкө айланган. Хандыктын баштагы аймагын бошотуу жана көз карандысыздыкты калыбына келтирүү негизги идеология болгон[4].

[1] Өзб. РМА. Ф.И-715, оп.1, 67-иш папкасы, 261-б.
[2] Өзб. РМА. Ф.И-715, оп.1, 67-иш папкасы, 262-б.
[3] Туркестанские ведомости. – 1878, № 42.
[4] Бабабеков Х. Н. Народные движения в Кокандском ханстве и их социально-экономические предпосылки (XVIII–XIX вв). – Ташкент, 1990. 102-б.



Падышалык бийлик жана анын эркин иш жүзүнө ашырган Түркстан генерал-губернатору Алайдын Орусия империясына кыңк этпестен багынып беришин талап кылган. Ошондуктан Датканын балдары тоолуу жердин мүмкүнчүлүктөрүн душманга каршы толук пайдаланышып, киндик каны тамган жеринин ар бир кайың-арчасын ыйык тутуп, ал жерлерге баскынчылардын бутун бастырбоо үчүн салгылашууга бел байлашкан. Архивдик маалыматтарда 1876-ж. апрелде Абдуллабек 1500 адамдан турган отряд топтогондугу[1] жөнүндө айтылат.

Бул тууралуу академик Б. Жамгырчинов: «Орусияга бет алуунун алда канча чечкиндүү душмандарынын арасынан чыккан адамдардын басымдуу бөлүгү, ири бай-манаптардын жана аскер башчыларынын жоон тобу Алайга качып кетүүгө үлгүрүштү. Алардын арасында мурдагы Анжиян вилайетинин акими Абдылдабек эң көрүнүктүү адамдардан болгон»[2], – деп көрсөтсө,ошол окуялардын катышуучусу орус армиясынын офицери Б. Л. Тагеев: «Алайда көтөрүлүш чыкты. Алайдын тоолуу айылдары толкундап, кайнап жана кайраттуу баатырлардын катары жаңы күчтөр менен толукталып жатты. Багындырылган Ферганадан качкан кыргыздар жана өзбектер Абдылдабектин Алайдын мөңгүлүү тоолорунан жаңырган бийик ураанына жооп кылып, агылып келип жатышты»[3], – деп жазган.

«Курманжан датканын балдары менен бирге эл массасы, өздөрүнүн мекени Алайды орус аскерлеринин басып кирүүсүнөн коргоп калууну чечишти. Алар көчмөндөрдү чогултуп негизги ашууларды жана тоолуу капчыгайларды ээлеп алышты жана орус армиясынын жазалоочу отрядына тайманбаган каршылык көрсөтүү менен, эр жүрөктүүлүктү жана туруктуулукту көрсөтүштү», – деп белгилешкен орус офицерлери.

Генерал М. Д. Скобелев моюн сунбаган кыргыздарды талкалоо үчүн атайын «Алай илимий-согуштук экспедициясын» уюштурган. Түркстан генерал-губернатору фон Кауфман 1876-ж. мартында М. Д. Скобелевди куралдуу тобу менен Алайга жөнөтүп жатып, көчмөн кыргыздарды орус бийлик-

[1] БМСТА.(ЦГВИА, Москва) Ф.ВУА. 6884-иш папкасы, 52-б.
[2] Джамгерчинов Б. Очерки политической истории.., 393-б.
[3] Тагеев Б. Л. Памирский поход. Исторический вестник. – Т.73. №7. 1898. 130-б.

терине баш ийдирүүнү үч күндүн ичинде чечүүнү жана ар бир түтүндөн алынуучу салыктын бир бөлүгүн тез арада жыйнап алууну талап кылган анткени, көчмөн калк журт которуп жайлоого көчүп кетсе, алардан салык жыйноо кыйын экендигин эскерткен[1].

Арийне, мындай текеберчилик көтөрүлүшчүлөрдүн кыжырдануусун ансайын тереңдетип, толкундоолорду ого бетер күчөткөн.

Генерал Г. А. Колпаковский 1876-ж. 17-мартында фон Кауфманга жиберген рапортунда мына буларды билдирген: «Хандыктын өткөндөгү кайгылуу окуяларына таасирин тийгизген кара-кыргыз уруусу бейкуттуктун сакталышына олуттуу коркунуч туудурууда. Алар ушул күнгө чейин баш ийе тургандыктарын билдирише элек жана генерал Скобелев уруу башчыларынын ага токтоосуз келишин кат жүзүндө талап кылганына карабастан, өкүлдөрүн жөнөтпөй жатышат. Гүлчөнүн жанына чогулган кара-кыргыздар газаватты уланткылары келишет»[2].

Андан ары генерал Колпаковский Кожентten Түркстан генерал-губернаторуна телеграф аркылуу жөнөткөн кабарында: «Оштун чет-жакаларында көчүп-конуп жүрүшкөн кара-кыргыздар Абдуллабектин башчылыгы астында Гүлчөгө чогулуп жатышат. Алар баш ийбөөгө дүрбөп алышкан. Кара-кыргыздарды күч менен баш ийдирүү үчүн мен генерал-майор Скобелевди Ош шаарына жөнөтүүнү туура таптым. Ош гарнизонун күчөтүү максатында Ош шаарына атчан аткычтардын ротасын жана Жети-Суудагы жүздүк аскерди (сотню) жана Кокондогу эки атка жүктөлгөн курал-жаракты жөнөттүм. 18-мартта генерал-майор Скобелев Ош шаарына жөнөп кетти»[3], – деп билдирген.

Бирок «бул баш ийдирүү» алар каалагандай тез арада ишке ашпагандыгы белгилүү. Күчтөр тең эмес болгон бул күрөштө Алай тоолору эркиндик жана көз карандысыздык үчүн болгон күрөштүн кадимки согуштук майданына айланат. Кыргыздар дээрлик бир жылга жакын салгылашышкан. Ошол эле билдирүүдө: «Азыркы учурда Гүлчөдө кыштай

---

[1] БМАТА. (ЦГВИА) Ф. ВУА. 6878-иш папкасы. 30-б.
[2] Өзб. БМА. Ф. И. – 715. оп.1, 67-иш папкасы, 264-б.
[3] Ошол иш папкасында, 266-б.



турган жана баарынан көбүрөөк коркунуч туудурган кара-кыргыз уруусундагы баргы уругу багынбай жатат»[1], – деп тынчсыздануу менен кабарлайт орус генералы.

Ошондогу окуяларды көз алдыга даана келтирүү үчүн жана архивдик материалдардын бирин да көз жаздымда калтырбай пайдалануу максатында чоң көлөмдөгү маалымат кандай жазылса, дал ошондой коомчулуктун кароосуна жеткирүү тилегин көздөп, чоң-чоң тексттерди да кыскартпай берүүнү туура көрдүк.

«Алай илимий-согуштук экспедициясынын» башкы командачысы генерал Скобелев жеринде тынымсыз телеграмма жана билдирүүлөрдү жөнөтүп турду. «Гүлчөнүн жайгашкан жери жылдын кайсы гана мезгили болбосун Кашкарга барчу эң негизги жана адам каттай турган жападан-жалгыз жолдогу тосколдук болуп эсептелет. Гүлчөнү жеңүү алык-салыктарды туура топтоону жакшы жолго салууга мүмкүндүктөрдү түзөт. Оштон бир аткычтар ротасы, Түркстандык 4 согуштук батальон жана Оренбургдагы казактардын 4 аскердик бөлүгү келди. Гүлчөдө жетиштүү сандагы согуштук октору бар Кокондон алынган 2 замбирек турат, аны Анжиян шаарынан алып келдик. 1000 адамга чейинки сандагы көтөрүлүшкө чыккан атчандардын жолбашчылары Гүлчөдөн нары Терек-Даванда топтолушууда деген маалымат алдык»[2].

Ошентип, падышалыктын жазалоочу отряды Абдылдабек башында турган көтөрүлүшчүлөрдүн мизин кайтаруу үчүн улам жаңы толуктоолорду алып, курал-жарагын белен деп жатканда, Абдылдабектин аскердик күчтөрүнүн катары да күндөн-күнгө толукталып, көбөйүп жаткандыгы жөнүндө маалыматтар Скобелевге тынымсыз келип турган.

Эл тагдыры чечилип жаткан ошондогу кырчылдашкан кармашууларда Курманжан датка окуялардын чордонунда болуп, тең эмес согуштун жүрүшүн байкап, ар бир кармашка байкоо жүргүзүп, аны ийгиликтүү чечүүнүн жолун талдап, балдарына кеңешчи болгон. Датканын конушу көтөрүлүшчүлөрдүн кадимки штабына айланган. Алар орустардын курал-жарагы, согуштук техникасы жөнүндөгү маалыматтарга

---

[1] Өзб. БМА. Ф. И. – 715. оп.1, 67-иш папкасы, 265-б.
[2] Ошол жерде, 266-б.

кызыгышып, өздөрүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрүн да таразага салышкан.

Курманжанга жеткен маалыматтарга караганда, жазалоочулар «көтөрүлүш чыккан жердеги эркек аттуунун баарын кырып жок кылган, ал тургай, баш ийип жана башта эле колго түшүп берген адамдарды да жазалашкан. Айыл-кыштактарды өрттөп, үй-мүлктөрүн талап-тоноп, талкалап, бейкүнөө адамдарын атып салышкан»[1].

Ошол үчүн көтөрүлүшчүлөр Абдылдабектин туусу астында күрөшкө чыгууга бел байлашкан. Ал тууралуу Фергана облусунун аскерлеринин командири Колпаковский генерал Кауфманга жиберген телеграммасында мына буларды билдирген:

«Абдылдабектин демилгеси менен кара-кыргыздар узундугу Гүлчө суусундай болгон аралыктагы Кашкар менен болгон кербендердин байланышын үзүшкөн, Абдылдабекти кармаганга жиберилген Бекжан менен Сарымсакты жана 50 жигиттин 30ун өлтүрүшкөн, калганын колго түшүрүшүп, биздин өзүбүздүн конуштарыбызга өткөрбөйбүз деген максат менен Гүлчөнүн үстүнөн 25 чакырым алыс турган Жаңы-Арыктагы (Жаңырык – **Т. Ө.**) Гүлчөнүн капчыгайынан эң ыңгайлуу жерди ээлеп турушат»[2]. Ушул жагдай генерал Скобелевдин 1876-ж. мартында өз тобу менен Гүлчөгө жол тартуусун тездетүүгө түрткү болду К. П. фон Кауфман кандай гана болбосун 1876-ж. апрели башталганга чейин, тактап айтканда, кыргыздар жайлоого көчүп кете электе Алай аймагын толугу менен баш ийдирүүнү жана тез арада империяга кошууну максат кылып койгон.

Күн өткөн сайын көтөрүлүшчүлөрдүн кыймылы күч алып баратканынан тынчсызданган генерал Скобелев 21-мартта Ошко келет. Падышалык Орусиянын Борбордук Азиядагы колониялык саясатын жазбай ишке ашырып турган бул адам Абдылдабектин каршылык көрсөтүп жаткан тобун орустар тарапка өтүп кеткен кыргыздар аркылуу, тагыраак айтканда, «кыргыздарды өзүнүн колу менен өзүн муунтуу» максатында Бекжан менен Сарымсак ажынын жетекчилиги астында жи-

[1] Яковлев Н. Т. Народы Средней Азии в середине XIX в. Завоевание Средней Азии. – М., 1940, 21-б.

[2] РБМАТА (ЦГВИА) Ф. ВУА, 6884-ыш папкасы, 7-б.



гиттердин тобун жөнөтөт. Алар көтөрүлүшчүлөр тарабынан жеңилүүгө дуушар болушат. Абдылдабек, Валихан төрө жана Сулайман удайчы 1500 жигити менен Гүлчөдөн ары 25 чакырым аралыктагы Жаңырык капчыгайындагы ашууну ээлеп алышып Кашкарга барчу кербен жолду толугу менен буктурмага алышат[1].

Фергана облусунун чыгыш чек араларын сактап калуу үчүн Дароот-Коргон чебин көздөй, Исфайрам жылгасы менен капитан Исполад бектин командалыгы астында жөнөтүлгөн жарым батальон жөө аскерлер Абдылдабектин жетекчилиги астындагы көтөрүлүшчүлөр тарабынан мөндүрдөй жааган ок менен тосуп алынды. Бир нече адамынан айрылып жана жарадар болгондорун алып, орус аскерлери Маргаланга кайтууга аргасыз болушкан[2].

Ушул окуядан кийин аларга каршы М. Д. Скобелев 1876-ж. 24-апрелинде өзүнүн негизги күчтөрүн алып, Гүлчөдөн жөнөгөн. Жаңырыкка 25-апрелде келип, жазалоочу экспедиция эки чоң отрядга бөлүнөт: Биринчиси, Скобелев башында турган топ Терек-Даван жолу менен, экинчи топту капитан М. Е. Ионов жетектеп, Будалык капчыгайы аркылуу жол тартып жөнөштү. Тарыхый маалыматтарга караганда, Скобелев аткычтар ротасынын бир бөлүгүн Жаңырыкка жетпей 6 чакырым аралыкта калтырып, 270 кишиден турган отрядынын калган бөлүгү менен алдыга тоолуу капчыгайдын кууш тилкесине чейин жетишкен. Ошол жерде Абдылдабектин аскерлери менен Скобелевдин аскерлеринин ортосунда 3 саатка созулган атышуулар болот. Орустар чабуулга өтөрдө жогору жактан кучак жеткис таштар кулап солдаттарды катардан чыгарып салышты. Барон Штакельберг жана 8 солдат жарадар болуп, поручик Борисов жана 12 адам оор жаракат алышкан.

Алай тоолорундагы кандуу кармаштар орус баскынчылары үчүн ыңгайсыз жана татаал шартта жүргөн, анткени саясий стратегиялык мааниси жагынан Фергана өрөөнүнүн түздүктөрүндө дээрлик бир жыл 1875 – 1876-жж. жүргүзүлгөн согуштарга тете болгон ыңгайлуу абалды ээлеген көтөрүлүшчүлөр өздөрүнүн кебелбес абалына бекем ишенип, катуу каршылык көрсөтүп жатышты. Ошондогу жүрүштүн катышуу-

[1] РБМАТА (ЦГВИА) Ф.ВУА., 6884-ыш папкасы, 52-72-б.

[2] Тагеев Б.Л. Памирский поход. Исторический вестник.–Т.73, № 7.130-б.

чусу, орус армиясынын офицери В. Л. Тагеев минтип жазган: «Кыргыздардын позициясы бекем эле, алар таштарга жана бийик тосмолорго жашынып алышып, бизди жеңилүүгө дуушар кылышты. Ошондо Скобелев тоолуктарды чабуулга алуу мүмкүн эместигине көзү жетип, айланып чыгуучу жол издей баштады»[1].

Жазалоочулар катуу чабуулга өтүп, окту мөндүрдөй жаадырып жогорулай баштады. Алар төр ортолоп калганда кайрадан таштар кулап, көтөрүлүшчүлөр душманга сокку уруп, кырчылдаша салгылашып жатышты. Бул кандуу согуштагы көтөрүлүшчүлөрдүн эрдигин фон Кауфман: «Душман катуу күрөштү жана жердин ыңгайлуулугунан пайдаланып, чоң туруктуулукту көрсөттү»[2], – деп эл баалаган падышалык генерал.

Скобелев асканы чабуул менен алуу мүмкүн эместигине көзү жеткенден соң, башка ыкманы, айланып баруучу жолду издей баштайт: Бул максатын ишке ашырууга ошол жердин коен жатагына чейин билген Иманкул жардам берген. Ал аскага капчыгай аркылуу өрдөп чыга турган төтө жолду көрсөтүп берген. Бул чыккынчылык «орустар чыгып келе албайт» деген кошуун турган аскадагы бийик чыңдоону алууда орус солдаттарына чоң жол ачып бергендиги маалым. Жазалоочулар капысынан тылдан келип сокку урду. Абдылдабек башында турган көтөрүлүшчүлөр буктурмада калган жана жарадарларды сактап калуу аракети аларды позициясынан чегинүүгө аргасыз кылган. Курал-жарак жагынан артыкчылык кылган орус армиясы көтөрүлүшчүлөрдүн 150 адамын жок кылган. Абдылдабек Памир тоолорунун аскаларын мекендеп бир аз тыныгып алып, күрөшүн кайрадан улантуу үчүн кол жыйнап, кезектеги салгылашка аттанган.

8-июнда Ош уездинин начальниги М. Е. Ионовго келип түшкөн маалыматтарда мына булар айтылган: «Ош уездинде кайрадан кылмышкерлердин тобу пайда болду. Алардын ичинен 50 адам бир туугандар Абдылдабек, Мамытбек менен Асанбектин башчылыгы астында Турсункулдун боз үйүнө кол салды. Турсункулдун билдиргенине караганда, жүздөгөн

[1]Тагеев Б. Л . Аталган эмгек 131-б.
[2] Өзб. БМА. Ф.И-715, оп.1, 67-иш папкасы, 16-б.



адам бул кылмыштуу топту Юсалы (Жошолу – **Т. Ө.**) суусун бойлоп, 24 чакырым аралыкка дейре кууп барган, 20 кыргыз өлгөн жана экөө туткунга түшкөн»[1].


Генерал-майор
Михаил Ефремович Ионов.

Андан ары, «1876-ж. июнь айында капитан Куропаткин Оштон Гүлчөгө бара жаткан жолдо буктурмада жашырынып жаткан кара-кыргыздардын кол салуусуна учурап, жарадар болду»[2].

Ошондо Түркстан генерал-губернатору К. П. фон Кауфман алайлык кыргыздарды орус бийлигине биротоло баш ийдирүү максатында, алардын жайкы жайыттарынын борборуна бара турган согуштук экспедиция уюштуруу керек деген жыйынтыкка келген. Ал: «Көчмөндөрдү биздин бийликке чындап баш ийдирүү жана бизге белгисиз болгон тоо тилкелерин изилдөө үчүн мен генерал Скобелевге Алайга экспедиция түзгөнгө уруксат бердим. Экспедиция эки максатты көздөйт: биринчиден, жазалоо иштерин ишке ашырат, экинчи жагынан, тоолуу жерди илимий жактан изилдеп-иликтейт»[3], – деп билдирген согуш министрине. 1876-жылдын июнь айынын экинчи жарымында «Алай жүрүшү» деп аталган экспедициянын курамына согуштук аскердик күчтөрдөн турган бир отряд, андан тышкары бир топ окумуштуулар да кошулган, бирок бул экспедиция Алай кыргыздарын биротоло каратууга багытталган кадимки эле согуштук экспедиция эле. Аскердик отрядда 500 солдат, анын ичинде атуучу батарея жана үч тоо куралы (горное оружие) болгон[4].

[1] Өзб. БМА. 69-иш папкасы, 489-б.
[2] Аристов Н. А. Усуни и кыргызы или кара-кыргызы. Кыргызы и Западный Тянь-Шань под русской властью. – Б., 2001, 511-б.
[3] Өзб. БМА. Ф. И – 715, оп. 1 , 69-иш папкасы, 489-б.
[4] ОФ БМАТА. Ф.ВУА. 6884 иш папкасы. 140-196-бб.

1876-ж. 15-июлунда фон Кауфман Фергана облусунун аскерлерине Алайга жөнөгөнгө буйрук берди. Эми орус армиясы ал жакка үч колонна боюнча Үч-Коргондон, Оштон жана Гүлчөдөн жол тартышты[1].

Биринчи колоннага полковник Витгенштейн башчылык кылып, Шот капчыгайы аркылуу жөнөп кетти. Экинчи колонна подполковник Вардердин жана капитан Куропаткиндин башчылыгы астында Үч-Коргондон чыгышты. Генерал-майор Скобелев Гүлчөдөгү колоннаны жетектеген. Ошол жазалоочу отряддын катарында Шабдан Жантаев жана анын кеңешчиси Баяке, иниси Байбосун баштаган 40тан ашуун жигиттери менен катышкан. Мындан сырткары Вуадилде, Исфарада, Сохто, Ноокатта, Өзгөндө, Үч-Коргондо анчейин көп эмес аскерлерден турган экинчи топту да уюштурушат.

Аскердик колонналарга илимий багытта кошулган адистер Алай өрөөнү жөнүндө маалымат топтоого тийиш болгон. Подполковник Бенкендорф жана механик Михельсонго астрономиялык жана барометрлик байкоолорду жүргүзүү, зоогеограф В. Ф. Ошанинге зоогеографиялык коллекцияларды жана материалдарды жыйноо, полковник Лебедевге топографиялык сүрөттөрдү тартуу, ал эми полковник Костенкого статистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү милдети тапшырылган[2].

Скобелевдин армиясы өзүнүн жүрүшүн баштаганда Алай – Гүлчө кыргыздары тоолуу аймактын бийик капчыгайларынын арасына, Чоң-Алай кырка тоолорунун жана Памир тоолорунун ичкери жагына журт которуп кетишкен.

1876-ж. 26-июлунда К. П. Кауфман Түркстан округу боюнча буйрук чыгарды. Архивдик маалыматта булар айтылган: «Алайда көчүп-конуп жүрүүчү, баштагы Кокон хандыгындагы биздин бийлигибизди таанышпаган кара-кыргыздар акыркы мезгилде чоң-кичине болуп шайкаларга чогулуп жатышат. Мен генерал-майор Скобелевге майдаланып бөлүнгөн топторду тоолорго жөнөтүүнү, тоолордон өрөөндөргө алып келүүчү негизги капчыгайлардын оозун ээлөөнү жана негизги күчтөр менен хандыкка талапкер болуп жаткан Абдул-Керим бек менен Маргаланда өлтүрүлгөн, өзүн-өзү

[1] Өзб. БМА. 69-иш папкасы, 76-б.
[2] Костенко Л. Экспедиция в Алайские горы "Русский инвалид" 1876. №206, 211, 229, 235.



хан атаган Пулат хандын санаалаштары Абдылдабек, Омарбек, Сулайман удайчы жана башка көп сандаган куралдуулар топтолгон тоонун чыгыш жагын көздөй барууну буйрудум. Аларга тоонун ушул жагындагы көчмөндөр да кошулушкан. Бул тескөөнү аткаруу максатында генерал-майор Скобелев Анжияндагы, Оштогу жана Гүлчөдөгү гарнизондордон тез көчүп жүрүүчү бир нече топ түзгөн, алар Терек жана Шот сууларынын жээктериндеги адам бара алгыс жерлерге эң көп топтолгон кара-кыргыздарга каршы бет алышты»[1].

Генерал-майор Скобелев ошол эле учурда жергиликтүү калктын үшүн алып, коркутуу максатында 1876 ж. 21-июлунда кыргыз урууларына карата жөнөткөн 27 нускадагы жарлыгында мына булар айтылган: «Эгер кимде-ким орус падышасынын жеңилбес аскерлери менен бетме-бет чыгууга батынып, баарынан күчтүү жарым падышанын (фон Кауфман) эркине баш ийбей турган болсо, анда алардын ар бирин катуу жаза же өлүм күтөт деп жарыялаймын. Бардык бийлерге жана аты аталган кара-кыргыз урууларына (баргы, бөрү, жору, жапалак, жоош, төлөйкөн, ажыбек, көкчө, жылкелди, көк жатак, кушчу, тооке, бакал, савай, олжоке, сарттар, карабаргы, сарыбаргы, тазбаргы) кайталап мына муну айтамын: мен ак падышанын баатыр аскерлери менен Алай кыргыздарына тартип орноткону, алардан ак падышага берилгендиктери тууралуу ант алганы бара жатамын. Ак падышанын күчү жеңилбес экендиги дүйнө жүзүнө белгилүү. Чулан-Атанын, Зера-Булактын, Хиванын, Махрамдын, Намангандын жеңилгенин эстеп көргүлө. Козголоң чыгарган Анжияндын катуу жазаланганын эстегиле. Өзүңөрдү да ушундай жазага кириптер кылбагыла. Эгер тоң моюндук кылсаңар, токтоосуз силер да менин жазама кабыласыңар»[2].

Андан ары: «Тартипсиздиктердин баштоочусу Абдылдабек, Омарбек, Абдулкерим бекти колго түшүрүп, тирүү же өлүк менин колума тапшырган адам жарым падышанын ырайымына ээ болот»[3], – деп жазган.

[1] Өзб. БМА. Ф.-715, оп.1, 68-иш папкасы, 198-б.
[2] Өзб. БМА.Ф.-715, оп.1, 680-иш папкасы, 193-б.
[3] Ошол жерде, 194-б.



Шабдан Жантай уулу.

Текебер баскынчылар элинин көз карандысыздыгы жана эркиндиги үчүн күрөшкөн кашкөй атуулдарды тартипсиздер, шайкалар, тополоңчулар катары айыпташкан. Ал эми калың журт өз уулдарын эр жүрөк баатырлар катары баалашкан. Бул чакырык күткөн натыйжаны берген эмес. Карапайым эл эркиндикти ыйык туткан көтөрүлүштүн катышуучуларын душманга кармап бергенден баш тартышкан.

Ошондо Скобелев Абдылдабек менен тынчтык сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн ага багыттап кат жөнөтөт. Аны Шабдан Жантаев[1] жигиттеринин коштоосунда Абдылдабектин лагерине 1876-ж. 22-июль күнү алып барып берген. Ал катта мына булар жазылган эле: «Абдылдабек датка! Сизден Абдулкерим бекти кошуп алып, өз ыктыярыңыз менен бизге келүүңүздү сунуш кыламын. Сиз жеңилбес орус армиясына каршы туруштук берүү мүмкүн эмес экендигине ынангандай болдуңуз. Аларды тоолор да, дарыялар да, душмандар да токтото албайт. Ошондуктан Сиз качандыр бир кезде биз тараптан колго түшмөйүнчө качкын болуп жүрө берериңиз айкын. Эгер Сиз бизге багынсаңыз, анда жарым падышанын (фон Кауфман) боорукерлигине жана ырайымына бөлөнөсүз!

Чынында баарын өзүңүз жакшы түшүнөсүз…»[2].

Бул кат эл эркиндиги идеясын баарынан жогору койгон Абдылдабекти муюта алган эмес. Баатыр генералга берген жообунда Кауфман жана анын жөкөрлөрү убадасында бекем турбагандыгын жана Кокон ханы Насреддинди жана Абдырахман Афтобачыны Сибирге жөнөтүп жибергендиги үчүн айыптап, келишимдин шарттарын бузгандыгынан, аларга

[1]Джамгерчинов Б. Очерки политической.., 398-б
[2]Москвадагы Бор. Мам. Аскер. Тар. Архив.(ЦГВИА)Ф.1396, оп.2, 96-иш папкасы, 154-б.



болгон эч кандай ишеним жок экендигин баса белгилеп, төмөндөгүдөй жооп берген: «Силердин убадада турбай алдаганыңар биз үчүн коркунучтуу жана ишенбөөчүлүктү туудурат. Ошондуктан исламды туткан бир нече адам силерге катуу каршылык көрсөтүүгө бел байлаганбыз. Сиз өзүңүздүн жеңилбес армияңыз менен сыймыктанасыз, а биз кудайга сыйынуу менен гана шүгүрчүлүк кылабыз. Биз денебизден жаныбыз чыкканча силерге каршы күрөшөбүз. Биз көчмөнбүз, ошондуктан бизге казынанын да, байлыктын да кереги жок. Кудай берген ырыскынын даамын татабыз! Токмоктон баштап Сиз кыргыздарды, кыпчактарды, сарттарды убадаңызды аткаруу менен багындырып келе жатасыз. Ал эми Коконду алганда Сиз таптакыр өзгөрдүңүз, ошондуктан ушул толкундоолор чыгууда, эгер бир сөзүңүздө турсаңыз, бул көтөрүлүш болмок эмес»[1].

Ошентип Абдылдабек орус генералдарына колго түшүп берүүдөн караманча баш тарткан, ал багынгандан көрө өлүмдү артык көргөн. Ошол эле учурда Скобелев уруу башчыларына: «Мени жарым падыша К. П. Кауфман Алайды аралап чык жана ал жерди тартипке келтир деп жөнөттү, кандайдыр эси жок адамдардын жолтоо болгондугуна карабастан бул иш аткарылат. Абдуллабекке жардам беришкени үчүн адыгине жана сарт урууларынын малы алынат жана каракчыларга жардам бере тургандардын бардыгына ушуну жасайбыз»[2], – деген мазмундагы коркуткан жарлыктарды биринин артынан экинчисин жөнөтүп жатты.

Абдылдабектин өз ыктыяры менен багынбасына көзү жеткенден кийин генерал Скобелев аны колго түшүрүү үчүн 22-июлда толук куралданган аскерлер менен Оштон чыгып, 26-июлда Сопу-Коргонго келген. Солдаттарына бир күндүк тыныгуу берип, өзү тыңчыларын туш тарапка чаптырып, Абдылдабек баштаган көтөрүлүшчүлөр 4280 м бийиктиктеги Кызыл-Арт ашуусу аркылуу өтүүчү тоолуу Бадахшандын чек арасында тургандыгы жөнүндө маалымат алган. 30-июлда капитан Боголюбов менен полковник Витгенштейн Шабдандын жигиттери менен бирдикте көтөрүлүшчүлөргө капыстан, баш көтөртпөй кол салууну чечишти. Көтөрүлүшкө катыш-

[1] РБМАТА ( ЦГВИА) Ф.1396, оп. 2, 97-иш папкасы, 286 – 287-б.
[2] Өзб. БМА Ф. 715, оп.1, 68-иш папкасы, 178-б.

кандар Кашкар менен Шугнан аймагынын чөлдүү жерлерине алып баруучу Туюк-Суу капчыгайын көздөй бет алышат.

31-июлда полковник Витгенштейн өзүнүн атчан 20 аткычы жана Шабдандын жигиттери менен Абдылдабектин тобунун артынан сая түшүп, капыстан колго түшүрүүнү чечишет. Бирок Чоң-Суудан кыргыздарды таппай калышат. Алар экиге бөлүнүп, бир тобу Суранчы, Ботобек жана молдо Ашырдын жетекчилиги астында Каратегинге өтүп кетишкен. Абдылдабекти ээрчиген калган күчтөр Чоң -Суу капчыгайын өрдөп, Кашкар менен Шугнан аймагынын чөлдүү жерлерине алып баруучу Туюк-Суу капчыгайы аркылуу Ооганстанга бет алышкан.

Генерал Скобелев ошондон кийин Алай багынды деп эсептеп, 1876-ж. 5-августунда Түркстан округунун башкы командачысына: «Чоң-Алайды алуу Ферганадагы тынчтыкты камсыз кылуу дегендик экендигин билдиргениме бактылуумун»[1], – деген мазмундагы телеграмма жөнөтөт.

Бирок көтөрүлүшчүлөр андан кийин да бир топ убакытка чейин айыгышкан каршылыгын токтотпогон.

«Борбордук Азияда орустар ушунчалык узакка созулган жана мындай айыгышкан күрөштү эч качан баштарынан өткөргөн эмес. Биз кужүрмөн жоокерлер менен биринчи жолу беттешип олтурабыз жана карапайым калк менен күрөшүү жергиликтүү хандыктар менен күрөшкөнгө караганда алда канча оор экенин билдик»[2], – деп жазган орус генералы.

Чынында да, Алай тоолорундагы кармаштар орус аскерлери үчүн ыңгайсыз татаал шарттарда жүргөндүктөн, өзүнүн саясий-стратегиялык мааниси жагынан алганда Фергананын түздүктөрүндө 1875–1876-жж. жүргүзүлгөн согуштарга тете болгон. Көтөрүлүшчүлөр баскынчыларга каршы жан аябай катуу каршылык көрсөтүшкөн. Жазалоочулар эч кимди аяган эмес. Балдар, аялдар, кары-картаңдар кыргынга учураган.

Ошондуктан Курманжан датка «өжөрлүккө салып мындан ары да каршылык көрсөтүү – өз эрки менен өлүмгө башты тосуп берүү дегендикке жатат, куру намыска азгырылып,

[1] Өзб. БМА. Ф. И-715,оп.1, 67-иш папкасы, 319-б.
[2] Ошол жерде. 262-б.



күчтүү душман менен кармаша берсек, бөөдө карапайым эл кырылат, чындыгында күн батыш менен күн чыгыштын ортосундагы эбегейсиз аралыктагы элди багындырган орустар бир ууч тоолуктарды аямак беле, анан калса ачынып калышты, кыргынга кабылганча эпке келүү керек» деген жыйынтыкка келип, «мындан ары салгылашуу натыйжасыз» экендиги жөнүндөгү өзүнүн оюн билдирип Абдылдабекке Асанбекти жөнөткөн. Бирок айтканынан кайтпаган өжөр Абдылдабек энесинин сөзүнө муюбай койгон.

Андан ары Абдылдабек Аллага кызмат кылуу үчүн Мекеге жол тартмакчы болот, бирок оор жаракаттан жабыр тарткан баатыр күтүүсүз көз жумат. Ал жан-жолдошторуна сөөгүн туулган жери Алайга алып барып көмүүнү тапшырган. Арадан бир жыл өтүп, орустар менен Курманжан датка өз ара ымалага келип, тынч жашоо башталгандан кийин, жигиттери Абдылдабектин керээзин аткарышып, анын сөөгүн Алайга алып келишкен, Энеге бул жоготууну угузуу эл үчүн өтө оор болгон.

Бүгүнкү эгемендүүлүктүн шартында кыргыз тарых наамасында инсан таануу багытындагы актуалдуу темалардын бири катары Абдылдабектин тагдыры да өзүнчө изилдөөнү талап кылат. Анткени белгилүү тарыхый инсандардын үй-бүлөсүндө туулуп-өсүп, жаштайынан айлана-тегеректеги саясий жана тарыхый окуялар жөнүндө кенен түшүнүгү бар, өспүрүм жашынан Кокон хандыгынын саясий күрөшүнө аралашып чоңойгон Абдылдабек жөнүндө көптөгөн тарыхый маалыматтар бар.

Алсак, Чыгыш өлкөсү – Япониянын Токио Университетине илимий изденүү максатында барган мезгилде Улуттук этнология музейинин китепканасынын Борбордук Азия бөлүмүндөгү фонддо сакталып турган, белгилүү француз изилдөөчүсү **Реми Дор** тарабынан памирлик кыргыздардан жазып алынган Абдылдабектин тагдыры жөнүндөгү тарыхый маалымат өзгөчө кызыгууну туудурат. Француз тилинде **Remy Dor «Chants du Toit du Monde»** деп, аны которгондо **Реми Дор «Песни крыши Мира, Курбанжан Датка»** деп аталган ыр түрүндөгү баян Абдылдабектин өмүрүнүн акыркы мезгилдери жөнүндө маалымат менен Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар бөлүмүндө сактал-

ган **«Абдуллабек жөнүндө ырдын»**[1] мазмуну бирин - бири толуктап турат. Окумуштуулардын пикирине караганда ыр 1876-ж. таандык жана ал Абдылдабектин жан-жөкөрлөрү тарабынан чыгарылышы ыктымал, кол жазманы өткөн кылымдын тарыхый жазма эстелиги катары баалоо керек, анда « Абдылдабек Кара-Колдон жөнөп Балх, Бадахшан, Кундуз, Талкан, Таш-Коргондон өтүп Кабул шаарына карап жөнөдү. Бир тууганы Асанбекти Амир Шераалыга (Ооганстандын ханы – **Т. Ө.**) элчиликке жөнөттү» деген маалыматтар берилет да, «сөөгүмдү кара жердин бооруна бергиле, жүрөгүмдү ак кийизге ороп, ат тизгинин кайра тарткыла, насип буйруп, жети кылым жети атабыз мекен кылган жерге жетсеңер, гүл баскан дөңгө түшүп, чуңкур казып көмгүлө... жүрөгүм жат жерде калбасын, жүрөгүм өз мекенимде жатсын» деген саптардан кийин уландысы Реми Дордун жазып алган вариантында:

Душмандарыбыз көп болчу,
Куралдары чөптөй көп болчу,
Менин жолумду улантыш үчүн,
Күчтүү болгун Мамытбек.
Менин жолумду улантыш үчүн,
Эрктүү болгун Асанбек.
Балам Пааз ордумду басат,
Менин элиме кызмат өтөп,
Душмандарымдан өчүмдү алат.
Асанбек,Мамытбек мага боор тарткандар,
Мага ишенимден кымбатсыңар,
Мырзапааз балама,
Жетимдин нанын жедирбегиле,
Жетимдин кийимин кийгиздирбегиле,
Жетимдин атын мингиздирбегиле,
Уулумду силерге тапшырып жатам, –

деп андан ары кара сөз түрүндө «Абдылдабек Кокон хандыгы жеңилгенден кийин да көтөрүлүшүн токтоткон жок, качан гана генерал М. Д. Скобелев кыргыздардын үстүнөн толук жеңишке жетишкенден кийин гана дайынын таптырбай кетти»[2], – деп жазылган.

Ошентип, Абдылдабектин саясий ишмердигин жана тагдыр-таржымалын өзүнчө изилдөө күн тартибиндеги маселелердин бири. Ал да өз кезинде алгач Ош, Анжиян уезддеринин акими болгон, ал эми 1873 – 1876-жж. элдик көтөрүлүштүн учурунда Полот хандын көрүнүктүү аскер башчысы болуу менен, бир кезде анын ордуна Коконду башкарган[1] деп көрсөтөт академик Б. Жамгырчинов.

[1]Асанов Т. Абдуллабек жөнүндө ыр. Мурас. – 1993. №1 – 2, 7 – 8-б.
[2] Реми Дор. Песни крыши мира. Курбанжан Датка. Токио 1998.



М. Д. Скобелев Абдылдабек жетектеген көтөрүлүшчүлөрдү тоо-ташты аралап артынан сая түшсө да кармай албай койгондугуна өкүнүп, «шайкалар» Ооганстандан күч топтоп кайра келип шаштыбызды алат го деген тынчсыздануусун жашыра албай, 1876-ж. 23-октябрда «Алай согуштук экспедициясынын» жыйынтыгы жөнүндө билдирүүсүндө: «Мурдагы хандыктагы көптөгөн кара-кыргыз калкын тынчытуу маселеси саясий жана тарыхый жагдайлардан улам чечилбей калды»[2], – деп жазган.

Бирок өз элинин эркиндигин туу туткан Абдылдабек көздөгөн максатына жетпей каза болгон. Көтөрүлүштүн жеңилишинин негизги себеби алардын согуштук күчтөрү жана согуштук техника жагынан тең эместигинен көрүнөт.

Антсе да көтөрүлүш жалыны бирде тоодон, бирде ойдон жалындап баскынчылардын шаштысын кетирген. Ошондой шартта падышалык аскер төбөлдөрү 1839-ж. Англиянын Ооганстандагы абалын кайталагысы келбей, кандай гана болбосун согушту толук аяктоого жетишүүнү көздөгөн. Ошондуктан алар саясий майданга экинчи жол дипломатия жолун пайдаланууну чечет. Анткени өжөрлөнгөн тоолуктар Шамилдин тарыхын кайталаса, бул согуш дагы көпкө созуларын, ал дүйнөлүк коомчулуктун алдында Орусиянын беделин кетирерин баскынчылар жакшы түшүнгөн. Анын үстүнө алакандай аймактагы аз сандагы кыргыздарды багындыруу мынчалык узакка созулуп кеткенине намыстанган орус төбөлдөрү аны мүмкүн болушунча тезирээк бүтүрүүнүн жолун издеген.

Ушул мааниде, Абдылдабек сыяктуу эр жүрөк балдарды тарбиялаган, өз элине таасири күчтүү башчы катары Курманжан датка менен сүйлөшүү аркылуу гана толкуган элди тынчытууга мүмкүн экендигине көзү жеткен генерал Скобелев

[1] Джамгерчинов Б. Очерки политической истории.., 385-б.
[2] Өзб. БМА. Ф.И-715, оп.1, 69-иш папкасы, 200-б. ; 68-иш папкасы, 243-б.

Ионовго бул милдетти тапшырат. Бирок Датка акыл калчап, дароо макулдугун бере койбостон, өз кадырын сактап капитан Ионовго «эгерде генерал анын ар-намысына шек келтирбей, татыктуу деңгээлде сүйлөшсө гана бара тургандыгын»[1] билдирген талап койгон.

Бир топ орус басмаларында Курманжан датканы туткундап келген деп, баскынчылардын «чоң эрдигин» баса көрсөтүүгө далалат кылган маалыматтарды учурдагы тарыхчылар да кайталап жазып жүрүшөт, биздин оюбузча, эгерде даткаsuccessive туткун эсептешсе «туткунду» расмий кабыл алып сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнүн зарылдыгы бар беле.

Ошол окуялардын катышуучусу Б. Л. Тагеевдин жазганына караганда, орус генералы М. Д. Скобелев менен Курманжан датканын жолугушуусу Ош – Гүлчө жолундагы Лянгар[2] айылында өткөн. Ал жерде Скобелевдин буйругу менен кербен жолдун боюна орустар үчүн бышырылбаган кирпичтен тургузулган атайын үй (өжүрө) бар эле.

Жолугушуу расмий кырдаалда өткөн. Курманжан датканы орус генералы Чыгыштын наркын жасап, учурдун шартына ылайык даам-татым даярдатып, атайын белек камдап чапан жаап, сый-урмат көрсөтүп күтүп алган жана сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн. Ошондогу жолугушуунун күбөсү болгон **Б. Л. Тагеев «Памир жүрүшү»** деп аталган эмгегинде төмөндөгүчө жазган: «Датка кенже баласы Камчыбек жана небереси Мырзапаяздын коштоосу менен бөлмөгө кирди. Скобелев ордунан туруп, ага жакын келип колун сунду. Мындай кабыл алууну күтпөгөн[3] Датка алдастай түшкөнсүдү жана анын жүзүндө муңайым жылмаюу пайда болду. «Даттака айтыңызчы, – деп кайрылды ал котормочу поручик Байтаковго, – мен Алай ханышасын саламаттыкта көргөнүмө кубанычтуумун, ал өзүнүн Алайдагы көчмөн калкка болгон чоң таасири менен тынчтыкка баш ийип, Орусиянын талабына көнөөрүнө ишенемин. Мен анын коңшулаш өлкөлөрдүн хандарына болгон чоң таасири жана акылман башкаруучу экендиги жөнүндө уккамын. Ошондуктан да Датка орустарга

[1]Тагеев Б. Л. Памирский поход. // Исторический вестник.– Т.73. 1898, № 7, 132-б.
[2]Ошондо эле, 133-б.
[3]Мусулман шариятында аялдар эркектер менен кол алышып учурашчу эмес, Датка үчүн генералдын кол сунуусу, балким, күтүлбөгөн көрүнүш болгондур.



каршы душмандык мамиле пайдасыз экендигин түшүнөрүнө ишенемин. Дагы айтып коюңузчу, – деди генерал, котормочу сөзүнүн жарымын которуп бүткөндөн кийин, – ал Эне катары өзүнүн балдарынын эр жүрөктүүлүгү менен сыймыктана алат. Абдылдабек каршылык пайдасыз экендигине көзү жеткенден кийин гана кетти. Орустар өздөрүнүн душмандарынын баатырдыгын баалай алышат». Даанышман ханыша ал-абалды дароо түшүнүп, генералга: «Мен тирүү турганда Алайда тынчтык жана бейкуттук өкүм сүрөт»[1], – деп жооп бергенин жазган Б. Л. Тагеев.

Скобелевдин жазалоочу отряды «жигиттердин» жардамы менен Алайдын бийик тоолоруна улам өрдөп, мыкты куралданган жана эбегейсиз зор аймактарды басып алууда машыккан аскерлери менен карапайым калың элдин мал-мүлкүн тартып алып, каршылык көрсөткөндөрдү кырып-жоюп келе жаткандыгынан кабардар болгон Курманжан датка учурдагы саясий кырдаалды акыл таразасына салып калчап көрүп, балдарын топтогон.

Ушундай тарыхый кырдаалда Курманжан эл тынчтыгы үчүн артка чегинүү зарыл экендигин түшүнгөн. Ошондуктан да ал генерал Скобелевдин тынчтык боюнча сүйлөшүү жөнүндөгү чакырыгын макул тапкан. Курманжан датка генералга төмөндөгү шарттарды койгон:

1. Орус аскерлерине каршы куралдуу көтөрүлүшкө катышкан элди жазалабоо;
2. Туткунга түшкөн жоокерлерди бошотуу;
3. Алардын туулган жерлерине кайтып келүүлөрүнө каршы болбоо;
4. Мал-мүлкүн тартып албоо;
5. Согуштан жабыркаган элге алык-салыктын өлчөмүн азайтуу;
6. Жергиликтүү элдин укуктарын чектебөө;
7. Диний көз караштарын чектебөө;
8. Аймактагы мечит-медреселерди бузбоо;
9. Жергиликтүү элдин үрп-адаттарына кийлигишпөө[2].

[1]Тагеев Б. Л . Памирский поход. Исторический вестник. – Т. 73. 1898, №7, 134-б.
[2]Бабабеков Х. Н. Народные движенияв Кокандском ханстве и их социально-экономические и политические предпосылки (XVIII – XIX вв.). – Т., 1990. 108-б.

Курманжандын талабын уккан Орусия империясынын Түркстандагы бийлик өкүлү генерал М. Д. Скобелев анын эл үчүн жанын сабаган иш-аракетине күбө болуп, аны «Алайдан чыккан чыныгы Ханыша» катары баалаган. Орус генералынын Курманжан датканы «Алай ханышасы» деп таануусу, аны такка олтуруп таажы кийген ханышалардай кадыр-баркын жана коомдук таасирин моюнга алгандыгынын айкын далили.

Чынында да, ошол кездеги тарыхый кырдаал Алай ханышасын эки жолдун кыйчалышына койгон:

Б и р и н ч и с и – курал-жарак жана аскердик күчтөр тең эмес күрөштө кашык каны калганча салгылашуу;

Э к и н ч и с и – бөөдө тукум курут болуудан элди сактап калуу үчүн келишимге баруу.

Кыргыз ханышасы экинчи жолду тандап алган жана ал чечим туура экендигин тарых көрсөттү. Ошол эле учурда генералдын алдына талап коюп, анын аткарылышына жетише алган. Көтөрүлүш жеңилди, бирок Абдылдабек сыяктуу эр көкүрөк жигиттер багынган жок. Эркиндикти сүйгөн элдин эрки майтарылбай, кыргыз элинин татаал тарыхый жолу уланды.

Аны Фергана облусунун биринчи аскер губернатору М. Д. Скобелев да мойнуна алып: «отурукташкан калк жана көчүп-конуп жашаган калктын бир бөлүгү биздин бийликке оңой эле алда канча ишенимдүү баш ийишти. Ал эми баштагы хандыктын көп сандаган кара кыргыздарын тынчытуу жөнүндөгү маселе болсо, саясий жана тарыхый шарттардын жыйынтыгынан улам чечилбеген бойдон кала берди»[1], – деп белгилеген.

«Ошол мезгилде Алай өрөөнүнүн аймагында 16 миң үйбүлө жашап, беш волост уюштурулган, алар: Ак-Буура, Гүлчө, Кичи-Алай, Ноокат жана Өзгөн. Аларды Баатырбек, Мамытбек, Асанбек, Камчыбек жана кийинчерээк небереси Мырзапаяздар башкарышкан»[2], – деп жазган генерал-лейтенант **Н. И. Корольков.**

Ошентип, жалпы кыргыз эли сыяктуу Алайдын калкы өзүнүн тарыхый жактан өсүп-өнүгүшүнүн жаңы баскычына

---

[1] Өзб. БМА. Ф. 715, оп. 1, 69-иш папкасы , 200-б; 68-иш папкасы, 243-б.
[2] Өзб. БМА. Ф.1. оп. 4, 179-иш папкасы, 10 – 1-б.



кадам шилтеген. Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап, төмөндөгүдөй корутундуласак болот.

Курманжан датканын саясий ишмердүүлүгү Алымбек датка каза болгон 1862-ж. кийин жигерденген, анткени ал кызмат аркалап алыста жүргөндө эле элди башкаруунун түмөн-түйшүгүн мойнуна алып, башкарууда алда канча такшалып калган эле. Ошондуктан Алай калкы Курманжандын бийлигин эч кандай талаш-талкуусуз таанышкан.

1875–1876-жж. алгач Кокон хандыгына каршы, хандык жоюлгандан кийин Орусия империясынын басып алуучулук саясатына каршы Курманжан датка өзүнүн балдары менен көчмөн кыргыздарды улуттук-боштондук кыймылга көтөргөн жана көтөрүлүшкө катышкан жоокерлердин жана өз балдарынын шыктандыруучусу болгон. Анын балдары куралдуу топторду уюштурушуп, падышанын жазалоочу аскерлерине каршы аеосуз каршылык көрсөтүшкөн. Бирок күч тең эмес күрөштө, каршылык көрсөтүү оңунан чыкпай калгандан кийин, алар чет жерге, бөтөн элге жер которуп чегинүүгө аргасыз болушкан.

Ачык, тегиз жерде согушканга маш болуп, Кокон хандыгынын аскерлерин оңой жана тез эле багындырган орус аскерлери чакан аймактагы Алай өрөөнүнүн көчмөн калкын багындырууда, өздөрү ойлогондой тез арада жеңишке жетише албагандыгы маалым. Ошондо генерал М. Д. Скобелев дипломатиялык жолду пайдаланып толкуган тоолуктарды Курманжан датка аркылуу гана ийкемге келтирүүгө боло тургандыгына ынангандан кийин, Алай ханышасы менен жолугушкан. Алар түзгөн келишим эки тарап үчүн да тарыхый зарылдык болгон. Көз карандысыз, эркин жашап келген көчмөн кыргыздардын куралдуу көтөрүлүшү басылган, бирок эркиндикти сүйгөн элдин эрки майтарылган эмес.

Бул көтөрүлүш мүнөзү боюнча элдик-боштондук көтөрүлүш болгон. Анын кыймылдаткыч күчү эл массасы болгондугуна карабастан, согуштук тажрыйбасы мол, далай согуштарда такшалган орус армиясына туруштук бере албайт эле. Жалпысынан, көтөрүлүштүн уюмдашпаган мүнөздө болушу, жеңилүүнүн бир себеби болгон. Курал-жарак жагынан алда канча күчтүү куралданган орус империясынын аскерлери менен кашык каны калганча салгылашып жаткан баатырларга «өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» болуп, элден чыккан чыккынчылар душманга жол көрсөтүп

«чоң эрдиктерди жасашкан», Курманжан датканын эпке (компромисске) келип, сүйлөшүүлөргө бел байлашына ушул жагдайлар да түрткү болгон.

Падышалыктын Түркстандагы администрациясы Түштүк Кыргызстанды куралдын күчү менен Орусия империясынын курамына киргизгенден кийин да, Курманжан даткага бир топ артыкчылыктарды берген. Ал Ош уездинин волосттук башкаруучулары болуп калышкан өзүнүн балдары аркылуу башгыдай эле бул аймакты башкарууга түздөн-түз катышып турган. Мындай таасирге мурдагы Кокон хандыгынын башкаруу бийлигинде турган бир дагы төбөл ээ болгон эмес. Демек, анын орус падышалыгынын бийлик төбөлдөрүнүн арасындагы таасири да бир топ жогору болгондугун тарыхый фактылар ырастайт.

Ошентип Орусиянын Кыргызстандын түштүгүн каратуусу түздөн-түз басып алуучулук мүнөздө өткөн. 1877-ж. башына чейин бирде тоодон, бирде түздүктөн чыгып турган майда кыймылдарды эске албаганда негизинен алай кыргыздары **1876-ж. аягында орус бийлигин тааныган, Түштүк Кыргызстан Орусияга биротоло каратылган.**

Тарыхый адабияттарда көрсөтүлгөндөй, Кыргызстандын Орусияга каратылышынын тарыхый маанисин да жокко чыгарууга болбойт:

– Уруулар арасындагы кандуу кармаштар токтогон;

– Көчмөн элдин коомдук мамилелеринин жана өндүргүч күчтөрүнүн андан ары өнүгүшүнө жана калктын санынын өсүшүнө өбөлгө түзүлгөн;

– Калктын отурукташуусу тездеген, айыл-кыштактар, шаарлар пайда болуп, натуралдык мамилелер, соода-сатык чарбалык мамилелерге ылайыкташа баштаган.

Курманжан датканын бир кылымга созулган өмүр жолун 1898-ж. орус география коомунун саякатчыларынын катарында Памир жана Алайда болуп кеткен соң, өзүнүн **«Алайдан Амур дарыясына чейин»** деп аталган эмгегинде италиялык саякатчы **Феликс Рокка** минтип жыйынтыктаган: «Алайлык кыргыздар Орусияга эң акыркылардан болуп баш ийишкен. Алардын башчысы Марманжан[1] датка Кокон хандыгы

[1]Жогоруда белгилегендей, Марманжан – Курманжандын француз тилине ыңгайлаштырылган аты.



ыйгарган генерал деген наамдын ээси болгон. Анын күйөөсүн Кудаяр хан бек кылып дайындаган. Бектер кыргыздарда өтө чоң урматтоого ээ болуу менен бирге, кеңири бийликти да жүргүзүшкөн.

Марманжан датка жесир калган соң, мунгуштар менен адыгине уруулары аны өз башчыбыз деп таанышып, анын амирине өтүшкөн. Бул аябагандай эрктүү, акылман аял кыргыздын көптөгөн урууларын бириктирип, чогуу ынтымакта кармап турууга жетишкен. Анын жардамына Кокон хандыгы да муктаж болуп, ал борборго келгенде, чоң сый менен тосуп алышчу. 1876-ж. орустар Кокон хандыгына каршы согуштук экспедицияны жөнөтүшкөндө кыргыздар буга кайдигер карашкан. Бирок кийинчерээк Кудаяр хан качып, Кокон хандыгы орустардын курамына өтө баштаган кезде, Марманжан датка өз балдары менен бирге орустарга каршы көтөрүлүшкө чыккан. Скобелевге каршы согуштук аракеттер Кичи-Алай тоолорунун эң бийик чокуларында жүргөн. Гүлчөдөн анча алыс эмес Жаңы-Коргондо (Жаңырыкта – **Т. Ө.**) болгон кармашууда кыргыздар толугу менен талкаланган. Датканын балдары Кашкарга качып кирип кетишкен, өзү орустарга колго түшкөн. Жаңы бийлик ага өтө сылык мамиле жасап, анын мал-мүлкүн, байлыгын бүт калтырып, балдарына кайра элине келип жашоого уруксат беришкен. Кайрылып келүүгө тун уулу Абдылдабек макул болгон жок. Башка балдары кайрылып келип, болуш сыяктуу бийликтерди колго алышкан.

Марманжан азыр да Алай кыргыздарынын арасында өтө чоң кадыр-баркка ээ. Канткен менен да бул аял кара-кыргыздардын турмушунда чоң маанилүү иштерди жасаган»[1]. Курманжан датка 87 жашка (1898-ж.) барганда, Алайга келген италиялык саякатчынын пикири жана берген баасы ушундай болгон, кээ бир так эместиктер бар экендигине карабастан, автордун оюу негизинен туура.

Ошентип, Алай ханышасынын ысмы кыргыз элинин тарых тагдыры менен түздөн-түз байланыштуу болгон. Көчүп-конуп жашаган көчмөн элдин мүдөөлөрүн ойлоп, алардын саясий кызыкчылыгын жана эркиндигин талашкан жана

[1]Феликс Рокка. Памир жана Алай кыргыздары. Караңыз: Кыргыздар. – Б., 1992, 349-б.

өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин ошол багыттан тайбаган. Карапайым эл ушул сапаттары үчүн Датка энени өмүрү өткөнчө туу тутуп, кадырлашкан. Ошондуктан Курманжан датканын инсандык жүзү, саясий жана мамлекеттик ишмердиги, элге сиңген эмгеги Кыргызстандын улуттук тарыхын жазууда так, обьективдүү жана калыс баасын алып, тиешелүү ордун табууга тийиш.

## 2. Курманжан датка жана Орусия империясынын согуштук-администрациялык бийлик төбөлдөрү, саякатчылары

Кыргыз этнографиясы боюнча адис, окумуштуу **С. Аттокуров** жазгандай, бир кездерде кыргыз деп атануу таза кандуулуктун, бийликтин, аскердик эрдиктин символу болгон. Бекеринен ажо, хан (каан) бий, бек деген наамдар түрк элдерине кыргыздар аркылуу тараган эмес, «Моголстандын жапайы арстандары»[1] деп кыргыздар жөн жеринен аталып калышкан эмес. Ушунун баары көптөгөн окумуштууларды биздин тегибиздин ысымына кайра-кайра кайрылууга түртүп келген. Бул ысым акыл алптарын ойлонткон, суроо берип, ага жооп табууга мажбурлаган, кызыктырган.

Түштүк Сибирдин, Чыгыш Түркстандын жана Орто Азиянын тарыхы кыргыздардын тарыхы менен тыгыз байланышта. Алар бир мезгилде чечүүчү, бир мезгилде багыныңкы ролду ойношкон. Улуттук боштондуктун туусун моңголдорго, калмактарга, Кокон жана орус падышалыгына каршы биринчилерден болуп көтөргөндөр – кыргыздар.

Кыя барбы кыргыз каны акпаган,
Кырлар барбы кыргыз сөөгү жатпаган?! –

деп эл оозунда айтылып келген саптар өткөн доордун кайгылуу гимни, алардын баатырдык кечээгиси, сыймыгы жана трагедиясы, аз жана чачыранды болушунун себеби. «Кыргыз» деген бир кезде «түрк» деген ысым менен теңтайлашкан синоним болгон. Ошондуктан да элибиздин тарыхы Кы-

[1]Бартольд В. В. XVI жана XVII кк. Тянь-Шань кыргыздары. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б., 1997. 50-б.



тайдын, Европанын, Оруссиянын этнографтарын археологдорун окумуштуу тарыхчыларын кызыктырып көңүлүн буруп келген.

Орус изилдөөчүлөрү империянын колониялык саясатына шайкеш келген «кабар жыйноо», «чалгындоо» максатындагы иштерди жүргүзүшкөн. Бирок алардын эмгектери обьективдүү түрдө ошол доордогу кыргыз таануунун башаты болуп калган.

Түштүк регионго келген орус саякатчылары Курманжандын конушунда болуп, укканы же көргөнү жөнүндө бир топ маалыматтарды жазып калтырышкан. Орус интеллигенциясы алардын тарых-таржымалына кызыгышкан жана гезит, журнал беттерине билдирүүлөрдү жарыялап, ал тургай китептерди жазышкан. Мисалы, Б. Л. Тагеев (Рустамбек) «Памир жүрүшү» аттуу эмгегинде минтип жазат: «Бухара эмири Музаффар, Кашкар ханы Якуббек, Кокон ханы Кудаяр Курманжан даткага ызат-урмат менен мамиле жасашкан. Ал тургай, жыл сайын өздөрүнүн көптөгөн элчилерин белек-бечкектери менен жөнөтүп турушкан. Датканын балдары эл башкаруудагы анын ишенимдүү жардамчылары эле. Алай ханышасынын тун уулу Абдуллабек, Мамытбек, Баатырбек, Асанбек жана Камчыбек ошондой эле жээни (небереси – **Т. Ө.**) Мырзапаяз көчмөн элдин кадырман уулдары болушкан»[1].

Орус төбөлдөрүнүн бул айтымдарын эл оозунда сакталган оозеки ырлар төмөндөгүдөй көрсөткөн:

Төрт баласын төп тууган,
Төрөлөр болоор деп тууган.
Беш баласын бек тууган,
Бекзаада болоор деп тууган.
Кыпааты эле мундуздун,
Кымбаты эле кыргыздын.
Жарыгы эле жылдыздын,
Жакшысы эле кыргыздын.
Бир палектен беш камек[2],
Болгон эмес эч жерде.
Бир атадан беш болуш,
Чыккан эмес эч элде[3].

[1]Тагеев Б. Л. Памирский поход. Исторический вестник.–1898.Т. 73 , 111 – 138-б.
[2]Палек – коондун сабы, камек – коондун түйүлдүгү.
[3]Чоң Алай районунун Кашка-Суу айылынын тургуну, 1953-ж. туулган Гүлбара Исмаиловадан жазылып алынган. Автордун өздүк архиви.

Офицер Б. Л. Тагеев андан ары Датканын кенже баласы Камчыбекти төмөндөгүдөй сүрөттөйт: «Биз боз үйгө киргенде, үйдө Мамытбектин бир тууганы, бойлуу, кара сакалчан Асанбек бар экен. Биз палоо жеп жаткан мезгилде келбеттүү, мүчөлөрү келишкен, бүркүт кабак, сүрдүү бирөө кирип келди да, ар бирибиз менен кол алышып учурашып чыкты. Бул датканын эң кенжеси жана сүйүктүү уулу Камчыбек эле»[1].

Барон **Таубе** өзүнүн **«Алай ханышасы»** деп аталган макаласында: «Курманжан датканын бедели Алымбектен кийин өзгөчө көтөрүлдү, анын акылы, кайраттуулугу, адилеттүүлүгү, кыраакылыгы жөнүндөгү аңыздар алыскы кыргыз көчмөн айылдарын аралап, Жети-Суудан тартып Ооганстан, Иран жана Кытай жергесинин чегине чейин жеткен»[2], – деп жазат.

Орус саякатчысы **Ю. Головнина** өзүнүн **«Памирде»** деп аталган макаласында Курманжан датка менен орус төбөлдөрүнүн жолугушуусун төмөндөгүчө эскерет: «1870-жж. башында М. Д. Скобелевдин экспедициясынын учурунда, биздин согуштук бийликтер бул аялдын эбегейсиз таасирин эске алып, ага кандай гана болбосун жолугууну көздөйт. Даткага улуу тоолор арасынан араң жолуктук. Биздин максатты уккандан кийин, орус падышалыгынын башкы генералына жолугууга даяр экенин билдирди. Датка үчүн ак өргөө тигилип, бардык шарттар түзүлдү, бирок ага күнү-түнү байкоо жүргүзүлүп турду. Сүйлөшүүлөр аяктагандан кийин, аны ызат-урмат менен узатып коюшту. Алай ханышасы жөнөөрдө: «Орустар менен мындан ары күрөшүүнү жан кечтилик деп эсептеймин, элдин каны карандай төгүлүшүн каалабаймын», – деп билдирген. Алай каныкесинин өз элинин көз карандысыздыгын жогорку кайраттуулук менен коргоп, акыркы мүмкүнчүлүккө чейин катуу тургандыгына, ошондо 70тен ашкан байбиченин саясий иш билгилигине биз аябай таң калдык»[3].

1876–1877-жж. Борбордук Азия, анын ичинде кыргыз жергеси орус империясынын колониясына айланган кезде Курманжан датка 65 жаштагы аял эле. Ошол учурдан тартып

[1]Тагеев Б. Л. Көрсөтүлгөн эмгек, 105-б.
[2]Таубе А. Алайская царица. // Закаспийское обозрение. – 1902. № 124.
[3]Головнина Ю. На Памирах. – М., 1902. 48 – 50-б.; Педагогический исток. – 1904. № 1 – 8.



дээрлик өмүрүнүн акыркы жылдарына чейин Фергана облусунун губернаторлору жана Түркстан генерал-губернаторлору менен бетме-бет сүйлөшүп, генералдар М.Д.Скобелев, Е. М. Ионов, К. П. фон Кауфман, С. М. Духовский, А. Б. Вревский Н. И. Корольков сыяктуу бийлик төбөлдөрү менен жеке мамиледе болгондугу басма беттерине жарыяланган көптөгөн маалыматтар аркылуу белгилүү.

Мисал келтирсек, 1884-ж. октябрь айында «Генерал-губернатор принял царицу Алая. Эта киргизка Курбанжан датха, ей уже за 70 лет. Она имеет громадное влиение на киргиз, кочующих в летнее время на Алае, почему слывет Алайской царицей. В кокандское время она имела неограниченное влияние на своих киргиз. Кокандский хан пожаловал ей чин датхи, и ежегодно награждал ее разными почетными наградами. Она имеет трех взрослых сыновей, которые все состоят волостными управителями, по выбору населения. Его высокопревосходительство пожаловал ей богатый шалевый халат»[1], – деп жазса, **«Түркстанские ведомости»** журналынын 1898-ж. № 64-санына жарыяланган **«Түркстан крайынын башкы начальнигинин жүрүшүнөн кыска очерк»** деп аталган макалада «Ош. Здесь Главному Начальнику края была представлена знаменитая предводительница Алайских киргиз, 87-летняя Курбан-джан датха – жена Алымбека, вождя киргиз во времена былых волнений на Алае. Его Высокопревосходительство вернул двум ее сыновьям почетные халаты»[2], – деп маалымдаган.

Андан ары **«Закаспийское обозрение», «Русский инвалид»** деп аталган журналдарга «Государь император 1-декабря 1901 г. Высочайше самоизволил пожаловать престарелой Курбанджан датхе, знаменитой в Туркестанской долине «Алайской царице» в подарок перстень из кабинета его Величества. По этому поводу барон Таубе знакомил читателей с этой интересной личностью, удостоившейся особого Высочайшего внимания»[3], – деп жазып, андан ары датканын өмүр баянын кыскача баяндайт.

И. П. Ювачевдун жазганына караганда, Орусиянын бийлик башчыларынан Курманжан даткага жөнөтүлгөн каттар-

[1] Туркестанские ведомости. – 1884. № 40.
[2] Туркестанский ведомость. – 1898. № 64.
[3]Таубе А. Алайская царица. Закаспийское обозрение. – 1902. № 124.

дын өзүнчө бир таңгагын Мамытбек сактап жүрчү. Алардын ичинен эң көбү аскер-губернатору Ионовдон келген. «Аларга карап туруп, датка экөө бири-бирине бир нече жолу белекбечкектерди жана сүрөттөрдү жөнөтүшкөнүн билсек болот»,- деп белгилеген Ювачев[1]. Бирок колониялык саясатты изден жазбай жүргүзгөн падышалык офицерлер жергиликтүү калкка, анын ичинде Курманжан даткага да дайыма эле ак дилден мамиле жасабагандыгын XIX к. 90-жж. баласы Камчыбектин трагедиялуу тагдыры менен байланышкан окуялар ырастайт.

## 3. Камчыбек – падышалык Орусиянын колониялык жана геноциддик саясатынын курмандыгы

1890-жж. башында Алай ханышасынын жана анын балдарынын тагдырына орус колонизаторлору тарабынан катуу сокку урулган. Өзбекстандын мамлекеттик архивинде Түркстан генерал-губернаторлугунун канцеляриясынын № 1768-архивдик иш папкасы сакталып турат[2]. Анда мындан бир кылым мурда болуп өткөн окуяга байланышкан орус аскердик төбөлдөрүнүн билдирүүлөрү, телеграммалары, отчеттору, иш кагаздары жана бейкүнөө балдарын канатына калкалап, карандай каралоодон актап калууга, мезгилсиз өлүмдөн сактап калууга аракет жасаган эненин падышалык бийлик төбөлдөрүнө жазган өтүнүч каттары[3] сакталып калган.

Андагы маалыматтар боюнча, 1893-жж. октябрь айынын акыркы күндөрүндө Кашкар жеринен төөгө буюм-тайым артып келаткан кербен Бүлөөлүнүн чатында Эркечтам бажыканачылары тарабынан токтотулат, ал кербен Алымбек датка менен Курманжан датканын кенже баласы Камчыбектин зайыбы **Асел айым** артып келаткан жүк болгон.

---

[1]Ювачев И. П. Курбань-джань-датха, кара-киргизская царица Алая. // Исторический вестник. 1907. №12, 969-б.
[2] Өзб.БМА. Ф.1. оп. 4, 179-иш папкасы, 79 – 89-б.
[3] Аталган архив. Ф.1, оп.4. 179-иш папкасы. 53 – 54-б., 179-б.



Бажыканачылар (алар төртөө эле, бири унтер-офицер Боровков, берки үчөө жергиликтүү тургундардан, т. а. «туземдер») кыргыздардан төөгө жүктөлүп-таңылган таңгактарды чечүүнү жана сандыктарды ачып көрсөтүүнү талап кылышкан, анткени бажыканачылардын алган маалыматына караганда, «чек арадан алып өтүүгө тыюу салынган контрабанда товарлары (шуру-берметтер) өтөт» деген тымызын кабар бар эле.

«Бүлөөлүнүн чатында бажыканачылар кербенди токтотушуп, жүктү ачып көрсөтүүнү талап кылышкан. Жүк артып келе жаткан жигиттер «аткезчилердин»[1] талабын аткаруудан баш тартышкан.

Асел айымды жана анын жүгүн артып келаткан кербендин башчысы Камчыбектин жайлоо чарбасын башкарган айтылуу **Акпалван** болгон. Сандыктарды ачуу үчүн бажыканачылар Асел айымдын чачпагы тагылган чачын кылыч менен кесе чаап, ачкычты алып сандыкты оодарышкан.

Бул окуяга аялдардын аралашканынын себеби, Камчыбектин эркеси Асел айым жибек кездемелерди тандоо үчүн, адатта, Кашкарга (базарга) өзү барчу, аны аялдар коштоп жүрчү, жандоочу аялдар да аргасыздан окуянын күбөлөрү гана эмес, катышуучулары да болуп калышкан.

Тарыхый булактарда: «Кашкардагы соода-сатык өтө кирешелүү болгон, бирок муну натуралай чарбанын шарттарында жашап жаткан эл массасы эмес, азем буюмдарга муктаж социалдык төбөлдөр тейлеген. Кытайлар Ирандан өзүнүн императорлорунун аялдары үчүн өтө кымбат баадагы каш боечу атактуу осмону алып турган. Вавилондук килемдер да өтө сейрек кездешүүчү товарлардан болгон. Кытайга Сириядан таза жана жасалма асыл таштар, Кызыл деңиздин шуру-берметтери, Египеттен кездемелер, Кичи Азиядан баңги заттары ташылып келинген. Бирок сооданын эң маанилүү буюму жибек болуп, аристократиянын жибекке болгон керектөөсү өтө зор болгон, анткени сарайдын жана ак сөөктөрдүн муктаждыктарынан тышкары жибек көмөкчү аскерлерди жалдоодо валюта катары пайдаланылган»[2], – деп жазылган, демек, өз доорунун «социалдык төбөлдөр» катмарына кошул-

---

[1] Аткезчи - бажыканачыларды жергиликтүү элдин аташы
[2] Гумилев Л. Н. Байыркы түрктөр. – Б., 1999, 3-б.

ган Алымбектин балдары да ошол «кирешелүү тармак[illegible]» жигердүү аралашып турушкан.

Сандыктагы чай, кытай жибектери, кичинекей к[illegible]өр, шуру-берметтер жана башка буюм-тайымдар чачылган. Албетте, Жибек жолун көзөмөлгө алган Камчыбектин зайыптары бермет шуруларды тагынышкан.Аны контрабанда катары эсептеп бажыканачылар пара (отступное) талап кылышкан. Солдаттар үчүн «пара» керек болсо, бектин жигиттери үчүн айымдын чачын кестирип койгон «намыс» кымбат болгон. Натыйжада, күүлөнгөн бажы кызматчылары менен намыстанган жигиттердин ортосунда кармашуу башталат, ошондо Акпалван: «Эмне карап турасыңар, өйүзгө алып өтүп жайлап салгыла», – деп Бозборчукту көрсөткөн деп эскерет Мати карыя.

Тарыхый маалыматтарга караганда, чөп оруп жүргөн оркчулар да кошулуп кетишет, ошентип бектин аялынын чачын кескен ээнбаштарга кол салышып, бажы кызматчыларын муунтуп өлтүрүп салышат[1].

Ошондогу окуялар архивдик булактарда мындайча баяндалат: «Эркечтамдагы текшерип-өткөрмө пункттун көзөмөлдөөчүсү Цагин Ош уездинин начальнигинин жардамчысы капитан Мамлеевди жолуктурат да, андан ал төрт бажы күзөтчүсүнүн өлтүрүлгөндүгү жөнүндөгү ишти тергөөгө бартканын билдирет. Бул окуяны Гүлчөнүн волосттук башкаруучусу кабарлады»[2], – деп билдирген Цагин. Ал эми Гүлчө волостунун башкаруучусу Мамытбек Алымбеков эле. Көп узабай Мамытбек «окуяны жаап-жашырган» деген айыпка жыгылып, камакка алынат да, Сибирге сүргүнгө айдалат.

Ошондогу чиеленишкен окуяны архивдик маалыматтарга таянып изилдөөдө бул окуяга Камчыбек да, Мамытбек да, Мырзапаяз да катышпагандыгы аныкталды. Ал эми 12 жаштагы Арстанбек жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес эле. Ошого карабастан, ошол каргашалуу каралоо Камчыбектин жана анын жигити Акпалвандын асылышы жана Мамытбек, Мырзапаяз, Арстанбектердин Сибирге сүргүнгө айдалышы менен аяктайт.

[1]Тагеев Б. Памирский поход.., 137-б.
[2] Өзб. БМА. Ф. 1, оп.4, 179-иш папкасы , 3-б.



ЗАКЛЮЧЕНІЕ:[1]

по слѣдственному производству объ убійствѣ въ 1893 году 4-хъ Таможенныхъ стражниковъ Алайскаго отряда.

20-го Ноября 1893 года, Гульчинскій волостной управитель Махмудъ-Бекъ Алимбековъ донесъ начальнику Ошскаго уѣзда Капитану Мамлееву, что около 15-ти дней тому назадъ киргизы Будалыкскаго общества, рода Сивай, Усматъ-Али Ильтуйдиновъ и Урмаиъ-Бай Куль-Назаровъ, проѣзжая по мѣстности Чифъ-Мулла, близъ перевала Белеули, увидѣли 8 человѣкъ, вооруженныхъ шашками и ружьями, сидѣвшихъ около [illegible] 4 трупа. [illegible] Ильтуйдинова и Куль-Назарова [illegible] остановили [illegible], отобрали отъ нихъ всѣ ихъ вещи, заставили сойти со лошадей [illegible] на послѣднихъ трупы, ускакали.

21-го Ноября того же года [illegible] Умурзакъ Абд.-Нуминовъ заявилъ Капитану Мамлееву, что разсказъ Ильтуйдинова и Куль-Назарова ложенъ и что оба эти киргиза принимали участіе въ убійствѣ тѣхъ 4-хъ человѣкъ, трупы которыхъ они будто бы видѣли. Убитые- 4 таможенныхъ стражника, изъ которыхъ одинъ русскій.

На произведенномъ по сему поводу предварительномъ слѣдствіи выяснилось слѣдующее:

Въ послѣднихъ числахъ Октября мѣсяца 1893 года чины Алайскаго отряда Ферганскаго таможеннаго отдѣла: объѣздчикъ унтеръ офицеръ запаса Боровъ, [illegible] и Ма-Разакъ Абдуловъ и стражники Усманъ Ахуновъ, Турсунбай Хаитовъ и [illegible] Нуминовъ, на перевалѣ Белеули, задержали контрабанду, состоявшую изъ анашы, кисеи, чая и кораловъ. Контрабанду эту [illegible] жена Камчибека Алимбекова, Асаль-Биби. Камчибекъ, узнавъ, что принадлежавшіе ему товары задержаны, [illegible] стражниковъ [illegible] набралъ толпу киргизовъ, [illegible] стражники сначала отстрѣливались, но затѣмъ [illegible] Стражники сначала отстрѣливались, но затѣмъ вступили въ переговоры съ киргизами, которые обѣщали уплатить имъ извѣстную сумму денегъ (по показаніямъ однихъ - 50, а по показаніямъ другихъ 300 рублей) съ тѣмъ, чтобы стражники возвратили задержанные ими товары. Послѣдніе согласились на это предложеніе и думая, что опасность мино-

Бажы кызматкерлерин өлтүрүү жөнүндөгү иш кагаз. Архивдик маалыматтар.

Ал окуяга түздөн-түз катышпаган бектерди каралоо үчүн алыскы Санкт-Петербургдан жана Түркстан генерал-губернаторлугунун борбору Ташкенттен рапорттор, телеграммалар, жашыруун каттар, курулай чагымдар биринин артынан бири Ош уездине жөнөтүлүп турду. Падышалык офицерлердин оңду-солду маалыматтары орус басмаларында[1] сенсация катары жарыяланып, апыртма маалыматтар берилип жатты.

Фергана облусунун аскер-губернатору Повало-Швыйковскийдин жазган рапорту падышалык геноциддик саясаттын чыныгы жүзүн көрсөтүп турат. Ал Түркстан генерал-губернатору Вревскийге: «№ 1768-иштин өтө маанилүү экендигин эске алып, бул окуяга байланышкан тергөөнү облустук соттун алдында турган сот тергөөчүсүнө тапшырылгандыгы тууралуу Фергана облусунун прокуроруна билдирдим»[2], – деп кабарлайт. Бул окуяга мынчалык чоң маани берүүнүн максаты эмне эле?

Орусия империясынын колониялык чет-жакасы болгон Түркстан аймагын жалынга каптаган элдик кыймыл падыша өкмөтү менен анын жергиликтүү төбөлдөрүн абдан тынчсыздандырып, өз ара дүрбөлөңгө түшүргөнү алардын эстеринен чыккан эмес. Ошондуктан падыша өзүнүн аскердик жана ички иштер министрллери менен кеңешип, Түркстандагы колониялык бийликти бекемдөөнүн жолу – ашынган улутчул, колонизатордук саясатты жан үрөп ишке ашыра турган генерал-губернаторду дайындоо деп эсептеген. Бул саясатты иш жүзүнө ашырууда өзүнүн куулугу менен өзгөчөлөнгөн барон **А. Б. Вревский** бийликте он жылча (1889 – 1898-жж.) туруп, ушул саясий актыны иш жүзүнө ашырууга кыйыр жетекчилик кылган.

Өз кезегинде облустардын аскер-губернаторлору карамагындагы уезддердин начальниктерине, жазалоочу топтордун башчыларына: «…Бөлүнүп-жарылган топторго, козголоңго катышпаган туземдерге кур убадаларды берип, бооруңарга тарткыла жана пайдалангыла. Алар менен кагаз жүзүндө келишим түзбөгүлө, бирок душмандык үрөнүн сепкиле…», «…кыргыздардын кичинекей эле топтолууларын козголоң

[1] Өзб. БМА. Ф. 1, оп.4, 179-иш папкасы , 4-б.

[2] Дело об убийстве таможенных стражников. Туркестанские ведомости. – 1895. № 18; Закаспийское обозрение. – 1902,- № 124; Смертная казнь. Астраханский вестник. – 1895, № 17, 38.



катары эсептеп, ал волостторду дүрбөлөңгө түшүрө аеосуз
жазалагыла. Толкундоонун алгачкы белгилери байкалса эле,
анын кыйыр жетекчилерин да Талаа сотуна бергиле жана
токтоосуз баскыла. Майда-чүйдөлөрдү актоого умтулба-
гыла, коркунуч туулган жерлерге өзүңөр катуу сокку бергиле.
Шектүү дегендердин баарын кармагыла жана башкаларга
сабак болсун үчүн аскыла»[1], – деген түз көрсөтмө берген.

Жазалоочу отряддардын күнөөсүз адамдарды жүздөп,
миңдеп кырган кандуу жүрүштөрүнө мыйзамдуу түс берүүгө
аракеттенген падыша өкмөтү Талаа сотторун түзгөн эле.

Ошентип, падышалык колонизаторлор «өздөрү каа-
лагандай эркин жашап, эсирип бараткан туземдерге» сес
көрсөтүп, жүрөгүнүн үшүн алып, керек болсо тээ 1876-жыл-
ды эстерине салып коюуга ыңгайлуу мүмкүнчүлүктү колдон
чыгарбоону чечишти. Бул падыша баскынчыларына тереңде
былгып жаткан саясатты иш жүзүнө ашырууга түзүлгөн эң
ыңгайлуу учур болгон.

Каргашалуу окуяга себеп болгон кербен Алымбек датка
менен Алай ханышасынын кенжеси Камчыбекке тиешелүү
болгондугу анык. А бирок Камчыбекти айыптоого эч кандай
далил болгон эмес, анткени ал жогорудагы кагылыш учурун-
да мейманкана[2] салдырып жана Оштун жака-белиндеги Отуз-
Адырда күзгү түшүмдү оруп-жыйноо аракети менен алек-
тенип жүргөн. Жалган-жашык фактыларды топтоп, бектерди
айыпка жыгуу максатында сот ишти кийинкиге жылдырган.
Фергана облусунун губернатору Повало-Швыйковский бул
ишти жарандык соттун кароосунан аскердик-талаа сотуна
өткөрүп берүүгө өзгөчө ынтызарлык менен аракет кылган.

Фергана облусунун прокурору Л. Н. Комаровдун: «Ка-
макка алынган бектердин түздөн-түз күнөөлөрү жок», – деп
мойнуна алууга аргасыз болгон билдирүүсүнө карабастан,
Фергана облусунун аскер-губернатору Повало-Швыйковский
жана Түркстан генерал-губернатору Вревский кандай бол-
босун ишти аягына чыгарууну талап кылышкан. Эл оозунда
сакталган айтымдарга караганда, Камчыбекке коюлган айып-
тын бирден-бир далили «Камчыбектин бир түндө Оштон
Алайга барып, кайра таң атырбай Ошко жетип келе турган

[1] Көрсөтүлгөн архив. Ф. 1, оп. 1., 2140-иш папкасы, 117-б; Падыша саясаты жана боштондук. // Кыргыз маданияты. – 1991, 11-июль.

[2] Оштогу Камчыбек салдырган мейманкана азыр түрмөгө айландырылган.

күлүк боз жоргосу бар»[1], – деп жеткирген душмандын чагымы болгон.

Архивдик маалыматтарда облустук прокурор Комаров: «Бажы корукчусу Боровковду өлтүрүү кандайдыр бир саясий мүнөздөгү максаттар менен калк арасындагы толкундоолордон, тартип бузуулардан улам болгон эмес, адам өлтүрүүгө байланыштуу болгон жогорудагы бул ишти жалпы соттун кароосунан аскердик-талаа сотуна өткөрүп берүү, менин оюмча, анча деле зарылчылыкты талап кылбайт»[2], – деп билдирген.

Ошого карабастан Фергана облусунун аскер-губернатору Повало-Швыйковский тергөөнү облустук сотко караштуу сот тергөөчүсүнө тапшырып, бектерге эң жогорку жаза колдонуу зарылдыгы жөнүндө көрсөтмө берген.

Андан ары Түркстан генерал-губернатору А.В.Вревский император Александр IIге мына буларды билдирет: «Кылмышкерлердин табылганына олуттуу маани берип, мен Фергана облусунун прокуроруна бардык адамдарды жазалаганга бөтөнчө катуу көңүл бургун деп көрсөтмө бердим»[3]. Ошентип, бектердин иши жарандык сотто эмес, аскердик-талаа сотунда карала турган болот.

Тергөө иши дээрлик бир жарым жылга созулган. Гүлчө волостунун башчысы Мамытбек, Алай волостунун башчысы Мырзапаяз кызматтарынан бошотулуп, сот жообуна тартылышат. Андан ары Повало-Швыйковский Түркстан генерал-губернатору Вревскийге: «Көчмөндөрдүн арасында аябагандай зор кадыр-баркка ээ болгон Курманжан датканын туугандарынын (балдарынын) волосттук башкаруучулук кызматтарынан четтетилиши кыргыздардын нааразылыгын туудуруп, ал тургай, толкундоолордун чыгышына себеп боло тургандыктан, уезддин начальнигине көчмөн калктын маанайларына катуу көз салып туруу үчүн жана эгер керек болсо Гүлчөдөгү жана Эркечтамдагы гарнизондордун начальниктеринен согуштук күчтөрүнөн жардам алууга уруксат берилди»[4], – деп билдирген.

[1] Автордун өздүк архиви
[2] Өзб. БМА ф.1. оп.4, 179-иш папкасы, 12-б.
[3] Көрсөтүлгөн архив, Ф. 1. 4 оп., 179-иш папкасы, 21-б.
[4] Өзб. БМА. ф. 1, оп. 4, 179-иш папкасы, 1-б.



Андан ары колониялык саясаттын эркин иш жүзүнө ашыруучулар өздөрүнүн тынчсыздангандыктарын жашырбай, Түркстан генерал-губернаторуна «Кытай чек арасынын жакындыгынан, жергиликтүү калктын жан тартып турганына жана алдыртан, бирок олуттуу көзөмөл жүргүзүп туруучу мекеме үчүн ишенимдүү каражат жок болгондуктан улам, сотгуштук соттун дайындалышы жөнүндөгү буйрук аларга белгилүү болору менен Курманжан датканын үй-бүлө мүчөлөрү Кытайдын чегине качып, жер которуп кетиши мүмкүн жана аны ишке ашыруу оңой эле деп ойлоймун. Мына ошондуктан бүткүл үй-бүлөсүн Маргалаңга көчүрүп жиберүүгө уруксат берүүңүздү суранамын»[1], – деп жазат кезектеги рапортунда полковник Л. Громбчевский.

Облустук губернатор Повало-Швыйковскийдин жоруктарын офицер Б. Л. Тагеев жактырбай, мындай деп жазган: «Жаңы аскердик губернатор жергиликтүү калк сыйлаган бектерди аскердик-талаа сотуна өткөрүп берүүнү аша чаап суранып, эң чоң катачылык кетирди. Губернатор айткандай, ал муну элди коркутуу үчүн жасаган. Тергөөнүн жүрүшүндө белгилүү болгондой, кыргыздардан бажыкана аркылуу өтүп бара тканда жүк алып өткөн адамдардан алынуучу салык алабыз деген аракетин волосттук башкаруучуларга айтпай эле жасашкан. Алар аны кийинчерээк адам өлтүрүү фактысын текшерүүнүн жүрүшүндө угушкан. Ооба, алар (бектер – **Т. Ө.**) жазалаганга татыктуу, бирок өлтүрбөө (дарга аспоо – **Т. Ө.**) керек болчу»[2].

Ошентип, 1895-ж. 10-февралда Жаңы-Маргалаңда аскердик судья генерал-майор Корниловдун башчылыгы алдында сот болуп, 24 адам айыпка тартылып, Асалбүбү Тойчубаева, Батима Эгембердиева, Сатимбүбү Умарбаева, Артык Тойкулов, Эрали Исабеков, Ахмат Кулназаров, Токтош Сулайманов, Букабай Карбозов, Боркош Жанкулиев, Исабек Чалов, Салибай Күмүшкулов, Кудайберди Ажыназаровдор сот тергөөсүнөн өтүшкөн[3].

Алардын ичинен экөө (Жанкулиев жана Чалов) алдын ала жүргүзүлгөн тергөөнүн жүрүшүндө өлгөн. Калгандары Жаңы-Маргалаң шаарындагы убактылуу уюшулган аскердик-

[1] Аталган архив, 36-б.
[2] Тагеев Б. Л. Памирский поход. 138-б.
[3] Аталган архив, 79-89-б.

талаа сотуна өткөрүлүп берилген. Иш 3 – 10-февралда жабык сотто каралган. Соттун 1895-ж. 10-февралында чыгарылган өкүмү менен жоопко тартылган 24 адамдын ичинен айыптуу деп табылгандарга төмөндөгүдөй чечим чыгарылган:

1893-ж. октябрдын акыркы күндөрүндө унтер-офицер Боровковду жана Осмон Ахуновду, Турсунбай Хаитовду, Разык Абдымомуновду Ферганадагы бажы бөлүмүнүн Алайдагы тобунун Бүлөөлү ашуусунда өлтүрүүгө катышкан тогуз адам:

1. Камчыбек Алымбеков
2. Маман палван Бактыбаев (Акпалван)
3. Арстанбек Камчыбеков
4. Үмөтаалы Элтойдунов
5. Ормонбай Кулназаров
6. Атабай Качикеев
7. Төрө Бусурманов
8. Саиб Арзыбеков
9. Мамаш Сатыбалдиев

бул ишти алдын ала макулдашып алышып, чогуу жасашкандыктары үчүн өлүм жазасына тартылсын. Андан ары:

1. Мамытбек Алымбеков
2. Мырзапаяз Жаркынбаев (Абдылдабеков–**Т.Ө.**)
3. Гаиб Молдошев
4. Кудайберди Бусурманов
5. Сактан Калышев
6. Султанбек Бийкулов

окуяны жаап-жашыргандыктары үчүн 15 жылдан 20 жылга чейин Сибирге каторгалык жумушка айдалсын.

Ал эми кылмыш ишиндеги күнөөлүү адамдарды жаап-жашыргандыктары жана кылмыштын изин жашыруу максатында кылмыш жасаган кезде колдонулган буюмдарды жашырып коюуга жасаган аракеттери үчүн:

Жаанбай Омарбаев, Молдо Асан Орозов, Элеман Кудаймендиев, Чокон Жайчиев, Тынымсеит Жанкулов, Кенжебай Тайкулов, Абжапар Элтойдуновдор жазалансын;

Сотко тартылып жаткан калган тогуз адам бул аталган кылмыш ишине катышкандыгы аныкталбагандыктан, сот тарабынан акталсын»[1].

---

[2] Өзб. БМА ф. 1. оп. 4, 179-иш папкасы, 12-б.



Бирок соттун чечими кандай чыкса, ошондой аткарылган эмес. Элдин ырайын карап, тоолуктардын толкуну тынчыздандырганбы, падышалык төбөлдөр саясаттын багытын өзгөртүшкөн. Натыйжада өлүм жазасына – дарга асууга – эки адам тартылган, сүргүнгө үч адам айдалган.

Мазмуну жана аткарылышы боюнча калыстыктан караманча алыс болгон падышалык соттун чечими менен Камчыбек жана анын жигити Акпалван өлүм жазасына, Гүлчө волостунун башчысы Мамытбекти жана Алай волостунун башкаруучусу Мырзапаязды жана Батырбектин 12 жаштагы баласы Арстанбекти Сибирге сүргүнгө айдаганга өкүм чыгарылган[1].

1895-ж. 2-мартында өлүм жазасына тартылган Камчыбек менен Акпалванды азыркы эски автобекеттин тушундагы Ак-Буура дарыясынын боюндагы тегирмендин жанына атайын курулган бийик секичеге алып келишти. Аянтка жык-жыйма эл топтолгон эле.

Ошондогу окуяны көзү менен көргөн Алай районунун Ак-Босого айылында туулуп, Мияздн кыштагында жашап, 1975-ж. 96 жашка чыгып каза болгон карыянын оозунан уккан **Мати Жакишев** мындайча баяндайт: «Камчыбек менен Акпалванды мылтыкты мүрүлөрүнө аскан желдеттер тегеректеп коштоп келишти. Алардын саны 16 болчу, Камчыбек Мекеден алынган төөнүн жүнүнөн жасалган чепкен, башында «ак-суп допу», бутунда намеркен өтүк кийген, узун бойлуу, ноочa, дабердес, кара каш сулуу жигит экен. Ал эч нерсе болбогондой, капарында эч нерсе жоктой сабыр менен, салмактуу басып оң жагына бир, сол жагына бир бурулуп салам айтып келди. Салабаттуу, көзү оттой жайнаган Камчыбектин саламына эл дуулдап алик алып турду.

Ага удаалаш кең далылуу, жоон-жолпу, толмоч Акпалван бапыйып басып келди, жүзүнөн шорголоогон терин улам-улам аарчып коет. Жигиттер дарга жетип токтоп калышты. Алардын мойнуна асылган темир чынжыр билекке да, бутуна да байланган. Миршаптин (желдеттин) бири күрсүнү (бутка койгон жумуру дөңгөч) Камчыбектин алдына коюп боюна тегеп дардын жибин даярдады. Камчыбек миршапка карап «эки рекет намаз окуп алайын» деп кайрылганда, солдат Повало-

---

[1] Өзб. БМА. ф. 1, оп. 4, 179-иш папкасы, 79-89-бб.



Камчыбектин дарга асылышы. А. Хасановдун тарткан сүрөтү

Швыйковскийди карап калды. Облустун губернатору башын ийкеп макулдугун билдиргенде, Камчыбектин колу-бутундагы кишенди чечип алышты. Камчыбек намазын окуп бүтүп дарга басып келди да, күрсүнүн үстүнө чыкты, аса турган жипти эки колу менен тарта кармап элге кайрылды.

– Кагылайын калайык! Журтум! Мен ушул иштен ак элем, эзелтеден менин оюм капырларга чап эле, күнөөсүз каралanып жалган жалаа менен баратам, бирок менин ак экендигимди далилдеген күбөм бар, – деп мойнун бир буруп алды, эл



тымтырс болуп угуп турушту дейт карыя, – эгерде дарга асылып кыймыл токтогондо чыгышты карап калсам, бул иштИ мен уюштурган болом. Эгер селкинчек болуп күүлөнүп күн батышты, кыбыланы карап токтоп калсам, анда, мен ак болом, күбө болуп койгула! – деп сыйыртмакты мойнуна салмак болгондо, аттын дүбүртү менен кошо, уюлгуган чаң арасынан жоон топ атчандар чыга келишти. Ар кандай шартка даяр болууга көрсөтмө алган желдеттер мылтыктарын мээлеп карап күтүп калышты. Айлана заматта тынчып, гүүлдөп турган эл бир саамга тымтырс боло түштү.

«Датка келе жатат!» деген сөз катуу шамал жүргөндөй жөөлөшүп турган элге тарады. Кара жорго минген, көк ала кымкапты желбегей жамынып ак элечегин балпайтып оронгон Курманжан датка түз салдырып келип аттын оозун чукул бурду. Карап тургандар 84 жашка чыккан байбиченин дагы эле атка чабандес, ыкчам экендигине таң калышты. Жанында балдары Баатырбек, Асанбек, жандаган жигиттери, датка эненин жакын туугандары бар эле.

Ошол каргашалуу учур эл оозунда сакталган аңызда төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Ай айланып тергеди,
Ай ордуна келбеди.
Күн айланып тергеди,
Күн ордуна келбеди.
Камчыбектин боз аты,
Дар астында токулган,
Камчыбектин намазы,
Дар астында окулган.
Атап койгон ак килем,
Илерге адам чыкпады.
Капырлардын ичинен,
Камчыбекти аспа деп,
Тилерге адам чыкпады[1].

Курманжан датка дардын жанына жакын келип, элечегин артты көздөй түртүп башын бир силкип алганча, Камчыбек мойнун буруп: «Апа келдиңби!», – деп жиберди. Ошондо жүрөгүнөн кан аккан Эне бүт кайгысын ичине жутуп, түйүл-

[1] Алай районунун тургуну 1915-ж. туулган Аккыз Жамшитбековадан жазылып алынган. Автордун өздүк архиви.

дүктөй болуп боюн чыңап, ботосун кайраттандырып: «Камчыбек! Балам, башыңды көтөр! Өлүмгө тике кара! Сенин атабабаң жаздыкта жан берген эмес, баары кан кечип, эл амандыгы үчүн,эл тынчтыгы үчүн өмүрүн берип келишкен! Кайраттуу бол! Ак сүтүмө ыраазымын! Бул дүйнөдөгү ушул акыркы жолугушуубуз, аркы дүйнөдө эне сүтүмүн жытынан таап аларсың! Ыйманың шерик болсун, балам!»[1], – деп Камчыбекке кайрылды.

Дагы кандай болуп кетет деп алактаган солдаттар тез арада жипти чыңап тартып, шашып дөңгөчтү Камчыбектин бутуна коюп дар чылбырын мойнуна салмак болгондо, «Тийбе! Өлүмгө өзүмдү-өзүм узатам»[2], – деп Камчыбек өкүм айтты да, дардын жибин мойнуна салып оң буту менен күрсүнү тээп жиберди. Аңгыча дардын жиби үзүлүп, Камчыбек тикесинен-тик туруп калат. Ошол замат Курманжан Повало-Швыйковскийге кайрылып: «! Баламдын күнөөсү жок! Жаратkан Алла өзү актап жатат! Жаза да бир! Өлүм да бир! Баланы бошоткула!» – деп өкүм кайрылат.

Жарданып карап турган эл да толкуй түшүп, бул жакшылыктын жышааны го дегенсип көз ирмемдей убакытта жакшылыктан үмүт кыла жооп күтүшөт. Бирок Повало-Швыйковский кайрадан аскын дегендей ишарат бергенде, желдеттер алдасташып буйрукту тез аткарганча шашышты. Курманжан кылчая карап: «Сен канкорсуң, адилетсиз мыкаачы!» – деп аттын оозун бош коюп, чаап жүрүп кетет. Камчыбек сыйыртмакты мойнуна кайрадан өзү салган деп сөзүн улады Мати карыя. Камчыбек узун болуп созула түштү, кайра жыйрылды, оңго бир, солго бир чимирик болуп айланды, анан акырындай айланкөчөк болуп термелип туруп, күн батышты карап тык токтоду. Элдин кошогу:

Камчыбекти көргөндөр,
Көзүнөн жашы төгүлөөр.
Карыганда байбиче,
Кабыргасы сөгүлөөр.

---

[1]Мати карыянын айтуусунда, бала аркы дүйнөдө энесин эмчек сүтүнүн жытынан таап алат, атасын канынын жытынан таап алат.

[2]Жанды Алла берет, өзү алат. Ажалы жетип калган адам өлүмдү өз каалоосу менен кабыл алууга тийиш, нааразы болуу кудайдын эркине нааразы болуу менен барабар, деп түшүндүрдү карыя.



Ошондогу элдин узатып ыйлаган үнүнөн Ошто кара көчкү жүрүп кеткендей болду. Эң өкүнүчтүүсү анын ак экендигин далилдегендей, «Ак болсом, батышты карап калам, күбө болуп койгула!» деген сөзү болду. Повало-Швыйковскийдин макулдугу менен Камчыбектин сөөгү тууганларынын ыктыярына берилген.

Мөөнөт Акпалванга келди, ал эки кадам басып барып мүдүрүлүп жыгылып ошол бойдон жан берет. Андан кийин «көр аким»[1] Ионов «Мамытбек, Мырзапаяз, Арстанбектер Сибирге сүргүнгө айдалды деп акыркы өкүмдү угузду». Ошол окуянын сүрөттөлүшү:

Сөздү күтүп Асанбек,
Дилинде турду Алла деп,
Арканы дардын үзүлдү.
Актыгын Алла, эл билет.
Күнөөсү бар Акпалван,
Дарга жетпей жан берди.
Карап турган калайык,
Камчыбекке тан берди.
Эрдиги анын билинип,
Экинчи жолу кайтадан,
Бегиң дарга илинип.
Каары катуу «ак паша»,
Камчыбекти жайлады,
Калганын Шыбыр айдады.

Камчыбектин асылышы эл оозунда сакталган айтымдарда төмөндөгүчө чагылдырылат:

Ош базары ишемби,
Калайык Ошко жыйылды.
Камчыбекти асууга,
Суу боюна дар курду.
Кайрат берип уулуна,
Байбиче турду бел байлап,
Сыр алдырбай душманга,
Башыңды көтөр! – деп турду.
Кадырлуу датка туралбай,
Боз жоргону шарт бурду.
Калайык «дүр» деп токтоду,
Кадырлуу баатыр Камчыбек
Асанбекти жоктоду.
Агайын тууган элим бар.
Адыгине, Тагайдай,

---

[1] Жергиликтүү калк Ионовду ошентип аташкан.

Абалтан ата-тегим бар.
Асанбегим жакын кел,
Айта турган кебим бар,
«Байбиче» энем барктап бак,
Бар тапканың сактап бак,
Балапан куштай таптап бак.
Кыш чилдеси суук күн,
Майын үзбө карынын.
Жай саратан ысык күн,
Чайын үзбө карынын.
Кара аламан букара,
Кан төгүлүп кетпесин,
Каргашалуу шум дүйнө,
Калк түбүнө жетпесин.
Ак жеринен кетти деп,
Акыры элим эстесин.
Энекем эстүү киши эле,
Кайраты бар түшүнөм,
Тагдырдын жазган ишине.
Адилетсиз шумдуктуу,
Заманага таарынам.
Эл бүлүнүп кырылса,
Ошол жаман баарынан.
Кан жыттанган кара дар,
Канчалар каны төгүлгөн.
Кесирлүү өткөн өмүргө.
Кабыргалар сөгүлгөн
Айыпка жыгып бектерди,
Кектегенге арга жок,
Ак паашанын төрөсүн.
Өлтүрүүгө айла жок,
Алланын жазган ишине,
Аргасыздан көнөсүң.
Бала-чака арттагы,
Бабадан кызыр жөлөсүн.
Артымда калды алты бек,
Бешенеге ушуну,
Жазыптыр кудай энчилеп.
Кур жалаага жыгылдык,
Кутмандуу кыргыз элди деп.
Бек уругу беш баргы,
Бел кылуучу эл калды.
Аягы Мады – башы Алай,
Берекелүү жер калды.
Жабдыктуу жорго туйласа,
Жандап бир оозун бура албайт.
Жан бегим Шыбыр кетти деп,
Жантөрө болуш ыйласа,
Жанына адам тура албайт.



Сур жорго мөңкүп туйласа,
Суулуксуз оозун бура албайт.
Султаным Шыбыр кетти деп,
Сулайманкул ыйласа,
Сумсайып адам тура албайт.
Асман ыйлап, жер ыйлап,
Ак калпак кыргыз эл ыйлап.
Алла таала кудурет,
Неден жаздык деп ыйлап.
Босого бойлоп болкулдап,
Кош бөйрөгү таянып,
Байбиче ыйлап солкулдап.
Ак өргөөгө жөлөнүп,
Айдай бет жашка бөлөнүп,
Кабыргам турат сөгүлүп,
Кан уулумдан айрылып.
Белим бошой кайрылып,
Бек уулумдан айрылып[1].

Ошентип, мындан бир кылым мурда болгон каардуу окуяны эл укумдан-тукумга, атадан-балага оозеки айтып сактап келишкен.

Сот болгонго чейин эле Курманжанга далай эр-азаматтар, кадыр-барктуу эл башчылар кайрылышып: «Бектерди бошотуп алалы, абакканадан алып чыкканда, эң ишенимдүү жоон топ азаматтардын шамдагайлык кол салуусу менен аскерлердин колунан куткарып, Алайды көздөй алып кетели, ашкерлерден куч келип баратса, чек арадан Кашкарга өткөөтө эле жанга күч келип баратса, чек арадан Кашкарга өткөрүп жиберсек да болот», – деген сунуштар менен кайрылышкан. Алардын бир тобу түрмөгө кол салууга даяр экендиктерин билдиришкен. Эгерде Курманжан даткадан макулдук болсо эле, ошол замат Анжиянда болуп өткөндөй кызыл кыргын, кара сүргүндү элестеткен кан төгүлүү башталмак.

Бирок Курманжан: «Эне үчүн көз алдында баласын оо дүйнө узаткандан катуу азап жок, өзөгүм өрттөнүп, от кечип, чок чайнаган абалдамын, баламды сактап калсам эл кырылат, элимди сактап калсам, балам курмандык болот. Мен түпсүз туңгуюктун арасында, жылчыксыз ордун ичинде калдым, балам деп караламан элди кыргынга салсам, бу дүйнөдө да, тиги дүйнөдө да мага кечиримсиз. Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы? Кудай пешенеге ушул тагдырды жазыптыр, күнөөсүз өлүм – шейит өлүм, Камчыбектин аркы дүйнөсүн бейиште берсин деп бата тилегиле!», – деп жооп берген экен.

Ботосунан айрылып, боздогон ингендей ичинен кан агып турса да, анын дилинде кажыбас кайраттуулук, темирдей бекемдик, алысты көрө билген көсөмдүк, жалпы элдин тынчтыгын баласын жоготуудан жогору койгон кеменгердик касиеттер жатат. Анын ички дүйнөсүнө бүлүк салып, жарык дүйнөнү караңгы кылып, карбаластаткан эң оор учурларда өзүн жоготпой кармай билген кайраты ушул азаптуу күндөрдө таасын көрүндү. Кыргыз каныкесинин ушундай кайратына душмандары да тен беришкен. Кыямат болгондой, караңгы түн каптагандай болгон ошол каргашалуу окуяны андан ары Датканын урпагы И. Кадырбеков: «Камчыбекти асуу үчүн алып келген күнү Ак-Буура суусунун оң жак жээгине эл абдан көп топтолгон эле, эл толкуп турган, бирок Даткадан уруксатсыз күзөтчүлөргө кол салууга эч ким батына алган эмес. Өкүм аткарылганча, эл демин ичине алып, онтоп турду, кээ бири акырын бышактап ыйлап, кээ биринин өңдөрү корккондон купкуу болуп, дагы алда кандай болуп кетет деп кооптонуу менен алаңдаган көздөр. Аңгыча Датка элге кайрылып: «Баланы Мадыга алып баргыла! Абийири ошол жакта жасалат!» – деп өзү күн чыгышты, Мадыны көздөй жол алып жүрүп кетти. Эл көч баштаган серкедей узап кеткен Датканын артынан ээрчий агылды», – деп эскерет.

Камчыбектин асылышы Орусиянын борбору Санкт-Петербургдун коомчулугуна «жалпы маалымат каражаттары» аркылуу кеңири маалымдалгандыгын төмөнкү саптар айкындайт: «2-марта 1895 г. в г. Оше Туркестанского края, приведен в исполнение приговор временного военного суда по делу об убийстве таможенных стражников, конфирмованный начальником Туркестанского края бароном Вревским. Главные виновники убийства Камчыбек Алымбеков и Палван Пехтыбаев подвергнуты к смертной казне через повешение. 6 киргизам принимавших участие в убийстве, смертная казнь заменена ссылкой на каторжные работы, Мамытбек Алымбекову казнь заменена ссылкой в Сибирь. Семья Алымбековых в киргизском населении края пользуется особым уважением и почетом, как потомки ханского министра Алымбека»[1].

[1]Закаспийское обозрение. – СПб. 1895, № 124; Астраханский вестник. 1895, № 17 – 38.



Ошондогу Датканын кошогунун эл оозунда айтылышы:

Камчыбек балам туйгунум,
Капаска түшүп тутулдуң.
Кабылан дүйнө кутумдуу,
Кайрылбас жакка учурдум.
Жазасы болуп сыйыртмак,
Жаш жаның кыйдың элим деп.
Кайгымды ичке жутундум.
Элиме коога кезигип,
«Апа! деп жүрөк эзилип.
Ар-намыс үчүн эр жигит,
Эңилбес башы кесилип.
Эзелтен кандуу күрөшкө,
Баатырлар кирген чечинип.
Мезгилсиз келген өлүмгө,
Чыдайм го шордуу сезилип.
Ичимден боздоп турганда,
Ирмебей кирпик жумганда,
Иргесем акыл – ажалды,
Дабалап душман туйбасын,
Ийнедей сайып жүрөккө,
Моокуму канып турбасын.
Кесирим тийип элиме,
Касташкан душман кырбасын.
Көк көйнөк кийип турганым,
Көөндө жок аза кылганым.
Ак сүтүмдү актадың,
Ажалды күтүп турганың.
Тумчуктуруп тайгылтып,
Туюкка тагдыр бурганын.
Түйшөлбөй тостуң ажалды,
Түркөйдөй капа турбадың.
Мойнуңда аркан кыл чылбыр,
Койнума түшкөн жыландай,
Армандуу болгон тагдырдан,
Кудурет кетип жыла албай.
Кол куушуруп жалынып,
Куткарып сени калалбай,
Кадырман элге бейпилдик,
Каалагандан бара албай.
Калкалап элди калдымбы?,
Курманга сени чалдымбы?.
Кыргыздан датка болгонун,
Аялдан мени койгонун,
Көргүсү келди баскынчы.
Кайгынын көлдөй толгонун.
Өмүрүң кыска болсо да,
Балам ар-намысың коргодуң.

Кайыр кош, ботом, кайрылгыс,
Кут болсун, шейит жолдоруң…

Курманжандын баласы Мамытбек, неберелери Мырзапаяз жана Арстанбек Сибирге сүргүнгө айдалганда кошкон кошогу:

Жарылгансыйт жүрөгүм,
Мен эмнеге күйөмүн.
Мырзапаяз жоодугер,
Бек кеткенге күйөмүн,
Ага, тууган аман бол,
Деп кеткенге күйөмүн.
Уезддеги акимдер,
Пул салганга күйөмүн.
Тобу менен айымдар,
Тул калганга күйөмүн.
Кара дарга асылып,
Баш кеткенге күйөмүн.
Он үчтөгү Арстанбек[1],
Жаш кеткенге күйөмүн.
Мейманкана ак сарай,
Бош калганга күйөмүн.
Так Сулайман ыйык жер,
Ош калганга күйөмүн.
Алтын, күмүш зерлериң,
Пул калганга күйөмүн.
Айдай бейбак айымдар,
Тул калганга күйөмүн.
Бала-чака буркурап,
Боздогонго күйөмүн.
Башка түшкөн кайгыны,
Козгогонго күйөмүн.
Буйладагы атан тай,
Төө калганга күйөмүн.
Букаралар бозоруп,
Жөө калганга күйөмүн.
Жайдакталып токумсуз,
Ат калганга күйөмүн.
Жалгыз барак бектерден,
Кат калганга күйөмүн.
Кылычы сынып дат басып,
Кын калганга күйөмүн.

---

[1] Арстанбекти камаганда 12 жашта болсо, бир жылдан ашык жүргөн тергөөдөн кийин Сибирге айдалганда 13 жашта болгон.



Кызыгы кетип куу дүйнө,
Чын калганга күйөмүн.
Атактуу Алай кең жайлоо,
Жер калганга күйөмүн.
Тунжурап башсыз элеңдеп,
Эл калганга күйөмүн.
Алакандай айылдын,
Аздыгына күйөмүн.
Тили буруу душмандын,
Кастыгына күйөмүн.
Бек тукумун шыбырга,
Айдаганга күйөмүн.
Буту-колун кишендеп,
Байлаганга күйөмүн.
Башчысынан айрылып,
Чачылганга күйөмүн.
Бакыт кушун башынан,
Качырганга күйөмүн.
Баш көтөргөн бектерди,
Байлап колун артына
Айдаганга күйөмүн.
Атын тартып алдынан,
Мингенине күйөмүн.
Өз оюнча болушуп,
Билгенине күйөмүн.
Ата-баба жерлерин,
Тепсегенге күйөмүн.
Акыйкаттан сүйлөсөң,
Кектегенге күйөмүн.
Козголтпостон элимдин,
Алып бүттү жүрөгүн.
Өз үйүндөй башкарып,
Бийлегенге күйөмүн.
Өз ырыскың колуңа,
Тийбегенге күйөмүн.
Алтын тогоо, күмүш кур,
Белден кетти бектерим.
Ак калпактуу Ата Журт,
Элден кетти бектерим.
Атактуу калаа, кенен Ош,
Жерден кетти бектерим.
Ак сарайың салдырган,
Абак болду бектерим.
Айтып бүткүс жомоктой,
Санак болду бектерим.
Алтын ордо кеңешчи,
Жыйын калды бектерим.
Ардактаган агайын,
Сыйың калды бектерим.

Айымдарды боздотуп,
Ыйың калды бектерим.
Жамы кыргыз былк этпей,
Тордо калды бектерим.
Кара жоолук салынып,
Жубай калды бектерим.
Кызмат кылган калкыңа,
Ишиң калды бектерим[1].

Генерал **Н. И. Корольков** «Причастность его (Камчыбека – Т. Ө.) а также Мамытбека, Мырзапаяза и Арстанбека к убийству так и не была доказано»[2], – деп мойнуна алган. Камчыбектин күнөөсүз асылганын Ю. Головнина мындайча жазган: «Камчыбек был казнен по подозрению весьма слабо мотивированному, в участии в убийстве русского – впоследствии было почти доказано, что в день убийства он был за 150 верст от места преступления»[3].

Адилетсиз өкүмдөн кийин генерал Повало-Швыйковскийди абийири уктатпай турган болду. Ал ойлогондой өз алдынча, эркин жашоого көнүп калган тоолук кыргыздар корккондон тынчып, кол куушургандын ордуна, арадан көп өтпөй тарыхта **Анжиян көтөрүлүшү (1898-ж.)** деп аталган көтө-рүлүшкө чыгышкан. Генерал өзү да элдин кыжырдануусун, жек көрүүсүн кадам сайын сезип, тоодой толкуган эл басып келаткандай, артынан сая түшүп аңдып тургандай сезилип, басса-турса топтолгон кыргыздар аны тебелеп-тепсеп жок кылуучудай көзүнө коркунучтуу нерселер көрүнүп белгисиз оору менен ооруп, жанын коерго жер таппай кыйналып жатып өлгөн»[4]. Ал өлөрдөн мурда эле «мемиреген терең тынчтыкта жашап жаткан жергиликтүү элдин орус аскерлерине кол салышына жол бергендиги үчүн» деген айып коюлуп, отставкага чыгарылган.

Ал жөнүндө орус басма сөздөрүндө: «Негизи Повало-Швыйковский Түркстанда өзү жөнүндө өтө жагымсыз пикир калтырды»[5], – деп өкүнүү менен баса белгилешкен.

[1] Курманжан датка. – Ош. 1991. 17-б.
[2] Өзб. БМА. Ф. и. 1. Оп. 4., 179-иш папкасы, 5-б..
[3] Головнина Ю. На Памирах. М. 1902. 48-б.; //Педагогический листок. 1904. № 1-8.
[4] Өзб. БМА. Ф.1. оп. 4 ,179-иш папкасы, 10-б.
[5] Аталган иш папкасы, 95-б.



Соттун чечими менен Сибирге айдалган Мамытбек Алымбеков жана Баатырбектин 13 жашка чыгып калган баласы Арстанбек Иркутский губерниясындагы Нижеудинский уездине караштуу Тюмень волостунун Тумино кыштагындагы темир жол курулушунда иштешкен[1].

Ал эми Абдылдабектин баласы Мырзапаяз Енисей губерниясындагы Каинский округунун Ирбеевский волостунда катталып, 1897-ж. март айынан ошол эле облустун Нижеудинский округунун Куйтунский кыштагында сүргүн жазасын өтөшкөн[2].

Ушул окуядан кийин соттун өкүмүнүн адилетсиздигин тымызын моюндарына алышып, орус бийлик төбөлдөрүнүн арасынан адамдык абийири тынчын алып, Датканын күнөөсүз айдалган балдарынын элине кайтып келүүсүнө жардам берүүгө бел байлагандар табылган. Алар Курманжан датканы жана анын балдарынын күнөөсүз экендигин билишсе да, ачык жан тартууга, адилеттүү өкүм чыгаруу үчүн кийлигишүүгө батынышкан эмес. Анткени болуп жаткан окуяларда бектердин өмүр тагдыры гана эмес, анын артында падышалыктын колониялык геноциддик саясатынын идеясы ишке ашырылып жаткан.

Деги эле падышалык Орусияда губернаторлук корпустун тарыхы тээ XVIII к. баш ченинен башталат. 1708-ж. Петр I Орусияны биринчи жолу губернияларга бөлгөн, ошол учурдан тартып алгачкы губернаторлор, вице-губернаторлор, генерал-губернаторлор мамлекеттик бийлик иерархиясынан орун ала баштаган. Губернатор жергиликтүү элдин башкаруучусу гана болбостон, императордук династиянын эң ишенимдүү адамы катары анын чийген сызыгынан чыкпай, идеологиясын таратуучу да болгон. Орусиядагы монархиялык башкарууда губернаторлордун функциясы монархиялык мамлекеттик түзүлүштүн органикалык элементи катары жалпы саясаттын багытына көз салуу эле. Ошондуктан да эч бир губернатор адилеттүүлүк үчүн туземдердин кызыкчылыгын көздөбөй тургандыгын Датка таасын түшүнгөн. Эми Датка тирүү калган балдарынын аман-эсен туулган жерине

[1] Өзб. БМА. Ф.1, оп. 4, 179-иш папкасы, 90-б.
[2] Аталган иш папкасы, 95-б.



Абдылдабек уулу Мырзапаяз.

кайтып келүү камын ойлоп, кайрадан бийлик төбөлдөрүнө кайрылып машакаттана баштаган.

Архивдеги маалыматтар боюнча, 1897-ж. 4-январында Түркстан генерал-губернатору барон Вревскийдин Согуш министрине жөнөткөн кайрылуусунда мындай деп жазылат: «Фергана облусунун аскердик губернатору генерал-лейтенант Корольков, Ош уездинин башчысы генерал-майор Ионов жана полковник Громбчевскийдин мезгилинде бажы күзөтчүлөрүн өлтүрүүгө катышкан деген айып менен Сибирге айдалган Алымбековдордун үй-бүлөсү эл арасында зор кадыр-баркка ээ, Ош уездинин 7 волостунун төрт же беш волостун Датканын бүлөсүнүн мүчөлөрү башкарып турушкан. Махмудбек Алымбеков Гүлчө волостун 1883-ж. тартып 1893-ж. 6-декабрына чейин башкарып, үч ардактуу халат жана күмүш медаль менен сыйланган[1]. Ал эми Алай волостун башкарган Мырзапаяз Жаркынбаев 1887-ж. мартынан 1893-ж. декабрына чейин башкарып, беш ардактуу халат менен сыйланган. Камчыбек Алымбеков ардактуу халат менен сыйланган. Арстанбек Камчыбеков бажыкана күзөтчүлөрүн өлтүрүү учурунда жашы жетиле элек болгон. Алардын кадыр-баркынын аркасында, адатта, Ош уездинде тынымсыз болуп туруучу көтөрүлүштөр болгон эмес.

Императордун чечими менен 1881-ж. апрелинде (отзыв Главного Штаба от 2 апреля 1881 года за № 168) Курманжан Датка 300 сом пенсия менен сыйланган. Жогорудагыларды эске алып Сиз Улуу урматтуу, Императордон Махмудбек Алымбеков, Арстанбек Камчыбеков жана Мырзапаяз Жаркынбаевдерге Түркстан крайына келип жашоого уруксат сурап берсеңиз»[2].

¹ Өзб. БМА. Ф.1. оп. 4 ,179-иш папкасы, 90-б.
² Аталган архив. Ф1, оп. 4, 179-иш папкасы, 91-б.





Орус падышасы Николай II (1894-1918).

1897-ж.27-мартында Орусиянын императору Николай II буйругу менен Мамытбек Алымбеков менен Арстанбекке[1] ошол жылдын 14-июлунда Мырзапаязга[2] туулуп өскөн мекенине кайтууга уруксат берилген.

Эгерде бектер камалганга чейин ушундай өтүнүчтөр губернаторлор тарабынан сот документтерине жөнөтүлсө, балким, жогорудагы адилетсиз өкүм иш жүзүнө ашпай калышы мүмкүн эле.

Алар Сибирден Кыргызстанга – киндик каны тамган мекени Алайга аман-эсен кайтып келишкен. Ошондогу Датка эненин татаал тагдырындагы ошол окуялар азырга чейин эл эсинен чыкпай, муундан-муунга айтылып келет.

1898-ж. жаңы генерал-губернатор С. М. Духовский Ош уездине келип, кылым жете жашаган Датка менен жолугушкан. Ошондогу жолугушууну кабарчы мындайча сүрөттөп жазган: «Көпкөк кытай жибегинен тигилген кымкап кийип, башына ак элечек оронгон карып калган кыргыз аял баласы менен небересинин коомай жөлөөсү менен басып келди.

– Сизге кандайдыр жардам керекпи? – деген генералдын суроосуна, ал мындай деп жооп берди: – Жок, кудайга шүгүр, мага эч нерсенин кереги жок! Мен падышанын менин балдарыма ырайым кылганына ыраазылык билдиремин, мен карыган чагымда падышанын амандыгын тилейм.

– А сиздин бардыгы болуп канча небере-чебереңиз бар?

– Биздин элибизде баш санабайт! Кудай колдосун! Жараткан өзү жар болуп, аман болушсун, – деп, кошумчалады ал колун жаңсап.

¹Аталган архив, 95-99-б.
²Аталган архив, 108-б.



Абдылдабек уулу Мырзапаяз жана Карабек уулу Жамшитбек
Алайдын Чыйырчык белинде.

Чындыгында анын артында калган урпактарынын саны 183, алардын ичинен тирүү жүргөндөрү 97ге жеткен, ал эми өлгөндөрү 86»[1], – деп белгилейт журналист. Эгерде XIX к. аягындагы орус журналистинин маалыматы так болсо, Датканын урпактарынын тукумдарынын тагдыры канчалык татаал болгондугун жогорудагы маалымат көрсөтүп турат.

Антсе да дипломатиялык этикетти сактап, жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн тынчтыкты көздөп, Курманжан датка орус бийлик төбөлдөрү менен мезгил-мезгили менен кат жазышып, алакалашып турган. Ошондой мамиленин бир мисалы – Курманжан датканын Түркстан генерал-губернаторуна мөөр басылып жазган каты архивде сакталып калган.

«Улуу урматтуу жана чексиз кадырлуу Түркстан генерал-губернаторуна Ош уездиндеги кыргыз Курманжан даткадан кат.

Терең ардактуу Сизден кечирим суроо менен, мен төмөнкүлөрдү билдиремин: Фергана мусулман өлкөсү Орусияга

[1] Из поездки главного начальника края в Ферганскую область. Туркестанские ведомости. – 1898, № 2.



моюн сунбай турган мезгилде мен силер менен согушканмын жана каршылашкамын! Кийин Абдылдабек бир туугандары Мамытбек жана Асанбектер менен Ош аркылуу Кабулга качты. Мен кенже уулум Камчыбек менен Алайда калдым. Ошол мезгилде Оштун начальниги Ионов төрө генерал менен (Скобелев – **Т. Ө.**) Алайга келди жана мени генерал менен тааныштырды. Генерал Скобелев мени жылуу кабыл алды жана мага урмат менен мамиле кылды. Мен ага ыраазы болуп калдым.

Орусия өзүнүн улуулугу жагынан Рим менен тең тайлашат. Мүмкүн азыркы учурда дагы да кеңейүүдөдүр.

Азыр уулдарым кайтып келишкен. Алар көп азаптарды тартышып, жеңиштен үмүттөрүн үзүшкөндө, мен мында келүүсүн буюруп жазылган катты жибергенден кийин гана, алар бул жакка кайтышты. Кудайдын буйругу менен Абдылдабек чет жакта набыт болду. Мамытбек менен Асанбек эсен-соо келишти.

Андан кийин мен Түркстан генерал-губернатору Кауфман менен ал Ошко келгенде жолуктум. Ал дагы мага урмат менен кайрылып:«Эгер сиз мени уксаңыз, анда сизге эң жакшы болот жана Сиз ак падышанын кабыл алуусундай эле пайда көрөсүз», – деп айтты. Маркум генерал-губернатор (К. П. фон Кауфман 1881-ж.өлгөн) падышанын буйругу менен мага ар айына 25 сомдон пенсия төлөп турган. Мен ага өзүмдүн ыраазылыгымды билдире албай калганыма азыр өкүнөмүн!

Кудайдын ырайымы менен азыр үч уулум бар. Биз эч убакта мындай мамлекетти көргөн эмеспиз. Байыркы замандардан бери эч бир өлкө өзүнүн жетимдерине мындай боорукерлик кылган эмес. Бул мамлекетте бардык эл менен бирдикте биз өз бир туугандарыбыздай көрүп чогуу жашай беребиз! Эгер биз кокустаң мамлекеттин аброюн таназар албасак, ага чыккынчылык ойлосок, анда бизге өмүр бою кечирилгис күнөө жабылат! Мен эгер бул мамлекетке мындан ары чын пейил жана терең урмат менен мамиле кылсам, анда кудай өзү мурунку кезде мамлекетке каршы жасалган бардык аракеттерибизди кечирет деп ойлоймун!

Азыркы тынчтык мезгилде мындан ары менин бүткүл элжуртум, мен өзүм жана уулдарым, туугандарым эч качан силерге каршы көтөрүлбөйбүз деп жарыя кыламын. Биз тараптан эч

кандай жарамсыз иштер жасалбайт! Эгер менин элим кандайдыр бир жамандык издеп, мамлекетке чыккынчылык кылса, анда ал күнөөкөрдү эң оор жаза менен жазалаймын жана өмүрүмдүн акыркы күндөрүнө чейин кыйналып жүрүп өтөмүн!

Ушул сөздөрүмдү бекитүү үчүн мөөрүмдү басамын!

Маматбай кызы Курманжан датка»[1].

Ушул жерде белгилей кетүүчү маселе, кээ бир тарыхчылар Курманжандын орус генералдары же офицерлери менен болгон жолугушуусундагы ушундай мазмундагы каттарын Курманжандын алсыздыгы же коркоктугу катары чагылдырууга далалат жасап жүрүшөт.

Биздин оюбузча, кыргыз жеринде, кыргыз элинде тынчтык жана бейпилдикти орнотуу Курманжан датканын жашоосунун маани-маңызын түзгөн, антпесе, орус колонизаторлору баласы Камчыбекти бөөдө дарга асып жатканда, «кызыл кыргын, кара сүргүн» баштаса, аны ким кой, демек, элдин тынчтыгын сактап калуу үчүн баласын курмандыкка берген Курманжан үчүн «кандуу жазалоочу отряддын» башчысы генерал Скобелевден коркпосо да, элине тынчтык, жерине бейпилдик керектигин кантип түшүнүүгө болбойт.

Деги эле Курманжан, «текеберди өтүнүч менен, сараңды акча менен, акмакты жандап жүрүү менен, даанышманды чынчылдык менен жеңе билген» залкар инсан болгон.

Датканын караламан калың журтка гана эмес, каршылашкан душманына да кадырман болгондугун 1880-ж. Түркстан генерал-губернатору К. П. фон Кауфмандын орус империясынын Аскер министрине жазган кайрылуусу, өмүрү карылыкка өрдөп калган Даткага пенсия өндүрүп берүү максатында «жан тартып» жазылган каты айгинелеп турат.

Анда мындай деп жазылган:

«Фергана облусунун Ош уездинде жашоочу кыргыз аял Курманжан датка мурунку Кокон хандыгынын мезгилинде чоң атак-даңкка, дөөлөткө ээ болуп, Ажыбек уулу уругунан салык алууга, коңурат, мөнөк, алтыбай уруктарынан хараж (жер салыгы) алууга укуктуу болгон. Андан тышкары Курманжан ар жылы хандардан баалуу белектерди алып турган. Бирок Кокон хандыгы Орусияга киргенден кийин бул каражаттардан ал ажырап калды.

[1] Өзб. БМА. ф. 19, оп. 1. 1629-иш папкасы, 1–2 -б.




Его Высокопревосходительству

Господину Генералъ Губернатору Туркестанскаго Края.

Киргизки Ошскаго Уѣзда Курбанджанъ Датхи

Прошеніе.

Конфирмацию Вашего Высокопревосходительства приговоръ временнаго Военнаго Суда въ г. Новомъ Маргеланѣ отъ 10 Февраля сего года по дѣлу объ убійствѣ въ Алайскихъ горахъ четырехъ таможенныхъ служителей отчасти смягченъ. Приговоромъ сынъ мой Камчибекъ Алимбековъ 3 Марта сего года казненъ через повѣшеніе, а сынъ мой Махмудъ Бекъ Алимбековъ, внукъ мой Арсланъ Камчибековъ и племянникъ Мирза Паясъ Яркимбаевъ осуждены въ ссылку на поселеніе въ отдаленнѣйшихъ мѣстахъ Сибири. Ва-

Түркстан генерал-губернаторуна Курманжан датканын жазган каты.

Туркестанскій генералъ-губернаторъ

Канцелярія

Отдѣленіе I-е.

24 Января 1897 г.

Господину Военному Министру.

Проживающая въ Ошскомъ уѣздѣ, Ферганской Области, извѣстная киргизская правительница въ ханское время Ку... банъ Джанъ Датха обратилась ко мнѣ съ ходатайствомъ объ испрошеніи ВЫСОЧАЙШАГО соизволенія на дарованіе права жительства въ Туркестанскомъ краѣ или Оренбургской губерніи сыну ея Махмудъ Беку Алимбекову и внуку Арслану Камчибекову, осужденнымъ приговоромъ Временнаго Военнаго Суда въ г. Новомъ Маргеланѣ, отъ 10 Февраля 1895 года, конфирмованнымъ мною 23 того-же Февраля, по лишеніи всѣхъ правъ состоянія, на поселеніе въ отдаленнѣйшихъ мѣстахъ Сиб...ри съ послѣдствіями по 26 ст. улож. о наказ., по дѣлу объ убійствѣ въ Октябрѣ мѣсяцѣ 1893 года четырехъ таможенныхъ стражниковъ ~~въ Ошскомъ уѣздѣ~~.

Изъ собранныхъ по поводу просьбы Курбанъ Джанъ Датхи свѣдѣній оказывается слѣдующее: бывшій Военный Губернаторъ Ферганской Области Генералъ-Лейтенантъ Корольковъ и бывшіе начальники Ошскаго уѣзда: Генералъ-Маіоръ Іоновъ и Полковникъ Громбчевскій отозвались, что Курбанъ Датха и ея семейство всегда играли выдающуюся роль въ дѣлѣ административнаго управленія Ошскимъ уѣздомъ. При занятіи русскими войсками Кокандскаго Ханства въ 1876 г., Датха своимъ благотворнымъ вліяніемъ на населеніе способствовала водворенію спокойствія въ Ошскомъ уѣздѣ; въ послѣдующее время члены этой семьи несли полезную службу въ теченіе многихъ лѣтъ и были на отличномъ счету у Начальниковъ Ошскаго Уѣзда. Изъ семи волостей этого уѣзда, въ четырехъ или пяти волостяхъ должности волостныхъ управителей замѣщались членами семьи Датхи

Түркстан генерал-губернатору К. П. фон Кауфмандын Аскер министрине жазган каты



№5051 24 Июня 1897.

Содержание:

Прошение Кара-Киргизки Ошского уезда Курбанъ Джанъ Датхи на имя Господина Главнаго Начальника Туркестанскаго Края.

Курбанъ Джанъ Датха выражает в настоящем прошении верноподданнические свои чувства Его Императорскому Величеству, Государю Императору, свидетельствуя, что она со всеми детьми и внучатами постоянно пребывают в молитвах за благоденствие Их Императорских Величеств и Августейшей Семьи Их, а также Его Высокопревосходительства, Господина Главнаго Начальника Края. Воспоследовавшее Высочайшее помилование ея детей и возвращение их на родину повергло ея в тихую радость, которую она-

Прошение Курбан Джан Датхи

Орус төбөлдөрүнүн Курманжан датка жөнүндөгү билдирүүлөрү

Сизге белгилүү болгондой, кара-кыргыздар жаңы тартипке тез эле макул боло коюшкан жок. Жаңырыктагы окуядан (1876-ж. 25-апрелдеги Алай өрөөнүнүн Жаңырык капчыгайындагы салгылашуу – **Т. Ө.**) жана кийинки бир нече кагылышуулардан кийин гана Курманжан датканын уулдары жетекчилик кылган Орусияга каршылык токтоп, орус курамына ыкрар кылышты.

Курманжан датка бул мезгилде эң зор таасирдүү адам эле. Алгач ал генерал Скобелев, андан кийин 1876-ж. мага жолукту.

Кудаяр хандын тушунда ал датка деген наам алган. Ал биздин генерал деген чинге барабар. Кара-кыргыздардын 1876-ж. тополоңунда Курманжан өзүнүн мал-жанынан айрылып калган. Азыркы кезде анын бир аз жери жана мал-мүлкү болгонуна карабастан, менин билишимче, датка турмуштан кыйналууда.

Курманжан датканын улгайганын жана анын ээлеген ардактуу ордун, ошондой эле кара кыргыздардын арасындагы кадырын жана таасирин эске алып, мен сизден даткага мамлекеттик казынанын эсебинен жылына 500 сом өлчөмүндөгү пенсия берип турууга жардамдашууңузду суранамын»[1].

Бул чечим жылына 300 сом өлчөмүндө берилсин делип падышанын 1881-ж. апрелиндеги указы менен бекилген. Курманжан датка өзү жазган катында 25 сом пенсия алгандыгын жазган. Ошентип, падыша төбөлдөрү өздөрү тарабынан кеткен чекиликтин натыйжасында анын балдарын адилетсиз жазалагандыктары үчүн актангандай, кайрадан «камкордук» көрүп ага пенсия өндүрүп беришкен. Аскердик бийлик төбөлдөрү дайыма эле чындыкты сүйлөп, чагылдыра бербегендиги ушул фактыдан да таасын көрүнөт, өз күнөөлөрүн жайкоо үчүн датканы өмүрүнүн акыркы жылдарында абдан кыйналып калды деп эле эмес, кээде көп кайгы тартып «акылдан тайып» калды деп да жазышкан.

Датка өмүрүнүн акыркы күнүнө чейин социалдык жактан эч кандай кыйналган эмес; акыл-эси тунук бойдон, балдарынын (Мамытбек, Асанбек, неберелери: Мырзапаяз, Арстанбек, Кадырбек ж.б.) көптөгөн урпактарынын камкордугу алдында кадырлуу, күүлүү-демдүү жашап өткөн. Өмүрү менен кош-

[1]Москвадагы БМАТА (ЦГВИА) Ф. 400, оп. 52, 694-иш папкасы, 16-б.



тошуусунун акыркы минуталарында айткан сөзү «Камчыбек» болгондугун эскеришкен келбес сапарга узаткан балдары.

Курманжан датканын каза болгондугу жөнүндө орус басма сөздөрүндө некролог жарыяланган, **«Туркестанские ведомости» журналынын 1907-ж. 16-февралындагы (1-март) № 2834-санында «Алай ханышасы» деп аталган көлөмдүү макала басылып, анда Датканын жашап өткөн бүткүл өмүр жолунан маалымат беришкен.**

«Жакынкы күндөрдө Ош шаарынан 12 чакырым жерде атактуу Алай ханышасы Курманжан датка дүйнөдөн кайтты. Кыргыз талаалары менен өрөөндөрүнүн кеңдигин билдирип, чыгыштын кызыл гүлдөрү менен кооздолгон табытта жаткан бул инсандын келбети көпкө чейин Алай аймагынын калкынын муңдуу ырларынын өзөгү болуп кала бермекчи.

Тээ мурда, Кокон хандыгы көз каранды эмес учурда кара-кыргыздар дээрлик эч кимге баш ийбеген өзүнчө эл болгон. Болгону алардын бийлери же даткалары Кокон ханы тарабынан бекитилген. Өткөн кылымдын орто ченинде ошондой даткалардын бири Алымбек, Курманжан аттуу бир сулуу аял затына үйлөнгөн. 1863-ж. Алымбек о дүйнөгө сапар тарткандан кийин, Курманжан беш уулу менен Алымбектин Алайдагы конушуна көчүп кетишкен. Курманжан эл ичинде ушунчалык зор кадыр-баркка жетишип, тургундарга таасири күчтүү болуп кеткендиктен, Кокондун ханы Кудаяр ага «датка» же болбосо «ханыша» деген наам берген. Эгерде 70-жж. Орусия менен Кокон хандыгынын ортосунда уруш болуп, бул хандык 1876-ж. Орусиянын карамагына өтүп кетпегенде, Курманжан датканын өмүрү ушундай эле урмат-сый менен эч кандай турмуштук кыйынчылыксыз өтө бермек.

Курманжан бул күрөштө Кокон хандыгына жан тарткан. Ошондуктан хандыктын, ошону менен бирге өзүнүн да эркиндиги жоюлганда, ал орустардын бийлигине баш ийбей, кыргыздардын эркиндиги үчүн күрөшүүнү чечет. Ал кыргыздардын күчү менен Кокон хандыгынын өз алдынчалыгын калыбына келтирүүгө умтулган. Ошол максатта анын тун уулу Абдылдабек жетектеген кара-кыргыз жоокерлери орус аскерлери менен салгылашканга барган.

1876-жылдын жаз мезгилинде Гүлчөгө жакын Жаңырык деген жылгада катуу салгылашуу болгон. Бирок оң жагындагы Талдык тараптан генерал Ионовдун, сол жагынан пол-

ковник Витгенштейндин аскерлери курчоого алган Абдылда-
бек Памир аркылуу Оогантанга өтө качкан.
Абдылдабектин колу жеңилүүгө дуушар болгондон кийин,
Курманжан датка Лянгар айылында генерал Скобелевге
жолуккан. Камчыбектин жана неберелеринин бирөөсүнүн
(Мырзапаяздын – **Т. Ө.**) коштоосунда Курманжан датка
Скобелев отурган үйгө кирген. Скобелев аны тосуп алып, ко-
лун сунган жана Датканын эсен-аман көрүп турганына куба-
нычта экендигин билдирген. Ошондой эле өзүнүн кадыр-бар-
кына таянып көчмөндөрдү тынчтандырып, Орусияга баш
ийдирүүгө чакырышына үмүттөнгөндүгүн, өз парзын аткарган
уулдары менен сыймыктанса боло тургандыгын айткан. Ошол
эле жерде Курманжанга сый тамак берилип, кымкап жапкан.
Ошол козголондон бери 30 жыл өтсө да, Курманжан дат-
ка өз сөзүндө туруп, тынчтыкты сактап, эл арасындагы ка-
дыр-баркын жоготкон эмес. Түркстандын ар кандай генерал-
губернаторлору Ош аркылуу катташкан учурларында Кур-
манжан даткага жолугушуп турушкан. 1901-ж. ал Анжиянда
Орусиянын согуш министрине тааныштырылган. Ошол эле
жылы датка Улуу урматтуу императордун атынан шакек
менен сыйланган». Бул макалада кээ бир так эместиктерге
жол берилгендигине[1] карабастан, андагы окуялар жалпы-
сынан фактылардын негизинде жазылган.
Датканы акыркы сапарга узатуу аземин сүрөттөп, анын
өмүр жолун кең-кесири баяндаган макала **«Исторический
вестник»** журналында жарык көргөн **Ю. П. Ювачевдун**
макаласы болуп саналат.
«Ошентип, 1907-жылдын 1-февралында Курманжан датка
96 жашында Мады айылында бул дүйнө менен коштошту.
Алай ханышасын акыркы сапарга миңдеген кыргыздар
узатып, топурак салышты. Анын сөөгү Ош шаарынын түн-
дүк-чыгыш тарабындагы Сар мазар[2] мүрзөсүнө коюлган.
Ошондогу Курманжан датканын сөөгүн коюу аземи орус
басма сөздөрүндө кеңири чагылдырылган. «Маркумду адатта
кыргыздар жасагандай жерге жаткырышпастан, бийик так-
тайдын үстүнө жаткырышып, үстүн жалтырак бачайы менен
жаап коюшту. Анын жанына падышанын жана ар түрдүү
начальниктердин берген белектери коюлду.

[1] Алсак, Алымбек датка 1862-ж. каза болгондо, Курманжан Кокондо эмес, Алайда болчу,
1876-ж. көтөрүлүштө Курманжан Кокон хандыгына жан тарткан эмес.ж. б.
[2] Сар – фарс тилинен которгондо «башкы» дегенди маанини түшүндүрөт.





Курманжан датканын жана анын кичүү баласы Камчыбектин
Ош шаарындагы Сар мазар мүрзөсүндөгү күмбөзү.

Боз үйдүн кире беришинде маркум Датканын көп сандаган неберелери менен чеберелери эки катар тизилип турушту. Келген ар бир адамды балдарынын бири тосуп алат, ал эми маркумдун тууган-туушкандары өкүрүп ыйлап турушту. Жакын уруулардан келген аялдарга жык толгон боз үйдүн ичинен муңдуу кошок чыгып жатты.

Маркумду боз үйдөн бактын ичиндеги ачык аянтка алып чыгышты. Ошол учурда имамга арналган белек-бечкектерди арткан төөнү жетелеп келишти жана имам курандын кыскача аятын окуду. Андан кийин маркумдун сөөгү салынган табытты арабага салышты. Анын жанына Датканын ошол учурдагы кенже уулу Асанбекти олтургузушту. Ал эми улуу баласы Мамытбек сөөктүн артынан жабыла баскан туугандары менен тааныш-тамырларынын ортосунда атчан бастырып баратты. Улам арылаган сайын өлүктү узатып бараткандардын катарына ар тараптан жергиликтүү адамдар кошулуп жатты. Алардын баары атчан. Арабанын алды жагында неберелери өкүрүп-ыйлап баратышты.

